Скырл.
М-91

# МУРАС

КАЛЫГУЛ
АРСТАНБЕК
МОЛДО КЫЛЫЧ
АЛДАШ МОЛДО
ЖЕҢИЖОК
ТОКТОГУЛ
жана башкалар

2017

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ

# МУРАС

## КАЛЫГУЛ
## АРСТАНБЕК
## МОЛДО КЫЛЫЧ
## АЛДАШ МОЛДО
## ЖЕҢИЖОК
## ТОКТОГУЛ
## жана башкалар

Түзгөн — *Мелис Курманалы уулу Абдылдаев,*
философия илимдеринин кандидаты

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 48673

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1990

ББК 84 Ки 7—5
М 91

Редакциялык коллегия: А. Алдашев,
З. Бектенов, Т. Иязалиев, А. Какеев,
К. Мамбетакунов, А. Салиев

Атайын редактор — Зияш Бектенов, доцент
Рецензент — Жээнбай Мукамбаев, профессор

М 91 Мурас /Түз. М. К. Абдылдаев; редкол. А. Алдашев, З. Бектенов, Т. Иязалиев ж. б. — Ф.: Кыргызстан, 1990. —448 б.
ISBN 5-655-00679-0

Бул адабий жыйнак революцияга чейинки белгилүү кыргыз акындары — Калыгулдун, Арстанбектин, Молдо Кылычтын, Алдаш Молдонун, Жеңижоктун, Токтогулдун жана башкалардын айрым чыгармаларын камтыйт. Адабий мурастан алынган бул чыгармалар кеңири журтчулукка арналат.

$\frac{4702300200-49}{М\ 451\ (17)-90}$ 8—90

В сборник включены произведения дореволюционных киргизских поэтов Калыгула, Арстанбека, Молдо Кылыча, Алдаш Молдо, Жеңижока, Токтогула и др.

ISBN 5-655-00679-0 © «Кыргызстан» басмасы, 1990-ж.

## СӨЗ БАШЫ

Калыптанып калган ар бир элдин арасында илгертен бери эле дүйнөнүн, коомдук турмуштун түйүндүү маселелерине карата ой жүгүртүп, жалпы жобо же эреже катарындагы керемет сөздөрдү жаратуу тажрыйбасы орун алып келген. Цивилизацияга аралашып, жазма маданиятка ээ болгон көп өлкөлөрдө ошол багыт өнүгүү жолуна өткөндө жалпы жоболорду өзүнчө ыраатка салып, теория түзгөн адамдар китептерин чыгарышкан, философия билимине жол ачышкан. Ал эми андай маданиятка жетишпеген көчмөн калктарда философиялык теориялар түзүлө албаса да, жалпылоо багытында ой жүгүртүүлөр эч качан өксүбөй, ооз жүзүндө толук улантылып келе берген. Андай адамдар акылмандар, улукмандар, даанышмандар делип аталышкан. Кыргыз элибизге ушундай адамдардын далайы тек гана сөзмөрлөр, чечендер болуп келишсе, далайы ыр чыгармачылыгын колуна алган акындардын катарына өтүшкөн. Ошол ойчулдар Чыгыштын жана Батыштын маданияттуу өлкөлөрүндөгү жалпылоо теорияларын түзүшкөн философтордун деңгээлине көтөрүлө албаганы менен, өз даражаларына жараша казналарын калтырып кетишкен. Алардын мурастарын жыйып-терип, илимий багытта пайдаланылчу материалдардын катарына кошуу — окумуштууларыбыздын парзы.

Мына ушул кырдаалда элибиздин рухий мурас казнасынан иргелип окурмандардын назарына ушул китеп тартууланып отурат. Бул жыйнак философия илимдеринин кандидаты Мение Курманалы уулу Абдылдаев тарабынан мурун эле даярдалган болсо да, көптөн бери орун алган вульгардык социологиянын кысымынан жарыкка чыгарылбай келген. Мындан кийин «Манас» баштаган элдик дастандардан, жомоктордон, уламыш-айыңдардан алынган материалдарды өзүнчө жыйнакка жана макалдарды, лакаптарды, улуу сөздөрдү (аффизмдерди), кыргыз тилинде өтө таралган маанилүү түшүнүктөрдү (категорияларды) дагы бир жыйнакка чогултуп чыгаруу аракети жасалмакчы.

Тартууланып жаткан ушул китеп, болочок жыйнактар да адистер гана эмес, кеңири окурмандар чөйрөсүнүн кызыгуусун туудурат деп ишенебиз.

*Азиз Салиев,*
Кыргыз ССР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти.

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Коомубуздун жаңылануу процесси турмуштун бүткүл чөйрөсүн өзүнө камтып, өнүгүүнүн өткөн жолуна, элдердин тарыхына, маданияты менен каада-салтына, рухий мурастарына объективдүү талдоо жүргүзүп, аларга жаңыча мамиле жасоону шарттап отурат. Буга Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети 1988-жылдын 29-декабрында кабыл алган «Молдо Кылыч (Шамыркановн) менен Касым Тыныстановдун чыгармачылык мурастары жөнүндөгү» токтомду да кошууга болот. Бул токтом элибиздин ондогон жылдардан бери унутта калган акындарынын чыгармалары менен журтчулукту тааныштырууга, ал чыгармаларды ар тараптан иликтөөгө мүмкүндүк берди, калкыбыздын бай рухий казынасына болгон жалпы кызыгууну ого бетер күчөттү.

Кыргыз эли нукура өзгөчөлүгү менен айырмаланган улуттук маданияттын бай казынасына ээ. Ал тарыхтын татаал учурларына карабастан, муундан муунга өтүп, карапайым элдин рухий дүйнөсүнүн бай кенчи болуп кала берди. Мында улуттук маданияттын өсүш деңгээли, эмгеккордун дүйнөгө көз карашы, анын дүйнө жөнүндөгү түшүнүгү, өз Мекенине, үстөмдүк кылуучу тапка жана анын адеп-ахлагына болгон мамилеси, философиялык ой жоруулары ачык чагылдырылган.

Кыргыз акындары өз чыгармаларында эмгекчи элдин турмушун, кыргыз коомундагы ар кандай тарыхый окуяларды сүрөттөп, дүйнөнүн жаралышы, өнүгүүнүн ар түрдүү кырдаалы, айлана-чөйрөдөгү кубулуштар, адеп-ахлак жана турмуш-тиричилик маселелери жөнүндө ой жүгүртүшкөн. Ушул себептүү алардын чыгармалары кыргыздын тарыхы менен адабиятын үйрөнүү үчүн гана эмес, анын философиялык, коомдук-саясий ой-пикирлерин изилдөө үчүн да чоң мааниге ээ.

Орус элинин улуу сынчысы В. Г. Белинскийдин: «акын ошол эле убакта ойчул... Эми поэзия менен философия бири-биринен четтебестен, өз ара колдошуу үчүн бири-бирине тынымсыз кол сунушат, ал түгүл

көп учурларда бири-бири менен өтө аралашып кеткендиктен, философиялык айрым чыгарманы эң оболу поэзиялык, ал эми поэзиялык чыгарманы философиялык,— деп айтасыз» деген сөздөрү кыргыз акындарынын чыгармачылык мүнөзүнө да таандык. Албетте, эл акындарынын поэзиясынан бүткөн бир философиялык ырааты таба албайбыз. Ошондой болсо да, биз алардын чыгармаларынан аалам, дүйнөнү таанып-билүү, жаратылыштагы ар түрдүү кубулуштар жөнүндөгү түшүнүктөрүн, сулуулук, көркөмдүүлүк ойлорун арбын кезиктиребиз.

Кийинки мезгилде кыргыз акындарынын философиялык, коомдук-саясий жана этикалык-эстетикалык көз караштарына арналган бир топ түркүн мазмундагы жана көлөмдөгү эмгектер жарык көрүп, диссертациялар жакталды. Маселе бул эмгектердин объективдүүлүгүн ырастоо же ага күмөн түшүрүүдө эмес. Сөз көпчүлүк окурмандардын кыргыз акындарынын чыгармаларына карата болгон пикирлери эң оболу ошол жарык көргөн эмгектердин негизинде түзүлүп, бир беткейликке дуушар болгонунда. Албетте, мындай абалды революцияга чейин жашаган кыйла кыргыз акындарынын ырлары менен көпчүлүктүн толук таанып болбогонунан деп түшүндүрүүгө да мүмкүн.

Мына ушул сиздерге сунуш кылынып отурган жыйнак ошол бир жагдайлуулукту жоюуну өзүнө максат кылат. Албетте, жыйнакка кирген акындардын чыгармаларына философиялык кеңири талдоо жүргүзүлбөстөн, тек гана алардын философиялык, коомдук-саясий, этикалык жана эстетикалык көз караштарын чагылдырган (акындар Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтан башкасы) чыгармаларынын үзүндүлөрү ылгап топтолду. Замана агымынын ири өкүлдөрү Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын чыгармаларын мүмкүн болушунча толугураак берүүгө аракеттендик. Анын себеби — акындардын ырлары менен кеңири журтчулукту тааныштыруу, алардын тегерегинде болгон талаш-тартыштарга объективдүү баа берүү жана элдик рухий мураска болгон көпчүлүктүн кызыгуусун канааттандыруу. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе: жыйнакка кирген акындардын чыгармачылыгына объективдүү пикир түзүү максатында алардын ар кайсы багыттагы жана мазмундагы чыгармаларын окурмандарга сунуш кылууну макул таптык.

Улуу Октябрь революциясына чейин жашаган (аз-

дыр-көптүр ырлары бар) кыргыз акындарынын саны элүү-алтымышка барат. Аларды толугу менен киргизүү азырынча мүмкүн болгон жок. Жыйнакка кирген акындардын кээ бир чыгармалары боюнча талаш-тартыштарга, кайчы пикирлерге карабастан, алардын айрым ырларын киргизүүнү ылайык таптык. (Мисалы, «Буудайык», «Бүркүттүн тою» элдик чыгарма деген пикирлер бар.)

XIX кылымда жашаган айрым акындардын дүйнөгө көз караштары кайчы мүнөздө болгон. Буга кыргыздардын арасында ислам дининин таралышы белгилүү таасирин тийгизбей койгон эмес. Алар, бир жагынан, адамды кудай жаратты деп исламдын негизги жоболорун колдоп чыгышса, экинчи жагынан, диний уламалардын чектелгендигин баамдашып, эркин ойлоочулукка ыкташкан. Динди көзөмөлдөгөн акындардын чыгармаларынан да табият жана анын кубулуштары, өнүгүүнүн ар түрдүү кырдаалы жөнүндөгү ой-пикирлерин кезиктиребиз. Ырас, аларда Жер ааламдын борбору деген жаңылыш, диний түшүнүктөр басымдуулук кылса да, жылдын төрт мезгилинин, күн менен түндүн алмашуусу өзүнүн закон ченемдүүлүгүнө байланыштуу экени жөнүндөгү реалисттик ой-жоруулерды байкайбыз. Албетте, кыргыз акындары табияттагы чексиз материалдык нерселердин, процесстердин себептүү байланыштарын баамдашканы менен, аларга так түшүнө алышкан эмес.

Ошенткен менен, Фридрих Энгельс: дүйнөгө материалисттик көз караш — табият кандай болсо, аны ошондой түшүнүп билүү,— деп белгилеп кеткендей, кыйла кыргыз акындары белгилүү даражада ушул талапка жооп берип, айлана-чөйрөнү туура кабыл алууга аракет кылышкан. Ошондой эле алар дүйнөнү таанып-билүү маселесине да көп көңүл бурушкан. Биз алардын ырларынан адам баласынын, анын аң-сезиминин зор жөндөмдүүлүгүнө аздыр-көптүр туура түшүнүшкөнүн байкайбыз. Бирок, чындыктын критериясын айкын көрсөтө алышкан эмес. Айрыкча таанып-билүү процессинде коомдук практиканын маанисине жеткилең түшүнүшпөгөн.

Акындардын жашоонун ырааттуулугу жөнүндөгү ойлору өзгөчө мааниге ээ. Алар тиричиликтин өнүгүшү табигый жаңылануу закону менен жүрө турганын жана өлгөн организмдердин ордуна жаңылары пайда болуп, ал өзгөрүү чексиз кайталана берүүчү процесс

экенин көрсөтүшкөн. Ушуну менен алар органикалык өнүгүүдөгү тынымсыздык жана тынымдуулук процесси жөнүндө эң орчундуу диалектикалык божомолду да айтышат.

Жалпы алганда, кыргыз акындарынын табият мыйзамдарын бүтүндөй байкоого мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Ислам дини жана патриархалдык-феодалдык түзүлүш, Кыргызстандын экономикалык жана маданий жактан жеткилең өнүкпөгөнү ага себепкер болгон. Ошентсе да, алардын дүйнөдөгү айрым процесстердин себебин ачууга жасаган аракеттери кыргыз коомунда үстөмдүк кылган диндик ой жорууларга кайчы келип, айлана-чөйрө жөнүндө туура түшүнүктөрдүн өсүшүнө түрткү болгон.

Ар бир акындын чыгармачылыгына талдоо жүргүзүп баа бергенде, алардын кайсы мезгилде, кандай коомдук-тарыхый шарттарда жашаганын, алардын көз караштары кайсы социалдык чөйрөнүн таасиринде калыптанганын эске алуу зарыл. Анткени, алар өздөрүнүн чыгармаларында өз доорундагы социалдык карама-каршылыктарды жана окуяларды ачык же кыйыр түрдө көрсөтө алышкан.

Жыйнакка кыргыздын белгилүү акындары: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Эшмамбет, Нишан, Нурдин, Ниязалы Молдо, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Коргол жана башкалардын чыгармалары кирди. Бул акындардын алгачкысынын өмүрү жана чыгармачылык жолу XIX кылымдын биринчи жарымына, башкача айтканда, кыргыз уруулары Кокон хандыгынын эзүүсүндө калган учурга туш келсе, кончулугунуку Кыргызстан падышалык Россиянын букаралыгын кабылдап, элибиз кош кабат эзүүдө калган мезгилге туура келет.

Кокон хандыгынын жарым кылымдык үстөмдүгү кыргыз элинин коомдук-экономикалык мамилелерине белгилүү бир өзгөчөлүктөрдү киргизип, маданиятынын өсүшүнө эч кандай түрткү бере алган эмес. Анткени, Кокон хандыгынын өзү чарбалык жана маданий жактан эң артта калган феодалдык Чыгыштын классикалык үлгүсү эле. Ал эми Кыргызстан падышалык Россиянын букаралыгын кабылдашы анын андан ары өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизип, прогрессивдүү орус маданияты менен жергиликтүү элдин беделдүү катмарларынын жакындашуусуна өбөлгөлөрдү түздү. Орустардын келиши менен пайда болгон чарбадагы,

соодадагы жана кол өнөрчүлүк ишканалардагы жаңылыктар кыргыз коомунда адепки капиталисттик мамилелердин өнүгө баштаганын көрсөтөт. Бул процесс үстөмдүк кылып турган феодалдык-патриархалдык түзүлүштүн бара-бара ыдырашына көмөк берип, кыргыз коомунда идеологиялык карама-каршылыктардын күчөшүнө шарт түздү. Ал мезгилде тап күрөшү өтө ачык жиктелбесе да, эзилген массанын бай-манаптарга каршы чыгышы жандана баштайт. Албетте, бул процесс жана кыргыз коомундагы болуп жаткан өзгөрүштөр көпчүлүк акындардын көңүлүн бурбай койгон эмес. Алардын чыгармаларынын басымдуусу коомдук-саясий темаларга көбүрөөк арналгандыгынын себептери да ушундан улам болуу керек.

XIX кылымдын ортосунда, айрыкча анын экинчи жарымында Кыргызстандагы феодалдык-уруучулук мамилелердин акырындык менен ыдырай башташы, башкаруучу төбөлдөрдүн арасында өткөндү самоочулук, келечекке үмүтсүздүк, ишенимсиздик менен кароо кыргыз турмушундагы жаңы көрүнүштөрдү жерүү идеологиясынын келип чыгышына себепкер болгон.

Бизге жеткен маалыматтар боюнча XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз ырчыларынын ичинен түрк элдеринде эчактан бери эле ырдалып жүргөн «замана» темасында ырдаган акын Калыгул Бай уулу болгон. «Акыр заман» деген ырында өзү жашаган доордон кийин эл үчүн кайгылуу күндөр башталат деп убайымга батат. Акындын бул чыгармасы эл арасына кеңири тарап, XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздын коомдук-саясий жана философиялык ой-пикирлерине чоң таасир тийгизген. Акын бул чыгармасында, бир жагынан, патриархалдык-уруучулук түзүлүштүн ыдырашын моюнга алып (бирок аны күңүрт түшүнгөн), тарыхый окуяларды туура баамдаса, экинчи жагынан, уруучулук адат-салт, жүрүм-турумду бек жактаганы сезилип турат. Ушунун негизинде ал XIX кылымдын отузунчу — кыркынчы жылдарында Орто Азияда, анын ичинде кыргыз жергесинде да жандана баштаган акча, соода-сатык мамилелерин «ага-тууган кас болуп, атаны бала сыйлабай калуучу замандын» белгиси катарында көрүп, аларды жериген. Ырас, Калыгулдун өмүрүнүн акыркы жылдарында анын көз караштарында айрым бурулуштар болот. Атап айтканда, акын чарбачылыктагы олуттуу өзгөрүүлөрдү, ал түгүл келечекте «кул бий болуп, жетим-

жесир тең болуп, эл башкарган аял чыгаар замандын» келээрин бул жакка орустардын келе башташы менен байланыштырат. Калыгул бул жагынан, кээ бир акындарга караганда, тарыхый процесстерди аздыр-көптүр реалисттик көз караш менен баамдаганы байкалып турат.

Калыгул акындан кийин «замана» темасында ырдаган ырчы — Арстанбек Буйлаш уулу. Арстанбектин дүйнөгө көз карашы, чыгармачылык багыты патриархалдык-феодалдык коомдо түзүлүп жана калыптангандыктан, анын турмуш тартиптерин мактоодон тышкары боло алган эмес. Ал эми акындын реалисттик саптары анын көзү менен көргөндөн баш тарта албаганын далилдейт. Эгерде, Арстанбектин эски каада-салт жөнүндө өксөөлөрү белгилүү даражада Калыгулдун тийгизген таасиринен болсо, акындын кыргыз жерине келе баштаган жаңылыктарга карай консервативдик позициясы ошол убактагы тарыхый шарттарга байланыштуу болуу керек.

Кыргызстан Россиянын букаралыгын кабылдагандан кийинки терең өзгөрүүлөр акынга «тар замандын» белгиси катарында көрүнгөнү ырас. Кокондук эзүүчүлөрдүн катуу кысымын өз көзү менен көргөн Арстанбек орустар деле элге жакырчылык алып келет деген ойдо болсо керек. Акындын бул оюн Кыргызстанга келе баштаган орус кулактарынын жана падышалык администрациянын жергиликтүү элдерди дыйканчылыкка жарамдуу жерлерден сүрүп чыгаруу саясаты ырастаган. (Кийинчерээк эле, б. а. 1905-жылы Жети-Суу аймагынын генерал-губернатору Ионов өзүнүн падыша Николай IIге жиберген жылдык отчётунда жаңы казак орус кыштактарын куруу максатында көчмөн кыргыздардын жерлерин мүмкүн болушунча көбүрөөк тартып алууну уланта берүүнүн зарылдыгы жөнүндө өтүнөт. Ага падыша Николай II «крайды колонизациялоо боюнча иштерди тырышкандык менен жүзөгө ашыра берүү керек»,— деп кол коёт (Свод высочайших отметок по всеподданнейшим отчетам губернаторов, генерал-губернаторов, военных губернаторов, градоначальников и наказных атаманов казачьих войск», СПб., 1905—1907, с. 17; Касвинов М. К. «Двадцать три ступени вниз», Фрунзе: Кыргызстан, 1989, с. 131.). Падышачылыктын мындай саясаты Октябрь революциясына чейин уланып келген). Албетте, падышачылыктын жүргүзгөн агрардык реформасы жана

жергиликтүү ири феодалдардын бийлигине чек коюуга жасаган аракети кыргыз төбөлдөрүнүн ичинде да нааразылыкты туудурган. Биздин оюбузча «замана» темасында ырдаган акындардын чыгармаларындагы орустарга болгон бир беткей көз караштар белгилүү даражада ошол нааразычылыктардын чагылышы болсо керек.

Заманчыл акындардын (Калыгулдун, Арстанбектин) Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө, кийинчерээк орус падышачылыгынын эзүүчүлүк саясатына (Арстанбектин, Молдо Кылычтын, Алдаш Молдонун) каршы чыгышканы алардын чыгармачылыгындагы оң көрүнүш. Тилекке каршы, айрым изилдөөчүлөр буга көңүл бурушкан эмес. Ал эми акындардын карапайым орус элин орус төбөлдөрүнөн так ажырата алышпаганы алардын күнөөсү эмес, алардын көз карашынын тарыхый чектелгендиги болуп саналат. Айрым изилдөөчүлөр белгилегендей, XIX кылымдын соңунда Россия «элдердин түрмөсү» болуп турган учурда жашаган кыргыз акындарынын таптык саясий сезиминин төмөн болгондугу үчүн аларга күнөө коюуга болобу? Албетте, жок. Биз «замана» темасында ырдаган акындардын чыгармаларынын баарысы эле дурус деп айта албайбыз. Аларга реалисттик позициядан талдоо жүргүзүп, жакшысын жакшы, жаманын жаман деш керек. Бирок мындан 100—150 жыл мурун жашаган акындардын чыгармачылыгына азыркы мезгилдин көз карашынан талап коюуга болбойт.

XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы кыргыздын туңгуч жазма акыны жана «заманчылардын» эң көрүнүктүү өкүлү — Молдо Кылыч Шамыркан уулу.

Кылычтын чыгармаларындагы кайчы көз караштар андан мурдагы акындарга салыштырганда көп кезигип, кыргыз коомундагы ар түрдүү багыттагы идеялык агымдарды чагылдырып көрсөткөндөй. Мисалы, феодалдык-патриархалдык уруучулук түзүлүштүн бузулушу тууралуу өксөө жана орустарга, алар менен кошо келген жаңылыктарга болгон ар кыл мамилеси акындын чыгармаларында кыйла орунду ээлейт. Ошону менен бирге жалпы элдин жакыр турмушун көрсөткөн ырларын да кезиктирүүгө болот. Буга Кылычтын керт турмушунун кысымчылыкта өтүшү да өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

Молдо Кылычтын алган диний таалими, дин ки-

тептери менен тааныштыгы анын бир кыйла ырларынын ушул багытта болушуна өбөлгө түзгөн. Акындын ырлары мусулманчылыкта салтка айланган «бисмилладан» башталып, келме менен бүтүп, дүйнөдөгү ар түрдүү кубулуштардын себептерин «алланын амиринен» издейт. Мисалга, акындын 1911-жылы араб тамгасы менен Казанда жарык көргөн «Кысса-и зилзала» аттуу поэмасын алсак болот. Кылычтын бул чыгармасы 1910-жылы Railway Кеминде жана жалпы эле Түндүк Кыргызстанда болгон чоң жер титирөөгө арналган. Поэмада акын жер титирөөнүн себебин ачууда диний көз караштан ары бара албаганы ачык эле сезилип турат. Социалдык маселелерге арналган айрым саптары болбосо, «Зилзала» — жер титирөө жөнүндөгү диний баян. Акындын диний маңыздагы чыгармаларына «Зар заманды», «Кол казалын» кошууга болот.

Молдо Кылыч — диний ойчул. Ага эң оболу исламдын суфизм агымынын тийгизген таасири сезилип турат. Анын ой жүгүртүүсү, албетте, консервативдик мүнөздө болуп, өзү сыяктуу дин өкүлдөрүнүн маанайындагы өзгөрүүлөрдү чагылдырып көрсөткөн. Ушунун негизинде ал диний кызмат өтөөгө жаңыча мамиле жасоону колдогон, бирок анын позициясы туруктуу жана натыйжалуу болгон эмес, анткени диний-идеялык өзгөрүүнүн идеалдуу жолун да көрсөтө албаган. Акындын чыгармалары өлүм менен ыдыроонун терең стадиясында турган эзүүчү таптын белгилүү бөлүгүнүн аң-сезимин, абалын чагылдырып, алардан кыргыз турмушунда болгон жаңылыктарды жерүү, терс көрүнүштөргө кыжырдануу байкалат. Мунун себеби, мурда ага эч качан бузулбачудай сезилген көрүнүштөр көз көрүнө эле ыдырап бара жаткандыгынан жана алар эч кимди кейитпегендигинен келип чыккан болуу керек. Муну, б. а. бир эле убакта турмуштун эски көрүнүштөрүн жактап жана аны сынга алуунун себебин андагы социалдык көрүнүштөрдү чечмелөөгө жардам берген туруктуу көз караштын жоктугу менен да түшүндүрүүгө болот.

XIX кылымдын башталышында кыргыздарда ой жүгүртүүнүн диний формасы кеңири тарап, ал оозеки адабият менен коомдук саясий агымдарга да чоң таасир тийгизе баштаган. Диний көз караштарды жандандыруу үчүн болгон аракеттер кыргыз төбөлдөрүнүн белгилүү бөлүгүн өзүнө камтыган. Молдо Кылыч дал ушул топтун да диний маанайын билдирген адам бол-

гон. Дин анын аң-сезимин толук ээлеп, жашоо турмушуна бекем тарап, анын чыгармаларынын бул багытта болушун да шарттаган.

Биздин оюбузча Молдо Кылычтын да алгачкы мезгилдеги орустарга карата болгон терс көз караштары эң оболу диний негизде чыкса керек. Анткени, акындын «Зар заманында» капырлар динди булгап, мусулманчылыкка залал келтирбес бекен деген шектенүүлөрү көп кезигет. Бирок кийинчерээк кыргыз жеринде коомдук-экономикалык өзгөрүштөр Кылычтын көз карашында айрым өзгөрүүлөрдүн келип чыгышына себепкер болот. Буга анын «Чүй баяны» аттуу поэмасы күбө. Ырас, бул чыгармада анын көз карашындагы олку-солкулук сезилип турса да (алып сатар, соодагерчиликти жактаган мотивдер) реалист акын катары ал Чүй боорундагы жаңылыктардын себепкери орустар экенин ачык эле айтып мактоого алат.

Кылыч Шамыркан уулу кыргыз эли Россиянын букаралыгын кабылдаган кезде дүйнөгө келип, анын чыгармалары да ошол тарыхый доордо түзүлдү. Ушул тарыхый бурулуштун натыйжасында кыргыз турмушунун ар тарабында кыйла өзгөрүүлөр болду: акча мамилеси өөрчүп, шаардын өсүшүнө байланыштуу соода-сатык өнүгүп, капиталисттик өнөр жай ишканалары пайда боло баштады. Мындай өзгөрүштөр, прогрессивдүү жактарына карабастан, караңгы элдин ичинде ар түрдүү жорууларды пайда кылды. Эскиликти эңсөө, жаңылыктарды жерүү же ага чоочуркоо менен кароо сыяктуу толгонууларды жалгыз Молдо Кылычтан гана эмес, кыргыздын ошол учурдагы кыйла акындарынын ырларынан да байкоого болот. Албетте, эски көз караштын туткунунда калган акын Молдо Кылыч адегенде Кыргызстан Россиянын букаралыгын кабылдашынын прогрессивдүү маанисин жеткилең түшүнө алган эмес.

В. И. Ленин «Лев Толстой орус революциясынын күзгүсү катарында» деген макаласында Толстойдун көз карашындагы жана окуусундагы карама-каршылык кокустук эмес, ал XIX кылымдын үчүнчү чейрегинде орус турмушу туш болгон карама-каршылыктуу шарттардын чагылышы экенин баса белгилейт. Муну менен биз, албетте, «чаар китепти чала окуган» Молдо Кылыч менен улуу жазуучу Толстойдун чыгармачылык арымын жана күчүн салыштыргыбыз келбейт. Сөз Лев Толстой менен Молдо Кылычтын (ошондой

эле көпчүлүк кыргыз акындарынын) көз карашында-гы карама-каршылыктар алардын өз дооруна тийиштүү конкреттүү саясий-социалдык шарттарга байланыштуу экендиги жөнүндө гана болуп жатат.

«Замана» темасында ырдаган акындардын, анын ичинде Молдо Кылычтын да коомдук-саясий, философиялык, этикалык жана эстетикалык ойлоруна айтылган сын көз караштар негизинен туура. Бирок, айрым изилдөөчүлөр бул акындардын чыгармачылыгындагы кайчы көз караштарды жана аны шарттаган объективдүү, ары субъективдүү себептерди эстен чыгарып коюп, алардын чыгармаларында кезигүүчү оң же терс жактарды бир беткей кароого аракет кылышкан. Албетте, бул натуура. Биздин оюбузча, акындардын чыгармаларындагы кайчы көз караштарды объективдүү талдап кароонун негизинде гана алардын адабий мурастарына адилеттүү баа берүүгө болот. Бул бүгүнкү күндүн талабы.

Молдо Кылычтын эң көлөмдүү чыгармасы — «Зар заман». Биз окурмандарга түшүнүктүү болсун үчүн аны мүмкүн болушунча толугураак берүүгө аракет кылдык. Анткени, биринчиден, «Зар заман» бир темада жана бир убакта жазылган чыгарма эмес, экинчиден, биз сөз кылып жаткан акындын көз караштарынын карама-каршылыгы мында ачык байкалат. (Бул чыгармадан талапка жооп бербей турган айрым жерлер алынып салынды. Ушундай эле ыкманы айрым акындардын чыгармаларына да колдонууга туура келди). Бул жерде эки нерсени белгилей кетүү зарыл. Биринчиден, «Зар заманда» кезигүүчү карама-каршылыктар Молдо Кылычтын чыгармачылык жолунун бөтөнчөлүгүнө жана эволюциясына байланыштуу. Булар жөнүндө аздыр-көптүр жогоруда сөз кылдык. Экинчиден, карама-каршылыктар акындын бардык эле чыгармаларына таандык эмес. Мисалы, Молдо Кылычтын башкы мурасына кирген «Буудайык», «Канаттуулар», «Бүркүт тою», «Чүй баяны» жана башка чыгармаларында адамдын сезимин ойготуп, анын эстетикалык талаптарына жооп берген жактары арбын. Ошондуктан, акын Молдо Кылычтын чыгармалары менен журтчулукту тааныштыруу жана аларды ар тараптан иликтөө жөнүндөгү көп сандаган пикирлер колдоого татыктуу.

Молдо Кылыч сыяктуу диний мектептерден таалим алып, табиятта жана коомдо болуп жаткан про-

цесстерди диний негизде баамдаган акындардын катарына Алдаш Молдону, Жумамудүн Молдону, Нишан Молдону, Ниязалы Молдону (Молдо Нияздын), Нурдин Молдону жана Жеңижокту кошууга болот. (Бул акындардын чыгармалары бизге толугу менен жеткен жок. Материалдар Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунан алынды.) Булардын чыгармаларында диний маңыздагы үгүт-насыяттар белгилүү орун ээлейт. Мисалы, Ниязалы Молдо «Насыят» деген ырында коомдук жана саясий түзүлүш кудайдын эркине байланыштуу деген ой жүгүртсө, Нурдин акындын ырында «кудай түзгөн» тартипти бузуп, ага каршы чыккандар «тозокто күйүп жалындайт»,— деп диндин негизги бир жобосун далилдемекчи болот. Ушуну менен алар эмгекчи элди таптык түзүлүштүн бардык каатчылыгына чыдамкай болууга үгүттөшөт. Бул эки акындын диний жана социалдык темага арналган ырларында алардын эзүүчү таптын кызыкчылыгын коргогону сезилип турат. Ырас, кээ бир бай-манап ырчылары алардын айрым майда-чүйдө гана кемчиликтерин сынга алып, бай-манаптарга нааразы болгондорду анча-мынча жардам берүү менен алдоону сунуш кылат. Же болбосо «туугандардын» (эмгекчи эл менен уруу төбөлдөрүнүн) ортосундагы жана жалпы эле кыргыз коомундагы таптык карама-каршылыктын, патриархалдык-феодалдык тартиптин ыдырашынын себептерин орустардан издешет. Албетте, Кыргызстан падышалык Россиянын букаралыгын кабылдагандан кийин элибиз көп кабат эзүүгө кабылган эле. Бирок, маселе бул жерде алардын орус падышачылыгынын чыныгы эзүүчүлүк жүзүн ашкерелеп, айыптап жатканында эмес. Сөз жергиликтүү эзүүчү тап менен эзилген элдин ортосундагы таптык кагылышууларды, келишпестикти жокко чыгарып, аларга башка багыт беришинде болуп жатат.

Ушул жагдайдан караганда, кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири Алдаш Молдонун коомдук-саясий көз карашынын деңгээли аларга салыштырганда кыйла жогору турган. Акындын көп чыгармаларында, айрыкча 1914-жылы жазылган «Хал заман» поэмасында диний көз караштар орун алса да, болуш, орус падышачылыгын сынга алган мотивдер, жаштарга айтылган акыл-насааттар жана туулган жердин көркүн, кооздугун даңазалаган саптар басымдуулук

кылат. Бул акын жөнүндө атайын илимий изилдөөлөр алигиче жүргүзүлө элек. Бир кезекте адабий мурастарга терс көз караш жүрүп турганда Алдаш Молдонун чыгармалары да башка «заманчыл» акындардын «кесепеттүү» тизмесине кирип калган болучу. Бул кишинин чыгармаларынын көркөмдүк касиети, тарыхый объективдүүлүгү, демократтуулугу, элчилдиги жана үгүт-насааттык күчтөрү болочоктогу изилдөөчүлөрдөн тийиштүү баа алаарында шек жок.

Диний мектеп жана адабияттардан таалим алган молдо акындарга караганда дин маселесине азыраак кайрылып, социалдык темага көбүрөөк көңүл буруп, эл муңун ырдап, эзүүчү таптын өкүлдөрүн сынга алган акындардын катарына Эсенаман, Эшмамбет жана башкаларды кошууга болот. Булардын ырлары бизге толугу менен жеткен жок. Ошондуктан, алардын чыгармачылыгына кеңири токтолууга мүмкүнчүлүк болбоду. Аталган акындардын санат-насыят жана социалдык темага арналган ырларынын колдо болгонун окурмандарга сунуш кылып отурабыз.

Эшмамбеттин көпчүлүк ырлары кийинки мезгилде эл оозунан чогултулуп, өзүнчө жыйнак болуп биринчи жолу 1988-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык көрдү. Токтогул менен болгон айтыштарын бөлүндүжарынды кылбай, бул жыйнакта өзүнүн ырлары менен бирге берүүнү ылайык таптык. Эшмамбет Кетмен-Төбөдө биринчи жолу Токтогулга кезигип, аны менен он жылдай бирге жүрүп калат. Анын чыгармаларындагы сын мотивдеринин улам курчушу улуу акындын тийгизген таасиринен болуу керек. Анткени, Эшмамбеттин алгачкы ырлары социалдык теңсиздикти айтуу менен чектелсе, кийинки чыгармалары анын таптык сезиминин жогору көтөрүлгөнүн айгинелейт.

Бирок, бул акындар өз учурунда алдыңкы адамдардан болушса да, адилетсиз түзүлүштү кандайча жок кылууну ачык түшүнө алышкан эмес.

Токтогул, Тоголок Молдо жана Барпынын чыгармачылыгына арналган бир кыйла эмгектер буга чейин жарык көрүп, алар менен коомчулук кеңири тааныш болгондугун эске алып, биз бул жерде алардын көз караштарына, чыгармачылык багытына токтолуунун зарылдыгын көрө албадык. Ошондой эле алардын чыгармалары көп ирет басылып чыккандыктан, жыйнакка айрымдары гана киргизилди.

XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын баш

ченинде элдин ой-тилегин, кайгысы менен кубанычын бөлүшө чыккан акындардын катарына Калык Акыевди, Ысак Шайбековду, Абылкасым Жутакеевди, Токтораалы Талканбаевди кошууга болот. Булар Кыргызстандын ар кайсы жерлеринде жашап, бири-бирин көрбөсө да, алардын турмуш жана чыгармачылык жолунан кандайдыр бир жалпы окшоштуктарды байкоого болот. Анын себептерин XX кылымдын баш чениндеги кыргыз жергесинде башталган жалпы россиялык тарыхый окуялардан издөө керек. Албетте, кыргыз эмгекчилеринин оор тиричилик шарты акындардын ырларынын эл турмушу менен айкалышуусуна шарт түзүп, чыгармачылык багыт алуусуна таасирин тийгизбей койгон эмес. Алар өзүлөрүнүн саясий-коомдук аң-сезиминин, таптык түшүнүгүнүн төмөн болушуна карабастан, бий-болуштардын зулумдугун, адилетсиздигин ашкерелеп ырдашкан. Бул акындар диний мектептерде окушуп (Калыктан башкасы) сабатсыздыгын жоюшса да, эл арасында молдолук кылган эмес. Тескерисинче, дин өкүлдөрүнүн алдым-жуттумдугун, ач көздүгүн өтө жек көрүшүп, алардын жорук-жосундарын катуу сынга алышкан. Мисалы, Токтораалы Талканбаевдин «Кожо-молдо» аттуу ыры, Ысак Шайбеков менен Калык Акыевдин «Зилзала» аттуу поэмалары буга күбө.

Поэмалар 1910-жылы Түндүк Кыргызстанда болгон жер титирөөгө арналса да, акындар ага социалдык өң берип, дин өкүлдөрү менен бай-манаптардын эзүүчүлүк жүзүн ашкерелейт. Мындан тышкары таптык коомдун адилетсиз турмушу менен жер титирөөнүн (экөөнүн ортосундагы кандайдыр бир байланыш факторун издешкени сезилип турат) себептерин аз да болсо ачып, элге түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Бирок, Кыргызстанда өкүм сүргөн билимсиздик жана таптык түшүнүктүн төмөн болушу коюлган суроолорго так жооп берүүгө аларга мүмкүнчүлүк берген эмес. Ырас, Ысак Шайбеков поэмада жер титирөөнүн себебин эмгеккордун оор турмушунан, төбөлдөрдүн аларга көрсөткөн зулумдугунан жана кыргыздардын исламга болгон кайдыгер мамилесинен көрөт. Ысакка караганда Калык өз чыгармасында зилзаладан жабыр тарткандардын абалын сүрөттөп, түрдүү божомол ойлор жүргүзөт. Жер титирөөнүн себеби эмнеде? деген суроону ал ачык калтырат. Айрым изилдөөлөр Калыктын алгачкы жана «Зилзаладан» кийин жазылган чыгармаларына талдоо жүргүзүүнүн негизинде поэма-

нын адепки варианты диний көз караштан кур болбосо керек деген пикир айтышат.

Диний көз караштарын эске албаганда, «Зилзала» поэмаларын коомдук-саясий мааниси бар окуяларды камтыган социалдык темадагы чыгармалар деп айтууга болот.

1916-жылкы улуттук-боштондук кыймыл бул акындардын чыгармачылыгына чоң таасир тийгизет. Ошол көтөрүлүшкө Алдаш Молдонун «Үркүн», Ысак Шайбековдун «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл», Абылкасым Жутакеевдин «Кайран эл», «Кайткан эл», Калыктын «1916-жыл» деген ыр-поэмалары арналган. Аларда жергиликтүү башкаруучулар менен орус падышачылыгынын эзүүчүлүк саясаты сынга алынат. (Бул акындардын чыгармалары негизинен жарык көргөн китептерден, Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунан алынды.)

Жалпы эле биз сөз кылып жаткан акындардын чыгармаларындагы дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүк — алардын моралдык-этикалык маселелерге көбүрөөк кайрылышы.

Кыргыз коомундагы социалдык карама-каршылыктардын курчушу ар түрдүү агымдагы этикалык жосун-жобонун андан ары жиктелишин тездетти. Эгерде, биз демократ-акындардын ырларынан эзүүчү таптын моралын айыптап, элибиздин алдыңкы, прогрессивдүү адат-салтын, жүрүм-турум эрежелерин даңазалоону байкасак, ал эми бай-манаптарды жактаган ырчылардын чыгармалары негизинен патриархалдык-феодалдык тартипти мактоого багытталган. Ырас, бай-манап акындарынын чыгармаларынан биз адам жана анын мамилелери жөнүндөгү этикалык насааттарды да кезиктиребиз. Бирок, алардын этикалык принциптери негизинен диний жана консервативдик мүнөздө болуп, кыргыз коомундагы социалдык теңсиздиктин чыныгы ырайын ислам дининин жоболору менен чүмкөттөшсө, кыргыз төбөлдөрүнүн эзүүчүлүк саясаты, кулк-мүнөзү жана жорук-жосундары демократ-акындардын чыгармаларында катуу айыпталган. Мисалы, улуу акын Токтогулдун «Арзыматка» жана «Беш каман» деген ырлары буга күбө.

Кыргыз акындарынын этикалык көз караштары негизинен тиричиликке арналып, анын ар кыл жактарын өз ичине камтыйт. Мисалы, акындар элдик гуманизмдин чөйрөсүнөн эң оболу адамды урматтоо

принцибин жогору көтөрүшкөн. Алар дүйнөдө адамдан артык эч нерсе жок экенине эч күмөн санашкан эмес. Ошондуктан, алардын чыгармаларында жалпы адамдык: ак ниеттик, чындык, калыстык, боорукердик, жөнөкөйлүк жана жолдошчулук сыяктуу сапаттарды даңазалоого көп көңүл бурулган. Ал эми адамдын адептүүлүгүнүн башкы үлгүсү элдин кызыкчылыгы үчүн болгон иш-аракет деп эсептешкен.

Акындардын чыгармаларында патриотизм идеялары да кеңири орун алган. Алар элибиздин эркиндиги үчүн болгон күрөштөрдө каармандык көрсөткөн айтылуу баатырлардын сын-сыпаттары аркылуу эл, жер үчүн күрөшүүгө даяр туруу сезимин өнүктүрүүгө умтулушкан. Алар элибиздин алдыңкы, прогрессивдүү, муундан муунга өтүп келе жаткан салтынын бири — улуу адамдарды сыйлоону, урматтоону да өзгөчө белгилешкен.

Акындар өз чыгармаларында айлана-чөйрөдөгү жана турмуштагы асылдык проблемаларга да кыйла көңүл бурушкан. Ырас, мында да диний багыт менен бирге алдыңкы көз караштар өкүм сүрүп турган. Биринчи багыттын өкүлдөрү жалпы көркөмдүктү жокко чыгарышпаса да, өз кызыкчылыгына жараша ага социалдык өң беришкен. Мисалы диний темада ырдаган акындар мусулмандардын анык көркү алардын кудай жолуна түшүп, орозо-намаз тутканында деп белгилешет. Ал эми көпчүлүк акындар көркөмдүктүн, асылдыктын булагы табият, турмуш, айрыкча эмгекчи адам экенин баса көрсөтүшкөн. Алардын оюу боюнча табияттагы нерселердин эстетикалык касиеттери көркөмдүктүн дал өзү эмес. Көркөмдүк коомдук практиканын негизинде гана, адамга кызмат кылып, анын рухий талаптарын канаатандырганда гана чыныгы, жогорку көркөмдүккө ээ болоорун туура белгилешкен. Мисалы, Барпы Алыкулов «Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо» деген ырында кыргыз жеринин кооздугун сүрөттөп, аны асыл кылган эмгектин жана элдин өзү асыл экенин ачык көрсөтөт.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын баш чениндеги Кыргызстандагы философиялык ойлордун мүнөздүү бир өзгөчөлүгү — анын поэзия менен айкалышып кеткенинде. Анткени көпчүлүк кыргыз ырчылары акын да, ошол эле убакта акылман-ойчул да болушкан. Эмгекчи элдин дүйнөгө көз караштарын, социалдык чындыкка мамилесин, келе-

чекке умтулушун, үмүтүн элибиздин алдыңкы адамдары — акындар поэзияда чагылдырышкан.

Өткөн кылымда жашаган акындардын ырларынын бизге келип жетишин эң оболу поэзиянын эл арасына терең сиңип, ооздон-оозго, муундан муунга өтүп келе жатканы менен түшүндүрүүгө болот. Албетте, убакыт өткөн сайын оозеки чыгармаларда шартка жараша кыйла ооп-кыйыштар болоору шексиз. Ошентсе да, оозеки чыгармаларды жана акындардын поэзиясын билбей туруп, революцияга чейинки кыргыздардын философиялык ой-пикирлерин аңдап билүү кыйын.

Жыйнакка акындардын таржымалын, мүмкүнчүлүгүнө жараша, толуктап берүүгө аракет кылдык. Бирок, бизге байланышсыз себептердин натыйжасында айрым акындардын өмүр баяны берилбей калды. Алар тууралуу маалыматтар бара-бара такталып окурмандарга сунуш этилет деген үмүттөбүз.

*Мелис Курманалы уулу Абдылдаев,*
**философия илимдеринин кандидаты.**

**Басмадан.** Жыйнактын чакан көлөмүнө ылайык революцияга чейинки акындардын бардыгынын эле чыгармаларын толугу менен берүүгө мүмкүнчүлүк болбоду. Буга убакыт да жетишпеди, анткени белгилүү себептер менен ондогон жылдар бою «кулпуланып» жаткан Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо жана башкалар өңдүү залкар акындардын чыгармаларын журтчулугубузга тезирээк тартуулашка аракеттендик. Албетте, «Кириш сөздө» айтылгандай, сунуш кылынган чыгармаларда прогрессивдүү ой-пикирлер менен катар, диний, феодалдык-консервативдик, эки ача көз караштагы пикирлер да бар. Бул жагдайды баамчыл окурман ошол чыгармалар жаралган тарыхый шарттарга ылайык сын көз менен эске алат деген ойдобуз. Жыйнак биринчи ирет жарык көрүп отургандыктан кем-карчы жок дей албайбыз. Ошондуктан «Кыргызстан» басмасы окурмандардын сунуш-талаптарын күтөт, алар жыйнактын эмки толукталып жана оңдолуп басылышында эске алынмакчы. (Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү ар бир акындын чыгармаларынын соңунда берилди, көп сөздөр учурунда айтылганындай алынды.)

Акындардын чыгармалары хронологиялык тартипте эмес, алардын багытына ылайык ыраатташтырылды.

# КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ

Нускоочу, ойчул акын Калыгул 1785-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүнүн Карой-Сарой деген жеринде Бай аттуу оокаттуу, төрт түлүгү түгөл адамдын үй-бүлөсүндө туулат. Ал атасынан калган оокатка ээ болуп, өмүрү өткөнчө эч нерседен кор болгон эмес. Калыгулдун чоң атасы, чоң энеси, алардын бир туугандары жөнүндө маалыматтар жок, бирок Калыгулдун өзүнөн тараган укум-тукуму бар.

Калыгул бизге белгилүү кыргыз сөз устаттарынын алгачкыларынын өкүлү. Ага чейин жашап, эл арасына ырлары кеңири тараган акындар жөнүндө маалыматтар жокко эсе. Ошондуктан аны кыргыз акындарынын ичинен жашы боюнча гана эмес, адабий тажрыйбасы жагынан да аксакал катары кароого болот. Ал айткандарын жалпы жонунан «Акыр заман» сөздөрү деп атаган. Калыгулдан кийин ушул темага кайрылгандар аны тереңдетип гана отурушкан.

Калыгул тамсилчи, меселчи акын катары элге эр жеткен кезинен эле тааныла баштайт. Ал көпчүлүк акындардай комузун күүлөп, үн кошуп ырдабастан, алдына келген адамдарга макалдатып айтып берген. Акындын ырлары эл арасына кеңири тараганы менен, алар бизге толугу менен жеткен жок. Колубуздагы анын «Акыр заман», «Калыгулдун сөзү», «Ысык-Көл тууралуу айтканы», «Терме, санат ырлары» эл оозу-

*пан кийинчерээк жыйналып алынгандыктан, алымча-кошумчалардан куру болбосо керек.*

*Калыгулдун ырларында акыр заман идеясы көбүрөөк орун ээлесе да, санат, насыят, адамдын жүрүм-турумун сындаган, жаштарды адептүүлүккө чакырган саптары да арбын. Албетте, Калыгул феодалдык турмуштун идеологу катары анын салт-санаасын, жорук-жосундарын мактоодон тышкары боло алган эмес.*

*Эгер коом, элдин ага болгон мамилеси өзгөрүлө баштаса, анда замана Калыгул үчүн таптакыр бузулчудай көрүнгөн.*

*Калыгул 1855-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Суу деген жеринде 70 жаш курагында дүйнөдөн кайтат. Сөөгү азыркы Ысык-Көл районунун Кара-Ой деген (азыркы Долинка) жерине коюлган.*

## КАЛЫГУЛДУН СӨЗҮ

*(Орус келе электен канчалык мурун)*

Көгүчкөн учаар жем чыкса,
Көк тулпар чуркаар тер чыкса.
Көңүл тынаар көпчүлүк
Көзгө токтоор эр чыкса.
Көөрүктүн оту тутанбайт,
Күн жагынан жел чыкса.
Көч жүрө албай токтолот,
Көз учкан бийик бел чыкса.

Андышпай койбойт абысын,
Ак шумкар карайт чабытын.
Аларман ууру көз салаар,
Адырмак тоонун жыбытын.

Кара куш карайт кардына,
Кара жемсөө азамат
Кайрылбайт жакын — баарына.
Коңгуроо такса жарашат,
Койкойгон кара нарына.
Жортуулчу түшөт жолуна,
Кайраты бар эрендер
Карагай найза кармаган
Карыштырып колуна.
Кара жемсөө жигиттер
Канча бүлүк болсо да,
Кайрылбайт экен тобуна.

Үй бул болоор,
Кул бий болоор.
Тоо токол болоор,
Талаа токой болоор.
Токол байбиче болоор.
Аяк адам баш болоор,
Баш адамдар пас болоор,
Ушундай кызык иш болоор.
Тегиз жерден тегирмен чыгаар,
Тексиз жерден бий чыгаар.
Алка жака салынган кийим чыгаар,
Акча кагаз бул болуп, тыйын чыгаар.
Айылын жоодой аңдыган жыйын чыгаар.
Атасынан баласы кыйын чыгаар.
Этеги жок чапан чыгаар.
Эң кийинки баласы тапан чыгаар.
Эри менен тартышса
«Элде эркек көп» деген аял чыгаар.

## ЫСЫК-КӨЛ ТУУРАЛУУ АЙТКАНЫ

Ысык-Көл бейиштин эшиги,
Суу сайын нарын табак эти бар,
Жай болуп катыра ысыгы жок,
Кыш болуп кашкая суугу жок,
Ат жеткен жерде мындан артык кызыгы жок,
Мактанып жер жетээрби,
Адам мындан кетээрби?
Ысык-Көлдөн чыкпаңар, балдар!

## ТЕРМЕ, САНАТ ЫРЛАРЫ

Кызаргандын баарысы
Манат[1] болот турбайбы.
Кылган иштин баарысы
Адат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы
Санат болот турбайбы.

Аттууну коюп, жөөнү айтам,
Арбак конгон дөөнү айтам.

Катар-катар лөктү айтам,
Калп айтпаган төптү айтам.

Көкүрөк чечен болбосо,
Көзү көрүп не кылат.
Жан кыйналат дебесек,
Жардылыктан ким өлөт?

Кара килең болбой, кар кетпейт,
Капсалаң болбой, жут болбойт.
Кара өзгөй болбой, доо болбойт.
Шагылы болбой, зоо болбойт.
Шайыры болбой эл болбойт,
Пейили жакшы кем болбойт.

Чаң созулат тамандан,
Жакшылык келбейт жамандан.
Булбулдун мукам үнү бар.
Тайлактын таза жүнү бар.

Коргондуу жердин ору бар,
Улуктун катта зору бар.
Экинин бири болбогон
Кембагал эрдин шору бар.

Аскар, аскар, аскар тоо
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсоң да,
Сыйлашпасаң, жат болот.

Теректин түбү тыт болот,
Жаман адам кырт болот.
Каарына алганда,
Ак жайдын күнү жут болот.

Ак бөкөн келип жыгылат
Алдын казып ордосо,
Ак шумкар келип илинет,
Саятчы алдын тордосо.

Ийри жыгач түз болот,
Тезге салып оңдосо.
Душманына кор болот,
Өз тууганын кордосо.

Бу дүйнөдө не карып?
Сатылбаган бөз[2] карып,
Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо,
Карыя болоор тез карып.

Кадырын жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз-өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адыл болбосо,
Убара болот эл карып.

Жалтаңдын башы зоо болот.
Жаман менен дос болсоң,
Акыры бир күн доо болот.
Жакшы менен дос болсоң,
Өлгүчөктү коштошот.
Жаман менен дос болсоң,
«Баягымды бергин» деп,
Эки айдан кийин мушташат.

Кетсе дөөлөт колуңан,
Келмеги кыйын мал кайтып.
Келе деп келсе бересең,
Кейитет жанды саргайтып.

Чырпыгың сынса талыңдан,
Чынар болбойт ал кайтып.
Чындап ажал келген соң,
Чыккан жан келбейт ал кайтып.
Өткөн өмүр — качкан куш,
Колуңа келбейт ал кайтып.

Катынды мээнет чырмаса,
Каяша айтат эрине.
Жардыны мээнет чырмаса,
Аштыгы чыкпайт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса,
Жакыны менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Сары карт чыгып, таз болот.
Келинди мээнет чырмаса,
Кайненеси кас болот.

Кызды мээнет чырмаса,
Атасынын төрүндө
Көп олтуруп кор болот.

Тузду мээнет чырмаса,
Даты чыгып шор болот.
Манапты мээнет чырмаса,
Түбү менен кор болот.
Атты мээнет чырмаса,
Аягынан басынат.
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат.
Байды мээнет чырмаса,
Ашканага жашынат.

Кырчын айтат талмын деп,
Кемер айтат жармын деп.
Чымчык айтат кушмун деп,
Чырпык айтат салмын деп.

Жекендүү көлдүн бал камыш,
Жылкы салса, от жанат.
Уулу жаман болгон соң,
Дөбөдөй болгон атасын
Төө үстүнөн ит кабат.

Булбул үнүн эшитпей,
Буралып гүл ачылбайт,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүк үнүн эшитпей,
Күн жайланып ачылбайт.
Күйүттүү болгон адамдын
Күндө үнү басылбайт.

Боло турган азамат
Болоттон кылыч байланып,
Жоого тийсе, сүрү бар.

Тамды тешээр уурунун
Сабы кыска чоту бар.
Боло турган жигиттин
Жүрөгүндө оту бар.

Аргымак мойнун ок кесет.
Азамат мойнун жок кесет.

Аргымактын азганы —
Аркы-терки басканы.
Азамат эрдин азганы —
Көчкөндө жөө басканы.

Аргымакта жал жок деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азаматта мал жок деп,
Жоого таштап кетпеңер.

Өзөндүү сууга тал бүтөт,
Өлбөгөн кулга мал бүтөт.
Мал бүткөнчө иш кетет,
Ага-инидей дос кетет.

Куурай чыкпас куу такыр,
Куурай чыгып бергенде,
Кулун чуркап өтө албайт.
Мал күтпөгөн куу жакыр,
Мал жыйылып күткөндө,
Айдап журтка жете албайт.

Жаман атты буйга мин,
Түнөп калган үйга мин.
Чанач алып, сууга мин.
Ишенимдүү жакшы атты
Көтөрүлгөн туугa мин,
Кулак тунган чуугa мин.

Атың кашаң болгон соң,
Аштан, тойдон калган соң —
Күлүктүгү не пайда?
Алганың сулуу болгон соң,
Аркырап беттен алган соң —
Сулуулугу не пайда?

Этекти кессең, тон болбойт,
Эзелки душман эл болбойт.
Желкени кессең, тон болбойт,
Жеткилең бийик жол болбойт.
Жээн-тагаң эл болбойт,
Жеке тамчы сел болбойт.

Жалгыз өлсө, чуу чыкпайт,
Жар куласа, суу чыкпайт.

Ак чаңгыл тоонун этегин
Адис мерген кийиктейт.
Алганы жакшы жолукса,
Азамат көөнү бийиктейт.

Ак кула аттар кимде жок,
Жүгүрбөсө тайча жок.
Ага-тууган кимде жок,
Сыйлашпаса, жатча жок.

Бедери жок торкодон
Бек токуган бөз жакшы.
Медери жок туугандан
Бек сүйлөшкөн жат жакшы.

Алтындуу ээр атка бап,
Атка тынчы жок болсо,
Алтынын алып, отко жак.
Акылдуу тууган болбосо,
Акырын айтып, жатка жак.

Күмүштүү ээр атка бап,
Күлүккө тынчы болбосо,
Күмүшүн алып, отко жак.
Күйөөр тууган болбосо,
Күлө багып, жатка жак!*

## НАСЫЯТ, САНАТ ЫРЛАРЫ

Шатыратып күн жааса,
Жерге жагат дечү эле.
Жакшы чыккан азамат
Элин билет дечү эле.
Ошол адам ойлосоң,
Кимден чыгат деп айткан.
Ушул турган калайык,
Элден чыгат деп айткан.
Алтын-күмүш асылдар
Жерден чыгат деп айткан.
Текши жерге тегирмен,
Жүрүп турат деп айткан.
Тегеренип баарысын,
Билип турат деп айткан.

* Калыгулдун бул ырлары Ишеналы Арабай уулунун 1925-жылы Пишпекте басылып чыккан «Сабатсыздыкты жоюу алип — бээсинен» алынды.

Кызыл, кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар.
Такыясын колго алып,
Кыз-жигитти кубалаар.
Жашыл ала кыялар,
Жагалмай талга уялаар.
Жакшы заман келгенде,
Жаштар бизди кубалаар.

Өңү сары, көзү көк
Орус чыгат деп айткан.
Миң түтүнгө бир киши,
Болуш чыгат деп айткан.

Буйрук менен кондурган
Конуш чыгат деп айткан.
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат деп айткан.
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат деп айткан.

Эркек үндүү аялдын
Уяты жок,
Катын үндүү эркектин
Кубаты жок.

Өгүз мүйүз инектин
Сүтү болбойт.
Инек мүйүз өгүздүн
Күчү болбойт.

Кээ бир адам күркүрөйт,
Магдыры[3] жок,
Кээ бир адам достошот,
Тамыры жок.

Жылдан жылга замана
Кыйын чыгат ошондо.
Эсеп кылып, мал алган
Тыйын чыгат ошондо.

Андан кийин билимдүү
Атың чыгат деп уктум.
Түрдүү ошондой акылдуу
Аяр чыгат деп уктум.
Калайыкты бийлеген

Аял чыгат деп уктум.
Албан түрлүү ушундай
Заман чыгат деп уктум.

Кийин чыккан адамы
Илим билген амалдуу
Аяр болот деп уктум.
Кандай кылган жумушка
Даяр болот деп уктум.
Ошондогу адамдар
Молдо болот деп уктум.
Миңген атын карасаң,
Жорго болот деп уктум.

От араба, дилгирем,
Жол кыскарат ошондо.
Этек, жеңи чолоюп,
Тон кыскарат ошондо.

Айттырбаса, жедирбей,
Аяр болот ошолор.
Жоо дегенде, дегдеген
Даяр болот ошолор.
Түн ичинде уктабас
Баатыр болот ошолор.
Бысмылданы айтпаган
Каапыр болот ошолор.
Жарды, байы билинбей
Жалпы болот ошолор.

Кара жердин бетине
Аштык чыкпай, жер калбайт.
Атасынын сөзүнө
Бала кулак көп салбайт.
Атанын тилин бала албайт,
Андан артык биле албайт.

Кыйкырганы бел ашпай,
Үн кыскарган бир заман.
Кылса, жумуш бүтпөгөн,
Күн кыскарган бир заман.
Кожо-молдо жоголуп,
Дин кыскарган бир заман.
Орозо-намаз окубай,
(Дин) Тил кыскарган бир заман.
Ошол жакшы, биз жаман,
Өтүп барат бир заман.

Биз жүргөн жер тар заман,
Кийин келээр зар заман.

Кайгысыз киши карыбайт,
Калп айткан киши жарыбайт.

Беш тогоол өтпөй, жай болбойт,
Пейли тар киши бай болбойт.
Көп болуп жылдыз ай болбойт,
Көөнү тар адам бай болбойт.

Жаман ишке киришпе
Акылы бар боз бала.
Алал ишти козголо
Акылдууга дос бала.
Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка.
Тайгаланып жыгылба,
Кудайга үнүң угузба.

Жаман иштен качып өт —
Жакшылыкка жетесиң.
Кокусунан жаманга,
Жолукпагын нааданга,
Арманда болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң.
Жакшы кепке шашпагын,
Сабырлык менен барасың.
Акыры түбү ошондон,
Жакшылыкты табасың.

Этеги жок, жеңи жок кийим чыгаар,
Эң кийинки баласы кыйын чыгаар.
Акча кагаз бул болуп тыйын чыгаар,
Атасынан баласы кыйын чыгаар.
Күндө кеңеш бир жакшы жыйын чыгаар,
Андай өңдүү бир заман кийин чыгаар.
Этек-жеңи чолоюп чапан чыгаар,
Эң кийинки баласы тапан чыгаар.
Эки башын кайкайтып кайык чыгаар,
«Эримди өзүм бийлейм» деп зайып чыгаар.

Мээнет кетпейт бечелден,
Сөз кутулбайт чеченден.

Теректин түбү тыт болот,
Жаман адам кырт болот.

Жамандын баары таарынчаак,
Ар бир ишке корунчаак.

Акылы бар азамат,
Ар бир сөзгө казанат.

Алгыр болсо тайганың,
Алтындан таап, каргы так.
Ала албаса андайды
Айлансын аштан, башка чап.
Күлүк болсо тайганың,
Күмүштөн таап, каргы так.
Күйүп кетсең жаманга,
Күйүп жүрбөй, башка чап.

Алтын мөөр, ай мончок,
Адамга кайдан табылат?
Алганың жаман болгон соң,
Абийириң кайдан жабылат?

Эр адамдын жаманы
Жүрүшүнөн кул болоор.
Ургаачынын жаманы
Кыялынан тул болоор.
Акылдуунун айтканы,
Абайласаң бул болоор.

Там бир жылы көбөйөөр,
Дарак бир жерден көгөрөөр.

Каркыра катары менен жүрөөр,
Кадырын билген киши билээр.

Унчукkандан унчукпаган жакшыраак,
Унчукkандын башына тиеэр таяк.

Акыл, макал — экөө бирдей келээр,
Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер.
Билбеген наадандардын ичи күйөөр,
Билген адам ошону
Байым кылаар.
Көкүрөккө ойлонуп,
Дайын кылаар.
Билбегендер ошону
Айың кылаар.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 48673

Жыйырма менен отуз жаш —
Өтсө келбейт ал кайтып.
Желип өмүр өткөн соң,
Жигит болбойт чал кайтып.
Аргымак атың арыса,
Алмагы кыйын жал кайтып,
Чынарын кессең түбүнөн,
Чырпык болбойт тал кайтып.
Чындап ажал келген соң,
Чыкса келбейт жан кайтып.
Кетсе дөөлөт колуңдан,
Келмеги кыйын мал кайтып.

Жигиттерге кыз жакшы,
Мүнүшкөргө куш жакшы.
Тил албаган жаманга,
Акыл сөздөн муш жакшы.
Бул жалганда нур жакшы,
Булбулдарга гүл жакшы.
Муңдуунун черин жазууга,
Булбул күбө тил жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Аземдүү жорго ат жакшы.
Окусаң илим үйрөнүп,
Орундуу жазган кат жакшы.
Сараңдардын миңинен
Жалгыз да болсо март жакшы.
Пайдасы жок тууғандан,
Мамилелүү сарт жакшы.
Медери жок туугандан,
Бек кармашкан жат жакшы.
Кеби жаман катындан
Келте ооруган дарт жакшы.
Мөмөсү жок дарактан,
Жапайы чыккан тал жакшы.
Адамдын учаар канаты —
Аз деле болсо мал жакшы.
Каз-өрдөккө көл жакшы,
Катындарга эр жакшы.
Бербесе да медерлүү,
Берекелүү эл жакшы.
Чар тарапка мал оттоп,
Чарба малга тоо жакшы.
Качса кетет кутулуп,
Кийиктерге зоо жакшы.

Жакшы болсоң жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң суудай бол,
Баарын жууп кетирген.

Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагың жок болсо,
Алдыңдан таяр алтын так.

Ары жок — күлкүчү.
Санаасы жок — уйкучу.

Аюу аманын тилейт,
Акмак жаманын тилейт.

Орой киши баатыр болоор.
От чыкпай, жериң такыр болоор.
Ошол заман жакын болоор.
Аягың таш болоор,
Кулуң баш болоор.
Тууганың кас болоор.
Короoң бош болоор.
Мингениң жыгач ат болоор.
Кылганың касам ант болоор.
Ыгы жокко жан берип,
Ыйманынан жат болоор.

Бактылууну карасаң,
Муз үстүнө от жагат.
Багы жокту карасаң,
Кургак үйдөн суу тамат.

### «АКЫР ЗАМАН»

Азиздер[4] айтып кетиптир
Акыр заман болжолун.
Ак Азирети пайгамбар,
Адам ата баш болуп:
Акыр заман кишиси,
Кичине болоор мүчөсү.
Илгери өткөн адамдан
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок

Ташка конот деп айткан.
Элдин нурку[5] азайып,
Ачка болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Бакыл[6] болот деп айткан.
Мал азайып арымдап[7],
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп, чөп чыкпай
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана
Акыр болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Алым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залым болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш,
Ошондо айыл конот деп айткан.

---

1 — Бомозий, мата (көбүнчө кызыл түстүү).
2 — Мата, кездеме.
3 — Даремети.
4 — Урматтуу, кымбаттуу адам.
5 — Пейил.
6 — Сараң, битир, сар эсеп.
7 — Бара-бара, уламдан-улам.

# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

*Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында туулат. Анын балалык чагы атасы Буйлаштын жана ага-туугандарынын кой-козусун кайтаруу менен өтөт. Арстанбек Буйлаштын салбар аялынан төрөлгөндүктөн, улуу аялдын балдарына тең ата боло албай чоңоёт. Үстүнө курумшудан башка кийим кийбей, тоё тамак жебей, эптеп борбуюн көтөрөт.*

*Карыялардын айтуусуна караганда, жаш кезинен эле чыйрак чыгып, ырга жана комузга шыктуу болгон. Ал «Кожожаш», «Бердикожо», «Беш казак» аттуу кенже эпосторду айта билген. «Тар заман» Арстанбектин эң көлөмдүү чыгармасы болуу керек. Тилекке каршы, бул поэма да акындын калган ырларындай эле бизге толугу менен жеткен жок.*

*Атасы Буйлашты ээрчип, Арстанбектин Анжыянга барышы акындын ырчылык чеберчилигинин жогорулашына, анын атак-даңкка ээ болушуна көмөк көрсөтүп, кийинки тагдырына олуттуу таасир тийгизет. Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, той-тамашалардын үстүндө болот. Анжыян тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен беттешип, аларды жеңет.*

*Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөн бир нече оор окуяларды көрөт. Кокон хандыгынын үстөмдүгүн, бугу-сарбагыш чабыштарын, Кенесарынын кыр-*

*гыздарга жасаган чабуулун жана орус падышалыгынын Кыргызстанда жүргүзгөн колониялык саясатынын чекебелин көрүп, 1882-жылы 42 жашында дүйнөдөн кайтат.*

*Арстанбектин «Тар заманы» акын Калыгулдун «Акыр заманы» менен өтө окшош экенин ачык байкоого болот. Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, мурунтан угуп-билип, андан нуска алганы көрүнүп турат. Эки акындын ырларынын багыты, мазмуну өтө окшош болгондуктан, айрым учурда аларды ажырата билүү оңой-олтоң иш эмес. (Акындын туулган жана дүйнөдөн кайткан жылдары жөнүндө ажырым пикирлер бар.)*

### «ТАР ЗАМАН»

Карылардан кеп уктук,
Уламадан сөз уктук.
Ошондо орус чыгат дечү эле,
Миң үйлүүгө баш болуп
Болуш чыгат дечү эле.
Буйрук менен кондурган
Конуш чыгат дечү эле.

Ушу заман тар заман,
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман.
Заманың келди закымдап,
Тайган иттей такымдап.

Улуу суунун баарысы
Чулук[1] болот дечү эле.
Кичүү атанын балдары
Улук болот дечү эле.
Жаан-жуун азайып,
Шамал болот дечү эле.
Адамзаттын билгени
Амал болот дечү эле.

Кыш көбөйүп, жигиттер,
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган
Май азаят дечү эле.
Короодогу айдаган
Кой азаят дечү эле.
Оюн, күлкү түгөнүп,
Той азаят дечү эле.

Көч алды болоор орусуң,
Сары журт болоор конушуң.
Жайлоо тургай, төр кайда,
Ачып кирээр көр кайда?

Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм?
Кашкардагы Бадөөлөт
Ата кылып алсак бейм?

Байыркыдан барк кетти,
Каадалуу нуска нарк кетти.
Жардылардан барк кетти,
Каада, нуска, нарк кетти.

Онжогой куйрук күрөң ат
Орустан чыгат дечү эле,
Оң кулактуу миз казан
Колодон чыгат дечү эле.
Шумдуктуунун баарысы
Баладан чыгат дечү эле.

Акча, теңге түгөнүп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы
Кыйын чыгат дечү эле.
Калаа-коргон көбөйүп,
Кент[2] түгөнөт дечү эле.
Тегерете урдурган
Коргон чыгат дечү эле.
Тегеректин баарысын
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечү эле.
Кийинкинин баарысы,
Буту-колун жашырбай,
Дөрбөл чыгат дечү эле

Алматыдан аттанып,
Орус келе жатырай,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатырай.
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатырай.
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды,

Бээден туулган керди алды.
Карды салык байды алды,
Кача турган жайды алды.
Качканың кайда кутулду,
Туурадан салды тозокту
Кармап алды Кулжадан,
Балбай менен Шоорукту!
Сууга чыккан жекендей,
Орус келсе, сыйлайсың
Ак сакалдуу акеңдей.
Илгерки кары калыптыр
Сууга түшкөн текедей.
Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти,
Болуштарды карасаң,
Катыныңдай кекетти.

Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын карактап.
Жасоолдор ылгабай минди айгырды.
Жакшылардын баарысы:
«Чын ушундай болдум» — деп,
Жатып алып кайгырды.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кызыл кагаз бул болду.

Куран жатып, үстүнөн
Кат жүгүрөт дечү эле.
Ошо катты көтөрүп,
Ат жүгүрөт дечү эле.
Өзү сары, көзү көк
Орус чыгат дечү эле.
Ошол орус чыкканда,
«Бир, эки» деп санаган,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы
Кыйын чыгат дечү эле.
Ошол орус чыкканда,
Эки башы кайкайган,
Кайык чыгат дечү эле.
Мейли кадыр[3] болом деп,
Элечегин булгалап,
Зайып чыгат дечү эле.
Ошол орус чыкканда,
Кара жол кылаар көлүңдү,

Эсепке алаар жеринди.
Кайсандаар сенде чама жок,
Капкандай чабаар белинди.
Ой, журтум, көрөрсүң
Араба менен чананы,
Бага көр торпок менен танааны.
Бакпасаң торпок менен танааны,
Зили түбү сактаарсың сары талааны.
Солдаттыкка берээрсиң,
Ичиңден чыккан баланы.

Карагайдын башында,
Чыны болот дечү эле,
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчылык жолдордон
Алты күндө сүйлөшкөн
Бу капырдын сыры болот дечү эле.

Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
Жасоолдордун кийгени
Катар-катар дүрүйө[4].
Жасоолдор минди жакшы атты,
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман болгондо,
Мусулман көрөөр бүлүктү.

Акыр заман болгондо,
Кой азаят дечү эле,
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын
Баштагыдай көркү жок,
Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда,
Энесине баш бербей,
Боюн күүлөйт дечү эле.
Эмки азаматтын баарысын
Катыны бийлейт дечү эле.
Элечегин булгалап,
Зайып чыгып жыйынга,
Чечен болот дечү эле.

Ушул кийинкинин баарысы,
Бечел болот дечү эле.

Шум жалгандын белгиси —
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн
Көлүк[5] болду элибиз,
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

## ЫРЛАР

Солдаттарын карасаң,
Итий болгон баладай.

Жасоолдорду карасаң,
Желмогуздун сүрүндөй.
Жарды кайдан байысын
Жалгыз атын саттырып.
Жана болуш деген эмеңиз,
Ичкен чайын тарттырып.
Күздүн күнү болгондо,
Мужугунун буудайын
Оруп турат турбайбы.
Андан тапкан тыйынын
Болуш деген эмеси
Соруп турат турбайбы.

Аппак салган бекети,
Журтту жаман түгөттү.
Бирди болуш дейт экен,
Паралап журтту жейт экен.
Старчынга айла жок,
Элүү башы, он башы,
Ал шайтандын жолдошу.
Эмки байга мал бүтсө,
Ит капырдын олжосу.
Эгин айдап, мал багып,
Эми оокат кылыңар.
Тамды салып, бак тигип,
Тамашаны куруңар.

---

1 — Шалбаа.
2 — Айыл.
3 — Билерман.
4 — Жибек кийимдер.
5 — Жүк артылчу унаа.

# МОЛДО КЫЛЫЧ ШАМЫРКАН УУЛУ

*Кыргыздын туңгуч жазма акыны Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1866-жылы Кочкор өрөөнүндө туулат. Кылычтын атасы — Шамыркан Төрөгелди уулу тың жигит чыгып, атасынын ордун баскыдай даражага жетип калганда дүйнөдөн кайтат. Ал убакта Кылыч 5 жаш чамасында болгон.*

*Молдо Кылычтын чыгармачылык жолун изилдегендердин пикирине караганда, ал да атасындай жаш кезинен чыйрак, зейрек бала болуп чоңоёт. Кылыч арабча кат тааныганды адегенде жумгалдык чала молдо Баян дегенден үйрөнөт. Кийинчерээк акын Чүйдөгү Мамбетаалы менен Ак Молдодон жана Токмоктогу Закир Халфадан сабак алып, казак, татар тилдеринде чыккан айрым газет-журналдарды окуйт. Баса, Молдо Кылычтын ырларынын кыйласы диний темада экенинин себеби да ушундан улам болуу керек. Албетте, кыргыз коомунда үстөмдүк кылган патриархалдык-уруучулук мамиле, ислам дининин үстөмдүгү XIX кылымдын аягында — XX кылымдын башында жергебизде болуп өткөн тарыхый окуяларга туура түшүнүүгө тоскоолдук кылган. Ушунун негизинде акын аларды адегенде «акыр замандын» белгилери катары жериген, өткөн мезгилдин салт-санаасын мактап ырдаган.*

*Молдо Кылыч өзү манап насилинен болсо да элди бийлеп, башкаруу ишине катышкан эмес. Ал түгүл*

*ошол кездеги айрым кыргыз акын-ырчылардай аштойлордо комузун күүлөп ырдаган да эмес. Акын реалист адам катары өз учурундагы турмушту туура баамдап, кыргыз жеринин сулуулугуна сукташып, аны даңазалап ырдаса, экинчи жагынан коомдук көрүнүштөр боюнча эски, диний жана патриархалдык-уруулук көз караштын туткунунда калып, аларды мактоодон алыс боло алган эмес.*

*Молдо Кылычтын эң көлөмдүү чыгармасы — «Зар заман». Ал санат түрүндө жазылган. Акындын мына ушул чыгармасында далай талаш-тартыштарды пайда кылган карама-каршылыктар, ошондой эле жаштарга арналган акыл-насааттар, гуманисттик мамилени жактаган идеялар арбын. Белгилүү адабиятчы жана илимпоз Ш. Үмөталиев көрсөткөндөй, Кылычты далай жылдарга унутта калтырууга шылтоо болгон маселе — «орус» темасы да ушул чыгармада жана башка ырларында кезигет.*

*Молдо Кылычтын орустарга болгон мамилесин, көз карашын шарттуу түрдө эки мезгилге: алгачкы жана кийинки мезгилге бөлүүгө болот. Эгерде алгачкы мезгилде акынга толгонуу, чоочуркоо, шектенүү жана ушулардын негизинде жерүү, жек көрүү мүнөздүү болсо, кийинчерээк Кылычтын көз карашында белгилүү оң өзгөрүүлөр пайда болот. Эгерде алгачкы мезгилде акын ислам динин орустар булгап коёт деп коркуп, патриархалдык-феодалдык мамилелердин акырындык менен ыдырай башташын орустардан деп аларды жек көрсө, кийинчерээк Чүй боорундагы жаңы өзгөрүүлөрдү, чарбадагы жаңылыктарды орустар алып келгенин ачык эле айтат. Буга анын «Чүй баяны» аттуу поэмасы айкын далил. Бирок Кылыч канчалык байкагыч, баамчыл адам болсо да, ал орус төбөлдөрүн орус элинен, кыргыз төбөлдөрүн кыргыз элинен таптык көз караштан ажырата алган эмес. Бул оюбузду акындын: оруска бердик алымды, кыргыздан көрдүк залымды, — деген саптары айкындап турат. Ал эми акындын төбөлдөрдүн жорук-жосундарын ашкерелеп ырдаганы анын өз көзү менен көргөндөн, кулагы менен уккандан аша албаган.*

*Айтарыбыз, Молдо Кылычтын чыгармачылыгына баа бергенде, анын кайсы мезгилде, кандай коомдук-тарыхый шарттарда жашаганын, анын көз карашы кайсы социалдык чөйрөнүн таасиринде калыптанганын эске алуу зарыл.*

*Кылычтын чыгармаларын изилдеген илимпоздор акындын ырларында уйкаштык азыраак экендигин белгилешет. Бул туура, себеби М. Кылычтын чыгармалары, айрыкча «Зар заман» бир мезгилде, бир темада жазылган эмес.*

*Жыйнакка акындын төмөнкү чыгармалары кирди: «Зар заман», «Чүй баяны», «Зилзала», «Кол казалы», «Керме-Тоо», «Жинди-Суу», «Алдамчы», «Кыз-жигит», «Буудайык», «Бүркүт тою» жана «Канаттуулар».*

**«ЗАР ЗАМАН»**

Зар замандын казалы,
Калем алып жазалы.
Жөнү жокту жаздың деп,
Кудайым кылба жазаны.
Молдо Кылыч мен атым
Болжолу жок санатым.
Чаар китептен аз окуп,
Чала чыккан сабатым.
Санаадагы сөзүңдөн
Чыгаар сөзүм орундуу.
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жаныңа,
Тазалагын жолуңду,
Тарта жүргүн колуңду.
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден,
Милдет кылаар жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак, кыргыз барчаны.
Калайыкка эринбей,
Кетти канча далай сөз
Кара көзгө көрүнбөй.
Акындардын обону
Домбуранын үнүндөй.
Жарашыктуу зар заман
Тоту куштун жүнүндөй.
Бар келишкен боруму
Кызыл кымкап гүлүндөй,

Кандай салса жарашаар,
Калы килем түрүндөй.
Түшүп турат күбүлүп,
Ак теректин бүрүндөй.
Көчүп турат токтобой,
Кирекечтин жүгүндөй.
Кызыкканда жакшы сөз
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү
Кербенчинин коюндай.
Тилим шыдыр, түздүгү
Зым карагай жолундай.
Баары жогу тийимдүү
Барденкенин огундай.
Маани билбес эсерге,
Башка тийген союлдай.
Тегеретээр көңүлүңдү
Тегирмендин огундай.
Акылы бар адамга
Тынч олтурган орундай.
Тили жүйрүк акындар
Сөзү сайдын ташындай.
Кенендигин сурасаң,
Кең Кочкордун сазындай.
Зар заманды байкасаң,
Даамы татты казыдай.
Эч болбосо ширеси
Чекендинин ашындай.
Кулагыңа жугумдуу
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер
Эри өлгөн катындай.
Зардабы бар боз балдар
Заяпкердин атындай.
Пейли тардын куну жок,
Бай да болсо жакырдай.
Бузулганды түзөгөн —
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер —
Кыянаты капырдай.
Кылыгы жакшы боз бала
Булу кымбат асылдай.
Зекети жок малыңыз
Эшек менен качырдай.
Ишеничтүү жигиттер

Ат байлаган акырдай.
Жигери бар азамат
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар адамдар
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо журтуна
Кала салган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо,
Көрүстөндө арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намасты билбесе,
Кайыр, зекет бербесе,
Дин билбеген калмактай.
Мен сүйлөйүн канчаны —
Казак, кыргыз барчаны.
Дин мусулман: ногой, сарт
Мусулмандан таркады.
Бу замандын адатын:
Пейли, үрпүн айталы.
Пейли жаман адамдар
Өз напсине тартады.
Абайласаң, жигиттер,
Ата-энең Мекедей.
Куштап жакшы бага көр
Колуңдагы кеседей.
Сыйлашпаган бир tууган
Он да болсо, жекедей.
Көп сүйлөгөн маңгилер
Күзгү кирген текедей.
Жаман болсо катының
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга көңлү бар
Караңгы түн кечедей.
Тил албаган балаңыз
Бел ашпаган арыктай.
Кетейин десең, айла жок,
Каралайсың, жүрөсүң
Оору баккан табыптай.
Байкасаңыз бу сөзүм —
Жалган эмес, анықтай.
Изаты бар боз балдар
Дубасы бар арыптай.
Изаты жок боз балдар
Казылбаган арыктай.
Кең пейилдүү жигиттер

Сары өзөн жайыктай.
Дүнүйөкор адамдар
Жалган сөзү аныктай.
Жаман айткан суук сөз
Көңүлүңө салыктай.
Туруп калаар так болуп
Көкүрөккө айыкпай.
Мен сүйлөйүн сиздерге
Буудай үрөн чачкандай.
Кызыса тилим чуркайды,
Кызыл буудан чапкандай.
Кызыл тилим чыдайды,
Кең казына тапкандай.
Кызыл темир үстүнө
Ура берсе чоюлбайт,
Дөшү менен барскандай.
Токтоосу жок жигиттер
Жардан коён качкандай.
Тил албаса аныгы
Тим жүргөнү шашкандай.
Бир чочутаар жаныңды
Элиңди жоо чапкандай.
Дүнүйөкор байларың
Жеке дөөлөт тапкандай.
Карыз сураса абалы
Азыр алып качкандай.
Жоксуз адам болсо да
Кара жолборс арстандай.
Акылы жок март болсо
Караңгыда баскандай.
Кайры тийбей калган соң,
Кур талаага чачкандай.
Жумшак айткан сөздөрү
Кулагыңа мулайым,
Чигити жок бактадай.
Кабыл болсо ыйманың,
Катып жүргөн акчадай.
Караңгы көр ичинде
Айдап алган бакчадай.
Айта берсем, сөзүм көп,
Үзүлбөгөн тасмадай.
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагазга баскан басмадай.
Сөз маанисин билбеген
Жолу туюк аскадай.

Элге дайын жигиттер
Кан алдында тактыдай.
Кайда барса, таанымал
Ат башында кашкадай.
Мына сөзүм байкасаң,
Шарыяттын сөзүндөй.
Байкап турсаң, ширеси
Кашкарлыктын бөзүндөй.
Алың келсе Меке бар
Сегиз бейиш төрүндөй.
Ажы болуп атансаң,
Ак падышанын чениндей.
Аралайсың бейишти
Бу жалгандын элиндей.
Жалпы журтка урматың
Жаңы келген келиндей.
Күнөө кылбай, түз жүрсөң,
Таза жууган көйнөктөй.
Аштыгыңдан кайыр бер
Алал болуп калаарга.
Кастык кылып жаныңды,
Каалабагын залалга.
Алал дөөлөт малыңды
Булгабагын арамга.
Тил байланаар бир күнү,
Тириликке кубанба.
Көңүлүңдү алдатып,
Бул дүнүйөгө жубанба.
Малың болсо, жигиттер,
Кайыр зекет бергиниң —
Ыйманыңдын канаты.
Ар жоруктан сөз кылган,
Молдо Кылыч санаты.
Алал жүргөн бенденин
Жайы болоор жаннаты.
Жүгүргөндө, ачылаар
Чапкан күлүк турасы.
Түндө короо күзөткөн —
Кыргыз, казак адаты.
«Саксакай» деп кыйкырган
Кыз-келиндин адаты.
Элим кыргыз, өзүбек,
Тилим түркү урматы.
Калкы менен көчмөн го
Кыргыз, казак адаты.

Кыйла сөздү чыгарам
Кыргыз, казак алачтын
Көрөңгөлүү сабасы,
Идиштери чаначы.
Аяк-табак үйүндө,
Аскан казан, тулгасы.
Ачып адат кылганы
Арпа, буудай жармасы.
Илгертеден сөзүмдүн,
Агып турган кыйласы.
Байыркынын боруму
Айтып турса ушундай,
Бу кебиндин оруну.
Байыркынын макалы,
Өтүктөрү такалуу.
Бөйрөмчөсү бир тутам,
Кийимдери жакалуу.
Байыркынын үркүнү,
Көчүп жүргөн күн-түнү.
Аты, киймин аябай,
Кыз-келиндин үртүгү.[1]
Кыз-келиндин кийгени
Кызыл жибек, кырмызы.
Түштү жерге жылдызы.
Байыркынын кийгени
Көчүгүндө чалбары[2],
Тоо текенин жаргагы.
Балактатып кең кылган,
Багалеги саймалы.
Байыркынын берени,
Кайдан көрдүң эрендер,
Эми калдайтып жайган серени.
Эмдигини карачы
Азыргысы чеgreди,
Унутту нокто менен желени.
Бээ байлап кымызды,
Кана кимиң береди?
Байыркыдай үлүштү
Канакей элиң жегени?

Бисмилла сөздүн баяны,
Чыгаар сөздүн даяры.
Туура кылып сүйлөсөң,
Жерге тийбес аягы.
Айткан сөзүм шарият,

Диниңиздин таягы.
Жан күйөргө карабай,
Жакшы жеди бараны.
Жалган айтып кууланып,
Аппак кылды караны.
Күбөөң башта болбосо,
Бергениңди танады.
Элиңде жок касиет,
Эмдигинин заманы.
Бей-бечара көп берет
Бий-болуштун салымын.
Жетпеди деп карабайт
Жетим-жесир карыбын.
Үй башына бир алат
Оокатынын жарымын.
Замананын белгиси —
Жакшы бузду калыбын.
Илгеркинин баатыры
Эл жебеген акыры.
Бата сөзүн бузбаган
Бир кудайга жакыны.
Антың менен иши жок,
Эмдигинин капыры.
Малай салса, бүт бербейт,
Болжолунда акыны.
Каргап жүрөт какшанып,
Карып-жетим, бакыры.
Эмдигинин заманын,
Эстеп баарын карагын.
Алдап сырын сурагын
Үч-төрт жашар баланын.
Ууру кылса, чыгарбайт
Атасынын арамын.
Замананын шумдугу —
Сөздүн кетти чындыгы.
Жакшы-жаман баарына
Жакты опсуз кылыгы.
Ага-ини жашырды
Бир-биринен сырыны.
Буда болсо, жарандар,
Бир кудайдын кылымы.
Мал азайып, көбөйдү
Соодагердин тыйыны.
Жайы-кышы тарыды
Былтыркыдан быйылы.

Эл жегени күчөдү
Жакшылардын кыйыны.
Боздотту го карыпты,
Болушнайдын чыгымы.
Элдин жоктур күнөөсү,
Барбы бузук мүнөзү.
Арамдыкка азгырып,
Шайтан болду бүлөсү.
Жан бергени көп болду,
Жалган айгак күбөсү,
Жетим-жесир какшанып,
Бир жетпеди мүдөөсү.
Эмдигинин жакшысы
Элди-журтту дүрбөттү.
Замананын боруму,
Залим болду молдосу.
Пейли бузук калкынын
Берекеси толбоду.
Ата сөзүн балалар
Алды-кийнин торгоду.
Тындасаңыз акыры,
Алдасынган молдону.
Сөздү чындап биле албай,
Шариятты булгады.
Текеберлүү бендени
Үйгө кирсе, кел дебе.
Бек чагылтып көңүлүн,
Кишилигин тилдебе.
Акылсызга убал жок,
Сөз сүйлөсө, үн дебе.
Бакыр болсоң, кызыкпа,
Кара кемсел күрмөгө.
Акылдуу болсо боз бала
Алал ишти козголо.
Жарды болсоң, капалап,
Мурункуңду жоктобо.
Ууру кылсаң, байланат
Башың чыкпас ноктого.

Ага, ини, жар, жоро
Ынтымагы таралды.
Болбой кетип баатыр,
Бир-бирине каралды.
Колдон келсе, кылады
Туушканына залалды.

Анты бар деп ойлобо
Көңүлү жакын адамды.
Пайдасына чакырды
Байкасаңыз заманды.
Сөзүм менин зар заман,
Уят кетти барчадан.
Убал бар деп карабай,
Жалпы журтту чайкаган.
Бей-бечара зарланып,
Күндө карган какшады.
Шол себептен калайык
Пейли кетип чарчаган.

Эмдигинин жакшысы,
Тили жүйрүк таттуусу.
Ою менен жеп алып,
Келип тур го жаткысы.
Болбос ишке жан берип,
Бузук болду напсиси.
Акыр заман адамы
Ар жоругу баягы,
Жалган ишти чын кылат,
Жедирсеңиз бараны.
Болуш коюп, бий кылып,
Бул орустун заманы.
Ылгатпады түгөнгүр
Акты менен караны.
Закүнүнө тууралап,
Кылаар болсоң жалааны.
Расмиси ушундай
Көңүлүнө жактырды.
Заң билбеген момундар,
Зарданып байкуш калады.
Карап турсаң анындын,
Кыйын экен калбасы,
Илгери экен амалы,
Ишинде жок жаманы.
Атка чексе аркырайт
Арабасы, чанасы.
Жашынан мурдун көзөтпөй
Жалпы сыйыр багады.
Мал багышка анындын,
Кыйын келди амалы.
Кулундары кунандай,
Ат, кунаны дубалдай.

Калыс кылган жакшылар
Пара бер деп сурады.
Арам менен ырыскы
Табылганга кубанды.
Эмдигинин боруму,
Ошондой кылды коолуну.[3]
Кинегеге тиркетип,
Бийлер салып доолуну.
Чындыгына койдураар,
Молдо болсоң колуңду.
Ууру кылсаң, болдураар,
Бир тогуздан жолуңду.
Жана бир жыл аласың,
Набактыдан орунду.
Жалган-чындыр мойнуңа
Оодарып коёт күнөөнү.
Пайдасына караган
Жакшы табаар жалаадан.
Бул заманда жакының
Бир атадан тараган,
Кылып кетээр жамандык,
Ыгы келсе арадан.
Пайда тийбей баратат
Ичтен чыккан баладан.
Ынтымагың бөлүнөөр
Ини менен агадан.
Мусулмандан кол кайыр,
Чыгып барат санаадан.
Журт кармаган жакшыны
Шайтан капыр азгырды.
Акыр заман адамы,
Тыялбады напсисин.
Сүткө берген соодагер,
Артык алаар пайдакер.
Урундуруп мал тапкан
Бул заманда тапкан эр.
Кудай деген азамат
Маңдайыман берсин дээр.
Алал эмгек мал таап,
Буюргулук кылсын дээр.
Эмдигинин адамы
Эп келтирип жалааны,
Адам акы дебестен,
Арам малды табады.
Кылган иши бул болуп,

Жакшы менен жаманды.
Берекеси калкыңдын,
Кай жеринде калады.
Жанын колго кармаnып,
Бир тыйынга карганып,
Казыр турат баарысы
Дүнүйөгө алданып.
Сыяз курган топ болсо,
Бийлер чыгаар шаңданып.
Кинегеге[4] чалынсаң,
Испискеден кармалып,
Бири чыгаар туурадан,
Даверненске[5] жалданып.
Ишим ак деп жанында,
Канча турсаң зарланып,
Айгак, күбөө жан берсе,
Жыгылаарсың далбарып.
Бир кудайдан жетсин деп,
Жүрөсүң да таң калып.
Эмдигинин бийлери
Ак-караны билбеди.
Карып, жетим, бакырдын
Каргаганы тийбеди.
Акыр заман жакшысы,
Иш колунан келгени.
Жамандыкка чалынып,
Жар-жороосун көп жеди.
Колунан келсе аябай,
Бу жакын деп санабай,
Өз пайдасын караткан
Бул түгөнгүр заман ай.
Сөз байлашкан адамың
Убадага карабай.
Курандашкан тамырың
Кетип барат карабай.
Пейил кетип адамдан,
Береке качты замандан.
Нуска, жорук жоголду,
Жакшы менен жамандан.
Замананын шумдугу —
Байлар кылды ууруну.
Байкап туруп сөз айткан
Жаш балдардын куулугу.
Ынтымагы келишпей,
Бир атанын уругу.

Бу заманда жолдошкон
Сөздүн кетти туругу.
Кетти журттан убада,
Баары дайын кудаага.
Кана эми турганы
Бата менен дубага.
Жүк артылат дечү эле
Торпок менен танага,
Арстанбектин айтканы —
Билсең ушу замана.
Айтканымдай зар заман,
Акылдуулар байкаган.
Көчкөнүндө унаага
Эли тегиз батпаган.
Жакшыларын карасаң,
Бир конушун сактаган.
Нээтине жараша,
Ырыскын кудай сактаган.

Илгеркидей балдарга
Көчкө минээр жылкы жок,
Жүгөн салып кармаарга,
Бала тургай ат жетпейт,
Алтымышта чалдарга.
Илгеркинин байлары
Дагы билди пайданы.
Эмдигини карасаң,
Көчүн жөө айдады.
Катын, бала бир-бирден
Атка минмек кайдагы.
Учкашады экиден
Унаа жетпей калганы.
Бул эмеспи жарандар,
Замананын тарганы.
Илгеркидей төөгө
Кана жүктү салганы.
Элиңизден тосулду,
Ээр-токум, шайманы.

Заман шонтип тарыды
Кенен оокат көрүшкө.
Илгеркидей убак жок,
Жылкы тийип келишке.
Илгеркинин карысы
Айтып баарын, зар какты,

Эмдигини карасаң,
Уурулук менен жан бакты.
Ууру кылган жигиттер
Набактыга көп жатты.
Бул заманда айыбың
Билинбесе эң жакшы.
Билингендин баарысы
Жыл он эки ай набакта.

Күнөө кылсаң тергеди,
Журт үстүнөн болушу
Казынадан жем жеди.
Өз пайдасын карады,
Старчыны, бийлери,
Элүү башы, он башы,
Бир тизмеге киргени.
Үзүр болот ошонун
Мөөр басып бергени.
Бул замана тар болду,
Душман элиң бир конду...

Сөзүн укпай баратат
Шариятчы молдонун.
Молдонун түрүн карасаң,
Напсисин бузуп кууланды.
Бакырларга берээрге
Байдан кайыр жоголду.
Кыргыз билди кыдырып,
Кызыл кулак соодаңды.
Заманнын шумун бил,
Бузулду го жылдан жыл.
Карызга мал чыкпады,
Мейман консо, кой сойбос,
Байларыңдын сараңы.
Эмдиги калк ушундай
Тарып барат заманы.

Кең пейилдүү жигиттин
Иши келээр илгери.
Пайда болоор жигитке
Жакшы өнөр билгени.
Мына бу сөзүм абайла:
Текеберлүү бендени,
Боюң салып, кеп айтсаң,
Учуратаар залалга.
Курандашып, ант бербе,

Куп кежирлүү адамга.
Жардамы жок жамандан
Башка түшкөн заманга.
Жарабайт го ал өзү,
Сенин көөнүң табаарга.
Жолобоңуз акыры
Ал өңдөнгөн адамга.
Жакшы болсо азамат,
Жайдары деп аталат.
Ала көңүл жигиттер
Жүргөн жерге чыр салат.
Берсесин көбөйтүп,
Дүнүйөгө алданат.
Дин мусулман үзбөдү
Орозо менен намазын.
Күнүң бүтүп түгөнсө,
Жер алдына каласың.
Өлсө — жайы көр деген,
Мүнкүр, нанкир[6] бар деген.
Капыр болоор нускада
Шариятты тилдеген.
Алалсынган молдолор
Болбос ишти тергеген.
Шарияттын буйругун
Билип туруп бербеген.
Кудай сүйгөн молдону,
Кызыр баба колдоду.
Напсин басып өлтүрүп,
Мекеге кылаар тобону.
Напсиң тирик болгон соң,
Кайдан молдо болоду.
Акыреттин эшени
Баарын тегиз көз көрдү.
Зикир чалып алла деп,
Көздүн жашын төгөдү.
Акыр заман кожосу
Эл кыдырып келеди.
Жакын тургай ал өзү
Кыйыр сөздү билбеди.
Айткан болот ааламга,
Ызаат менен күнөөнү.
Ар пенденин ыйманы
Кудай кабыл кылганы.
Талап кылып жол тартаар,
Мына Меке дууланы.[7]

Катыны билген жигиттин
Раазы болбос коногу.
Такыбалуу молдонун
Колдон түшпөс кураны.
Кудай үчүн көп кылат
Арбактарга дубаны.
Эптүү болсо азамат
Эр жигиттин жубаны.
Акылы жок наадандар,
Өлгөндөрдү табалаар.
Ал өңдөнгөн адамдын
Дини жаман карараар.
Кудай деген азамат
Карыяларга кайыры бар.
Акыретте аныкы
Эки жүзү агараар.
Жел өпкөнүн баарысы,
Жакшымын деп чыңалат.
Мыктысынган боз бала
Бой көтөрүп суналат.
Кудай алсын андайды,
Ошентип жүрүп кур калат.
Арзан болсо жакшылык,
Ар ким өзү сактаныл,
Жакшы чыгып албайбы
Өзүн-өзү таптаныл.
Сабыр кылмак пендеден,
Ырыскы насип алладан.
Он сегиз миң ааламды
Кудай өзү ылгаган.
Сүйгөн кулу булардын
Чын олуя саабадан.
Момун чалыш пендеси
Жаман ишке барбаган.
Өз малынан башкага
Буруп көңүл салбаган.
Көп күнөкөр байларың
Кайыр, зекет кылбаган.
Өз колунда көп туруп,
Бөлөк малды уурдаган.
Эр азамат болсоңуз,
Убадага тургун бек.
Ыйман тиле кудайдан
Ойлосоңуз шүгүр деп,
Жакшылык менен жамандык

Жазууңуздан көрөлүк.
Китеп сөзүн билелик.
Башта жүргөн мүнөзүң,
Ошо жакшы түбөлүк.
Куру бекер жагынып,
Калкка жаман көрүнбө.
Көөнүм жарык жүрсүн деп,
Көпкөн экен дедирбе.
Кудай болсо ыраазы
Текеберлүү пендеге.
Жасаганың не керек?
Жакпаган соң көңүлгө.
Кайраты бар десин деп,
Куру бекер теминбе.
Көпкө жакпай турган соң,
Жок болосуң теңирге.
Дөөлөтүңүз бар болсо,
Маанисине жетип же,
Колуңуздан келбесе,
Мунусуна шүгүр де.
Эр азамат болсоңуз
Жарык болсун жүзүңүз.
Улуу, кичүү — баарыга
Жумшак болсун сөзүңүз.
Ушак-айың көп болсо,
Көрбөс болсун көзүңүз.
Асты жаман дебесин,
Бириктешкен кишиңиз.
Чыңданып жүр боюңа,
Чыр болбосун ишиңиз.
Кудай дешкен тамырдын
Колдоосуна туруңуз.
Жамандыкка чалынба,
Жарык болсун бетиңиз.
Бузугуна ишенбей,
Маанисине жетиңиз.
Пейлиңизди кең салып,
Бир кыялды күтүңүз.
Пайдаңызды көп карап,
Бакыл болбо өзүңүз.
Конок келсе аянба,
Келип турса күчүңүз.
Муну кылган жигиттер,
Акылы мол, толуктай.
Кимге болсо кыялы

Киргили жок тунуктай.
Айткан сөзү үнөмдүү
Жерге сепкен уруктай.
Элдин жүрөөр үстүндө
Асмандагы булуттай.
Эч болбосо боруму
Ага-иниге улуктай.
Эмдигинин калкына,
Карасаңыз наркына.
Эч бир адам жетпеди
Шарияттын баркына.
Ырайым кылып кудайым
Ыйман берсин жалпыга.
Турбай кетип барады,
Курандашкан антына.

Илгеркинин адамы
Берекелүү убагы,
Кыргыз, казак өзүнчө,
Өзүбектин сурагы.
Падышасы алардын
Башчы кылган манабы,
Оруска кол байлаган,
Эмдигинин заманы.
Болуштукту талашуу,
Элдин эки тарабы.
Жаңжал болуп, чыр чыкса,
Журтка тиер залалы.
Талаш болсо болушту,
Эли кылаар урушту.
Замананын зарпынан
Далай адам өлүштү.
Пайда табам дегендер,
Көбү залал көрүштү.
Элди минтип чайкаган,
Өкүмүн көр орустун.
Калайыкка залимдин
Кана тийген жардамы?
Теңгеден алды салыкты,
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна,
Дин букара карыпты.
Билген алды жериңди,
Жерге салды эгинди,
Дин мусулман сеникин

Күтпөйт экен кебиңди.
Аралаш кылды көп элге.
Кыргыздан көрдүк залимди.
Аманат багып курудуң,
Алал жыйган малыңды.
Пейлиңе болжоп карасаң,
Береке журттан тарылды.
Колунан келген адамдар
Кылганы кана сабырды.
Кылып барат калкына
Ого төтөн жабырды.
Аябады, жеп койду
Колуңда жок жардыңды.
Эң залимдик мына бу,
Билбеди го жардыны.
Старчыны, болушу,
Орустан кыйын жумушу.
Жемекей болсо калкына,
Элинен кетпейт урушу.
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырысы.
Орустун жоктур залалы,
Көрүнөт көзгө карааны,
Көрө албай куруп жатабыз,
Жүрдү деп анын арааны.
А болбосо кургурдун,
Адамга жоктур залалы.
Капырлыгы тийбесе,
Кайда мунун жаманы.
Тилмечин салат тилине,
Закүндү айтат элине.
Капырлык кылып адамга,
Каршылык кылбайт диниңе.
Колумдан келип турат деп,
Өкүмдүк кылбайт элиңе.
Эмне десе, кыргыздын
Ишенип калат кебине.
Жамандык чыкса жармашып,
Өзүнчө салбай калыска,
Эрегишин тыя албай,
Уезге барат арызга.
Орустан көрбө күнөөнү,
Кыргыздын курсун тилеги.
Салам деп жатып куруду
Бир бирине күнөөнү.

Мусулман өзү минткен соң,
Капырың журтту билеби.
Орустун пейли кең экен,
Ынсап салган неме экен.
Кыргыз менен казакка
Мал уруитпай жебеген.
Дагы байкуш канетсин,
Алына карап ченеген.
Капыр да болсо аяган,
Жардынын көөнүн караган.
Жакшы менен жаманга
Баарына бирдей санаган.
Азыраак болот чыгымы,
Акылга туура кылымы.
Сураса орус баарыңды,
Албайбы сенден алымды.
Падыша болсо бул өзү
Бийлеп турган баарыңды.
Алымдан башка бир тыйын,
Чыгым кылбайт малыңды.
Өзүңдүн бий-болушуң
Кетирип жаткан шайыңды.
Орустун гана жазыгы —
Малайга берет акыны.
Падышалуу чиркиндин
Законго туура жатыгы.
Тарыткан менен жериңди,
Арзан баа кылды эгинди.
Тындырып койду жайына
Чабышып жаткан элиңди.
Түбү башка мунуку,
Дини капыр уругу.
Орусту дейбиз баланча,
Кыргыздын кандай кылыгы.
Мусулман заада баласы,
Дүйнөдө болду санаасы.
Орозосун кемитип,
Ала кол болду намазы.
Калем уч алган колуна,
Молдонун жазган кагазы.
Шариятка карасаң,
Орустун кайда чаласы.
Айталык акыр баянын,
Акылың менен карагын.
Орусту коюп айталык

Мусулман жакын тарабын.
Ичип алды молдолор
Капырың салган арагын.
Ушуларды кудайым
Кандай кылып алаарын,
Өлгөндөн соң ким билет
Эмне болуп калаарын?
Эмдиги акыр заманы
Карабас ини, аганы.
Бөлөкчө санаар көңүлүн
Өзүнөн туулган чырагы.
Бирлик кылып жарыбас
Бир атанын урааны.
Сөзүмдүн чыгаар макалы,
Осуят кылып чачалы.
Акылы болсо боз бала,
Сыйласа керек атаны.
Китептен окуп карасын,
Атасы деген — мазары.
Кызматын кылсаң өлгөнчө,
Кудайдын түшөөр назары.
Куштаса ата-энесин
Диниңдин жакшы алалы.
Өлүп калса, аларга
Курандан кылсаң дубаны.
Дүнүйө курсун жыйганы,
Адамдын көзү кыйбады,
Кана ажал келгенде,
Тил алдырып тыйганы.
Ого бетер азгырып,
Жанына кас кылганы.
Падыша болсоң не керек,
Болбогон соң ыйманы.
Мен айтамын сонунду,
Чыгаар сөзүм орундуу,
Залал болбос жаныңа
Тарта жүрсөң колуңду.
Милдет кылып кудайга
Колуңдагы жогуңду,
Сабыр кылып алалдап,
Тазалагын жолуңду.
Бай болсоңуз чыгарба
Көтөрүлүп жонуңду.

Желдүү болсо боз бала
Аны акыр мактаба,
Жетпес анын акылы.

Шек келтирбе сөзүнө
Китеп ачкан молдого.
Ит болсо да акыры
Оозу-мурдун булгаба.
Туура динден чыгасың,
Адам ата, Ового
Шек келтирип коёсуң.
Билбей туруп оюңдан
Минтип капыр болосуң.
Бул дүйнөнүн белгиси:
Ай менен Күн, жылдызы.
Жети асман, кара жер
Жаркыраган күндүзү.
Адам ата, Оводон
Ошондон карай белгиси.
Өлүп келет канчалык
Нечен түмөн, миң киши.
Пайгамбарлар, бары өлдү,
Падышалар, кан өлдү.
Нечен азиз пенделер
Бул дүйнөдөн жөнөлдү.
Тобо кылсаң, өткөрөөр
Тоодой болгон күнөөңдү.
Тыңдасаңыз айтайын
Акыр заман бул элди.
Илгеркинин адамы
Көп жашады өмүрү.
Кудай билет эмдиги
Узун өмүр көрөөрдү.

Колдон келсе имарат —
Коргон салсаң бир жерге.
Дини катуу пендени
Жаман деген бир жери,
Тийбес деген китепте,
Кайыр, зекет бергени.
Дин мусулман балдары,
Ырайым кылса кудайым.
Кирсин ыйман кентине,
Эмдигинин адамы
Турбай кетти шертине.

Жакшысы жок калайык
Кадимки кара каргадай.
Ызаты жок сүйлөдү
Ак сакалын ылгабай.
Байлар малын багады
Зекет бербей сараңы.
Жаман го дейт китепте
Ырыскыңыз арамы.

Жаман адам курусун,
Доо чыгарып жок жерден,
Милдет кылаар жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Сыр билгизбей тымызын,
Бергенинин доосу жок.
Кудай деген азамат
Убадасын танбайды,
Арты-кийнин ойлогон
Бир сөзүнөн жанбайды.
Күнүмдүгүн санаган
Көз көрүнө алдайды.
Беш намазын үзбөгөн
Ыйманы жок өлбөйдү.
Дүнүйөкор адамдан
Сурасаң да өнбөйдү.
Жоксуз болсоң, бир тууган
Кадырыңды билбейди.
Зарласаң да кайгырып,
Оокат кылып бербейди.
Кайра көңүл чөгөрүп,
Жерге кир деп тилдейди.

Билээр болсоң, айтайын
Пейли бузук молдону.
Колдорунда бар туруп,
Доорандан алганы.
Шариятка туура эмес,
Мына мындай кылганы.
Напсиси бузук молдолор
Айтканы менен болбойду.
Ыйманына көп залал
Билип туруп койбоду.
Дин мусулман пенделер,
Тобосунан жанбагай.
Жаман айткан суук сөз

Сөөккө баскан тамгадай.
Кайыры кеп байларың
Карагайлуу жылгадай.
Азиз тутсаң диниңди,
Сооп болоор бир далай.
Акылга мол азамат
Дарс окуган молдодой.
Таалим алса сөзүнөн
Тамыр берген олжодой.
Айтып келем сөз кылып,
Нечен түркүн адамды.
Китеп сөзүн тутпаган
Дини катуу жаманды.
Ал өңдөнгөн адамдын
Ыйманы жок караңгы.
Кулак салсаң акылга,
Куулук кылып бакырга,
Убал кылып жаныңа,
Убадаңды качырба.
Жакшылыктан даам этсең,
Конок келсе, жашынба.
Бул ишиңди түзөгүн
Ага-ини, жакынга.
Берекеңди кетирип,
Бийлик бербе катынга.
Бул борумду кылбасаң,
Пейлиңди кең салбасаң,
Өз пайдаңа келгенде
Убадаңда турбасаң,
Антты-шертти ойлобой,
Ата, энени булгасаң.

Сыйлашпаган тууганың
Сыр айтпаган душмандай.
Кыз-келиндин жаманы
Үй булдургөн чычкандай.
Жакшы катын белгиси
Кылган ишин кызганбай.
Сыр билгизбей бек турат
Мүнөзүнөн козголбой.
Акылы даана молдолор
Ак кагазга жазгандай.

Илгеркинин борумун
Көзүм менен көрбөдүм.

Карыялар сөз кылат,
Калпы-чынын билбедим.
Казак, кыргыз чабышып,
Кайкып жылкы тийгенин.
Карыялар сөз кылат
Мына ушинтип жүргөнүн.

Илгеркинин калыбы,
Деги жакшы нарыгы,
Атасындай урматтап
Ак сакалдуу карыны.
Эмдигинин баарысы
Уяты жок таалымы.
Атасына баш бербейт,
Бул замана тарыды.
Байкасаңыз илгерки:
Бий-болушту бийледи.
Акча төгүп биздердей
Алым, салык бербеди.
Өз сурагы өзүндө
Алым-салык билбеди.
Өз буйругу өзүндө
Орус жүзүн көрбөдү.
Илгеркидей көбүнчө
Не кыласың өңгөнү,
Төрөгелди, Ормондун
Жаман эле жүргөнү.
Жакшы болду кечикпей
Бачымыраак өлгөнү.

Байлардан кайыр жоголду,
Жакшылар залим атаныпп,
Качырганы кара доо болду.
Дин мусулман балдары
Өз ичинен жоо болду.
Ошондой жорук болгон соң,
Замана кайдан оңолду.

Пейли бузук адамдар
Беш намазды окубас.
Жанга келген өлүмдөн
Жан-жаныбар кутулбас.
Ыкыбалдуу жакшылар
Бересеге басынбас.
Пейили кең болгон соң,
Берекесин качырбас.

Дүнүйөкор байларың
Тамагынан таттырбас.
Дини катуу пенделер,
Мусулманга кошулбас.
Ата тилин албасаң,
Жакшылыкка жарбайсың.
Жарык болуп бу жүзүң
Акыретке барбайсың.
Агаңыздан ызат кыл,
Жаман болуп калбайсың.

Дин мусулман адамдар,
Өткөн ишке өкүнбө.
Жалган эмес китепте,
Дөөлөтүңө эсирбе.
Акылыңды алдырсаң,
Жолугаарсың кесирге.
Чамаң келсе, күйгүзбө
Дос кишиңди кепилге.
Сырдаш болбо жаманга,
Кесир кылба адамга.
Үй жагына көп барба
Өзү кызганч адамга.
Зарылдыктын ишидир,
Уурулукка кубанба.
Уят болот байкасаң,
Көп кыныгып суранба.
Кыялыңды жактыргын,
Ага-ини тууганга.
Утуш ойноп кызыгып
Кыныкпагын кумарга.
Кыйнап минген атыңды
Ысык сууга сугарба.
Кырчаңгылык ушундан
Сен каласың убалга.
Кыянаттын иши го
Акыл менен абайла.

Бей-бечара зарлады
Залымдардын зарпынан.[8]
Орозо-намаз бузулаар,
Молдолордун алкынан.
Береке журттан жоголду
Күндө кылган антынан.
Эр буйругун бек туткан

Ыйманы бар ургаачы.
Алал болот үйүндө
Аскан казан, тулгасы.
Ал өңдөнгөн катындар
Акыреттин жолдошу.
Жакшы катын белгиси
Жарык болоор кабагы.
Кичи пейил, уяттуу
Жаш баладай сыягы.
Ал өңдөнгөн айымдар
Шарияттын чырагы.
Жаман катын белгиси
Ызааты жок сөзүндө.
Эрден мурун сөз айтаар,
Уяты жок жүзүндө.
Эрден коркуп көнбөгөн,
Ыйманы жок бетинде.
Ал өңдөнгөн катындар
Жети тозок отунда.
Акылы жок катындар
Аңги койгон айгырдай.
Эрки менен сүйлөйдү
Эч кишиден тайманбай.

Кыз баланын жакшысы
Күмүш, шаңшуур[9] жамбыдай.
Качан болсо кымбатка
Адам качпай алгыдай.
Жаман болсо кыз бала
Жазгы конгон коноктой,
Үй-бүлөсүн жүдөтөөр
Мизи мокок ороктой.

Азаматтын жакшысы
Жүк көтөргөн атандай.
Жүзү жарык эр болсо,
Кайнап турган казандай.
Ыкыбалуу жакшылар
Эл көзүнө мазардай.
Пайдасы жок байларың
Малы тоодо жапандай.
Сөз билбеген жамандар
Камчы билбес кашаңдай.

Жаман айткан суук сөз
Көңүлүңдөн кетээрби?

Бөөдө каргыш адамга
Канча кылсаң жетээрби?

Акылы бар адамдар
Шариятты ойлоду.
Биз өңдөнгөн наадандар
Өз билгенин койбоду.
Арам дөөлөт байларың
Малга көзү тойбоду.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Колу менен сойбоду.
Жакшыларды карасаң,
Адыл ою болбоду.
Адам акын жесе да,
Дүнүйөсү толбоду.
Молдолорду карасаң,
Ак селдесин үзбөдү.
Аят, адис сөздөрдү
Акыл менен болжоду.
Напси бузук кургуру
Ак тайгандай жойлоду.
Кайда өлгөн-житкенге
Барамын деп койбоду.

Тил билгилүү азамат
Дили жумшак жакшыдай.
Ар боруму түз болсо
Алтын күрсү[10] тактыдай.
Ичиндеги сырыңды
Акыл менен тапкыдай.
Азаматтын жаманы
Иттен бетер капкыдай.
Айткан сөзү көк чыгаар
Көңүлүңө баткыдай.
Акылы бар азамат
Зымга тарткан күмүштөй,
Айткан сөзү ширелүү
Демдеп койгон күрүчтөй.
Консоң, сага жай болот
Кол алышкан билиштей.
Көрсөң көзгө толумдуу
Көрөңгөлүү идиштей.
Боз баланын жаманы
Чатак болот кыялы.
Айткан сөзү адамга
Урушкандай сыягы.

Эси жетпес алардын
Куру кайрат, жел өпкө,
Болбос ишти үйрөнөөр
Мен кыйынмын демекке.
Минген атын күлүк деп,
Бек теминип мактанаар,
Адамда жок эрсинип,
Куру бекер таптанаар.
Акылы бар азамат
Ар нерседен сактанаар.
Эси жоктун барысы
Болбос ишке капталаар.
Куру кайрат боз бала
Жасоол жыйган урушта
Ошондо болоор маскара.
Кайрат кылбас теминип,
Качалыдан башкага.
Катуу тийип качырып,
Уруштарга жарабас.
Камчы тийсе кокуйлап,
Жолдошуна карабас.
Эси жоктун баарысы
Ушундайды санабас.
Мактансаңыз мактангын,
Мына мындай иш болсо,
Өлсөң дагы качпагын.
Кача турган болгон соң,
Куру кайрат айтпаңыз.
Азаматтын акмагы
Болбос ишти болжойду,
Уруп кетээр жер келсе,
Кой десең да болбойду.
Тең келишкен жоо келсе,
Жүр десең да болбойду.
Акылы жок, жел өпкө
Өз кайратын эр көрөөр.
Бир өзүнөн башканы
Адам дебей, чөп көрөөр.
Акылы бар азамат
Кылган ишин эп көрөөр.
Эси менен иш кылса
Элдин баары эп көрөөр.

Эрегишкен душманга
Жалгыз кирген эр эмес.

Аралашып калган соң,
Качып кирген жол эмес.
Жатып калган адамды
Чаап кеткен кол эмес.
Акылы жок акмактар
Эчтекени кенебес.
Кайраты бар азамат
Элден мурун качпайды,
Канча союл тийсе да,
Акылынан шашпайды.
Эси жоктун баарысы
Мурун чырды баштайды.
Эки камчы тийгенде,
Качаар жолун саптайды.
Кайраты бар азамат
Жолдошуна кайрылаар.
Жүрөгү жок ургандар
Качып берип сайдыраар.
Мактангандын баарысы
Акмактыгы көп болоор,
Арты-кийнин ойлобой,
Элге шылдың кеп болоор.
Акылы бар азамат
Ар нерсеге бек болоор,
Канча коркок болсо да,
Сыр алдырбас кишиге.
Мактанганга көөнү жок,
Сөз батыраар ичине.
Ызаат кылып тил алаар,
Аксакалдын сөзүнө.
Жел өпкөлөр кубанаар
Балбан болсо күчүнө.
Жанагыдай иш болсо,
Жардам болбос кишиге.

Азаматтар аңдачы,
Айтканымды тыңдачы.
Билип алган акылың
Бетиңиздин пардасы.
Ызааты бар жигиттин
Жанына көп пайдасы.
Бу жалганда болбосо,
Акыретте айласы.
Ызааты бар кор болбос,
Ачуу кылган чоң болбос.

Ичи бузук жигиттин
Асты иши оӊ болбос.
Кудай берген ырыскы,
Канча берсе жоголбос.

Малы бардын көөнү ток,
Жарды дебей, бай дебей
Ыгы келсе, колу шок.
Шариятка тууралап,
Кудай деген пенде жок.
Бетегелүү тулаӊ чөп
Илгеркидей жерде жок.
Бир кишиде миӊ жылкы,
Издеп жүрсөӊ элде жок.

Адилеттүү жакшылар
Асабалуу желектей.
Саяласаӊ көлөкө
Жапан чыккан теректей.
Агайындын пайдасы
Сүтү мүрөк инектей.
Кебетелүү кыз бала
Тамга тарткан сүрөттөй.
Салакалуу боз бала
Сүйлөгөнү жибектей.
Берекелүү байларыӊ
Мөмөлөгөн алчадай.
Алдуу-күчтүү азамат
Жыгач кескен балтадай.
Темгектеги[11] жакшылар
Темир сайган арчадай.
Топ жыйында сакалдуу
Тоого чыккан арчадай.
Куну кеткен байларыӊ
Үшүк алган арпадай.
Азаматтын ач көзү
Журтка түшкөн каргадай.
Көрүнгөндү көп карайт,
Алды-кийнин карабай.
Зар замандын санаты,
Сайраганын карачы.
Динге кубат берсин де
Дин мусулман баласы.
Алла таала кудурет
Ар түрлүү жан жаратты,

Насип салып баарысын
Жер жүзүнө таратты.
Баарысынан чоң кылып,
Пилге берди кубатты.
Жалпы журтту кубантып,
Падышага суратты.
Акын кылып бирөөгө
Арбын берди жамакты.
Пендесине буюрду
Кылыч, мылтык, жаракты.
Күнөкөргө көргөзду
Бозо менен аракты.
Билип окуп жүрсүн деп,
Берди китеп-аятты.
Жаратканын кудайдын,
Жан-жаныбар туулду,
Туулгандын баарына
Ажал өлүм угулду.
Пейли жакшы пенделер
Билип алып туюнду.
Туюнгандын баарысы
Жакшылыкка бурулду.
Жан кишинин баарысы
Жаман ишке бурулду.
Жашырса да айыбы
Элге дайын угулду.
Сөзгө жүйрүк алдамчы
Акыретте ошонун
Убадасы жалганчы.
Сөзү жалган азамат
Кылган иши булганчы.

Сергек болсо боз бала
Саяпкердин атындай.
Кең пейилдүү азамат
Бир болуштун башындай.
Асан кайгы азамат
Эри өлгөн катындай.
Пейили тар, куну жок
Бай болсо да бакырдай.
Касиеттүү молдолор
Колго алган чатырдай.
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай.
Кычык сөздүү азамат

Кыянаттуу капырдай.
Боруму түз боз бала
Булу кымбат асылдай.
Зекети жок малыңыз
Эшек менен качырдай.
Баласы жок адамдар
Чөп чыкпаган такырдай.
Ишеничтүү азамат
Ат байлаган акырдай.
Сөзү жакшы карылар
Сүйлөгөнү акындай.
Карындагы каймак май
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жакшылар
Дөбөдөгү чатырдай.
Сөз байкаган азамат
Ишке жетээр кубаты.
Касиеттүү адамдын
Кабыл болоор дубасы.
Асман менен кайыган
Учаар куштун канаты.
Жүгүргөндө ачылат
Чапкан күлүк сапаты.

Таалим алган устатың
Кол тапшырган пириндей.
Касиеттүү молдолор
Стамбулдун дининдей.
Дили жумшак молдолор
Жакшы чыккан эгиндей.
Сүйлөгөнү насыят
Пайгамбардын кебиндей.
Касиеттүү молдолор
Мазары бар дөбөдөй.
Күндө жыйын эшиги
Эл бийлеген төрөдөй.
Напси бузук кургуру
Жалган айткан күбөдөй.
Кылган ишин карасаң,
Капыр болгон немедей.
Ыкыбалдуу жакшылар
Көлгө жүргөн кемедей.
Кайда болсо мал даяр
Бышып турган мөмөдөй.
Кайраты бар азамат

Кара болот өгөөдөй.
Өнөрү бар боз бала
Жакшы кайрак өгөөдөй.
Акылы бар карылар
Жаңы келген күйөөдөй.
Сабыры көп адамдар
Жүк көтөргөн төөдөй.
Көркү жакшы кыз бала
Көл боюнда кырчындай.
Булу кымбат канчалык
Ак алмаздын курчундай.
Бар келишкен боруму.
Ажы болгон адамдар
Пайгамбардын туундай.
Башындагы селдеси
Ысык-Көлдүн куундай.
Мектептеги балалар
Желедеги кулундай.
Пейли жакшы молдолор
Бетегелүү булуңдай.
Кыялы түз катындар
Кызыл жардын булуңдай.
Кызыктыгы баланын
Кыз да болсо уулдай.

Адам ата, Ово эне —
Бир канчалык көп бала —
Экөөнөн туулду.
Дин мусулман, капырлар
Шол адамдын уругу.
Алда таала барманы,
Өкүмдүгүн жүргүзүп,
Пашааларга так берди.
Акыретти көрсөтүп,
Пайгамбарга бак берди.
Китеп сөзүн билмекке
Молдолорго кат берди.
Чечен кылды биреөнү,
Сүйлөгөнү эп келди.
Жакшы менен жаманды
Өзү билип текшерди.
Кудурети кудаанын
Күндү көккө жүргүздү.
Айды жарты чыгарып,
Арбын кылды жылдызды.

Кара сууга сүздүрүп
Асыл кылды кундузду.
Он сегиз миң ааламды
Орду-ордуна тургузду.
Суу түбүнөн жай берип,
Жылма кылды балыкты.
Жадигерге буюрду
Дуба менен арыпты.
Караңгы түн чыгарып,
Күнгө берди жарыкты.
Азиз кылып жаратты
Олуялар шайыкты.
Узун өмүр көрсөттү
Улукман аким табыпты.
Алтымышка чыгарып
Эмдигини карытты.
Тирүү койду көргөзбөй,
Азирет Илияс кайыпты.
Денени куртка жедирди
Азирети мирсал Аюпту.
Ургаачыга пир кылды
Бүбү, Батма зайыпты.
Камкор кылды биздерге
Нурмукамбет абидди.[12]
Кудай үчүн иш кылсаң,
Акыреттик кереги.
Тобо кылсаң, жок кылаар
Канча болсо күнөөнү.
Кудай билет жарандар
Көп жашабай өлөбү.
Тагдыр жетсе, жаныңыз
Учуп кетээр чымындай.
Денең калаар суналып
Буту-колуң жылынбай.
Тирүүлүктө көркүңүз
Ак сарайдын сырындай.
Өлгөндөн соң дүнүйө
Кереги жок кымындай.

Арбагы чоң жакшылар
Миң кишинин деминдей.
Ырыскы, насип канчалык
Кызыл алтын кениндей.
Эл-журтуна аркасы
Тоосу бийик сеңирдей.

Ага-ини пайдасы
Күлүк аттын жеминдей.
Дөөлөтү бар жакшылар
Кырчыны көп өзөндөй.
Сөзгө даана карылар
Айткан кеби меселдей.
Казыналуу молдолор
Кереметтүү эшендей.
Акылы бар азамат
Айткан кеби нускадай.
Колунда жок эр жигит
Жетишпеген кыскадай.
Акылы мол, малы жок,
Аспабы жок устадай.
Сыйлашпаган тууганың
Атасы жат башкадай.
Тил билгилүү боз бала
Жетелеген коштоодой.
Сарамжалдуу азамат
Чегип койгон почтоодой.
Кайраты бар жакшылар
Кара коргон гүл бактай.
Ынтымагы бар болсо,
Мазары бар чарбактай.
Тил алышып турган соң,
Бузулбаган каймактай.
Ынтымагы келбесе,
Бактысы жок арбактай.
Кыйып кетээр бир-бирин
Кытай, кыргыз, калмактай.
Айыл бузган азамат
Уй качырган сайгактай.
Токтоосу жок адамдар
Оюн салган тайлактай.
Сөз бербеген жөө чечен
Учуп жүргөн камгактай.
Пайдасы жок сөзүңүз
Чөп чыкпаган кайрактай.
Өзү жеке сүйлөйдү
Ала качкы жайдактай.

Буйрук болсо алладан
Биз да бир күн өлөбүз.
Жакшылык менен жамандык
Жазуубуздан көрөбүз.

Жан аманат болгон соң,
Жакшы кепти сүйлөңүз.
Жазыгы жок адамды
Эч бир жаман көрбөңүз.
Жаман айтып чагылтып,
Жанга азар бербеңиз.
Жакшы чыксаң түбөлүк
Жүрөсүңбү жалганда.
Акылыңдан пайда жок
Акыретке барганда.
Эли-журтуң не керек
Эркиң кетип калганда.
Байкасаңыз дүнүйө,
Пайгамбардан калган да.
Падыша болуп жүрсөң да,
Бир өтөсүң арманда.

Кыз баланын жакшысы
Күзгүсү бар айнектей.
Жакшы кийим жарашаар
Жашыл моюн өрдөктөй.
Карап турсаң чырайын
Таза жууган көйнөктөй.
Жетпей жүрөөр далайы
Күкүк менен зейнептей.

Дүнүйө кимде көп болсо,
Кайда болсо жыргайды.
Сарт, ногойдун баарысы
Шаар куруп, там салды.
Ойлосоңуз мына бу
Орус, кытай тууганды.
Чарбак куруп, бак тигип,
Калың терек, тал кылды.
Кызыл терек булуну
Кымбат кылып, мал кылды.
Алакандай кагазды,
Беш коконго[13] баа кылды.
Мына бу тыйын чыкканы
Береке журттан тайылды.
Жылас болгон замана
Жылдан жылга тарылды.
Бышыксынган адамдар
Бересеге чарпылды.
Алык-салык көбөйүп,
Бей-бечара зарылды.

Шарият иши бүт калып,
Закон деген табылды.

Молдолор кылды борумду,
Башка селде коюлду.
Өлүк өлгөн жер болсо,
Орой басып чогулду.
Байкасаң, баары алууда,
Байлады шайтан жолуңду.
Кудайдын сөзү куранды,
Курандан таалим ким алды,
Алым-таалим болгон соң,
Чакырбас жерге не барды.
Китептен көрүп турабыз
Жакшылык менен жаманды,
Абайлап жүрсөң болбойбу
Аят, адис[14] кабарды.
Молдолор курсун, акыры
Баарынын бузук мүнөзү.
Акылы жаман баарынын
Агарган менен төбөсү.
Башында туруп кор болду
Пайгамбардын селдеси.
Дилинде шайтан жолу бар
Тилинде актын келмеси.
Молдо болсоң, көңүлүн
Оорутпагын адамдын.
Динге залал келтирбе,
Текебердүү жаманды.
Карап жакшы окугун
Калет[15] кылбай куранды.
Чакырбас жерге барбагын,
Собоп иштен калбагын.
Доорон болсо талашып,
Адиясын билбей, албагын.
Минтпей турган болгон соң,
Башыңа селде салбагын.
Баарысын бирдей кор кылып,
Колуңа теспе албагын,
Селденин билсең маанисин,
Пайгамбардын таажысы.
Жакшылап тутсаң башыңа
Ыймандыңдын дарысы.

Ишенсең китеп кагазга,
Этиет кылгын намазга.

Өлөөрдө тобо кылам деп,
Өткөрө жолдон адашпа.
Билип айткан молдонун
Сөзүн бузуп талашпа.

Ушунча журтту сураган,
Кагылайын кудай, ай,
Кай жеринде куту бар.
Чочкону малдай айдаган,
Капырлыгы эмеспи,
Арамды билбей чайнаган.
Кудай өзү сактагын,
Динге залал болот деп,
Түбүнөн адам чочунат...

Акылы менен бачагар
Араба минди, ат чекпей.
Кош аяктуу араба
Жаңы чыкты, ат жетпей.
Кандай кылып жүргөнүн
Карап туруп, көз жетпей.
Дөңгөлөгү, ээси,
Жүрсө кетет ит жетпей.
Минип көрсө аныкы
Бутта экен тетиги.
Жүрүп кетсе, бачагар,
Аттан кыйын жетиги.
Мындай сонун нерсе жок
Кубандырат кишини.

Көрбөгөндү көрөөрбүз,
Өлбөй тирүү биз турсак.
Укпаганды угаарбыз,
Дагы жаңы сонунду
Биз эшитип тураарбыз.

## ЧҮЙ БАЯНЫ

Мен айтамын санатты.
Казалдарды көп жаздым,
Канча такта кагазды.
Мыз[16] Токмок калааны.
Келип орус жай кылды
Жылгын-Башы талааны.

Каршы-терши көп тилди
Карагайга арааны.
Ойду-тоону коруду,
Орус деген калкыңдын
Кыйын экен буйругу,
Малай кылды кыргызды.
Тил билгендин баарысын
Кеңсаларга тургузду,
Күнөкөрдү коркутуп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий шайлап,
Элге борум билгизди.
Жылгын-Башы талаасы
Жылгындары көп экен
Айыл конуп илгери,
Жылкы саачу жер экен.
Эми калаа орноду.
Баш-аягы базардын
Ат чабымдай болжолу.
Тиккен багы, тереги
Тиктеп турса адамдын
Эсеп жетээр болбоду.
Токмокко шаар толуптур,
Ар уруктан көбөйүп,
Толгон базар болуптур.
Дунганынын баарысы
Маңдайына чыгыптыр.
Кара-Коңуз кербени
Калың шаар кылыптыр.
Абайласаң, Токмогуң
Эки жерде соорусу.
Каколу да, мужугу
Баарынын бир болушу.
Кызыл-Сууну, Шамшыны
Эгин жайы кылганы.
Отор барган жылкыдай
Орустардын уйлары.
Өгүздөрү дөбөдөй,
Кудай бетин көргөзбө,
Баары жуда байыптыр,
Каколдору төрөдөй.
Кудай урган капырдын
Колго баккан малындай,
Чочколорун карачы —
Эрчип жүрөт чубуруп,

Он экиден баласы.
(Энесинин артынан.)
Ушинетип ыраңлар[17]
Өз дининен жаңылды
Ит чочкону мал кылды.
Токмоктун калың орусу
Топтогон чочко доңузу.
Базарга барып карачы,
Бастырып жүрсө, жол бербейт,
Араба менен чанасы.
Дүкөнгө кирип караса,
Дүнүйөлөр — сонундар
Аңкайып карап турасың,
Адамдын жетпейт санаасы.
Жакалуу десең чапан бар,
Жыйып койгон жүгүндөй,
Кездеме менен мата бар.
Булгаары десең жыйылуу,
Дүнүйөлөр сонундар,
Дүкөндө турат үйүлүү.
Көрсөң мына Токмокту
Күндө базар бакылдап,
Уста деген бир тарап,
Узанып жатыр шакылдап.
Думаналар, календер:
«Оомийин» — деп, кол жайып,
Көчөдө жүрөт какылдап.
Дунганы жүрөт чакырып,
Чырпыктан челек асынып.
Төрт бөлүккө тоёсуң
(Төбөсүнө кеп алып,
Чекесин күнгө катырып,
Жүрө берген эркинче)
Өз тилинче бакырып.
Абайласаң, Токмоктун
Ак сарайлуу тамы бар,
Салакалуу жасалган
Сарт-ногойдон байы бар.
Самоорчуга карасаң
Ак чайнекте салуулу
Демдеп койгон чайы бар.
Дүнүйөсү дапдаяр,
Базар деген жаныбар.
Жер үстүндө ажайып,
Аты дилде дагы бар,

Айтылгандын баары бар.
Мал базарга барсаңыз,
Наркы чакан болуптур.
Кой базарга кыжылдап,
Казак, кыргыз толуптур.
Чыр-жаңжалды тыюуга
Дагы болсо орустан
Керенечти[18] коюптур.
Алып сатар, жалдаптар
Алып байда кылбайбы?
Он тыйындан беш тыйын.
Куйрук, жалын түйдүрүп,
Жаш балдарга миндирип,
Ат бүткөндү чубатаар.
Акча деген бачагар
Кандай асыл малдарды
Арзан баага суратаар.
Тандамалдан аласың
Салып берсең колуна
Жыйырма теңге акчаны.
Базар барсаң, мал арзан,
Тандап жүрүп алаарсың.
Баратке[19] менен тартипке,
Айран-азыр калаарсың.
Бачайы менен шайыны
Байкасаңыз, жигиттер,
Бейкасамдар жайылуу.
Төрүңүзгө жарашаар
Турат асыл килемдер.
Кыйгач түрүп киерге
Кытай калпак, бөркү бар.
Кылыч, мылтык, бардеңке —
Ар жабдыктын баары бар.
Баары белен турбайбы
Базар деген жаныбар.
Кең Чүй ата өзөнү
Кенен болот турбайбы.
Калкы-журтун карасаң
Калың айдайт экен го
Кара таруу, буудайды.
Буурчак менен жүгөрү
Бул кылууга баарысын.
Жарды дебей, бай дебей
Көп айдаптыр бедени.
Ар немеден уругу,

Арбын экен жаныбар
Кара куурай, зыгыры,
Салып туруп зоотко
Сыгып алаар майы бар.
Кытай конок, кунжуттун
Уруктары дагы бар.
Дуңгана да, орус да
Адам жечү тамактан
Ар уруктун баары бар.
Картөшкөдөн, шалгамы,
Араласаң жол бербес,
Алча менен алманы.
Арбын экен көбүнчө
Бышыкчылык маалында
Өрүк менен шабдаалы.
Чиеси бар, тыты бар,
Алмуруттай бир жемиш
Жаңы чыкты, ушу бар.
Мисте менен бадамы,
Капта турат жайылуу,
Топтоголок жаңгагы.
Дуңганада бар экен
Капуста дейт бир жемиш.
Сабиз, пияз чөбү бар,
Күрүч кылып жесеңиз.
Калемпир да, мурчу бар,
Ачуу болоор түгөнгүр
Ашка салса, курчу бар.
Кызыл алма багында.
Барып көрсөң базардан
Дүнүйөсү жанында.
Күз убакты болгондо
Ар жемиштин баарысы
Казан болуп толгондо.
Жүзүм менен анары,
Бышыкчылык маалында
Бир пул жыңы, кадагы.
Коон менен дарбызы
Арзанчылык маалында
Бир тыйынга жалгызы.
Ашкабагы, бадыраң
Арбын болоор баарысы.
Бир тыйынга экиден
Алмалардын сарысы.
Арабада — коону.

Алты тыйын, беш тыйын
Дарбызынын жоону.
Күзгө маал болгондо,
Кыйын экен мына бул
Чүй элинин доору.
Талаадагы жемиши:
Карагаты, бүлдүркөн,
Кожогаты, чиеси —
Дүнүйөсү тегизи.
Дан куурай дейт бир жемиш,
Татканым жок жаныбар
Жерге чыккан мөмөсү.
Көктөмдөгү жемиши,
Тизе бою текейи,
Мандалактын семизи.
Ышкын менен сарымсак,
Абайласаң, жаныбар
Айдагандай тегизи.
Балтырканы билектей,
Балжууранын[20] карасаң,
Жалбырагы этектей.
Козу кулак, кымыздык,
Бул өңдөнгөн жемиштер
Жерде жатат тезектей.
Абайласаң Чүйдөгү
Жер-суусунун кенени.
Ою менен тоосунда
Калың арча, карагай
Жыгачынын кенени.
Издеп жүрсөң, табасың
Бул адамдын өзүнө
Буюм кылчу кереги.
Ар кайсынын табылгы
Издесеңиз табасыз
Жер чөбүнөн дарыны.
Жады куурай, карындыз,[21]
Катыраңкы,[22] дулдана.[23]
Ар салаада сары жыгач.
Кайың менен четинди
Кашаа кылаар короого.
Абайласаң жаныбар
Дүнүйөсү түгөлү.
Мал аралап жүргүсүз
Чыккан чөбү мүрөлү.[24]
Жалбырагы билектей

Кара куурай сүттүкөн.
Күзгө маал болгондо,
Күлкайыры билектей.
Камыш менен жекени
Карап турсаң, калыңы
Эгип алган теректей.
Кызыл, жашыл, сарала
Байчечекей ыраңы.
Уу коргошун дагы бар,
Малга жаман залалы.
Боз караган, жылгыны,
Алтыгана, шорону,
Карап турсаң тоосунда
Катуу кара шилбини.
Чычырканак, сөгөттү,
Ак чечектен[25] жыгачы
Ар буюмга керектүү.
Сагыз куурай, чекенде —
Ар бир түрдүү чөптөр көп,
Атын билбейм неченди.
Ак куурайы билектей,
Кендирлерин карасаң,
Келептеген жибектей.
Топчу куурай, камгагы,
Ак тикени, уйгагы,
Алабата, шыраалжын,
Калың болоор бу дагы.
Какум-кукум, төө-тапан,[26]
Болоор пияз, жер чайдан
Дары болчу чөптөр бар,
Издеп табаар ар кайдан.
Тегерек баш, сар куурай,
Чачыраткы, ак куурай.
Атын билбейм анчалык,
Ар бир түрлүү көп куурай.
Адырашман, акшары,
Аткулагы, чалканы,
Кызыл куурай, чогойно,
Коко тикен, чырмоогу
Айдагандай чыкканы.
Кызыл мыя, жалбызы,
Жылтырканы, шыбагы —
Чыккан чөбү кызыл от.
Чие менен жемиши,
Түлкү куурай мизибек.[27]

Бийикке чыгаар жаныбар
Бетегеси, ыраңы,
Ажырыгы, шибери,
Кара кыяк, буудай баш.
Айдап алган бедени.
Көдөө менен таргылы,
Көрсөң чирче, жөргөмүш[28]
Көтүбоштун[29] арбыны.
Айта берсе батпаган,
Адам атын таппаган
Эчтеме жок дегеле
Чүй ичине чыкпаган.
Тогуз төбө, теңге чөп,
Жалбырагы дагы бар.
Доңуз сырты, ычкырык[30]
Түрлүү чөптүн баары бар.
Чекилдеги, чырашы,
Сасык таана, тулаңы,[31]
Куу кылуучу куурайы,
Тоого чыккан шимүүрү.
Мал жегенге кереги,
Кызгалдагы кызарып,
Ар бир түрлүү чечекей,
Көрөр болсоң кырмески.[32]
Көктөмүндө жашарып,
Түрлүү, түрлүү гүлдөрү,
Кызыл, жашыл, сарала,
Байчечекей буралаар.
Көбүргөнүн көрсөңүз,
Айдагандай атайы.
Жайлоосунда чемирчек[33]
Жер буурчагы жапайы.
Чыккан чөбү дарысы,
Меңдумана, чечендер,
Сууга чыккан жанузак,[34]
Дары болоор баарысы.
Калың болоор эрмени,
Карга тырмак, терскен
Кыйын болоор чыгыны.
Кызыл гүлү, серени,
Көкөмерен, эрбазын[35]
Бар жаныбар биледи,
Тамырынын дарысын.
Байда кылды кудайым
Чүй ичине байкасаң

Ушулардын баарысын.
Жери кенен талаасы
Тиккен багы мөмөлүү,
Терек, кара жыгачы.
Айдап алса эгинди
Бышпай калаар дебейсиң,
Жаздымы жок бышканы.
Күрүчүнүн күрмөгү,
Даны кадим буурчактай.
Маш уругу, урааны,[36]
Кызыл конок, арпасы.
Кыйын бышаар тамеки.
Ысык болоор жаныбар
Чүй боюнун жакасы.
Көрсөң буурчак сотосу.
Калың болоор оруста
Күнгө багаар[37] уругу.
Айдап алып көк нарды,
Апийимден көп алды.
Капуста айдап бышырып,
Боёк казып чыгарды.
Кең Чүй ата жаныбар,
Келиштирип сүйлөсө,
Керегиңдин баары бар.
Эки таштан өзү бар:
Бор бышыраар ташы бар,
Кен орногон тоосу бар,
Керек десең, жошо бар.
Көктөмүндө көгөрөөр,
Күзгө маал болгондо,
Берекеси көбөйөөр.
Бышыкчылык бышканда,
Жер жемиштин баарысы
Жер үстүнө чыкканда;
Саратаны чакырып
Саратан боз учканда,
Саралалуу аарылар,
Сары балды тартканда;
Зыркыраган сайгагы
Үйгө толуп алганы.
Бөгөнөгү[38], бүргөсү
Мийзам[39] болуп учканы.
Бетиңизге урулаар
Жөргөмүштүн желеси.
Кең Чүй ата жакасы

Чарылдаган бакасы,
Ийнелиги, көгөнү.
Кенен болот жаныбар
Кылкылдаган өзөнү.
Кара сууда кундузу,
Кашкулагы, мадылы.
Кызыл карсак, түлкүсү,
Арбын болоор карышкыр,
Аюу, жолборс, илбирси,
Шимеңдеген чөөлөрү,
Тай сүлөөсүн, суусары,
Ачкүсөнү, коёну,
Арбын болоор жүргөнү
Кашкулагы, мадылы.
Карап турсаң каңкылдап,
Соорусунун ак жону.
Кең Чүй ата жаныбар
Абайласаң, жеринде
Ар жаныбар уругу.
Тандап атып алгыдай,
Талаасында элиги,
Марал менен бугуну.
Эчки-теке жаныбар
Тайгаланбайт ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса күзүндө
Уйдукундай жамбашы.
Коёндору козудай,
Карап турсаң, жаныбар,
Коондору сокудай.
Байкап турсаң, суусунда
Балыктары манектей.
Кудай бетиң көргөзбө,
Сар жыланы билектей.
Карап турсаң Чүйдөгү
Кара курту көмүрдөй.
Чаян менен жыланы
Арбын болгон менен да,
Адамга жок зыяны.
Түктүү сары жаныбар
Музоо баштын ыраңы.
Кескелдирик дагы бар.
Билерик дейт бир жанды
Узундугу бир карыш
Бу да сонун жаныбар.

Ар жаныбар уругу
Чүйдө болот турбайбы.
Айтканымдын баары чын,
Жалган кепти кылбаймын.
Молдо Кылыч бечара
Көрбөсө да сураса,
Кудуретти куп билем.
Бир жараткан кудайым
Кең Чүй ата жаныбар
Кенен эле жер экен.
Ушулардын баарысы
Айтканымдай кеп экен.
Абайласаң, жарандар,
Ар жаныбар толук бар:
Ышкырышып сайраган,
Чегиртkенин үнү бар.
Тикенектей сайылган
Жер кирпинин түгү бар,
Шибегедей тиши бар,
Арсычканды карасаң,
Тээгиндей тиши бар.
Карап турсаң капкара
Коңуздары муштумдай.
Сар жыландын чоңдугу
Жаш баланын бутундай.
Чегирткеси сакадай.
Көпөлөктүн чоңдугу
Көйнөгүңө салгыдай
Кадим алка жакадай.
Ташбакасы калдайып,
Көл бакасын карасаң
Жан аяктай балпайып.
Суусундагы суу жылан
Сонун болоор көрсөңүз.
Кара кылдай кыл жылан,
Абайласаң жаныбар
Сонун эле жер экен.
Ар немени ойлонуп,
Айта берсе, кеп экен.
Канаттуудан аяктуу
Карап турсаң, акыры
Илбесини көп экен.
Кызыл куйрук, сар барпы,
Ала чыйырчык жаныбар
Чегирткенин душманы.

Суучул кара көк соору
Суудан учуп чыкканы.
Көк жылкычы кучкачы,
Майкөт чымчык, борбашы,
Калың болоор каракаш[40]
Эрсынардан жолдошу.
Кең Чүй ата өзөнү
Кенен болот турбайбы.
Кең Кочкордун чоң суусу
Төмөн карай салаасы.
Капчыгайдан кошулуп
Эки Кемин талаасы.
Эр Шабдандын өрөөнү
Жерге-Таштын учугу,
Текеликтин сеңири...
Күңгөй жаккы жериңи —
Карабалта, Кайыңды.
Бир түрлүү жан мына бул
Чыркылдаган чили бар,
Мына Чүйдүн ичинде
Бөдөнөнүн кени бар.
Белгилүүдөн безбелдек,
Кара сууда кашкалдак,
Калың болоор илбесин
Бабырганы, үкүнү
Жазгы келген соорусун
Канаттуудан үлкөнү.
Кара бүркүт, жоруну,
Чакчыгайы чакылдак.
Аладуңган чыйпылдак,
Эчки маарак, бапылдак.
Карача торгой, жарганат,
Боз таркылдак, короолу,
Борма моюн дагы бар.
Тораламай, таранчы,
Адам атын таппаган
Торала тору кучкачтар,
Чүйдө калың баласы.
Болду мына бу сөзүм,
Бүткөрөйүн төтөсүн.
Ката болсо ондоп кой,
Болсо сөзүм чаласы.
Айып коюп сөкпөгүн
Дин мусулман баласы.

## ЗИЛЗАЛА

Абал сөзүм бисмилла,
Айта берсек сөз мында.
Кеп чыгардым жаңыдан,
Келгин — өрдөк, биз — турна.
Китептерде бир болжол:
Коркунуч болоор жүз жылда,
Нур Мукамбет пайгамбар,
Үмүткөрбүз көп жандар.
Ойлоп кара артыңды
Ак сакалдуу каргандар.
Көрүп келдиң далайды
Узак жашап баргандар.
Сонун иштер көбөйдү
Сөзгө кулак салгандар.
Илгеркилер бир борум,
Өз эркинче болгону.
Зар заманга сүйлөдүм
Борумдарын болжолун.
Алла таала, ар ишти
Өзүң түзөп оңдогун.
Бу замана түрлөндү,
Жер силкинип термелди.
Кылкылдаган асман-жер
Бузулуп кетээр өңдөндү.
Санаага келбес иш болду,
Сакта, кудай, бендеңди.
Тоо бузулуп, таш кулап,
Жер жарылып, жар урап,
Ит бүткөндүн баарысы
Улуп-уңшуп чуркурап.
Жан алуучу келердей,
Чочуп турдук зыркырап.
Кудай өзү сактасын,
Асман, жерлер бузулуп,
Кетеби деп быркырап.
Матоодо төө бышкырып,
Ат кишинеп, копкуруп,
Таш короолор калдырап,
Эчки, койдун — баарысы
Үркүп чыкты чүчкүрүп,
Байлаган жиби үзүлүп.
Өкүмү күчтүү кудайдын
Өткөрө чоң иш болду,

Өлүмдү эске түшүрүп.
Алланын иши ушундай,
Аманат бенде курусун,
Акыл жетпес караса
Кудуреттин жумушун.
Жер дүйнөнү туйлатып,
Көрдүңбү мындай кылышын.
Добуш тартып дүрүлдөп,
Өлүмдөн башка ойлобой,
Акылың кетти бириндеп.
А, кудайлап жалбаарып,
Алда кандай болоор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Ыйлабай өзү сооронду.
Алда кандай жорук деп,
Эси чыгып жаш балдар,
Булар дагы ойлонду.
Жан-жаныбар, макулук
Чочубастан койбоду.
Туурда куштар талпынып,
Ат кошкуруп алкынып.
Адам кантип коркпосун
Акыл башта бар туруп.
Мына мындай өндөнгөн,
Мындай жорук ким көргөн.
Билгенге айткан бу сөзүм
Битина[41] жорук бендеден.
Адетте болбос мынчалык
Жер кыймылдап термелген.
Жараткан алла кудурет
Бендеге кылган айбатты,
Ай тутулуп жарылмак,
Күн кетилип, нур таймак.
Куйруктуу жылдыз көп чыгып,
Асмандагы Ай, Күндүн
Бетин жаап кир чалмак.
Адамзаттын шумунан
Анты шерти, убада —
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырды кожолор,
Амал кылбай молдолор
Адам акын көп жеди.
Түрлүү, түрлүү бенделер,
Кууланган жорук көбөйдү
Кудайдан башка ким билээр.

Акыретке барганда
Адам уулу тергелээр.
Бенденин кылган күнөөсүн
Өзү турган жер көрөөр.
Адистен уккан бул сөзүм:
Адам бенде шумунан
Кара жер минтип термелээр.
Кайсы сөзүм айтайын
Карап турчу, бенделер.
Жан аманат болгон соң,
Ынсап кылсак оң келээр.
Каршылык кыл деп китепте,
Кайсы молдо жол берээр.
Ыйман жайын билбеген
Ибилиске[42] кол берээр.
Насипке кылсаң канагат,
Ыйманың болоор саламат.
Сынап турчу, жарандар,
Зилзала болгон алаамат.
Жер чайкалып туйламак,
Там жыгылып куламак.
Далай адам зар катып,
Кайгы тартып кууравак.
Чүйдүн башы Чоң-Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Анык билген адамдар
Айтып берди көргөнүн.
Үч жүздөн көп киши деп,
Жери урап өлгөнүн.
Там жыгылып баскандын
Өлүгүн алып көмгөнүн.
Санаага келбес иш болду,
Замандын көрчү түрлөрүн.
Биздер бала, жаш чакта
Жер чайпалмак бар эле,
Билген адам билбесе,
Бул эмне болду деп,
Билбегендер көп эле.
Там жыгылып, жер көчкөн
Мындай жорук жок эле.
Ушу жылы зилзала
Барабар келди баарына.
Адам бенде курусун,
Башка коркунуч келген соң,
Баарынан ширин жан тура.

Тамам жандар ойлонуп,
Барды көзү уйкуга,
Жыгач үйлөр карчылдап,
Жер дүңгүрөп, тарсылдап,
«Кагылайын кудай!» — деп,
Карап турдук калтырап.
Бир жагынан ит үрүп,
Улуп-уңшуп арсылдап.
Жер бузулуп кетээр деп,
Чочуп турдук калтылдап.
Ушул жолку зилзала
Айбаты кыйын көрүндү.
Жан-жаныбар, макулук,
Бир жанынан түңүлдү.
Тамда жаткан адамдар
Ала качып өз башын
Жылаңач чыга жүгүрдү.
Абайлачы, жигиттер,
Ушу сөзүм төгүнбү?
Катыны жатса карабай,
Балаларын эстебей,
Далай адам жылаңач
Чыккан экен чыдабай.
Адам бенде курусун,
Акыл-эсти курутуп
Коркутпачы, кудай, ай!
Таш кулады, там тургай,
Канча жанды тоо басты
Бирде-бирин калтырбай.
Алигиче эстесе,
Жүрөк турат болкулдай.
Чочутпады да болсо
Чоң-Кеминдин калкындай.
Миң шүгүрлүк кудайга
Сактады бизди ушундай.
Куп жакшылык болду да,
Коркунуч бизге көрүндү.
Залалы болуп, кудай ай,
Санаабыз жаман бөлүндү.
Казан-аяк калдырап,
Кумганда суу төгүлдү.
Кайсы бирин айтайын,
Ойлодук кыйын өлүмдү.
Оюңуздан түшүрбө
Өкүмү күчтүү теңирди.

Чүйдүн башы Чоң-Кемин
Тоо жарылган жерлериң.
Далай жанды таш басып,
Жер көчкүнүн жүргөнүн.
Тескейдеги карагай
Жери менен жылганын
Байкап турчу, жарандар,
Кудуреттин кылганын.
Канча жанды жер басты,
Алла салган ажалын.
Талкаланды таш үйлөр,
Талаадагы жандардын
Не болгонун ким билээр.
Ажалы жок жандарга
Алла таала жол берет.
Ороодогу эгиндер
Жер жарылып житирди.
Капчыгайдан таш кулап,
Кара жолду бүлдүрдү.
Тескейдеги жыгачты
Орду менен көчүрдү.
Тоо жарылып, токтобой
Аска таштар бузулду.
Ажалы жок адамдар
Аман качып кутулду.
Кудуреттин иши көп,
Ойлоп көрчү ушуну.
Айта берсем көп жатыр
Бул өңдөнгөн кызыгын.
Төшөктөгү адамдын
Бири өлүп, бири бар,
Кайда болсо алаамат
Ажалдууга жолугаар.
Там жыгылып, таш тийсе,
Бешиктеги бир бала
Аман калды жаныбар.
Талкаланды бешиги,
Тобокелди кылыңар.
Бул сыяктуу сонундан
Айта берсе, дагы бар.
Солкулдады Чоң-Кемин,
Күңгөйдөгү Байсоорун,
Там жыгылып, таш басып
Далай жандын өлгөнүн
Билгендерден сурасак,

Айтып берди көргөнүн.
Бир канча жер жарылып,
Ысык-Көлгө киргенин.
Ынанбасаң барып көр,
Муну жалган дебегин.
Алааматтын белгиси
Ойлосоңуз, жарандар,
Акыр заман шумдугу.
Кара тажаал жажуждар[43]
Чыгаар болжол болдубу.
Китептерде мазмуну,
Келип тураар чындыгы.
Же болбосо кудайым
Бизге айбат кылдыбы.
Жер силкинип, быркырап,
Жалгыз үйү калбады,
Шондон бери зилзала
Адетте жок туйлады,
Андан мурун эки жыл
Бир канчалык чайкалды.
Кыйын болду ал дагы,
Төшөктөгү адамды
Калбырдай кылып ыргады.
Андан соңку Кашкардан
Далай кыштак кыйрады.
Жер дүйнөнү силкинтип,
Жараткандын барманы.
Улкөндүгүн көрсөтүп,
Абдан сонун буйругу.
Адетте болгон иш болсо,
Коркпос элек ойлонуп.
Көрбөгөнгө чыдабас
Көзү туюк бенденин.
Сактап тураар барчаны
Теңирим өзү дем берип.
Ырыскы менен насипти
Чыгарып тураар бир берип.
Аллалыкты көргөзүп,
Акылдууга жөн берип.
Жерге зыйнат болсун деп,
Кең шиберден өң берип,
Айбат кылып адамга
Ар бир убак кара жер
Калкылдады термелип.
Алла таала ишин көр,

Асман, жердин тирөөсүн,
Акыл жетип турса да,
Адам бенде энөөсүз,
Арсы, күрсү, лах калем[44]
Бар экенин билесиз.
Маанилерин сурасаң,
Сөз болбойт го жүйөсүз.
Ушу турган жер, асман,
Күндү көрсөк чырактан,
Айды жарык жаратты,
Жүзү жарык равшан.
Айтып берээр молдолор
Жакшы байкап сурасаң.
Ыйманыңда кубат бар
Айтканына ынансаң.
Ынанбасаң өлүмгө,
Барбай койчу чыдасаң.
Жер тууралуу сүйлөдүм,
Кайсы кепке баратам.
Бу да жаман сөз эмес,
Баарын ишке жаратам.
Асманда бар бериште,
Авзар, ковсар[45] бейиште,
Буйрук кылды адамга
Кара жерге жүрүшкө.
Акыл жетип болбоду
Наркы түбүн билишке.
Бендесине ылайык
Кудуретинен көрүшкө.
Жер силкинип жүрүштө
Сабыр берсин бендеге,
Салса кудай ар ишке.
Чоң Анжиян, кең Кашкар
Зилзаладан бузулду,
Ажалы жок адамдар
Чыга качып кутулду.
Тагдыры жеткен бенделер
Тамда калып тутулду.
Беш-алты жыл ичинде
Бир алаамат башталаар,
Байкап көрчү ушуну!
Солкулдады кара жер,
Акылдуу жан билегөр,
Ыйманы бар эр болсоң,
Ынсап менен жүрө көр.

Баарыга момун дин ислам,
Байка сөзду Кылычтан.
Он сегиз миң бу аалам
Орду мына, жер, асман.
Сегиз бейиш жаннатты
Ыракматынан жараткан.
Капыр, шайтан малгунду[46]
Тозогуна караткан.
Дөө, пери, адамды
Бу дүнүйөгө тараткан.
Кара жерди силкинтип,
Баары жанды чыдаткан.
Буйрук кылса кудайым
Тоону, ташты кулаткан.
Алматыны, Кашкарды —
Абал мындан баштады.
Анжыянды зилзала
Бүлүндүрүп таштады.
Сүйлөбөйлү кудайдын
Кудуретинен башканы.
Баары туташ кара жер,
Муну байкап биле көр.
Жер силкинсе бир жерге,
Билбей калаар башка эл.
Кудуретине таң калып,
Жараткандын ишин көр.
Он сегиз миң бу аалам.
Жамгыр түшөөр абадан.
Акыл жетпес иштер көп,
Баары буйрук кудайдан.
Ар макулук жандарга
Насип жетээр эгемден.
Жаркыраган Күн, асман
Үстүбүздө көгөргөн.
Баары макулук муаллак[47]
Кудуретине сүйөнгөн.
Асман, жерлер танапсыз
Бир бирине жөлөнгөн.
Анан наркы түбүнө
Ойлоп акыл түгөнгөн.
Ойлоп акыл жеткизбей,
Айран азыр калдырып,
Кара сууну шам кылды
Караңгыга жандырып.
Канаттууну чыгарды

Жумурткадан жардырып.
Кудуретине карагын,
Акылыңды бардырып.
Ойлосоңуз, кетпеңиз
Тобуңуздан жаңылып.
Адетте жок иш болоор
Адам пейли бузулса.
Өзүбүздөн көрөлүк,
Береке журттан кысылса.
Адеттеги иш эмес
Ай менен Күн тутулса.
Бул эмне иш болду,
Кудуретине садага,
Каңтарылып кара жер,
Көчкү жүргөн не жорук.
Ойлоп акыл жете албас,
Тобокелде бололук.
Тоого бүткөн жыгачтар
Түзгө барып жамалып.
Кандай жорук, кудай ай —
Ынсап, топук кылалык.
Жердегеним кең Кочкор,
Аяк жагы Семиз-Бел,
Нар жагында карасаң —
Мелтиреген Ысык-Көл.
Жер силкинип жарылды,
Байсоорунду барып көр.
Зилзаладан чочуду
Жаны чыгып далайы,
Чочуганда кантебиз,
Сакта, кудай, тобокел.
Чоң-Кеминде бузулду
Тоо тоосунан канча жер.
Жалпы журтка кудайым,
Жакшылыкты бере көр.
Дин мусулман агайын,
Сактоочу өзү кудайым.
Акыр заман белгиси
Сизге баян кылайын.
Китептерде сөзү бар,
Ынанбасаң табайын.
Заман андай болмогу,
Жерге бузук толмогу.
Ар сонундуу иш чыгаар —
Мына ушул болжолу.

Былкылдабас кара жер
Азоо аттай туйлады.
Сонун иштер көп болду
Шумдугунан бенденин.
Алалдыкка арзыбай
Сүткө кылаар сооданы.
Ысырапка мал чачып,
Журтуң кылды кооганы.
Үстүбүздө асман, көк,
Айы бирөө, жылдыз көп.
Күн чыкканда түн кетээр,
Мунун жолу бир бөлөк.
Адеттеги иштер бул
Ар жаныбар төлдөмөк.
Ушул акыр замана,
Жер силкинип туйламак.
Кудуретине таң калып,
Тураар көзүң алайып.
Айтып өттүм далай сөз
Акыр заман журтуна.
Калкылдады кара жер
Качан болсо уйкуда.
Канча кепти сүйлөдүм
Бир чыкпадым учуна.
Болду мына бу сөзүм,
Бүтүрөйүн күнөөсүн.
Молдо Кылыч бечара
Акыр бир күн кетесиң.
Өзүңүздү байкаңыз,
Элди-журтту нетесиң.
Тобо кылсаң күнүгө
Даражага жетесиң.
Коюп келе жатабыз
Өлгөндөрдүн нечесин.
Өмүрүңчө сүйлөдүң,
Кайсы бирге түтөсүң.
Канча казал чыгардың,
Кайдан жүрүп жетесиң.
Жерим Кочкор талаасы,
Журтум кыргыз арасы,
Темир болот болушум,
Бишкекскей үйөзү,
Эли-журтум черикчи,
Ушу сөзүм ырасы.
Төрөгелди бабабыз

Журтка кеткен абазы.
Айып көрбөй оңдоп кой,
Болсо сөзүм чаласы.
Тамам болду акыры
Бул сөзүмдүн чамасы.*

## КОЛ КАЗАЛЫ

Жазган сөзүм икая[48],
Жакшы карап ойлогун.
Башка мүшкүл иш түшсө,
Сабырдын түбүн болжогун.

Ушул сөзүн карачы
Бечара Кылыч Молдонун.
Көрдүм азап бир далай
Жара чыгып, сол колум.
Агерде көргөн иш эмес,
Мындай азап болгонун.
Миң шүгүрлүк кудайга,
Акыр ишим оңолгун.

Жаным тирүү калаар деп,
Кай жерде өзүм өлөмүн.
Карып жаным ушуну
Сен ушинтип койбогун.
Түндө жатып мен өлсөм,
Акырет жайга жөнөлсөм.
Акырет жай — улук жай,
Барып көргөн жер эмес.
Бериште деп угабыз,
Тааныш болгон ал эмес.
Жара колум сайышып,
Жата албадым жай алып.
Чыдай албай безилдеп,
Чыканагым таянып.
Бир кана күн ушундай
Турду көзүм алайып.
Сасып кетти ысыктан,
Ириң менен кан агып.

---

* Бул чыгарма 1911-ж. «Кысса-и зилзала» деген ат менен Казан шаарында басылып чыккан. Баш сөзүн Ишеналы Арабай уулу жазган.

Кагылайын кудай ай,
Кандай арга кылалык.

Табып келип «тап» деди,
Думана келип «сүп» деди.
Өзүм билген акылдан
Эч бирөө да өтпөдү.
Азыктан келген Калыгул
Акжолтой болду акыры,
Колумдагы жарага
Жетпеди байкуш акылы.
Адам бенде өлөбү
Түгөнбөсө насиби.
Ак кымыран кайнатып
Ардап[49] тамак ичемин.
Ичкен менен жакпады.
Аялымды карасам,
Белин чечип жатпады.
Жалга, кудай, жалга деп,
Карысына жаштарды,
Жакшылыкка арна деп,
Кайгысы көп бенделер...
Эгем таала кудурет,
Баары тегиз кыз бала
Ыгын келтир ускага.
Жарык дүйнө болобу
Байкуштарга капкара.
Өлгөндү алаар, калганды —
Кудай өзүң билесиң.
Кайсы бирин айтайын,
Карып жандын көргөнүн.
Кайыр кылгын, кудай ай,
Кай жагына сүрөйсүң.
Турганда да бу сөзүм,
Жатканда да бу сөзүм.
Насип салсаң, шүгүрлүк,
Барбардигер бар кудай.
Санаа салсаң жабырга,
Түбөлүгүн түзөгүн.
Күнөөсүз тышка чыгамын,
Арык бойлоп басамын.
Баш-аягы Кочкордун
Баарын кырка карадым.
Кайсы экенин билбеймин
Колумдагы жаранын.

Бир калыпта турады
Кандай арга кыламын.
Туруп-туруп сыздаса,
Кыңкыстадым, чыдадым.
Кейигенде өлүмдү
Келсе экен деп турамын.
Ибарат кылсаң тирүүмдө,
Даярланып турамын.
Өлсөм, жатар орунум
Кайсы экен деп санадым.
Акыр түбүн, көбүнчө
Ыйманымды сурадым.
Карып жаным бечара
Бир баш камдап турамын.
Жалгыз бейит бечелди
Жалдырадым, карадым.
Кудай, өзүң сактагын,
Тобокел деп турамын.
Мына бечел бечара,
Көптөн бери көп зарыл
Болгон экен эчен жыл.
Өлүп калсам, кудая,
Мына ошонун жанына
Орунумду насип кыл.
Жакшы болсо жаныма
Шанабатты[50] салаар деп;
Улуу жолдун боюнан
Өткөн адам көрөөр деп,
«Молдо Кылыч ушу» — деп,
Эшиткендер билээр деп,
«Оомийин» — деп кол жайып
Окуп дуба берээр деп,
Үмүт кылам кудайдан
Ыракматы кенен деп.
Төмөнкү көп көрүстөн —
Төрөгелди мазары.
Буйрук болсо кудаадан
Кай жер болсо жаталы.
Жалгыз бейит болгуча,
Түздү көрүп назары.
Ыйманым жолдош кыла көр,
Берсең, кудай, казаны.
Төмөнкү көп көрүстөн
Баары жуда көчүшкөн.
Ага-тууган, жар-жоро —

Канча жандар өлүшкөн.
Молдо десең, молдо бар,
Сүкүт тартып жүрүшкөн.
Шакирттерим бар эди
Ыйман-жайын билишкен.
Молдокелер барысы
Тириликте сыйлашкан.
Шарапаттуу шакирттер
Насип болсун бейиштен.
Арбагыңар колдосун,
Өмүрү кыска күлүстөн.
Окуп жатып окуштан
Өлүм болгон балдар ай.
Жашабатын[51] насип кыл,
Ошолордун, кудай ай.
Молдо Ырысалы, Садыктар,
Нур чырайлуу жарыктар.
Уста тилим сиздерге,
Айланайын карыптар.
Кадыр билген баарысы
Касиеттүү шакирттер.
Дүйшөнаалы, Эмилбек
Ыйманы көп жарыктар.
Насип кылса, кудай, аа,
Шарапаты анык бар.
Алла таала кудурет
Устат кылдың буларга,
Туюндурдуң, окуттуң.
Акыретке барганда,
Арбактарың колдосун.
Айланайын, балдар, ай,
Асан, Үсөн шакиртим —
Эгиз тууган барабар.
Шарапатың болобу,
Мен карыпка караңар.
Элүү күндөн ашыкча
Колум болду жарадар.
Жардамыңар болобу
Дин чырайлуу жарыктар.
Жан бурадар[52] өлгөндөр,
Жакшы жышаан көргөндөр.
Көңүлү жакын, балдар, ай,
Мен карыпка жардам бер!
Шерти туура келгендер,
Баары бирдей карасаң,

Кандай кылам, карып жан?
Устатымдын бири эди,
Алты молдо бозойду,
Карып жаным бечара,
Куран окуп атагын.
Ак дамбылда агасы,
Сексен эки жашаган.
Азирети жаныбар
Ушунчалык узаган.
Шарапаттуу молдолор,
Кутуламбы балаадан?
Ойлономун мен карып,
Ойлоп жатам толгонуп.
Молдо ажы Чолпонбай
Кирди менин түшүмө.
Баатыр Шабдан жарыктык
Сөз сүйлөдү өзүмө.
Шондон кийин жылыштап,
Келдим айыгаар кезиме.
Жай саратан убагы,
Жакшы жери келатат.
Орозо ай жакындап,
Толуп турган убагы.
Чымын-чиркей тызылдап,
Үйгө туруп бир күнү
Колум чечип карадым.
Ортонумдун сөөгү
Түшөбү деп санадым.
Ары-бери байкадым,
Арзан көрдүм сыягын.
Тобокел деп, кантейин,
Чымырканып чыдадым.
Жулуп алып сөөктү
Зыркырады бу жаным.
Кайрат кылып, кантейин,
Карып жаным чыдадым.
Алгандан кийин сөөктү,
Ооруду, жаман кыйнады.
Сыр алдырбай турам да,
Жаным куруп барады.
Зайып, бала барысы
Эси чыгып куурады.
«Айланайын ата» деп,
Балаларым ыйлады.
Көрдүм далай азапты,

Акыры кудай жалгады.
Ал колумдан аккан кан
Токтобостой көп акты.
Ыйман айтып ичимден,
Окуп турдум аятты.
Өлүм берсең, кудай аа,
Ушул жолдо бере көр.
Тиргизсең да, өлтүрсөң,
Бир жагдайлуу кыла көр.
Ыраазымын бу күнгө
Ыйман менен ала көр.
Колу кургур басылды
Кой сойгондой кан агып.
Карып жаным бечара
Эки көзүм тунарып.
Сар курумшу күйдүрүп,
Таңып койду колумду.
Ойлоп келсем, кудай аа,
Жанды курман кылады.
Беш бармагым төрт болду,
Көркү учуп, кеп болду.
Дарыласам даба жок
Мамындай кыйын иш болду.
Кайсы экенин билбеймин,
Кудай өзү куткарды.
Көк кымыран кайнатып,
Арашандан ичемин.
Алып турам күнүгө
Өткөн күндүн эсебин.
Календердин кагазын
Күндө бирден үзөмүн.
Орозо айын көрсөм деп,
Тилек кылып күтөмүн.
Ырамазан ичинде
Өлөр болсом, кудай, аа,
Дин исламдын коомуна
Аралашаар бекемин.
Андан кийин аз күндө
Орозо келди жакындап.
Молдо Кылыч бечара
Бир кудайга жалынды.
Баштагыдан азыраак,
Балакеттен арылды.
Шарапаттуу күн экен,
Айланайын орозо,

Он эки ислам барысы
Ызат кылып кармаса,
Көрдүм кудай кааласа.
Жаздан бери бир далай,
Кыйын азап көп көрдүм.
Санап жатып канчалык
Далай күндү өткөрдүм.
Бир баш камда кыла көр,
Айланайын жаныбар.
Олуялар, байгамбар
Сени күтүп кармаган.
Он эки айдын ичинде
Алла таалам каалаган.
Бу жарага кез болду
Мен бир карып бечараң.
Айланайын бечара,
Кубат бергин өзүмө.
Эми эмне кылайын,
Айыкпастан, мен өлсөм.
Ага-тууган, жар-жоро,
Артыкча болор арманым.
Андай ишти карыпка
Көрсөтпөсүн кудайым.
Тобокелге сыйынып,
Абал мурун эт жедим.
Жакпай калар бекен деп,
Коркунучка түшкөмүн.
Желгабыздап кетээр деп,
Болбос кепти эстедим.
Жеген тамак аш болуп,
Айыгарыма келгемин.
Көк кымыран кайнатып
Андан кийин ичпедим.
Миң шүгүрлүк кудайга,
Ырамазан ичинде
Ырахатка жеткемин.
Шондон кийин жылыштап,
Жакшы болуп кеткемин.
Жана айтам жана кеп,
Толуп жатат кептерим,
Ооруса да, тилесе,
Кудай тилек берээр деп.
Зарланганмын көбүнчө,
Шарапаттуу экен деп.
Айтканымда ал күндө,

Кылды кудай көп себеп.
Карап туруп бечара
Катын-балдар сүйүндү.
Коркуп жүргөн баягы
Кол жаралар күбүлдү.
Айыгарымдын белгиси
Анык көзгө көрүндү.
Чолок болсо мейли деп,
Байкуш катын-балалар
Баары жогу сүйүндү.
Ар жоруктун баарысы
Ушул жолдо билинди.
Көргөндөрдүн баарысы
Көрүп, кайрат, дем берген.
Бул оорудай ооруну
Жакын жерде ким көргөн?
Эч бир адам көрбөсүн
Дин мусулман пендеден.
Молдо Кылыч бечара,
Бу жарадан чочуба.
Көп дубасы көл деген,
Кубат берер ушуга.
Көңүлү жакын адамдар
Дуба берсин башыма.
Эстеп турсам акыры
Эл айткандар чын экен.
Көрбөгөндөр сыртымдан
Айтып жүрө бериптир.
Элден бата көп алып,
Эрмек болуп жүргөнүм.
Кыргыз тургай дунган да
Кубанганын көргөмүн.
Көп жакшынын ичинде
Далай сөзду тергемин.
Болжоп туруп сүйлөсөм,
Болот калем эрмегим.
Тегеретип олтурсам,
Тегирмендей күрмөдүм.
Кашкарлыктар каңылдап,
Кубанганын көргөмүн.
Бир кудайдын буйругу
Кайсынысын билбедим.
Тагдыр күнүм жетпесе,
Кайдан жүрүп өлөмүн.
Арбактарга сыйынып,

Кудай билет, ким билет,
Ушул сөзүм баары чын.
Жеткиреби себебин,
Байгамбарлар арбагы
Берди бекен тилегин?
Не кылса да тагдырды
Бир кудайдан көрөмүн.
Карып жаным, шүкүр кыл,
Азап көрдүм, жүдөдүм.
Зарлаганым жандырып,
Зайып, балам шаттанды.
Баарыбызды кудайым,
Машакаттан куткарды.
Унутпаймын өлгөнчө,
Бул өндөнгөн азапты.
Ибарат болсо азыр ма,
Кийинкиге сөз калды.
Жардам болуп кудайдан,
Жакшылыкка башталды.
Качан болсо бир өлүм,
Азыркысын тирилтип,
Бир кайрылтып таштады.
Ноокас болуп жатканда,
Жатуучу элем кудай деп,
Кыңгыранып, ойлонуп.
Ойлоп келсем акыры,
Унутпаймын мен карып.
Катынымды карасам,
Эси чыгып элирип,
Кыздарымды карасам,
Мени карап жалооруп,
Чөгөт кылып көңүлүн,
Күндөн күнгө жоголуп...
Кайрат берип турамын:
«Айыгып калды колум» деп.
Өзүлөрү чочуган,
Көңүлдөрү ынанбай.
Кол жарасы жарылып,
Акыр кудай жалгады.
Айта берсем, кебим көп,
Бенде билбейт бергенди,
Унутпайлы көргөндү.
Миң шүгүрлүк кудайга,
Карыптарга дем берди.
Жалга дедик, жалгады,

Күн санап кол айыкты.
Коркуп жүргөн балдарым
Сүйүнгөндөн ыйлады.
Шүкүр кылды кудайга
Жакшылыкка арнады.
Элүү күнчө суу ичип,
Өзүм арык болгомун.
Тамак ичип, аш кылып,
Дартым чыгып, оңгомун.
Кой мууздап, тай союп,
Балаларым бордодум,
Өзүмдөн да артыкча
Ошолорду ойлодум.
Көргөн күндү унутуп,
Тамам баарын сыйладым.
Айланайын балдарым,
Намазыңдан калбагын.
Быйылкы көргөн кордукту
Унут кылып салбагын.
Оюңардан түшүрбө,
Кудуреттин барманын.
Акылыңды жеткирчи,
Айланайын балдарым.
Артын ойло ар иштин,
Ага-тууган, жарларым.
Айта берсем ушундай
Чыга берет сөздөрүм.
Мына мындай иши бар
Молдо Кылыч жайдарым.
Журтка келген сөзүмдү
Ырда десең, ырдайын.
Сөзүм менен адамды
Кадырладым, сыйладым.
Катка түшүп асылып,
Чыкты менин арбагым.
Качан болсо жаныма
Жолдош болсун арбагым.
Кудай үчүн дува бер,
Дин мусулман тууганым.
Жалкоо болуп намазга,
Динге залал кылбагын.
Жаның үчүн талап кыл
Кубантат го ыйманың.
Айыкканда, балдарым.
Өлүп калсам кокустан,

Кагаздарым көргөндө,
— Айланайын ата — деп,
Кетер беле дарманың?
Нуска болуп жүрбөйбү
Катка курал кылганым.
Калайыкка билинип
Белги кылып салганым.
Өлсөм дагы кагазда
Өчпөй жүрөөр арбагым.
Былтыркы өткөн жазында
Колум көрдү жараны.
Быйыл тапты зайбыбыз
Эркек уул — баланы.
Аты болду Тобокел,
Кудайга шүкүр кылалы.
Дал сексен күн болгондо,
Тындырды кудай санааны.
Молдо Кылыч, болду энди,
Акыр муну кой энди.
Кана, айтып терменди,
Катын-бала, бүлөңдү,
Акыл айтып билдирдиң,
Асыл-азап дегенди.
Кайыр кылсын, кудайым,
Колу ачык бендени.
Жолдош болсун ыйманы,
Өлүм камын жегени.
«Оомийин!» деп коюңуз,
Көптөн бата тиленди.

## КЕРМЕ-ТОО

Ак кагазым алдымда,
Кара сыя каламым.
Капилеттен сөз келсе,
Катка жаза саламын.
Кең Кочкордон аттанып,
Жолочулап жүргөмүн.
Көрбөгөнүм көргөндө,
Аң-таң болуп каламын.
Уккан менен көргөнүм,
Баян кылып жазамын.
Аркыраган агын суу
Арасынан жайнаган

Алда канча салаасы,
Телегейи тең экен
Артык жердин сарасы.
Мекен кылган эзелден
Темир, Болот баласы.
Айдап чыккан ал жерден
Кашка майыр[53] төрөсү.
Аны ойлосом айыккыс,
Жүрөктө чер жарасы.
Керме-Тоонун асылы —
Бийик тоонун негизи.
Аны аяктап жазармын
Келгенинде өз кези.
Адырлаган аюу төш
Алкымында керүүсү.[54]
Күдүрү көп, кумдак саз
Баары чөптүн уруусу.
Айтканымды, агалар,
Азыноолок угуңар.
Ай-асмандын боорунда
Керме-Тоодой кайда бар:
Агып жаткан арада
Алда канча дарыялар,
Кече албастан киргенде,
Адам заат сандалаар.
Туш-тушунан куюлган,
Туйлап аккан булактар.
Тунуктугу күмүштөй,
Ичсе көңүл кубантаар.
Кымыз ичкен немедей,
Кыялыңды жубатаар.
Канча ичсе, даам этип,
Кайта-кайта тилетээр.
Жүгүргөн аң,[55] учкан куш
Керме-Тоодо күн өтөөр.
Кызыктыгы башкача,
Күйүттүүнү күйдүрөөр,
Нечен түрлүү макулук
Көрбөгөнүн билдирээр.
Телегейи тең болгон
Адам көрсө, кубанаар,
Аскар бийик зоосунан
Канаттуулар куланаар.
Жан-жаныбар жаралган —
Төрт аяктуу айбандар.

Курт-кумурска, бөй-чаян,
Канча урук жыландар.
Өнүп-өсүп мекендейт,
Жалпы өсүмдүк, жаныбар.
Жан көрбөгөн өмүрү
Жайнап жаткан аңы бар.
Абалтадан барысы
Керме-Тоону жамынаар.
Жандар болсо көрбөгөн
Айың кылып сагынаар.
Өмүрүндө жүрбөгөн,
Көргөн кезде, таң калаар.
Тоосу асман мелжиген,
Төбөсүндө мөңгүлөр,
Бөлөк-бөлөк бөлүнгөн,
Санат жетпес жылгалар,
Уккан адам оозун —
Көрбөдүм деп карманаар.
Катар-катар Керме-Тоо
Бир бирине жалганаар,
Керме-Тоону жай кылып,
Өткөн далай эл-журттар.
Кырылышкан талашып,
Кыргыз, казак, калмактар,
Жана башка көп урук,
Мен билбеген калыктар.
Ортосунда Ысык-Көл
Опсуз калың балыктар.
Күн жүрүшү[56] — Анжиян,
Шымалында[57] — ойроттор.
Күн чыгышы кадимден —
Алты шаар нойгуттар.
Иле жагын ээлеген
Илгертеден казактар.
Катар жатып жердеген
Качантадан калмактар.
Күн батышы чоюлуп,
Түркүстанга такалаар.
Эки ортосу Керме-Тоо
Элде көп го таңданаар.
Эси кетип сонун деп,
Адам уулу сандалаар.
Айта берсем кызыгын,
Ай-ааламга угулаар.
Көрсө, жарпы жазылат,

Көкүрөктө муңу бар.
Аркар, кулжа миңдеген,
Жайнап жаткан бугулар.
Эчки, теке, эликтер
Ирегени сагалаар.
Кумдак жерде куюлган
Чандап жаткан куландар.
Кууган болсо жеткирбейт,
Нече үйөз дубандар.
Жейрени желген адырда,
Жер жайнаган бөкөндөр.
Тоо талашып топтогон
Кыңшылаган чөөлөр.
Аюу, түлкү, кашкулак,
Мадыл, илбирс, бөрүлөр.
Суусары ташта ойноктоп,
Сүлөөсүнү кубулаар.
Бачайыдай кулпунган,
Көргөн көзү жумулаар.
Кыз сыяктуу керилген
Кызыл чаар түрү бар.
Кулак угуп көрбөгөн
Керме-Тоодо туулаар.
Аты бар да, өзү жок,
Адам билбес сонундар,
Айтып берсем билгеним,
Ай-ааламга дүмү бар.
Адамзатча сайраган
Канаттуунун үнү бар.
Акылыңды талыткан
Ар ким укса, жумулаар.
Доңузу жүрөт түйрүйүп,
Жыланы жатат ийрилип,
Бакалары балчайып,
Ташбакасы олчоюп,
Курту жүрөт тыбырап,
Кумурскасы кыбырап.
Каракунас какайып,
Суу бүркүтү акыйып.
Куулары учкан куркулдап,
Кумпай көктө зыпылдап.
Сермегенин жибербей,
Ылаачын куш шыпылдап...
Ак туйгундун бычыны —
Ак шумкары башкача,

Канаттуунун учкулу
Кечке жүрөт чабыттап.
Көбүнесе кеч курун
Безеленип сайраган
Кубулжутуп булбулу.
Канаттуунун чечени,
Үнү кооз, үлгүлүү
Акындыкка жан жетпейт
Ай-ааламга белгилүү.
Чындап таңшып сайраса,
Эригенден жан дили,
Чыкпай калбас ар кимден
Көкүрөктө зар-муңу.
Адамзаат биз түгүл,
Айбандын оойт көңүлү.
Зымырылган турумтай,
Чүйлү менен кыргыйы,
Зыпылдаган жагалмай.
Абалаган торгою,
Кекилик, чил көптүгү.
Өрдөк, чүрөк, бостеги
Мамыгынан жасаган
Башка коёр жаздыгы.
Күйкө, шумкар атанган
Тумшугу болот курчтугу.
Тоо башында уларды
Илип алган замандан
Кара кашка тынары,
Карчыгасы капкайдан
Алмайынча тынабы.
Канаттууну карасаң,
Эң жаманы кулаалы,
Коё берет алганын,
Жүрөгү жок урганы.
Алда канча суу кушу
Суу талаша салат бейм,
Бары жапырт уясын.
Канаттуунун барлыгын
Айта берсе көп уруу.
Адам көрсө, чочунат
Алачыктай кажырын.
Үч бүркүткө барабар
Аккажырдын ар бири.
Асман менен айланган
Алды каткан таз кара,

Андыганы тарп экен
Балта жутар көк жору.
Эрдиги артык бүркүттүн,
Канаттуунун берени,
Эңип учат асманга
Менменсиген бөрүнү.
Далдал кылат каманды
Бүркүттөрдүн кыраны.
Тырмактары болоттой
Тулку бою туруму,
Илип учат текени,
Асмандатып кээ күнү,
Аркар түгүл кулжаны
Алып учат илгери.
Жаралганда артыкча
Анын кылган эрдиги.
Бурчатпаган[58] бугуну
Бүркүттөрдүн алгыры.
Айта берсе, алтымыш
Бүткүл бүркүт урааны.
Кыраан бүркүт — сулуу кыз,
Болсо күлүк-бурагы.
Болот деген эзелден
Эр жигиттин чырагы.
Абалтадан муну айткан
Казак, кыргыз уругу.
Короолусу короздой,
Короздору көнөктөй,
Балтырганы билектей,
Маралдары маңкайып,
Мала кашка инектей,[59]
Керме-Тоону жердеген
Калган эмес өнүкпөй.
Музоолору букачар
Жүк көтөргөн көлүктөй.
Чалкасынан жаткандар
Уйку сурап өлүктөй.
Кара кашка кедейлер
Жан сактаган мал күтпөй.
Желе тартып каркыра
Чубай учкан чуркурап,
Катарланган туруна
Асман менен зыркырап.
Ак шумкарды көргөндө,
Быт-чыт болгон дыркырап,

Тепкенинде асмандан
Дал-дал болуп быркырап.
Атып чыгып шуулдап,
Чакмак уруп көкөлөп.
Аткан октой дуулдап,
Зуулдаса учканда,
Корголоогон коңулдап.
Бирме-бирге бир өзү.
Тоодак куштун жөөсү,
Боз кушунун дөөсү.
Канча учса кемибейт,
Канатынын күүсү.
Токту этине тең келет
Тоодагыңдын өзгөчө
Шумкар экен жоосу.
Бирди алса, канагат,
Карчыганын мүнөзү.
Миң да болсо кыйратат
Ак шумкардын кээси.
Айдап келет алыстан
Тапкөй[60] болсо ээси.
Айлы жакын калганда,
Калтырбастан терисин
Тээп жүрүп түшүрөт,
Көктө жүрүп баарысын.
Керме-Тоону көрсөңүз
Токой экен толгон чер.
Ою-тоосу дебестен
Жер жемиши төгүлөөр.
Обологон асманда,
Канча калың жыгачтар:
Кайың, моюл, чынары,
Алма, чие, анары,
Жийде менен өрүгү
Жер жүзүнө жеткирбейт
Керме-Тоонун көрүмү.
Жапырагы жалтырайт,
Теңселгенде тереги.
Жер бетине сыйбаган
Жемишинин кенени.
Созолонуп сайраган
Булбул куштун тунугу.
Сайраганда таңшыган
Сары барчын жоругу.
Жаза берсем бир китеп

Керме-Тоонун боруму.
Айта берсем, түгөнбөйт,
Арта берет тарыгы.
Актап алса күл азык
Аштыгынан таруунуу.
Бадам, мисте, жаңгагы
Май катары ар бири.
Ай ааламга ашкере
Жемишинин арбагы.
Жер жүзүнө жеткирбейт
Жалпы кеңдин салмагы.
Арасына салынган
Алда канча чарбагы.
Жибек менен кебези,
Жыялбастан чарчаган
Нече түрлүү мебесин.[61]
Карагайы, талы бар,
Калайыкты тойдурган
Ширин, шекер, балы бар.
Байчечекей байраган
Баа жетпес дарылар.
Уу коргошун, мамыры,
Шыраалжыны дагы бар.
Артык дары ак кодол
Айта берсем бары бар.
Жалпы жандар, өсүмдүк
Издегениң табылаар.
Тоосу менен оюнда
Толуп жаткан кени бар.
Төрт түлүгүн төлдөткөн
Жыргап жаткан эли бар.
Жыты жыпар атырдай,
Буруксуган гүлү бар.
Абалтадан жердеген
Ата менен бабалар.
Асмандаган чокусу
Алда канча тоолор.
Адам түгүл куш өтпөс
Аска, бийик зоолор.
Араласа, арасы
Чалкып жаткан талаалар.
Ортосунан шаркырап,
Оргуп чыккан суулар,
Кечип аны өтө алгыс
Бир-биринен эликтер.

Керме-Тоону көрсөңүз:
Алда канча өзөндөр.
Айтып берген карыя,
Ак сакалдуу көсөмдөр.
Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Чүй,
Арасында кең Кочкор,
Көрсө, көңүл тойдурган,
Кереметтүү Ысык-Көл,
Кимди болсо телмирткен
Телегейи тегиз жер.
Жутап малы өлбөгөн
Жайы, кышы семиз жер.
Канаттуу куш, канча аң
Санат жетпес, көп жандар,
Ысык-Көлдө дуулаган
Кары менен уландар.
Айланасы аскар тоо
Чеп салгандай дувалдар.
Кетмен-Төбө сол жагы,
Бержагында Суусамыр,
Аягында кең Талас
Келбетине таң калаар.
Күн батышка жөнөгөн
Агып жаткан дайра бар.
Эзелтеден атанган
Олуята калаа бар.
Камышы бар, чийи бар,
Калың кара токойлор,
Жердеп турган эр Манас,
Казак, кыргыз, ногойлор.
Бетеге, шыбак буралган
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлөк жерден бөтөнчө
Берекелүү чарбалар.
Кетмен-Төбө, кең Талас
Чүйгө тете баасы бар.
Айтылгандын өзгөчө
Ала-Тоодон чеги бар.
Баарысынын бабасы
Улуу тоо деген теги бар.
Айта берсем, чарчабай
Адам угаар кеби бар.
Улуу тоону жазаарга
Агайындар эби бар.
Көйкап тоосу болбосо

Улуу тоого теңелээр
Ай ааламда кими бар?
Абалтадан атактуу
Арбагы чоң дүмү бар.
Жалпы жандар жан сактайт,
Жаралган да сонундар.
Жан аралап көрбөгөн,
Жаткан далай орундар.
Улуу тоодон күн элткен[62]
Айтылгандын баары бар.
Жемишин жесе, өлбөгөн
Качантадан элеттер.
Мал бакпастан, аң менен
Далай жандын күнү өтөөр.
Коёнунун чоңдугу
Кой-эчкини жаңылтаар.
Кубулжуп кушу сайраса,
Уйку басып, талытаар.
Бугусу бар букадай,
Кара жанын каркытаар.
Үңкүрдө үкү талпынган,
Үстүндө сайрайт күкүктөр.
Шабырда күрүч шоодурап,
Шагы ийилген жемиштер.
Шалбаада сайрайт бытбылдык,
Көрө албаган көргүчтөр.
Чабагы сууда ыргыштайт,
Алабуга, каңылтыр.
Токоюн короз оттогон,
Көрсө көңүл семиртээр.
Мүнүшкөрү куш салган,
Кызыктырып теминтээр.
Жейрени желип токтобой,
Жете албаган күлүктөр.
Учу асман тиреген
Адам ашпас бийиктер.
Узкайың тоодо бүрдөгөн,
Учу асманда жыгачтар.
Үнүн укса, сүрдөгөн,
Кара чаар жолборстор.
Кадимкидей аралаш
Аюу, каман, илбирстер.
Кундузу бар кулпунган,
Кургак жерге жүрбөстөр.
Карагайды жамынган

Карала жүн, кара кур.
Улары зоодо үндөгөн
Укса көңүл сабылтаар.
Үнү муңдуу созулган
Оюңузду чабылтаар.
Бөксөдө бөрү кубактап[63],
Жел куюндай чабыттаар.
Бөктөрдө түлкү булактап,
Жыра жерди чабыттаар.
Асман көктө шаңшыган
Атактуу чөл бүркүттөр.
Сурайылдай[64] койкойгон
Суксур кушу ойноктойт.
Суудай агып жукпаган,
Тартары көп сойлоктойт.
Кулун болуп чыңырган
Чакчыгайы андан көп.
Бүткөн бою найзадан
Кирпи чечен жөргөлөп.
Канаттуунун учкулу
Кара боор, чулдурук,
Карлыгач менен бир тууган
Чабалакей чулдурап.
Мен билбеген миңдеген
Жан жаныбар мындан көп.
Улуу тоодон тараган,
Башка жерин көрөлүк:
Наркы чети Сары-Кол,
Алай тоого жанаша,
Берекелүү Фергана.
Бери жагын карасаң,
Алда канча ала тоо.
Иле жагын талашкан,
Күн чыгышы Үрүмчү.
Көрө албадым, угушум,
Гүлдөп жатат деп уктум
Жалпы бары таранчы.
Күнөс, Текес, Чоң-Жылдыз
Казак менен калмакка
Качантадан караштуу.
Казак менен калмактын
Мал киндиги өрүшү.
Өсө келген дүркүрөп,
Төрт түлүктүү малы ушу.
Жатпайт дешет аң уулап,

Жашы менен карысы.
Аралаша жердеген
Казак, калмак баарысы.
Бадал, токой, чытырман
Иле бою, тоосу.
Илбээсини сандаган,
Ителгинин коозу.
Итти тепсе, сулаган,
Чыга түшкөн мээси.
Салбырындай[65] сан казак,
Марал менен бугусу.
Аягында ай талаа
Жаткан жердин сарасы.
Адырлаган чыбырын
Санат жетпейт санасаң.
Көрө албадым көз менен
Алты шаар суусун.
Ажылардын айтышы
Чоң дейт Сырдын дайрасы.
Арада жатат узабай,
Иле менен Чуусу.
Жээк бойлой маңдайлаш
Калың токой барысы.
Сөксөөлү чөлүндө,
Кара сууда камышы.
Санаты жок сан булак,
Капчыгайы, жылгасы.
Көз жетпеген чыбыры,[66]
Кокту, колот, куушу.
Жылдыздаган шабыры,[67]
Жыбыт менен коосу.
Башатында эсеп жок,
Майда быткыл арасы.
Улуу тоонун башында,
Музарт тоонун башында
Булут менен борошо.
Төбөсүнө жетпеген
Шамалынын дуусу,
Карылардын кеби ушу.
Эмкилерден көргөн жок
Анын барын бир киши.
Көөрүк баскан эмедей,
Жарык муздун күүсү.
Асман мелжийт төрүндө
Аска зоонун мөңгүсү.

Алыс дебей ал жерди
Байыркынын жүрүшү.
Жылкы тийип алчу экен
Казак менен кыргызы.
Илгеркини сүйлөгөн
Карылардын кээси.
Улуу Тоонун башкадан
Чоңдугунун белгиси —
Булуттан озуп асманда
Көк тиреген эң учу.
Бийиктиги жаанда
Же биринчи, экинчи.
Жер байлыгы жана да
Бүткөн бою-турушу.
Издегендин баары бар
Телегейи тегизи.
Илгертеден жетпеген
Улуу Тоого жер жүзү.
Алмаз, темир, таш көмүр,
Алтын менен күмүшү.
Алда канча асыл таш
Адам жетпес баасы.
Жер алдына батпаган
Коргошуну, жез, миси,
Толуп жатат күкүртү,
Тузу менен колоосу.
Болсо керек дагы да
Биз билбеген жынысы.
Аты бар да, өзү жок
Асылдардын уруусу.
Байчечекей жайнаган
Ою менен тоосу.
Кызгалдагы баарыдан
Бар өсүмдүк сулуусу.
Кыз-келиндей кылактап,
Кыздай болуп теңселген.
Кыргоолдой булгактап,
Кыз сыяктуу суйсалган.
Түр салгандай манаттап,
Тоту куштай кийинген.
Жаза албайсың сыпаттап,
Жадырашып ыргалган,
Жайкалганда кубулуп,
Түш кийиздей түрлөнгөн.
Бачайылап, макмалдап,

Килем көчөт ойгондой.
Көргөн адам эрмектеп,
Талыгандай, козголбой,
Эзилишип эт-беттеп,
Ар ким дилин бергендей.
Чырмаган чий сыпаты
Көргөн киши талгандай,
Тири түгүл өлгөндөр
Келип карап тургандай.
Бекем болуп бир кудай,
Көтөрөмүн кол жайып,
Ыйманымды бер, кудай.
Эрмек кылып сайраган
Молдо Кылыч кургур, ай.
Жазып өттүм далай сөз
Жанга пайда бергендей.
Барбы, жокпу билбеймин,
Жугумталы кымындай.
Жугаар болсо айтканым
Чымын-чиркей тилиндей,
Бата сурайм барыңдан
Ыйманымды мен тилей.
Керме-Тоону аяктап,
Акырына келатам.
Кезегинен калтырбай,
Азыноолок кеп айтам.
Айтарымдан алыстап,
Адашкансып баратам.
Тегеренген кызыл тил
Ден соолукка жараша.
Талыбаган көмөкөй,
Тажабаган дабышым.
Керме-Тоодо бар экен
Алда нече арашан.
Суусу ысык кайнаган,
Колуң салып карасаң.
Жалындаган оту жок
Кайнаткан деп санасаң.
Жагып жаткан отун жок,
Асты жагын оодарсаң.
От чыккан жер болот деп,
Угаар элем ар качан.
«Укмуш эмес, ырас,» — дейт,
Жаштан чыккан молдосу.
Жаңы усул[68] окуган

Арасынан күбөсү.
Нышааны[69] дейт тозоктун
Эшен, шайык, кожосу.
Арашанга насилдеш[70]
Болобу деп болжосом.
Боломбу деп күнөкөр
Анык сырын билбесем,
Айта албадым кандайын
Акылым чак болгон соң.
Бир кезекте чечермин,
Билим тапсам мындан соң.
Жер титирейт солкулдап,
Кыямат жуук келген соң.
Титирейт деп ойлоймун,
Жерге күнөө толгон соң.
Жазып калсам, кокустан,
Жаратканым колдосун.
Эл чуркурайт жалбарып,
Ай менен күн өлгөн соң.
Агайындар, курдашым,
Кадыр көңүл калбаган
Замандашым, сырдашым,
Жагар болсо жазганым
Өлүп кетсем, ырдасын.
Өткөнбү деп калээти,[71]
Акын болсо ылгасын.
Калет калган бар чыгаар,
Айыбы жок жөндөсүн.
Ыйманымды тилеймин
Дуба кылчы мен десең.
Дагы жазам далай сөз
Насип болсо — өлбөсөм.
Азырынча токтодум,
Сөзүм бүтүп калган соң.
Дагы далай жазышаар
Дастан кылып менден соң.
Коргон экен өлгөндүн
Артындагы белгиси.
Абалтадан адамдын
Үрпү-адат үлгүсү.
Барлык менин жазганым
Башым көргө кирген соң,
Кыямат күн келгенче
Тура турган күмбөзүм.
Кокус тилим күрмөлсө,

Айтып кеткен керээзим —
Кереги жок чалдыбар
Коргон менен күмбөзүң.*

## ЖИНДИ-СУУ

Болот калем болжоосуз
Тантык эмес тили так.
Чие бербейт орунсуз
Бекеринен тантырап.
Кажыбаймын мен өзүм,
Кызыл тилим, сүйлөп бак.
Тиричилигиң ганимат[72]
Агайындар — жамаат[73],
Ажал жетип, күн бүтсө,
Алдыбызда топурак.
Жутпай койбойт баарысын
Өлүм деген — аткан ок.
Ажал жокко — өлүм жок:
Тоодон кулап, суудан ак,
Эч бир зыян келтирбейт,
Атып жаткан замбирек.
Кээ кишиге кезигет
Насип кылса тоодай бак.
Оюнда жок, түштө жок,
Оролуп келет алтын так.
Оодарылган дүнүйө
Орнобогон түбөлүк.
Тилегине жетпестен,
Өткөндөр көп зар ыйлап.
Өлүп кеткен арманда,
Ай ааламда далай ак.
Ажал жетип куланып,
Агып өлгөн андан көп.
Көргөнүмдү, билгеним —
Жаза салдым ар убак.
Абалтадан жайлуу суу
Сарбагыштын Көк-Ойрок.
Көчөт экен жабыла
Күз башынан ылдыйлап.
Жолоочулап Кочкордон
Чубуруп келип күңгөйлөп,

---

* Ала-Тоо, № 2, 1989.

Агып кете жаздадым,
Жинди-Суудан термелеп.
Айтып өтөм алымча
Айып кылба, сал кулак.
Аз да болсо укканга,
Дастан болоор бир сабак.
Далай тоонун бийиги
Жинди-Суунун тоосу,
Алда канча кийиги,
Асмандаган зоосу.
Атырылган аңы көп,
Айбанаттын коозу.
Атчан кууса, жеткирбейт
Ар кийиктин боозу.
Адамзатка карматпайт,
Аркары жаңы тууса да.
Жетпес анын артынан
Кош ат менен кууса да.
Колго түшпөйт козусу
Алды-артын бууса да.
Ар жандарга ар амал
Насил болгон тубаса.
Айтаар кебим — Жинди-Суу,
Олтургандар унаса.
Алда кандай себептен,
Акыл менен болжосом,
Зилзалайы[74] сел менен
Болсо керек ылгасам.
Атып чыккан жарылып,
Башкы төрүн карасаң.
Агыны шар, тик жылга,
Аягында коосу.
Эки жагы тең кашат,
Кысык экен кууш у.
Чакырымча чоюлган
Тоо, таш, шагыл турушу.
Агып жатат чамынып,
Жиндиленген суусу.
Кечер болсо, жутам деп,
Оп тарткандай оозу.
Киргенинде буркурайт
Тумандаган буусу.
Зилзаладай дүркүрөйт,
Күрпүлдөгөн күүсү.
Күндүк жерге угулат

Күркүрөгөн дуусу.
Кечкенинде ар качан
Арылбаган чуусу.
Арча аралаш карагай,
Аягында кылдоосу.[75]
Агындыдан калгандай
Азыноолак чулдусу.[76]
Доңуз сырты, бетеге,
Чөбүндө жок гүлдүүсү.
Алкымында түптүгөл
Өсүмдүктүн түрлүүсү.
Оң жагынан тирелген,
Саз аралаш кара суу.
Сол жагынан сүйөгөн
Кичинекей бел ашуу.
Күзгө маал болгондо,
Төр талашкан конушу.
Эптүү экен жаярга
Эки жаккы өрүшү.
Элдин көзүн телмирткен
Жинди-Суунун өлкөсү.
Кар жааганда учпаган
Бодо малы, жылкысы.
Башка жерге күн жааса,
Элинин жок уйкусу.
Элге, журтка артыкча
Отуну мол олжосу.
Туура кечип өтпөгөн
Жылдыздаган көп сазы.
Желеленген карагай,
Жээк бойлой көк түзү.
Үркүп чыккан эмедей,
Карагайлуу коктусу.
Башка жерден кемдиги
Көк-Ойроктун жок түзү.
Тескейинде керилген,
Тектирленген торпусу.
Күн чыгыштан көрүнгөн
Көк-Ойроктун өз ичи.
Күн батыштан аркайган
Айтымбеттин чокусу.
Күнгөйүндө көп экен
Калың арча, коктусу.
Ар жылгасын жүз түтүн
Жайлап жатат өлчөсөм.

Маңдайында баткалыш[77]
Кара-Кумдун жылгасы.
Калың карга алдырбас
Мал жайыттын ордосу.
Жылгасынын оозунда,
Айтып берди бир киши:
Абалтадан жердеген,
Калмакынын кыштоосу.
Этегинен башталат
Капталдагы кыясы.
Калың арча, карагай
Каршы-терши салаасы.
Каптал жолдон өткөндө,
Кашкелеңдин жаасы.[78]
Торпуланган каман төш
Чалкак экен талаасы.
Кар жатпаган жайында
Кара кумдак тоо башы.
Арсак ташка аралаш
Кызыл кабык согондор,
Кылыч пияз дагы бар,
Капталынан карасам,
Жегиликтүү даамы бар.
Базар пияз курусун.
Көк-Ойрокко барбастан,
Басып өттүм тымызын.
Итке берет деп уктум
Жуурат менен кымызын.
Өзүм аны көрбөдүм
Анык экен мунусу.
Атаке эли сарбагыш
Жайлап аткан эл ушу.
Мал дөөлөткө жеткирген
Жери экен ырысы.
Тоо башында кароолу —
Айтымбеттин дөбөсү.
Айтаар эле Кочкордон
Жашы жеткен карысы.
Насили экен Катаган,
Баатыр өткөн ал киши.
Айтымбеттин кимдигин
Анык билет ар киши.
Анын кылган эрдиги
Артык экен угушум.
Баарын жазып берерге

Мүлдө келбейт кыюусу.
Сырты жайык, көк шибер
Сарбагыштын жайлоосу.
Жайлаганда чарбага
Артык экен пайдасы.
Жери бекем жалгыз жол,
Жеке дөрөө[79] ашуусу.
Кышта калат кар басып,
Күрткү аралаш көк музу.
Канаттуулар болбосо,
Адамдын жок өткүсү.
Жинди-Суудан каныккан
Кузгун менен бөрүсү.
Асман менен айланган
Аңдап жүрөт жорусу.
Карагайды жамынган
Калың экен доңузу.
Кийик көрсө аңдыган
Чамынышкан илбирси.
Аюулары ар качан
Адамга көп кылмышы.
Ажалына даарыган
Коргоолдой коргошун.
Толуп жатат дагы да
Көк-Ойрокто илбээсин.
Угаар болсо баяндайм
Жинди-Суунун турмушун.
Туш-тушунан аянбай,
Куюп жаткан бары суу.
Балыктары көп экен:
Кичинеси, ириси.
Жинди-Суудай кишини
Агызбаган баарысы.
Зыяны жок кымындай,
Жумшак экен агышы.
Актым деген кишинин
Угулбады дабышы.
Көк-Ойрокто жок экен
Чийи менен камышы.
Мындан башка өсүмдүк
Жан-жаныбар жынысы.
Толук экен Keминде
Издегениң табасың.
Оолугасың Жинди-Суу,
Жин ургандай желди суу.

Жиндиленген чагында
Кечкен кетпейт эсен-соо.
Ысык болуп күн жааса,
Кире турган белгиси.
Тоо жаңырып, таш агып,
Күлдүрөгөн сүрдүү суу.
Чалмаланып, сурданып,
Ылайланган кирдүү суу.
Тунук агып, жыбылжып,
Кирбегенде нурдай суу.
Эртең менен, түндө тынч,
Түш кыйшая — аңги суу.
Кары жашка карабас,
Тил албаган маңги суу.
Тоо жаңыртып киргенде,
Кече албаган миң десе,
Кирбей калат, жай агып,
Бүркөк болсо бир эсе.
Төө өркөчтөп киргенде,
Кишинин жок көргүсү.
Эрибеген эзелден
Эң башында мөңгүсү.
Заарканып карабай,
Заматта жок тургусу,
Ак-караны тергебей,
Адамга өч, кандуу суу.
Көктөм менен күзүндө
Сопу болгон бир кези.
Жайдын күнү ысыкта
Жиндиленет мүнөзү.
Агызаарда текшербейт
Адамзаттын күнөөсүн.
Качып кетет капкайда
Кашындагы жолдошуң.
Качпаганда не пайда?
Жинди-Сууну ылгасам,
Эч ылаажы кылалбайт.
Кудай медет бербесе,
Таштан-ташка соккулап,
Агызууда белгиси.
Алачыктай, төөдөй таш
Асты-үстү жандоосу.
Арасында айланпа,
Кечүүсүнүн көлмөсү.
Жарча келген бийикче,

Эки жаккы көбөөсү.[80]
Илебине от жанып,
Эч кимди жок койгусу.
Шарга кирип кеткен соң,
Пайда кылбайт далбаса.
Агып өлө жаздадым.
Ажалым жок болгон соң,
Мейман дебейт бир келген
Кантип ичим жылысын.
Уяты жок Жинди-Суу,
Канга тойбос бөрүсүң.
Агызууда тилегиң,
Кантип ишиң оңолсун.
Сел жүргөндөй тополоң,
Киргениңде буурасың.
Үйөр, көчкү, кыяндай
Борошолоп турасың.
Кайгы, капа, кандуу бет
Жалынсаң да болбойсуң.
Бөгүп жолун кезенип,
Жолоочуну торгойсуң.
Жоо сыяктуу узанып,
Тил албаган долусуң.
Бай кечкенде айгырчан
Ажалынан коргойсуң.
Чабал атчан кечкенде,
Жалынса да койбойсуң.
Жарга уруп, шар менен
Шалактатып сомдойсуң.
Арык атчан, кечпегин,
Агып өлүп шордойсуң.
Агып кете жаздадым,
Жинди-Сууң оңбосун.
Алтын, күмүш берсе да
Мындан кийин келбесмин.
Бир чакырым жогору
Кашат жандап өрдөсөң,
Кечүүсү бар алкымда,
Жөө кечсең да өлбөссүң.
Жинди-Суудан кечериң
Алкым жолго салгайсың.
Андан кечсең убалың,
Агып өлүп калгайсың.
Айтканымды ар дайым
Унутпагын ар кайсың.

Аягын кечсең аныгы
Оозуңду кармайсың.
Кирбегенде Жинди-Суу,
Ширин-шекер балдайсың.
Кирбегенде жоп-жоош
Миниш берген малдайсың.
Жинди-Сууга бутум тоз.
Өрттөн калган күйүктөй
Өчпөгөн чок кордойсуң.*

АЛДАМЧЫ

Келип кетем Шамшы ашып,
Кезегинде Токмокко.
Кээде жолдо жолугам
Кыйкырышкан бир топко.
Кылгырышып чогулган,
Конуп жаткан ашпоздо.
Арак, сыра[81], бозо ичкен
Ылжыган мас акмакка.
Кокус түшүп кетпесин
Жети түрлүү тозокко.
Масчылыктан барысы
Батабыз деп кызыкка,
Кумар ойноп кетишет,
Арампоздук бузукка.
Тааныганы ырда деп,
Салып кетет азапка.
Кызыталак дешишип,
Корсулдаган ала өпкө.
Кой союшуп, эт жеген
Денгенеге[82] кызыккан.
Жолугушуп калыпмын
Кокусунан бир итке.
«Денгенеге кошул — деп,
Калбаңыз — деп,— иреттен,
Кантип карап турасың,
Куру калып бул эттен.
Акчаңызды төлөймүн,
Куткарам — дейт,— милдеттен».
Убадага карадым
Жетишпестик себептен.

* Ала-Тоо, № 2, 1989.

Акырында, чиркин ай,
Салды капа күйүткө.
Сен черикчи, мен тынай
Деген сөзү эң өттү.
Жанымдагы акчамы
Этке төлөп, кур кеттим.
Акча чиркин курусун,
Жолугупмун илдетке.
Беш-алты күн сүзөктөп,
Каңгып жүрдүм элетте.
Качан болсо бачагар
Алдамчылык тилекте.
Атын айтсам, эң уят,
Өзү манап уруктан,
Конок келсе, кубалап,
Кондурбастан куруткан.
Тышка барса чиренет,
Манапсынып ант аткан.
Ашып барып Кочкордо
Алда канча жолуккан.
Жаңы уктум кабарын
Каттоо келип улуктан.
Опус[33] кылып мал-мүлкүн,
Ажыраткан уяттан.
Андан башка иши жок,
Алып кеткен бир атын.
Киши акысын кишиге
Кетирбеген жараткан.
Насиялап[84] алчу экен
Токмоктогу бай сарттан.
Далай алдап ар кимди,
Булун бербей боздоткон.
Беремин деп, чай ичип,
Бечараны сыздаткан.
Акырында жазасын
Улук берген тияктан,
Жөө калтырып бозортуп,
Ач бөрүдөй улуткан.
Өмүр бою киши алдап,
Жан сактоого каныккан.
Жаш чагынан бузуку
Алдоо менен күнү өткөн.
Алдамчылык кесипти
Көңүлүнө уюткан.
Алдамчынын ар качан

Алла ишин кыйыткан.
Сакта кудай ар кимди
Ал сыяктуу бузуктан.
Алдамчыны көргөмүн,
«Азыр берем»,— деп айткан
Жалганчыны көргөмүн.
Акырында ар кимге
Салган чырын көргөмүн.
Акыйкатка келгенде
Жалган, чынын көргөмүн.
Алдап жүрүп ар жерде
Калган чырды көргөмүн.
Алдап күнүн көргөндүн
Артык ойлойм өлгөнүн.
Көпкөндөрдү көргөмүн,
Көпкөндөрдүн түбүндө
Көзүнөн учуп арача,
Көп бергенин көргөмүн.
Шок болгонду көргөмүн,
Шок болгондун түбүндө
Көрүнгөнгө соктуруп,
Жок болгонун көргөмүн,
Зор болгонду көргөмүн,
Зор болгондун түбүндө
Ичерине аш таппай,
Кор болгонун көргөмүн.
Тар болгонду көргөмүн,
Тар жүргөндүн түбүндө
Эки этек, бир таяк
Зар болгонду көргөмүн.
Өкүмдөрдү көргөмүн,
Өкүнгөнүн көргөмүн.
Эртели-кеч тепки жеп,
Өкүргөнүн көргөмүн.
Манаптарды көргөмүн,
Малы түгүл, ити жок,
Дубанадай тиленген
Жалактарды көргөмүн.
Пара алганды көргөмүн,
Пара алгандын түбүндө
Элге болуп шерменде,
Камалганын көргөмүн.
Жел өпкөнү көргөмүн,
Жел өпкөнүн түбүндө
Кызыл-ала кан болуп,

Жөлөткөнүн көргөмүн.
Тим жүргөндү көргөмүн,
Тим жүргөндүн акыры
Өз акына тең болуп,
Тың жүргөнүн көргөмүн.
Тек жүргөндүн түбүндө,
Жакшы менен жаманга
Тең жүргөнүн көргөмүн.
Берендерди көргөмүн,
Узак бейил, кең санаа
Кыяматта кебелбес
Терендерди көргөмүн.
Кенендерди көргөмүн,
Акылга дыйкан, даанышман,
Душманга эч жан кыйбаган
Кеменгерди көргөмүн.
Алдамчылык упасыз
Илим, окуш, акылсыз —
Тиричиликте тең болуп,
Жүргөндөрдү көрбөдүм.
Ойноп, күлүп не таптың
Оюң менен дардактап?
Ойлогонуң насия
Алдап жүрсөң ыржактап,
Өзүң мээнет кылбастан,
Алдоо менен жан сактап.
Ар ким жүрөт алдатып,
Арт жагыңдан кансыктап.
Качан болсо кумарга
Отурасың кырсыктап.
Катын менен кыз-келин
Шылдың кылат ырсактап.
Арак, бозо ичкениң
Кыркка жете кылжактап.
Ортосунда эки үйдүн
Оронгдойсуң далбактап.
Кыз, келин бар айылга
Алда кайдан шалпактап,
Жетсең дагы, жетпесең,
Жаның калбай жалпактап.
Кыя карап кыз койсо,
Жаның таштап ыржактап.
Келин чыкса керилген,
Кылак карап, кылчактап.
Нааданчылык акмак иш

Алдаганың кой, бетпак!
Эр мойнуна болсун карз:
Окуш менен ок атмак.
Жан жыргалы ыракат,
Тарбиялап ден бакмак,
Чарба менен мал тапмак.
Мал деп жүрүп ажырайт
Абийирден кээ акмак.
Дене-боюн тазалап,
Этиеттеп жан бакмак.
Суугa сүзмөк баш өнөр,
Учкан куштай зыпылдап,
Артык өнөр ат чапмак.
Бекерликке үйрөнсөң,
Көрүнгөнгө сен талпак.
Алдаганың коё гөр
Насыятым ар убак.
Кыйбат эмес көзгө айтмак,
Чукулунан сөз айтмак.
Билимпоздун адаты —
Терең ойлоп, тез айтмак!
Тепендешип теминип,
Далбас уруп демигип,
Казак, кыргыз өнөрү
Тарап десе жээлигип.
Кар жаагандай карганша,
Жамгырча жок жалгаса.
Бар өнөрү «жакшынын»
Эл жемекке далбаса.
Жаман айтса, жактаган,
Жакшы кепти жектеген,
Манабындын адаты —
Кара болсо, ак деген.
Билгин десе, билбеген,
Билген тилиң албаган:
Кыргыз, казак адаты.
Оң жагына жүрбөгөн,
Кылар ишти кылбаган —
Боз баланын адаты.
Жакшылыкка барбаган,
Отко айдаса, баспаган,
Аразылык сактаган —
Алдоо, ууру өнөрү.
Ойнош десе, жатпаган,
Бозо ичсе, болукшуп,

Кымыз ичсе, кылыксып,
Текеберлик, кербездик.
Кийим кийсе, улуксуйт,
Баатыр десе, мактанган.
Казак, кыргыз адаты,
Олжо десе, суктанган.
Андай эмес заманың,
Алды-артыңа карагын.
Алдамчылык курусун,
Илим болсун жарагың.
Эсиң болсо, түйүп ал,
Айткан сөзүм, карагым.
Окуп өнөр, акыл тап,
Насыятым, чырагым.
Оомийин деп дува кыл,
Окугандар — агайын.
Кол көтөрүп турамын,
Жазып өттүм далай сөз
Бергенине кудаанын.
Узун болсо өмүрүм.
Жолдош болсун ыйманым.*

### КЫЗ-ЖИГИТ

Кыз жетиге келгенде
Энесин кошот жергеге.
Ойногону куурчак,
Кызыл-тазыл нерсеге...
Сегизинде секелек
Ыркын башка бөлгөнү.
Тогузунда толгонот,
Ойго түшүп ар неме.
Дебилгелеп,[85] сермелеп,
Жакындашат күзгүгө.
Он жашында обозго[86]
Оюн жакка умтулуп,
Көңүл коёт комузга.
Он биринде оолугуп,
Көңүлдөнөт абыдан
Оюн менен күлкүгө.
Он экиге келгенде,
Кыз-келинге жакындап,

* Ала-Тоо, № 2, 1989.

Эртели-кеч өргөөдө.
Он үч жашта ойлонбойт
Теңтушунан өңгөнү.
Буладай болуп булайып,
Ай тамагы кылайып.
Он төрт жашта кыз бала
Тоту куштай булактайт.
Толукшуган тууган ай.
Он беш жашка келгенде,
Ой-тилеги сүйгөндө.
Чолпондой жүзү жаркырап,
Кызгалдактай кылактап,
Кызыл алма анардай.
Жигит ынтык[87] зарланып,
Жетпедим деп арданып.
Ашык болчу ар качан
Күндүз-түнү какшаган,
Кызыл өңү самандай.
Он алтыга келгенде,
Тирүү эмес өлгөндөр
Жүзүн көрүп талгандай.
Жигит түгүл кары да
Жанган жарык панардай.
Он жетиге келгенде,
Оюндун гүлү болгондо,
Короздонуп койкойгон,
Теректей болуп теңселип,
Чырпыгы алтын чынардай.
Ыргайдай болуп ыргалып,
Көркүн көрсө, таңданып,
Буластай басып буралып,
Эптелишип кыналып,
Сүйлөгөндө жоодурап,
Сөөлөтү туйгун тынардай.
Жатса, турса оюнан
Сүйгөн жарын чыгарбай.
Тазалыгы жанда жок,
Ар ким көрсө, кумардай.
Бети кызыл, эти ак,
Көзү жанган шам чырак,
Күлүк аттын мойнуна
Тагып койгон тумардай.
Көрбөсө жигит эңгиреп,
Мас сыяктуу зеңгиреп,
Бир мүнөткө туралбай,

Эриксиз кетет күйөөгө
Ыктыяры суралбай.
Күйөөсүнө келгенде,
Таанымбаган жат элде
Пенде болуп жалдырап,
Үйдөн карыш чыгалбай.
Эске түшүп кыз чагы,
Эстен кетпей баштагы...
Эл билет деп калтырап,
Эрикkenин жазалбай.
Торго түшкөн кушка окшоп,
Жетим калган кызга окшоп,
Бутка кишен түшкөнсүп,
Карыш эрден басалбай,
Күн тундуруп, түн болуп,
Үйдөн чыкпай, дым болуп,
Бир да көөнүн ачалбай...
Жакшы болсо күйөөсү,
Жалпы баары бүлөсү.
Эл шатырап үйүндө,
Эртели-кеч базардай.
Жаман болсо тийгени,
Өрттөй ичи күйгөнү.
Кайгыдан жүрөк чер болуп,
Өпкө көөп казандай.
Улутунуп, үшкүрүп,
Көздөн жашын басалбай.
Оюн, күлкү жоголуп,
Зарланган үнү азандай.
Кыздын көбү жалгама,
Кыз сыягы тышындай.
Жүздөн бири чалдан жуук,
Өмүрү өткөн кысылбай.
Ким күнөкөр текшерсең,
Кыздар калбай жышылбай
Азгырмайын койбогон
Кызды жигит түшүн ай.
Алып түшөт асмандан
Ак карчыга кушундай.
Жүздөн бири эсен соо
Эрге кетет бузулбай.
Бузулбастан өмүрү
Өткөн алтын буусундай.
Алдагандын өмүрү
Өтөр согуш чуусундай.

Кыз-жигитке тең кесир
Арампоздук[88] кызылдай.
Оодарылбас жаш болбос,
Устаранын мизиндей.
Арампоздук, алдамчы
Азезилдин[89] туусундай.
Ажырашып кеткен соң,
Кышкы чилде суусундай.
Алданбаган кыз-жигит
Адам жеңгис жоосундай.
Жылдызы жарык, өмүрү
Жаркыраган ай, күндөй.
Тазалыкта кыз-жигит
Айдың көлдүн өзөндөй.
Башканын пейли кандайча,
Менин оюм ушундай.
Кыз, жигитке бирдей иш
Жашчылыктын барында,
Он жети менен он беш жаш
Кыян-селдин шарындай.
Куласа тоодон аска таш
Ким токтотот кымындай?
Кулаган ташты сезбестен,
Тийгенде калбас жарылбай.
Шол сыяктуу көйгөй жаш,
Көйгө[90] салат ар кандай.
Кулаган таш, жүргөн сел
Адамдын көпкөн жашындай.
Ойлосоңуз ушул иш
Ар адамдын башында.
Мейли жигит, мейли кыз
Токтотсо боюн көпкөн кез.
Мүрөктүн өлбөс дарысы
Адамзатка табылгыс.
Айткан менен ал ишти
Кылалбадык өзүбүз.
Ак чатырдай ак үйдүн
Аныгында керек жок.
Куба төбөл үй болсун
Тышы бозум, ичи ак.
Антташканың, алганың
Болсун ичи шам чырак.
Көрсө копол сыртынан,
Ыгы болсун сизге бап.
Ичи ириң, ылайдын

Сырты болоор апаппак.
Тандап жүрүп алганың
Антташканың сынап бак.
Сыры сизге эп келсе,
Жандан кечип, сылап бак.
Талпак болсо тандамал
Бет кызарып, сынаар шак.
Жүрөгүңө чер болуп,
Көкүрөккө калаар так.
Көрүнгөндөй күзгүдөн
Жанашалап бой кынап,
Ыкымына келгенде,
Тартсаң качат нарылап.
Карматпаган закымдай
Жалт беришет чын ынак.
Колдон түшкөн сымаптай,
Коргошундай думалап.
Тили сенде, тили жат
Алдап, арбап, сөз улап.
Эзилишип, эришип,
Күлүмсүрөп гүл бурап.
Тоту куштай керилип,
Жандай басып шоодурап.
Жанын жанга кошконсуп,
Кыйгач карап жоодурап.
Чырайланып сырт берсе,
Кимдер калбас жалдырап.
Таразага тартканда,
Акыйкатын кубалап,
Күн чыгыштык, күн батыш
Баарын текшеп абайлап.
Эркек, аял — баарында
Бирдей экен бул сынак.*

### БУУДАЙЫК

Мурунку өткөн заманда,
Жан-жаныбар аманда,
Жаныбек аттуу хан болгон,
Ар түлүккө шай болгон.
Ошо хандын тушунда
Кара Төлөк саятчы
Кушка тилмер жан болгон.

---

* Ала-Тоо, № 2, 1989.

Саятчы Төлөк тилмериң
Бир түнү жатып түш көргөн,
Түшүндө жакшы иш көргөн.
Эртең менен болгондо
Энесине сүйлөгөн:
— Түндө жатып түш көрдүм,
Өзүмө жакшы иш көрдүм.
Токойду көздөй барыпмын,
Токойдогу көп кендир
Аны алып келипмин,
Кыз-келинге ийиртип,
Торду түйүп салыпмын.
Көк кендир-жибек тор алып,
Ак көгүчкөн тир[91] алып,
Эркин-эркин-эркин тоо,
Эркин тоонун ар жагы —
Телегейи тегиз тоо,
Тегиз тоонун бер жагы —
Айры белес, ач кайкаң,
Алакандай көк тайпаң
Мына ошого барыпмын.
Чырпыктарды сайыпмын,
Торду жайып салыпмын.
Куш төрөсү Буудайык,
Аны кармап алыпмын.
Абалкандын Жаныбек,
Ага тартуу кылыпмын.
Ат баштаган бир тогуз,
Аны берди бегилик.[92]
Төө баштаган бир тогуз,
Муну берди бегилик.
Кой баштаган бир тогуз,
Дагы берди бегилик.
Үй баштаган бир тогуз,
Аны да берди бегилик.
Сандыргалуу сандыгым
Сары алтынга толтурду,
Санаам менен болтурду.
Көпкөк болгон көмүркөй
Көп күмүшкө толтурду,
Көңүлүм менен болтурду.
Буларды алып жатыпмын,
Бул эмне болучу?
Энеке, бул түшүмдү жоручу.
— Уккамын, балам, карыдан,

Көптү көргөн сарыдан:[93]
Буудайык кармап алганда,
Бу тапка кирбейт дечү эле.
Тапка кирсе, Буудайык
Колго конбойт дечү эле.
Колго консо, Буудайык
Туурга турбайт дечү эле.
Туурга турса, Буудайык
Үндөккө келбейт дечү эле.
Үндөккө келсе, Буудайык
Кармап алган ээсинин
Төш этин оёт дечү эле,
Боор этине тоёт дечү эле.
Кочкул канын агызып,
Көзүнө куят дечү эле.
Табы катуу Буудайык
Анан тапка келет дечү эле.
Койгун, балам, барбагын,
Азапка мени салбагын. —
Энесинин сөзүнө
Саятчы бала болгон жок,
Асили тилин алган жок.
Кушка тилмер саятчы
Көк жибектен тор алып,
Көк көгүчкөн тир алып,
Эркин-эркин-эркин тоо,
Эркин тоонун ар жагы —
Телегейи тегиз тоо,
Тегиз тоонун бер жагы —
Айры белес, ач кайкаң,
Алакандай көк тайпаң,
Көк тайпаңга барганы,
Төлөнү[94] куруп салганы.
Куш төрөсү Буудайык —
Кудайдан тилеп калганы.
Нак ошол кез күндөрдө,
Куш төрөсү Буудайык
Тамашага чыгыптыр.
Кабар салып, куштарды
Бирин койбой жыйыптыр.
Он ылаачын, он туйгун —
Он жагында кароолу,
Беш ылаачын, беш туйгун —
Беш жагында кароолу.
Туштап учкан турумтай,

Жандап учкан жагалмай,
Кырдап учкан кыргыйек,
Туу көтөргөн тазкара,
Туу белгиси каркыра.
Эшик ага бүркүтсүң,
Чындап ачууң келгенде,
Жалпы кушту үркүттүң.
Баарын жыйып алды ошол,
Тамашага чыкты ошол.
Анда жалпаңдап учкан ак сары,
Кудай алган кулаалы,
Көзү кызыл бөктөргү
Булар туруп кеңешет:
Сай жакалай учсакчы,
Сарала моюн соно алып,
Муну тоют кылсакчы.
Көл жакалай учсакчы,
Көк ала моюн соно алып,
Аны тоют кылсакчы.
Кайтып чыгып келсекчи.
— Макул болот, куп болот,
— Баракелде, эп болот,—
Деп убада кылышып,
Көл жакалай учуптур.
Көк моюн соно табалбай,
Жалпаңдап учкан ак сары
Кайрылып өйдө чыгыптыр.
Айры белес, ач кайкаң,
Алакандай көк тайпаң —
Көгүчкөндү көрдү ошол,
Качырып сала берди ошол.
Торго келип чалынып,
Колго түшүп калды ошол.
Жакын жаткан саятчы
Ыргып тура калды ошол,
Келип кармап алды ошол.
Ары имерип караса,
Бери имерип караса,
Чын Буудайык өзү эмес,
Өзү турмак көзү эмес.
«Буудайыктын текөөрү
Темирдей болот дечү эле.
Тепкени өлөт дечү эле;
Канаты кайкы дечү эле,
Жогдору[95] тайкы дечү эле.

Бели мекир дечү эле,
Көзү чекир дечү эле.
Үнү заар дечү эле,
Жүнү чаар дечү эле.
Куйругу кундуз дечү эле,
Чабыты[96] жылдыз дечү эле,
Куйругу кучак дечү эле,
Чалгыны бычак дечү эле.
Бул Буудайык өзү эмес,
Өзү турмак көзү эмес.
Мойнун үзүп алайын,
Жайып койгон торума
Садага кагып салайын»,—
Так ошентип, саятчы
Чыгарып тордон алды ошол.
Мойнун үзүп калды ошол,
Садага кагып салды ошол.
Жасап койгон ноочага
Дагы кирип жатты ошол.
Кудай алган бөктөргү
Сай жакалай учту дейт,
Сарала соно таба албай,
Кайта келе жатты дейт.
Айры белес, ач кайкаң,
Алакандай көк тайпаң
Үстүнөн учуп өттү дейт,
Көгүчкөндү көрдү дейт,
Качырып сала берди дейт.
Кудай алган бөктөргү,
Чалынып жатып калды дейт.
Жакын жаткан саятчы
Ыргып тура калды дейт,
Чыгарып тордон алды дейт.
Ары имерип караса,
Бери имерип караса,
Буудайыктын өзү эмес,
Өзү турмак көзү эмес.
— Кудай алган бөктөргү,
Мойнуңду жулуп алайын,
Жайылып турган торума
Садага кагып салайын. —
Ошенткенде саятчы,
Бөктөргү туруп муну айтат:
— Айланайын, саятчы,
Кагылайын, саятчы.

Мойнумду жулуп нетесиң,
Не муратка жетесиң?
Сенин сураганың эмне?
Сенин тилегениң эмне?
Сенин саптаганың эмне? —
Анда Төлөк муну айтат:
— Менин сураганым — Буудайык.
Менин тилегеним — Буудайык.
Менин самаганым — Буудайык,
Менин саптаганым — Буудайык. —
Бөктөргү анда жалынат:
— Экөөбүз дос бололук,
Коё бергин сен мени.
Мен оңдой-оңдой учайын,
Буудайыктын оң колтук
Учуп кирип барайын.
Солдой-солдой учайын,
Буудайыктын сол колтук
Учуп кирип барайын.
Машайыктын[97] жолунан
Абдан жатып тилейин.
Азгырып алып келейин.
Самаганың Буудайык
Ээрчитип келип берейин. —
Саятчы туруп ойлонуп,
Бул сөздү макул көрдү ошол.
«Баргын, жаныбарым» — деп,
Бошотуп коё берди ошол.
Зыпылдап учуп бөктөргү
Буудайыкка барды ошол,
Барып айтып калды ошол:
— Айланайын төрө куш,
Кагылайын төрө куш,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Эркин-эркин-эркин тоо,
Эркин тоонун ар жагы —
Телегейи тегиз тоо,
Тегиз тоонун бер жагы —
Айры белес, ач кайкаң,
Алакандай көк тайпаң.
Мында сарала моюн сагызган,
Сандап бир жаткан көгүчкөн!
Ага учуп барсакчы,
Бирден-бирден алсакчы!

Чала тоют болсокчу,
Анан кайта чыгып келсекчи. —
Куш төрөсү Буудайык
Бул ишти макул көрдү ошол.
«Баракелде эргул!» — деп,
Калдаңдап учуп калды ошол.
Айры белес, ач кайкаң,
Ага жетип келди ошол.
Куш төрөсү Буудайык
Көгүчкөндү көрдү ошол.
Токтонуп тура албастан,
Качырып сала берди ошол.
Көк жибектен торлорун
Көңтөрүп алып кирди ошол.
Ак жибектен торлорун
Аңтарып алып кирди ошол.
Жакыт жаткан саятчы
Барып баса калды ошол,
Чыгарып тордон алды ошол.
Ары имерип караса,
Бери имерип караса,
Чын Буудайык өзү экен,
Өзү турмак көзү экен.
Мунун текөөрү темир турбайбы,
Тепкени өлөт турбайбы.
Үнү заар турбайбы,
Жүнү чаар турбайбы.
Куйругу кундуз турбайбы,
Чабыты жылдыз турбайбы.
Бели мекир турбайбы,
Көзү чекир турбайбы.
Куйругу кучак турбайбы,
Чалгыны бычак турбайбы.
Чын Буудайык өзү экен,
Өзү турмак көзү экен!
Кушка тилмер саятчы
Баабединди көп айтып,
Үйүнө алып келди ошол.
Эл-журтунун баарына
Кабарды катуу берди ошол.
Калың түлөө кылды ошол.
Абалкандын Жаныбек
Ага алып келди ошол.
Ат баштаган бир тогуз,
Аны берди бегилик.

Төө баштаган бир тогуз,
Муну берди бегилик.
Кой баштаган бир тогуз,
Дагы берди бегилик.
Уй баштаган бир тогуз,
Аны берди бегилик.
Сандыргалуу сандыгын
Сары алтынга толтурду,
Санаасы менен болтурду.
Көпкөк болгон көмүркөй
Көп күмүшкө толтурду,
Көңүлү менен болтурду.
Абалкандын Жаныбек
Буудайыкты алды ошол.
Куш төрөсү Буудайык
Колго конбой койду ошол.
Колго консо, Буудайык
Туурга конбой койду ошол.
Туурга консо, Буудайык
Тапка кирбей койду ошол.
Тапка кирсе, Буудайык
Үндөккө келбей койду ошол.
Анда Абалкандын Жаныбек
Калкына кабар салды ошол.

«Буудайыкты ким тапка келтирсе, самаганын беремин»,— деп жар салды.

Анда калың элдин ичинен кунажын куйрук куу кемпир чыгып келип:

— Алдаяр ханым, самаганымды берсеңиз, мен тапка киргизем,— деди.

— Самаганыңды айт, беремин,— деди хан.

— Менин самаганым ушул: он беш жаштагы балага алып бериңиз, анан айтамын.

Хан кемпирдин тилегин орундады, он беш жашар балага никелеп алып берди.

Кемпир сырды чечти: Буудайыкты ким кармаса, ошону сойгузуп, төш этинен ойгузуп, боор этине тойгузуп, канын көзүнө куйса тапка кирет, жайылып чыкканда, көзүнө эмне көрүнсө, ошону алат,— деди.

Аны уккан соң, хан саятчыны чакыртты. Саятчы сөрун билип, элин жыйып алып, керээзин айтты:

«Буудайыкты таптоого
Мени хан алпарып сойгондо,
Төш этимен ойгондо,

Боор этиме тойгондо,
Чарайна менен чаптаңар,
Булгаары менен каптаңар.
Отуз жолдун оозуна
Оңдоп алып коюңар.
Тогуз жолдун тоомуна
Топтоп алып коюңар.
Бейитимдин үстүнө
Кош көчөттү орнотуп,
Мунар кылып коюңар.
Жалгыз чырпык сайдырып,
Чынар кылып коюңар.
Индистандан куш келсе,
Мунарыма туш келсе,
Куштан зая[96] болду деп,
Дуба кылып өтөргө,
Дубасы кабыл жетерге.
Меке менен Медина —
Бул экөөнөн куш келсе,
Чынарыма туш келсе,
Бата кылып кетерге,
Батасы кабыл жетерге».

Саятчы сөзүн бүтүп, ханга барды. Хан саятчыны сойдуруп, Буудайыкка жем кылды.

Куш төрөсү Буудайык
Төш этинен ойду ошол,
Боор этине тойду ошол.
Көзүнө канын куйганда,
Тапка келип калды ошол.
Тапка келбес Буудайык
Абалкандын Жаныбек
Алып чыгып салды ошол.
Көсөө куйрук көк даңгыт
Карышкыр алды Буудайык.
Чагарак куйрук, чаар жон
Жолборс алды Буудайык.
Түндө-түндө жүгүргөн
Түлкү алды Буудайык.
Караңгыда жүгүргөн
Карсак алды Буудайык.
Тектирдеги текени
Терип алды Буудайык.
Куюлушта кулжаны

Kууп алды Буудайык.
Эңкейиште эчкини
Эңип алды Буудайык.
Адырдагы аркарды
Аны да алды Буудайык.
Бадалдагы маралды
Барып алды Буудайык.
Арсаң-арсаң жүгүргөн
Аюу алды Буудайык.
Тишин ташка бүлөгөн,
Ырыскы жерден тилеген,
Чөп тамырга тойбогон,
Качырганын койбогон
Каман алды Буудайык.
Абалкандын Жаныбек
Ойго салса, Буудайык
Ойдон неме койбоду.
Тоого салса, Буудайык
Тоодон неме койбоду.
Ал аңгыча болбоду,
Астыңкы жак быткылдан
Алтымыш айры ак бугу
Арбаңдап качып берди ошол.
Абалкандын Жаныбек
Ага шилтеп калды ошол.
Асыл куштун баласы
Ак бугуга карабай,
Асмандап учуп калды ошол.
Караны кара саларбы,
Качырып карап каларбы!
Төрөнү төрө саларбы,
Төмөн карап каларбы!
Анан куш төрөсү Буудайык
Алтындан боосун тытты ошол,
Айга карап сызды ошол.
Күмүштөн боосун тытты ошол,
Күнгө карап сызды ошол,
Көздөн кайым болду ошол.
Салган күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык
Качып кетип калды ошол.
Абалкандын Жаныбек

Аңырып карап калды ошол.
Жанында жигиттерине
Жаныбек туруп кеп айтат:
— Үңкүр ташка барыңар,
Өкүрүп кайтып келиңер.
Чагыр ташка барыңар,
Чакырып кайта келиңер.
Андан арга болбосо,
Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы
Тынымсейит баласы
Кушка тилмер дечү эле,
Ошого кабар айтыңар.
Бачым жетип барыңар,
Буудайыкты издесин,
Издеп барып сурасын.
Таап алып бу келсе,
Ат баштаган бир тогуз,
Аны берем бегилик.
Төө баштаган бир тогуз,
Муну берем бегилик.
Кой баштаган бир тогуз,
Дагы берем бегилик.
Уй баштаган бир тогуз,
Аны да берем бегилик.
Сандыргалуу сандыгын
Сары алтынга толтурам,
Санаасы менен болтурам.
Көпкөк болгон көмүркөй
Көп күмүшкө толтурам,
Көңүлү менен болтурам.—
Абалкандын Жаныбек
Бу жардыкты берди ошол.
Жанындагы жигити
Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы,
Тынымсейит баласы,
Ага жетип барды ошол,
Баарын айтып калды ошол:
— Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Абалкандын колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык
Качып кетип калды ошол.

Сени кушка тилмер дечү эле.
Буудайык таап сен келсең,
Төрт түлүк малдан тогуздан
Чубуртуп санап аласың.
Сары алтын менен күмүштү,
Шалдыратып каласың. —
Саятчынын баласы
Бул жардыкты укту ошол,
Кер ооз атын минди ошол,
Кебез тонун кийди ошол,
Күл азыкты жыйды ошол.
Буудайыктын артынан
Издеп жүрүп калды ошол.
Атынын оозун бошотуп,
Сар талаа ылдый салды ошол.
Талаада аштык айдаган
Дыйкандарга барды ошол:
— Айланайын дыйкандар,
Шамынын шайлаган,
Шайлап аштык айдаган.
Ак үрөнүн чачтырган,
Жердин жүзүн ачтырган.
Буурусунун буктурган,
Кара жерге суктурган.
Кош өгүзүн байлаган,
Көшүлтүп аштык айдаган.
Күздүн күнү болгондо,
Орогун уста таптаган,
Качыраган ак буудай
Башынан ылдый каптаган.
Топонун тоодой жыйдырган,
Кызылын кырдай үйдүргөн.
Бешилигин аштаган,
Кызылын асмандата таштаган.
Ак улагын бакырткан,
Айылдын кабын чакырткан.
Көк улагын бакырткан,
Көптүн баарын чакырткан,
Айланайын дыйкандар,
Баарың мында турупсуң!
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Буудайык качты көрдүңбү?

— Андай неме билбедик,
Сурай бергин, жаш бала,
Буудайыкты көрбөдүк. —
Андан ары чапты ошол,
Жыйналышып отурган
Калың кушка барды ошол,
Барып сурап калды ошол:
— Котурепей коңкулдак,
Кой кайтарган тоңкулдак,
Ала тамак чыйпылдак,
Ала карга азанчы,
Кара карга казанчы,
Сагызган элдин жокчусу,
Коң карга элдин бокчусу,
Баарың мында турупсуң.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык
Качып кетти көрдүңбү?
Андай неме билдиңби?
— Андай неме билбедик,
Сурай бергин, жаш бала,
Буудайыкты көрбөдүк. —
Андан ары барды ошол.
Чогулушуп отурган
Чымындарды көрдү ошол.
Алардан сурап калды ошол:
— Кара чымын бир өзүң,
Кашка чымын жолдошуң,
Узун тумшук чиркейсиң
Ачык күндү бүркөйсүң;
Узун сары машасың,
Жазынкысын болгондо,
Аштыкчынын такымын
Алдастатып ашайсың;
Көгөн деген бийиң бар,
Көк камыштан үйүң бар.
Баарың мында турупсуң.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки намаз бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Буудайык качты, көрдүңбү?

Андай неме билдиңби?
— Андай неме билбедик,
Буудайыкты көрбөдүк,
Сурай да берчи, жаш бала. —
Андан ары желди ошол,
Сагызганга келди ошол.
Кушка тилмер жаш бала
Сурап жатып калды ошол:
Ойдо жоор көрүнсө,
Ойдолотуп кубасың,
Алып келип жыгасың.
Оң көзүнөн оёсуң,
Сол көзүнө тоёсуң.
Кырда жоор көрүнсө,
Кыйкандатып кубасың,
Кыйрайтып барып жыгасың.
Оң көзүнөн олуйсуң,
Сол көзүнөн чокуйсуң.
Арт жагыңды карасам,
Келеңкер чачпак салгандай,
Бут жагыңды карасам,
Соору өтүк кийгендей,
Сагызгандай баатыр куш,
Сен да мында турасың.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык,
Буудайык качты көрдүңбү,
Же кабарын билдиңби?
— Андай неме көрбөдүк,
Андай неме билбедик,
Сурай бергин карагым. —
Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы,
Тынымсейит баласы
Ары карай барган соң,
Чакчыгайды тапкан соң:
— Жаз болгондо жан бүткөн
Тилин баарын туурайсың,
Кыш болгондо сен байкуш
Жер түбүндө куурайсың.
Чакчыгайдай чечен куш,
Сен да мында турупсуң.

Кечээ күнү кечинде,
Кечки намаз бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык
Качып кетти көрдүңбү?
Андай неме билдиңби?
— Андай неме билбедим,
Буудайыкты көрбөдүм,
Издей бергин, жаш бала. —
Кер ооз атты теминип,
Илгери карай демигип,
Калың кушка учурап,
Алардан да сурады:
— Жандап учкан жагалмай,
Туштап учкан турумтай,
Кырдап учкан кыргыйек,
Он ылаачын, он туйгун —
Баарың мында турасың.
Беш ылаачын, беш туйгун —
Бешөөң мында турасың.
Туу көтөргөн таз кара,
Туунун беги каркыра,
Эшик ага бүркүтсүң,
Чындап ачууң келгенде,
Жамы кушту үркүтчүүм —
Баарың мында турасың.
Кечээ күнү кечиде,
Кечки салкын бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Буудайык качты көрдүңбү?
Андай неме билдиңби?
Анда туруп калың куш:
— Андай неме көрбөдүк,
Андай неме билбедик,
Издей бергин, жаш бала,—
Деген сөздү айтышты.
Андан ары желди ошол,
Үпүптөргө келди ошол.
— Жазгы чыккан үпүпсүң,
Сайрап турган күкүксүң,
Агайындуу жан элең,
Экөөң мында турупсуң.
Боолуу кушту качырып,

Издеп жүрөм жапырып,
Андай неме билдиңби?
— Андай неме билбедик,
Сурай бергин, жаш бала. —
Ары карай жүргөн соң,
Каршы алдына кез келди
Чегиртке менен көпөлөк.
— Жазгы чыккан эбелек,
Миң бир түрлүү көпөлөк,
Шиш-Төбөнүн арпасын
Терип жедиң, чегиртке.
Кош-Төбөнүн буудайын
Койбой жедиң, чегиртке.
Чегиртке сенде арзым бар,
Чейрек арпа карзым бар —
Экөөң мында турасың.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык,
Буудайык качты, көрдүңбү?
Андай неме билдиңби?
— Андай неме билбедик.
Сурай да бергин, жаш бала. —
Саятчынын баласы
Сан бөлүнүп санаасы,
Андан ары жүрдү ошол.
Канаттуудан учкулга,
Кара канат кузгунга,
Кузгундарга келди ошол:
— Бөрү көрсө, дос болгон,
Мөөнүн берсе, кош болгон,
Карсак көрсө, дос болгон,
Кардын берсе, кош болгон
Сен кузгунсуң, кузгунсуң,
Жамы куштан учкулсуң,
Сен да мында турасың.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Буудайык качты, көрдүңбү?
Андай неме билдиңби?
— Андай неме билбедим,

Сурай бергин, жаш бала. —
Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын баласы
Аты болду ыргайдай,
Бити болду торгойдой.
Ары карай жүргөн соң,
Жар боорунда жарганат,
Жарганатка кез келди.
Мына ошондон сурады:
— Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Жаныбектин колунан,
Машайыктын жолунан
Куш төрөсү Буудайык,
Буудайык качты, көрдүңбү?
Андай неме билдиңби?
Андай неме туйдуңбу?
Жар боорунда жарганат
Жаны калбай карганат:
— Буудайыкты көрбөдүм,
Качкан кушту билбедим.
Менин күндүз көзүм көрчү эмес,
Түн ичинде көрчү эле.
Тилимди алсаң, жаш бала,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып учайын.
Мединанын беш бурчун
Беш айланып учайын,
Көрүнсө, айтып келейин,
Көрүнбөсө, кайтып келейин.
Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы,
Тынымсейит баласы,
Ушу жерге сен жаткын. —
Бу сөздү айтып жарганат,
Издеп учуп жөнөдү.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып учту эми.
Учуп жүрүп жарганат
Буудайыкты тапты эми:
Кара тоонун боорунда,
Кара үңкүрдүн ичинде,
Буудайык жатат булайып,
Саңоор жүнү кылайып.
Жарганат көрүп алды ошол,

Кайта жолго салды ошол,
Салып жетип келди ошол,
Балага келип айтты ошол:
— Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы,
Тынымсейит баласы,
О, сүйүнчү, сүйүнчү!
Айткан сөзүм туюнчу!
Кара тоонун боорунда,
Кара үңкүрдүн ичинде,
Буудайык жатат булайып. —
Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы,
Тынымсейит баласы
Алла деп атка минди ошол,
Кара тоо көздөй жүрдү ошол.
Кара үңкүрдө Буудайык,
Салып жетип барды ошол,
Барып кармап алды ошол.
Үйүнө алып келди ошол,
Калың түлөө кылды ошол,
Калкына мыктап берди ошол.
Абалкандын Жаныбек
Буудайык кармап келди деп,
Кулагына түштү ошол.
Абалкандын Жаныбек
Барып алып келгин деп,
Эки бирдей ак таяк[99]
«Бар!» деп жумшап ийди ошол.
Алар барып, айтты ошол:
— Жылкы ичинде аласы,
Саятчынын жалгызы
Тынымсейит баласы,
Сен Буудайык кармап келипсиң.
Абалкандын Жаныбек
Буудайык алып келсин дейт,
Биз экөөбүздү буюрду.
Ат баштаган бир тогуз
Муну берет бегилик.
Төө баштаган бир тогуз
Муну берет бегилик.
Кой баштаган бир тогуз
Муну берет бегилик.
Уй баштаган бир тогуз
Муну берет бегилик.

Сандыргалуу сандыгың
Сары алтынга толтурат,
Санааң менен болтурат.
Көпкөк болгон көмүркөй
Көп алтынга толтурат,
Көңүлүң менен болтурат. —
Алар барып айткан соң,
Саятчынын баласы
Куш төрөсү Буудайык
Алып жүрүп калды ошол.
Абалкандын Жаныбек
Ат баштаган бир тогуз
Аны берди бегилик.
Төө баштаган бир тогуз,
Дагы берди бегилик.
Кой баштаган бир тогуз,
Муну берди бегилик.
Уй баштаган бир тогуз,
Аны да берди бегилик.
Сандыргалуу сандыгын
Сары алтынга толтурду,
Санаасы менен болтурду.
Көпкөк болгон көмүркөй
Көп күмүшкө толтурду,
Көңүлү менен болтурду.
Буудайык алып колуна,
Хан көңүлү жайланды.
Бу куш төрөсү Буудайык
Жапан болуп калыптыр.
Тапка келсе, Буудайык
Колго конбой коюптур.
Колго консо, Буудайык
Туурга конбой коюптур.
Туурга консо, Буудайык
Үндөккө келбей коюптур.
Абалкандын Жаныбек
Айласы жаман кеткен соң,
Саятчынын баласын
Атасынча сойгузду.
Төш этинен ойгузду,
Боор этине тойгузду.
Көзүнө канын куйгузду,
Калган сөөгүн жыйгызды,
Чарайна менен чаптады,
Булгаары менен каптады.

Атасы менен баласын
Отуз жолдун оозуна —
Ондоп алып койгузду.
Тогуз жолдун тоомуна —
Топтоп алып койгузду.
Бейитинин үстүнө
Кош жыгачты сайгызып,
Мунар кылып койгузду.
Жалгыз чырпык сайгызып,
Чынар кылып койгузду.
Индистандан куш келсе,
Мунарына туш келсе,
Куштан зая болду деп,
Дуба кылып өтсүн деп,
Дубасы кабыл жетсин деп.
Меке менен Медина —
Бул экөөнөн куш келсе,
Чынарына туш келсе,
Бата кылып өтсүн деп,
Батасы кабыл жетсин деп.
Мунун барын бүткөндө,
Тапка келбес Буудайык
Тапка келип калды ошол.
Абалкандын Жаныбек
Алып чыгып салды ошол.
Тектирдеги текени
Терип алды Буудайык.
Куюлушта кулжаны
Кууп алды Буудайык.
Эңкейиште эчкини
Эңип алды Буудайык.
Чагарак куйрук, чаар жон
Жолборс алды Буудайык.
Көсөө куйрук көк даңгыт
Бөрүнү алды Буудайык.
Түндө-түндө жүгүргөн
Түлкүнү алды Буудайык.
Караңгыда жүгүргөн
Карсак алды Буудайык.
Тишин ташка бүлөгөн,
Ырысын жерден тилеген,
Качырганын кайсаган
Каман алды Буудайык.
Арсаң-арсаң жүгүргөн
Аюу алды Буудайык.

Адырдагы аркарды
Аны да алды Буудайык.
Бадалдагы мадылды
Барып алды Буудайык.
Бүдүрдагы бугуну,
Муну да алды Буудайык.
Ойго салды, Буудайык
Ойдон неме койбоду.
Тоого салды, Буудайык
Тоодон неме койбоду.
Ал аңгыча болбоду,
Астыңкы жак быткылдан
Алтымыш айры ак бугу
Арбаңдап кача бергени.
Абалкандын Жаныбек
Ага шилтеп калганы.
Ак бугуга карабай,
Асыл куштун баласы
Асмандап сызып калганы.
Караны кара саларбы,
Качырып карап каларбы!
Төрөнү төрө саларбы,
Төмөн карап каларбы!
Анан куш төрөсү Буудайык
Алтындан боосун тытты ошол,
Айды карап сызды ошол.
Күмүштөн боосун тытты ошол,
Күндү көздөй сызды ошол.
Абалкандын Жаныбек
Ак бугуга салам деп,
Асыл куштун баласы
Буудайыкты качырып,
Муңканып карап калды ошол.*

КАНАТТУУЛАР

Сүйлөп сөзүм чачайын,
Сөз килитин ачайын.
Кароолуна келтирип,
Түз шыкаалап атайын.
Жатып чындап жактырам,

* Бектенов З. Биздин адабият. Толук эмес орто жана орто мектептердин 6-класстары үчүн. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1946, 111—121-б.

Жазбай аткан мергенди.
Катындарда уста көп,
Өрмөк согуп бергенди.
Бул адамзат пендеге
Кайсы жандар теңгелди.
Алтын, күмүш уштаган,
Эрикпеген зергерди.
Канаттуунун баарында
Миздүү тырмак чеңгелди.
Ит агытып, куш салган
Мүнүшкөрдүн адети.
Кушка себеп учарга,
Узун чалгын канаты.
Кыз баладай кыпыйып,
Кыргыйга такса жагоону.
Аппак болот кебездей
Ак шумкардын саңоору.[100]
Алып түшөөр тоодакты
Алгыр куштун кырааны.
Илбесинди куткарбас
Туйгун куштун чырагы.
Казды басаар өрдөктөй
Кара кашка тынары.
Асман менен кайкыган,
Ылаачындын учкулу.
Бир тепкенде өлтүргөн
Кара кунас буттууну.
Сайса залал кылалбас
Көк кытандын тумшугу.
Айтаар сөзгө ылайык
Ылаачындын алганы.
Тепсе жерден учурбас,
Керилип турган турнаны.
Бүркүттөн күчү кем эмес
Кубатынын долбоору.
Бөпүлөсө, келбеген
Далбаа[101] менен үндөгөн.
Кара барчын бүркүттөр
Каршы алдына келбеген.
Коё берсе, чукулдан
Колу менен ирмеген.
Тегиндеги адети,
Айланайын жаныбар,
Тепмейинче жүрбөгөн.
Алла таала кудурет

Ар түрдүү жан жаратты.
Айтып акыл жете албас,
Асмандагы канаттуу.
Кара бүркүт жорулар
Ташка чычаар богу бар.
Ошончолук чоң туруп,
Ылаачын кууса корунаар.
Кудай таала кудурет
Кубат берип койгон соң,
Ар жаныбар ичинде
Бу сыяктуу сүрү бар.
Чүйлү менен куштардын,
Кыраанын көр шумкардын.
Алып келип салганда,
Алып калаар аксарды.[102]
Мүнүшкөрүң жараса,
Бүркүт алаар калтарды.
Адам көрөт эрмекти,
Мүнүшкөргө жараша
Кыргый алат өрдөктү.
Өлүмтүктү көп издеп,
Бөрү тартат эмгекти.
Куркулдаган кузгунга,
Кара ташты жуткурга,
Кайда болсо аңдыган,
Карышкырга туткунга.
Кара жору, кажырлар
Кайраты жок чабалдар,
Өлүмтүктү көп издейт,
Уяты жок жамандар.
Башы такыр чоң жору
Кийик алып жегендей,
Мындай куштун чоңдору.
Кайда болсо жоруга
Кузгун жолдош болгону.
Карышкырдан жем аңдып,
Кайып келип конгону.
Кудай таала кудурет
Өзү ушундай кылганы.
Айры куйрук, кулаалы,
Тырмагы бар бу дагы.
Канаттуудан айлансын
Кайраты жок кубары.
Карга көрсө какылдап,
Шылдың кылат такымдап.

Алды-артына карабай,
Качып берет салпылдап.
Куруп калган кулаалы,
Кара чымчык кууганда
Жана коркуп калганы.
Момун сымак немедей,
Бу байкуштун кыялы.
Кармай алып жебеген,
Кайраты жок урганы.
Кебетеси-кешпири,
Куш макалдуу сыягы.
Ала карга, сагызган
Жоор жылкы көрүнсө,
Чокуп канын агызган.
Асман айдан туйлатып,
Аркасына жабышкан.
Кара карга каралар
Көпчүлүгүн карасаң,
Чегирткеге барабар.
Кырк миңине карчыга
Жалгыз кирип аралаар.
Кудай урган сагызган
Коркпой туруп бачагар,
Жылкы менен алышкан.
Карчыганы көргөндө,
Кайраты жок калтырап,
Кара жерге жабышкан.
Айланып кет баччагар
Шакылдаган дабыштан.
Жандан ашкан сугалак,
Кырчаңгыны кубалап,
Ону, беши жабышса,
Жаман кылаар жаралап.
Караан кылып токойго
Качып кирээр сабалап.
Ителгиден коруган,
Бокту көрсө чокуган.
Ала карга, сагызган
Напсиси жаман сорунган.
Түйшүгү көп жаныбар
Түндө жүргөн бабырган,
Күндүз көзү көрө албай,
Түн киргенче зарылган.
Ар жандарга ырыскы
Бет алдынан табылган.

Жан жараттың мунетип,
Каз-өрдөктүн баарысын
Кара сууга түнөтүп.
Тири жанды койгон жок,
Ырыскысын түгөтүп.
Баёлугу үкүнүн,
Кара жүнүн түлөтүп.
Кудуретин көрдүңбү,
Ушуларды акыры
Ысык менен суукка
Койгону жок жүдөтүп.
Көлдө жүргөн кууларды,
Тоо башында уларды,
Адамзаат насиби
Алал кылды буларды.
Кара кашка кекилик
Канатынын чубары.
Өрдөк менен чүрөктүн
Көлдүн үстү турагы.
Сууга башын чумкутуп,
Бир-биринен ар жанды,
Ушунчалык коркутуп.
Койдой болгон тоодакты
Кол башындай боз кушка
Алкымынан карматып.
Каркыра, каз, куулардын
Канчаларын чуулатып.
Кара чымчык, боз торгой
Кыргый куштун берени
Азык кылып куураттьы.
Чакылдаган чакчыгай,
Чалып өтөт турумтай.
Бир-бирине зордугун
Билиндирди бир кудай.
Абадагы боз торгой
Турумтайга жолобой,
Айры куйрук, кулаалы
Ык билбеген кологой.
Илек-илек калдагай,
Кара кунас тарбагай.
Балта жутаар көк жору
Журт аңдыган урган ай.
Кызыл кыргый, ылаачын,
Канатындан айланай.
Туюндурбай кармаган

Туйгун куштун арбагай.
Тарп издеген ак кажыр
Эпсиз экен далдагай.
Кара барчын чөл бүркүт
Канаттары далбагай.
Кеби-сыны чиркиндин
Оозу-башы балбагай.
Томогосун тартканда,
Кымырылып шамдагай.
Кебетесин карасаң,
Туура тарткан кулжадай.
Кайраты чоң кырааны
Карышкырды кармагай.
Түлөк уя балага
Түлкү чыдап турбагай.
Кашкулакты качырган,
Кармаганда, тырмагын
Кабыргага батырган.
Болжолу жок берендер
Болбос ишке асылган.
Эчки, теке, кийиктер
Эси чыгып жашынган.
Туйгун куштун тунугу,
Бүркүт куштун улугу.
Канаттуунун берени
Кыргый жакшы кылыгы,
Тепмейинче албаган,
Ылаачындын ырымы.
Көпөлөктү аңдыган
Куйкө куштун куниги.[103]
Асмандагы жылдыздай,
Булбул куштун шайыры,
Бүркүт куштун дайыны.
Чабылекей, боз торгой
Жанга тийген кайыры.
Кара бүркүт, тоодактар
Канаттуунун жайыгы.
Күндүз көзү көрбөгөн,
Үкү куштун майыбы.
Кушка окшош сыягы
Айры куйрук, кулаалы.
Ылаачынга илдирээр,
Ителгиси бөктөрөөр,
Куруп калган байкуштар
Канаттуунун карыбы.

Адам тилин сүйлөгөн
Тоту куштун шайыры.
Жылкычыдай ышкырган
Чакчыгайдын кымбаты.
Кара кунас мүчөлү,
Каркыранын сымбаты.
Жарашыктуу жаныбар
Тоту куштун зыйнаты.[104]
Алгыр бүркүт шумкарың
Адамзааттын урматы.
Кызыл-тазыл кубулган
Кыргоолдун канаты.
Болжоп туруп сүйлөгөн,
Молдо Кылыч санаты.
Кенже бүркүт чакылдак,
Зымырылган жагалмай,
Куш кенжеси таканак,
Тегеренчи бу тилим,
Тегирмендин барасы.
Курт, кумурска, канаттуу
Кутулбады сөзүмдөн,
Куюлушуп санатым
Чыга берет ичимден.
Кудуреттин бергенин
Сурабадым кишиден.
Жана айтып берейин
Канаттуунун баянын.
Дагы жатып ойлоюн,
Билимдүүсүн айтайын.
Кайсы бирин болжогун,
Кара боор, кыл куйрук
Далай куштун арбыны.
Дабышы бар шуулдап,
Канатынын чалгыны.
Боз чымчыктын кыраанı,
Борбаш деген алгыры.
Турган куштун берени
Тумшугунда жабдыгы.
Бырпыраган бөдөнө
Турумтайдын жемиши.
Бүткөн бою бүткүл май
Жаныбардын семизи.
Кекиликти, чилдерди
Алал кылып бериши.
Ичегисин чыгараар,

Ителгинин тебиши.
Эчки, теке, бөрүнү
Чөл бүркүттүн эңиши.
Асман-көктө жылдыздап,
Ылаачындын жүрүшү.
Ала карга, кузгундар,
Жон жорунун[105] билиши.
Токсон түрлүү кубулган
Тоту куштун жүнүчү.
Буруп, буруп сайраган
Булбул, торгой үнүчү.
Жаман карга, кулаалы,
Жагалмайга күнүчү.
Өз колунан келалбай,
Кырагалап жүрүүчү.
Толуп жаткан канаттуу
Торгой экен чечени.
Чөп түбүндө сойлоктоп
Тартар куштун бечели.
Чакылдаган бачагар
Чакчыгайдын месели.
Куудулданып тууратан
Кулун менен текени,
Чакылдаган бачагар,
Бир жагынан кыңшылап,
Күчүк болуп кетеби.
Байкап турсаң, тили так,
Балакеттин көсөмү.
Кыраандыгы шумкардын
Ылаачынга жетеби?
Куудулдугу чымчыктын
Чакчыгайдан өтөбү?
Жарганаттын жүнү жок
Жабылбаган көтөнү.
Таңга жакын сайраган
Күкүк куштун эшени.
Келиштирип айтаарга,
Келди сөздүн кезеги.
Ойлоп туруп, эсеп кыл,
Өткөрөйүн нечени.
Кызыл тилдүү куркулдай
Уяларын байкасаң,
Адам карап тургандай.
Тиктеп туруп тим эле
Тигип кийим кылгандай.

Ар жандардан устаны
Жаратыптыр бир кудай.
Күндүз учпай камалган,
Бу жарганат кургур ай.
Түрү суук өзгөчө
Алда куруп калгыр ай.
Домбурасын күүлөгөн
Торгой менен булбул ай.
Жан куткарбас учкулу
Жагалмайым, кыргый ай.
Айтаар сөзгө ылайык
Ала чыйырчык жаныбар,
Чегирткенин баарысы,
Бир ушундан кырылаар.
Насибеси[106] адамдын
Пайда болоор жайы бар.
Турна менен каркыра
Желе тартып чуркураар.
Таң каламын тоодогу
Келгин куштун баарына,
Сасык үпү, сарала,
Так Сулайман пайгамбар
Элчи кылган арага.
Кепилдикке ал күйүп,
Боок калган жалаага.
Чын бейиштен сүрүлүп,
Жылан калган талаага.
Токонаалат[107] илинип,
Шайтан калган балаага.
Булбул куштун молдосу,
Торгой жакын жолдошу.
Сайрап турган дабышы
Арген сындуу бормосу.
Мусулмандын майрамы
Айты менен айбашы.
Ала тоодак, туруна
Каркыранын муңдашы.
Безилдеген безбелдек,
Кара кашка казгалдак,
Зыяны жок аңырдын,
Суу бойлогон ак чардак.
Уста чымчык куркулдай,
Уя кылаар кастарлап.
Сай сагызган ызгытты,
Айтып берем дастандап.

Эчки маарак, сары айгыр,
Котурепей чыйпылдак,
Суучул кара сүзгөндө,
Суу түбүндө шыпылдап.
Көк каргасы зоору,
Айттым куштун доорун.
Чабыякей кардыгач,
Киши көрсө, кыйшаңдап,
Куш энөөсү кара кур.
Куш баяны омойлоп,[108]
Аягына келатыр.
Жылкы кучкач кашкайып,
Кызыл тумшук чаргарга,
Чөкө таан, бөктөргө
Жем табалбай сустайып.
Канаттууга падыша,
Жалгыз көздүү Буудайык,
Арбагы чоң Зумурук,[109]
Жерге тукум салбаган.
Ар китепте аты бар,
Асмандагы сымыя,
Ар кылганың көп экен,
Жалгыз өзү кудая!
Эшен, сопу, китепте,
Окуп көрсөң баянын,
Касиети далайга.
Айланайын жаныбар
Жер үстүнө түшпөгөн.
Көлөкөсү тийген жан
Дөөлөт колдон кетпеген.
Асман жердин ортосун
Орун кылып токтогон.
Жакшы байкап карачы,
Жабалактап таранчы
Таруу десе, жатпаган.
Талпылдаган суу бүркүт
Көлдүн жээгин сактаган.
Жамы куштун адаты
Башын буруп уктаган.
Сар породу,[110] көк шалкы,
Бурма моюн, чубаңкы,
Сарттын сатаар бактеги,
Сандап учкан көгүчкөн,
Жүнү көгүш кубаңкы.
Тели куш менен тоңкулдак

Куш ичинде буларкы.
Ала дуңга[111] жыбырак,
Жут болгондо, чыдабай,
Ойго түшөт чыркырап.
Сары барпы молдоке,
Жаңы келдим кептерге.
Күрптүн көрчү көркүнө,
Көрө калса, күрпүлдөп,
Тумшугунда чубалып,
Кызыл эттей бир бөлөк.
Байкасаңыз, агайын,
Канаттууда жөргөлөк —
Бостек, тартар, кекилик,
Кыргый көрсө, бекинип.
Чил, бөдөнө жорголоп,
Куш кырааны куу кумпай
Санды кырса койбогон
Асыл кылган бир кудай.
Айтып өттүм куштарды
Билгенимче ушундай.
Молдо Кылыч бечара
Болбос кепти козгогон.
Аз макулук ирээтин
Орду менен бузбаган.
Ушунчалык санатым
Өз боюма жукпаган.
Анык наадан экемин
Кыса сөзду[112] баптаган.[113]
Дагы шүгүр кудайга
Мен карыпты сактаган.
Өмүр өтүп баратат,
Кара сакал кыярып.
Атаны арман дүнүйө,
Өтүп кетти балалык.
Кайсы бирин айтайын,
Баштан өткөн чалалык.
Баары маалим теңирге,
Кандай арга кылалык.
Омийин де, агайын,
Бир азгана тыналык.
Дагы жазам чеп-чарды
Санат кылып чыгарып.
Азырынча басамын
Сөз аягын мен карып.
Кече берсе кечүүнү,

Чалчык болот булганып.
Сүйлөй берсе чечениң,
Тантык болоор уялып.
Кызыл тилди сайратпай,
Азыноолок туралык.
Азырынча агайын
Канаттууну коёюн.
Эрмек болуп силерге
Бүркүт тоюн жазайын.

## БҮРКҮТ ТОЮ

Мурунку өткөн заманда,
Жан-жаныбар аманда.
Ар уруктун баарысы
Эрки менен болгондо.
Алсыздарын алдырып,
Эси чыгып ошондо
Булбул чечен ой кылды,
Бүркүт баатыр той кылды.
Ал жеткенин алдырып,
Канаттуунун баарына
Катуу бүлүк салдырып.
Жагалмайды жиберди
Жалпы куштун баарына,
Барып кабар сал деди.
Үкү куштун жакшысы,
Бабырган куштун бакшысы —
Баары келсин деп айтты.
Бүркүт баатыр улугу,
Карчыга куштун камбылы,
Кошо келсин деп айтты.
Ылаачындай алгыры,
Ителгидей илгири,
Бу да келсин деп айтты.
Кыргый келсин кыпылдап,
Турумтай келсин шыпылдап,
Куркулдаган кузгуну,
Карышкырдын жолдошу,
Бу да келсин деп айтты.
Мен үчүн жаның кый деди,
Кара куштун баарына
Кабар салып, жый деди.
Тоо башында жоруну,

Ак кажырдай зоруну,
Тазкарадай далбакты,
Илек-илек калдакты,
Куйругу узун салпакты.
Ала карга, чаркарга,
Чөкөтаан, сагызган —
Баары келсин деп айтты.
Аксары менен кулаалы
Бул да келсин деп айтты.
Кайраты жок кубаары
Күйкө бийчи келсин де,
Аңыздан чычкан терсин де,
Алыстан келген мейманга
Жемиш кылып берсин де.
Боз чымчыктын баарысын
Борбаш баатыр жыйсын де.
Чабиекей керектүү,
Чакырып кел деп айтты
Күкүк менен зейнепти.
Баатыр бүркүт улугу
Ойлоп туруп кеп айтты:
Баары келсин агайын,
Кеңешемин деп айтты.
Жалпы жайык эп келсе,
Той кыламын деп айтты.
Кеңешип жооп бер деди,
Ынтымакка кирбеген
Сонунду менден көр деди.
Ынтымактуу болсоңор
Тоо башында уларды,
Көл боюнда кууларды,
Кекилик менен чилдерди,
Өрдөк, чүрөк, каздарды,
Аңтарып баарын жыйып кел,—
Бирин койбой жаздырды.
Баатырдыкы макул деп,
Баары айткан акыл деп,
Айтканынын баарысын
Азыр жыйып келели.
Баатыр бүркүт балбаны,
Кырдын кызыл түлкүсүн
Кымтый кармап олтуруп,
Чеңгелин сере толтуруп,
Адырдан аркар алдырып,
Кобуттан кулжа эңдирип,

Арыштарын арбайтып,
Чакмак атып кекелеп,
Эңиштен элик бөктөрүп,
Эрдигине салдырып,
Кулжа менен текени
Кууп келип кекеди.
Айбатын жандан ашырып,
Аркыраган бөрүнү
Текөөрүнө бастырып.
Айдап келип жумушка
Салып койду кажырды.
Журт аңдыган көк жору,
Канын төккөн таз кара,
Туу көтөргөн турна,
Байбичеси каркыра.
Жасоол кылган башынан
Жагалмайдай учкулду.
Эт кайтартып коюптур,
Этке жерик кузгунду.
Азанчы кылды тоокту
Аз гана карап байкачы
Тамаша менен зоокту.
Таштан мечит курдуруп,
Суудан даарат алдырып,
Жайнамазын жайдырып,
Ыймам кылды торгойду,
Башына селде чалдырып.
Кашкулакты коңуз тер деди,
Алыстан келген мейманга
Союш үчүн бер деди.
Дасып калган кургур деп,
Бөрүнү кой сой деди.
Бооруңду мыжыган
Мурункуңду кой деди.
Алып келип аюуну,
Кемегени каз деди.
Маймылды казан ас деди.
Илек-илек, чулдукту
Ичеги-карын жуу деди.
Жонго чаап жоруну
Эт жедирбей, куу деди.
Жумуш жөнүн билбеген
Тазгаранын башына
Сорпону жаба куй деди.
Кара боор, булдурук

Калың соно, куу, өрдөк,
Какылдаган кашкалдак,
Безилдеген безбелдек,
Суу бойлогон ак чардак,
Кирпичечен түн жойлок —
Ушулардын баарысын
Аңыз менен алдырды.
Чечен болду булбулу,
Торгой болду молдосу,
Кекилик ашкан жоргосу,
Үпүп болду жолдошу.
Эшен болду күкүгү,
Сопу болду үкүсү,
Күйкө болду бийчиси,
Жөргөмүш болду дарчысы,
Оюнчу кылды мышыкты.
Оңдоп койду кыйшыкты.
Комуз берди колуна
Чегирткеге черттирип.
Сагызганды сайратты
Жөө жомогун айттырып.
Күкүккө чоор тарттырып,
Кычы кара карганы
Үйгө түшпөй, кайт деди.
Тазгараны, коруну
Күрөш салып бер деди.
Суур берем байгеге,
Жемиң айрып бөл деди.
Билектерин түрүшүп,
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Канаттары бүрүшүп,
Карпый кармап бир-бирин,
Канат жүнүн жулушуп.
Чеңгелдешип, тартышып,
Бири-бирин алалбай,
Байгесине жеталбай,
Эч-эчтеме тийген жок.
Бөрүдөн калган тарптарды
Кажырдан бийсиз алган жок.
Ушакчысы таранчы
Биринен да жаңжал жок,
Салтанатын карачы:
Токойдон алды коёнду,
Кайран учкул оёнду.
Куу канатын жаптырып,

Байге бөлүп сайдырып,
Чогулушкан бийлери
Байге бөлгөн жерлери:
Баш байгеси куу болду.
Бирден соңго сайыптыр
Койдой болгон тоодакты,
Баш байгеси аз болду,
Үчүнчүсү каз болду.
Төртүнчүсү — уларды,
Бешинчиге сайыптыр
Кекилик, чил — чубарды.
Алтынчыга — өрдөктү,
Жетинчиге — бөдөнө,
Сегизинчи боз чымчык,
Тогузунчу байгеси
Келести байлап коюптур.
Онунчу сайган байгеси
Майда чычкан болуптур.
Ат айдады баарысы
Чоң жол менен чубатып.
Тентектик кылган балдарды
Чоң кол менен кууратып.
Жолдон чыккан балдарды
Сабап жүрөт сулатып.
Ак кулаалы салпаңдап,
Эл чакырчы болду дейт.
Ачамай куйрук кардыгач
Ат айдоочу болду дейт.
Сүрөөнчү жолдон тосуптур,
Кайра тарткан жеринен
Карчыга кыраан озуптур.
Шуулдатып канатын —
Бирден кийин ылаачын.
Жеген жеми күч болуп
Чүйлү келди үч болуп.
Күйүп жанып өрт болуп
Тынар келет төрт болуп.
Анда-санда баркылдап,
Ителги келет беш болуп.
Шамдагай болуп учкансып,
Кыргый келет артынан.
Ооп кетип этинен,
Турумтай келет жетиден.
Табы келбей семизден,
Жагалмай келет сегизден.

Жеген жеми коңуздан
Кулаалы келет тогуздан.
Канжыгадан көтөрүп,
Кара сандан бөктөрүп,
Куюшкандан алышып,
Куйкөдөн араң өткөрүп,
Башы койдой экен деп,
Байлап алды келести.
Ону-беши биригип
Айдап алды келести.
Өзүмдүн атым чыкты деп,
Өңөрүп алды келести.
Коңун жакшы оёлу,
Тулуп кылып соёлу.
Чөп чаларга тиши жок,
Эчтемеден иши жок
Чегиртке салгыч кылалы.
Капталынан оёлу,
Кайыш кылып алалы.
Он болду күйкө адашып,
Онунчу — чычкан байгесин
Кулаалыдан талашып.
Байге менен эл журттун,
Талашканын карашып.
Кулаалы, күйкө ой деди,
Талашканың кой деди.
Жер үстүндө чычкан көп
Жетээр, алып той деди.
Ошол жерден баатырлар
Олжосун бөлүп алышты.
Торгойго куран окутуп,
Бата кылып калышты.
Жай-жайына кетишип,
Бет алдынан тарашты.

### АЙРЫМ ЫР САПТАРЫ

Өзүнүн чоң атасы Төрөгелди жана кыйыр тууганы **Ормон** жөнүндө айтканы:

Атымды айтсам ким билет?
Атамды айтсам эл билет:
«Төрөгелди, Ормон» деп,
Төгөрөктү соргон» деп...

Төрөгелди, Ормондун
Жаман эле жүргөнү.
Жакшы болду кечикпей,
Бачымыраак өлгөнү!

Кызын эркелетип айтканы:

Шайырбүбү Шайыр кыз,
Шаана менен айыл кыз.
Шайырга куда түшкөндө
Биз ошондо байыйбыз!

Алты кыздан кийин көргөн Тобокел аттуу уулун эркелетип айтканы:

Тобокелди сүйөлү
Бешигине баш катып.
Алты кыздын ичинде
Айланайын аш катык!

Өзү жана өзүнүн чыгармачылыгы жөнүндө айткандары:

Молдо Кылыч — мен атым,
Болжолу жок санатым.
Чала чыккан башынан
Чаар китептен сабатым.
Жүрө-жүрө арбыды
Казал жазган кагазым.

Болот калем колумда
Ок жыландын тилиндей.
Ак кагазым карала
Ителгинин жүнүндөй!

---

1 — Ат жабуу, кечкөндө кыз-келиндердин атына жабылчу алтын, күмүш менен кооздолгон ат жабуу.
2 — Саймаланган тери шым.
3 — Токтом, чечим.
4 — Книга.
5 — Доверенность.
6 — Динде өлгөн адамды суракка алуучу периште.
7 — Кымбат баалуу кездеме; текстте аны шаттануучу, шаттык куруучу деп түшүнсө болот.
8 — Азабынан, айынан.
9 — Уютулган алтын (кытай.).
10 — Такты.
11 — Кызмат абалы, даражасы.
12 — Сопу, такыба.
13 — Кокон хандыгындагы күмүш тыйын.
14 — Мукамбет пайгамбардын сөздөрү, осуяттары.

15 — Ката, жаңылыш.
16 — Кыз-мыз деген кош сөздөн алынган. Сүйгөн, көңүлгө толгон деген мааниде.
17 — Пенделер.
18 — Жасоол.
19 — Порядок.
20, 21, 23, 24, 25, 26, 27, 28, 29, 30, 31, 33, 34, 35, 36, 37 — өсүмдүк.
22 — Ысык, таштуу жерде өсө турган мөмөлүү дарак.
32 — Өң, түс.
38 — Койдун ылаасы.
39 — Какымдын учкан гүлдөрү.
40 — Каракаш (канаттуу).
41 — Арамзалык, бүлгүн.
42 — Азезил, шайтан.
43 — Мифтик эл, калк.
44 — Асмандагы тактыда олтургандын алдындамын деген мааниде.
45 — Бейиштеги соолгус кудук.
46 — Каргыш тийген жин-шайтан.
47 — Мубарек болуу керек, ал «ыйык» дегенди түшүндүрөт.
48 — Аңгеме, повесть.
49 — Табыптын сунушу боюнча ичүүчү кымыр...
50 — Күмбөз.
51 — Жашоосу, өмүрү.
52 — Жолдош, сүйгөн адам.
53 — Аскердик наам, майор.
54 — Чөптүү тоо капталы, узун жана жазы каптал, төш.
55 — Жапайы айбанаттар.
56 — Түштүк.
57 — Түндүк.
58 — Алыска узатпаган.
59 — Тубар уйдай.
60 — Тажрыйбалуу саяпкер.
61 — Мөмө.
62 — Күн тийген.
63 — Бозомуктап, бозомук тартып, кубарып.
64 — Бул жерде сулуу, назик, зор, кооз деген мааниде.
65 — Бир нече кишинин камданып, аң уулоого чыгышы.
66 — Адыр-күдүр.
67 — Камыштуу жер.
68 — Ыкма, тартип.
69 — Тамга, эн, белги, так.
70 — Урукташ, тектеш.
71 — Укмуш, мыкты.
72 — Канимет, ыраазы болуу.
73 — Эл, журт, көпчүлүк.
74 — Зилзала, жер титирөө.
75 — Тоскуч. Текстте арча аралаш карагайлардын шыкалып токтоп калганын айтат.
76 — Майда-барат калдыктар. Текстте агындынын калдыктары деген мааниде.
77 — Токой, черден көрүнбөгөн мейкиндик, тоскоолдук.
78 — Текстте жантаймадагы урчук деген мааниде.
79 — Тоо жолу, ашуу.
80 — Суу жеген чуңкур, көбөөл.

81 — Пиво.
82 — Ортого акча жыйып, мал союп жеген эт.
83 — Опись, каттоо.
84 — Карыз, бересе.
85 — Демилгелеп, тырмышып, жакындап.
86 — Аваз, үн, обон.
87 — Ашык, ашыктык, сүйүү, жакшы көрүү.
88 — Арамдык, бузуктук.
89 — Шайтан, иблис.
90 — Азапка салуу, убара кылуу.
91 — Алгыр куштарды азгырып кармоо үчүн тордун ичине байланып коюлган жандык.
92 — Сыйлык.
93 — Кабардар, билгич адам.
94 — Саятчылардын куш күйгөндө жата турган чуңкуру.
95 — Бүркүттүн желке жүнү.
96 — Жем издеп учуу.
97 — Олуя, керемет.
98 — Курман болуу.
99 — Кабарчы, чабарман.
100 — Канаттуулардын шыйрактары менен куйругунун аралыгындагы жумшак жүнү.
101 — Кушту таткандырып үндөөчү жем.
102 — Куштун бир түрү.
103 — Өңү серт, түрү суук, жагымсыз.
104 — Сымбаттуу, кооз, көрктүү.
105 — Куштун аты.
106 — Насиб, насиби.
107 — Токолаанат же токонаалат (уят, жалаа).
108 — Аяктоо, бүтүрүү.
109 — Жомоктогу зор канаттуу.
110 — Канаттуу.
111 — Тоо чымчыгы.
112 — Баян сөз.
113 — Түзгөн, айткан, куюлуштурган.

# АЛДАШ ЖЭЭНИКЕ УУЛУ—АЛДАШ МОЛДО

*Алдаш Жээнике уулу 1876-жылы жаз айларында азыркы Жети-Өгүз районунун аймагында букаранын үй-бүлөсүндө туулган. Туулганда коюлган аты — Алдаяр. Келечектеги акындын балалык чагы ага-туугандарынын коюн кайтаруу менен башталат. 13 жашында Өсүк молдо дегенге малай жүрүп, беш жылдын ичинде кат таанып, куран түшүргөнгө жарайт. Бирок дин жана фан илимдерин тереңдете билүүнү күсөгөн Алдаш 1897—1898-жылдарда Каракол (азыр Пржевальск) шаарына келип, атагы далай жерге тараган Шакир дамбылданын медресесине кирет. Ошол жылдары болочок акындын дүнүйө таануу кызыкчылыгы артып, айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан окуяларга өз алдынча баа берүүгө аракеттенет. Медресени бүтүп, 1905—1906-жылдары элине кайтып келет да, мектеп ачып, үркүнгө (1916-ж.) чейин балдарды окутат. Алдаштын мектебинде бай менен кедейдин, манап менен букаранын балдары бөлүнбөй, бирге окуган.*

*1903-жылы акын шайлоого арнаган «Шайлоо» аттуу алгачкы поэмасын жазат. Анда башкаруучу таптын терс жактары сынга алынат. Андан кийин айрым манап, болуш, соодагер, бай жана башка эзүүчүлөрдүн жорук-жосундарын мыскылдаган ырларды жазат. Бай-манаптардын кысымына чыдай албай, Алдаш Караколго качып кетүүгө мажбур болот. 1914-жы-*

*лы жазылган «Хал заман» аттуу поэмада Көл өрөөнүндөгү дыйканчылыкка жарамдуу жерлерден падышалык колонизаторлордун, орус кулактары менен жергиликтүү төбөлдөрдүн элди сүрүп чыгышы, калктын башына туш келген оор замана баяндалат («Хал заман» — «Замандын ал-абалы»).*

*1916—1917-жылдарда Алдаш Молдо кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылына арнаган «Үркүн» аттуу поэмасын жазып, анда кыргыз эли башынан өткөргөн оор күндөр сүрөттөлөт. Акындын бул чыгармасы анын таптык сезиминде жана чыгармачылык багытында болгон бурулуштарды ачык эле көрсөтүп турат. Албетте, Алдаштын диний мектептерден алган таалими анын кыйла чыгармаларынан байкалат, ошентсе да аларда элдин мүдөөсүн жактап, бий-болуштардын зордук-зомбулугун айыптаган учурлар басымдуу. Дин Алдашта зулумчулукка, карөзгөйлүккө, таш боордукка — кара ниеттиктин бардык түрүнө каршы сокку берүүчү, адилеттиктин куралы, акыйкаттыктын эң калыс соту катары колдонулат. Бирок мындан акынды келечектен үмүт үзгөн адам катары айыптоого болбойт. Анткени, ал элди коомдук кара күчкө моюн сунууга үндөбөстөн, өзү эң адилеттүү деп ишенген куралы менен зомбулукка каршы ачык күрөшкө чыгат.*

*XIX кылымдын орто ченинде кыргыздын эки уруусунун (бугу жана сарыбагыш) ортосунда жер чатагынын негизинде көп жылга созулган кыргындуу салгылашуунун фольклордук материалынан пайдаланып, Алдаш Молдо 1926—1927-жылдары «Ормон-Балбай» аттуу тарыхый поэмасын жаратат.*

## 1912-жылы БОЛГОН БИР ОКУЯ

Старчындаш, айылдаш,
Кичи-Чырак,[1] Чоң-Чырак
Шанияз[2], чалбаш[3], ак-чубак[4]
Күдүр болгон өңдөнгөн,
Күпсүраалы бий экен,
«Айлыман аял алдың»,— деп,
Акысы бар немедей,
Алаамат салды келжиреп.
Кестирип алды он сомду.

Жана сыяз[5] бийлери
Бөтөнчө алды бир койду.

Алып бердим он сомун,
Эсенбай менен Малабек —
Байлардан асия көтөрүп.
Туарман экен байлардын,
Көтөрмө берген теңгеси,
Күндө тууса теңгени,
Эртеси тууйт серкени.

Серкеси тууса эгизди,
Эгизи тууйт сегизди.
Түгөтө албай тууганын
Жан этимди жегизди.

Старчын экен иниси
Кодоңтайдын Омору.
Далай сөздү котордү,
Кобурап келип жаныма,
Кыйшая карап отурду.

«Жылкычылык алам» — деп,
Далайга бу да тооруду.
Кыйытып айтат берсе деп,
Кийип турган тонумду.
Кыйытканга бербесем,
Кылгысы бар сонунду.
Айлыңда черик, букара
Абдыке, Абдыраманы,
Ыбрай[6] анын баласы —
Мен бакырдын бажасы.
Чакырды мени тоюна,
Бейкапар албай оюма,
Түшүпмүн Омор торуна.

Чалымыш болуп оюнга,
Кетирди тойдо тынчымды.
Уурдатып алды камчымды.
Акыры түбү тутулдум,
Ошондон кийин Омордун
Тоорусунан кутулдум.

Салам айтып, кат жаздым,
Калем алып кагазга.

«Камчымдын жообун берсин» — деп,
Молдо Ыбрай бажага.
Букара, чиркин, канетсин,
Жообун алып бере албай,
Уят болуп кызарып,
Ортодо бажам калды капага.

### «ХАЛ ЗАМАН»

*(Үзүндү)*

Падыша залим кутурду,
Букарасын тең көрбөй.
Бузуп журттун мүнөзүн,
Бирине бирин тукурду.
Таалайы качаар өкүмөт
Өзүнө казат чуңкурду.
Падыша залим Николай,
Балакет баскан иттер — ай!
Билимге качан тең кылды
Артыкча биздин кыргызды.
Бирине бирин жем кылды.
Билимсизди бий кылды.
Күндө отуртуп сыязын
Бийибиз абдан ый кылды.
Ыстарчын болду бул тапкан,
Ынсабы жок акмактан.
Ындыны өчтү элимдин,
Калбады адам журт баккан.

Бир дубанда окуган
Эшмукамбет[7], Касымбай[8]
Караколдун училиш[9]
Гимназия бүтүрдү — ай.
Эч илимге жетпеди,
Байкап көрсөм мансабы,
Бесирликтен[10] өтпөдү.
Бир дубанга баш кылып,
Оёзду койду начендик,
Олурандап коркутуп,
Опуза кылат машендик[11].

Айлалап ар бир болуштан,
Жыйнатып миңден теңгесин,
Жатып алып сен жейсиң,

Ушуга эми не дейсиң?
Болобу теги ынсабың?
Кумар ойноп уттуруп,
Түгөнүп калса тыйының,
Кыласың шайлоо жыйынын.
Шайлоо менен шылтоолоп,
Кайтадан чыгым жыясың.
Канабы сенин кумарың?
Калбай барат уятың.
Калкты кажып отуруп,
Качан тоёт курсагың?
Же жалган айтып жатамбы?
Тапчы менин катамды?
Караколдун уези
Качан толот күнөөсү?
Калк чогулуп, арыз кылса,
Ыстарчысы жасоолдун
Сарынын уулу Абдылда,
Тазалап актайт күбөсү.
Актабаска болобу
Бир болсо жеген мүчөсү?!.
Начендиги Ионов
Бугусеич Лиханов
Помощдиги Храмин
Палиса ачендик — пристав[12]
Катунсевский, Кайчов
Базарга элди жүргүзбөйт.
Кысталып калган адамды,
Отуртуп жерге сийгизбейт.
Балакет баскан жасоолу
Жалдуу жылкы мингизбейт.
Кара көрпө тебетей,
Жаңы чапан, жакшы тон,
Жакалуу кийим кийгизбейт.

Зымчы болгон төрөсү,
Мусуренко Уюдун (Юдин)
Элдин баарын куруттуң,
Ач бөрүдөй улуттуң.
Кедейлердин жерлерин,
Кесип берди котурга[13]
Көпөш[14] болгон оруска.
Айдап чыкты тоо-тоого,
Ашып көчтү эчен бел,
Аштык айдаар жери жок

Азып жүрөт кайран эл.
Шол кылганы дуруспу?
Аргасы кеткен эли-журт,
Акыры түбү бир күнү,
Бунт кылып салаар урушту.

Тоону да кесип бериптир
Лесничий кысталак,
Күндө салат анысы,
Коломто деп штараф.
Салганын төлөй албасак,
Урдуруп сабайт ызалап.

«Тоо-токойдун арасын,
Карагай чердин салаасын
Аралаба, баспа! — дейт,—
Руксатсыз менден чегедек,
Бир бутагын сындырып,
Отун алып, жакпа! — дейт.
Жайба,— дейт,— чарба малыңды,
Арканда,— дейт,— жалгыз атыңды».

Жайылса, кокус малыбыз,
Бошонсо жалгыз атыбыз,
Күнөкөр болот башыбыз.
Ылоо[15] болот атыбыз.
Айдап барып тапшырат,
Жөө карагай тарттырат.

Зооту бар тактайчы,
Кара мүртөз таранчы.
Атабаев Касымга[16],
Рахымы жок капырга,
Тактай тилип алты айга,
Иштейбиз тегин малайга.

Атабайдын Касымы,
Арам ырыс капыры,
Айылды жаман каарыды.
Алакандай жайлоонун,
Баш-аягын таарыды.

Өзү сайып алгансып
Карагай, арча, талдарды.
Ач бөрүдөй аңдытты

Аркандап койгон аттарды.
Алдына салып кубалайт
Карагат терген балдарды.

Акысыз малай алууга,
Айласын анын табууга,
Чычкакка иттей кынықты,
Чыгарды далай кылыкты.
Колуна берип мылтыкты,
Аткарып койду, карачы,
Абийри кеткен Байзакты[17].
Кыркып салып арканды,
Кыянат салып ал дагы,
Кызартып көзүн Байзагы.
Кырк аттан ар күн айдады.

Абиенчик[18], балкачы,
Айбандыгын карачы.
Айылга келет анталап,
Ар күнү келип аңтарат,

Айгайлатып чаң салат.
Аялдарды коркутуп,
Ала кийиз, жүн сурап,
Саңсаң, кара көрпө алат.
Сураганын бербесе,
Кысырларын кыйкыртып,
Бооздорун боздотуп,
Баласын бойдон түшүрүп,
Аялдарды сабашат.

Кардончу келет каңкуулап,
Каймак, сары май сурап,
Кийиз өтүк, байпакты
Сары май менен каймакты.
Аны менен шүк турбайт:
Казы, карта, сүр сурайт,
Ар нерсени көп сурайт,
Атына арпа, чөп сурайт.
Ынсап кылбайт бергенге,
Эч убакта ишенбейт,
«Эми жок калды!» дегенге.

Эгини жоктон ун сурайт,
Эчкиси жок шордуудан

Жоолуктук тыбыт жүн сурайт.
Үю жоктон сүт сурайт.

«Бергин — деп,— жалгыз атыңды»
Унаасы жоктон күч сурайт.
Сураганын тапкыча,
Лесничий, балкачы,
Абиенчик, кардончу
Буртакелин (протоколун) жазышат.
Оор чыгым ыштарап,
Үч жүз теңге салышат.
Чакчелекей, будуң-чаң,
Чаң тополоң түшүрөт,
Үйүн сыйрып көчүрөт.
Көчкөндө бараар жери жок
Амалсыздан кедейлер
Алды-алдынан басышат,
Ар кайда тарап качышат.

Тили буруу дуңгандын
Байларына барышат:
— Мени малай алгын — деп,
Асты-астынан жалынат.
Азапка минтип чалынат.
Малайга башы байланат,
Акыры түбү — аягы,
Кулдукка башы айланат.

Байлары кыштай дуңгандын
Иригин борго байлатып,
Жаз башында шаарга —
Анжиян менен Фаргана —
Көгарттты ашып айдатат.

Коюна кошуп малайын,
Сатып кайтат далайын.
О, кантесиң — а, кантейин?!
Кайсы бирин айтайын!..

Мен айттым көзүм көргөндү.
Кең дүнүйө тарыпты (тарыптыр).
Жан сактатпай турган өндөнду
Кедей менен кембагал — а,
Бечара, байкуш карыпты!!.

Заманың кыпкызыл корго айланып,
Кедейлер ачуу шорго кайнады.
Соодагер, байлар издешет
Күнү-түнү пайданы.
Алардын тапкан пайдасы
Улуктун оозун майлады,
Кичиктин оозун байлады.
Каңгырап башым маң болду,
Табабыз кандай айланы — а!

Старажник коюптур,
Доңуздай Занин[19] Чоң Колду.
Баарыдан Чоң Кол чоң болду.
Жыгып минип биесин (бээсин),
Ээрчип барса иесин (ээсин),
Чыгара чаап миесин (мээсин),
Жыга муштап өлтүрүп,
Кай бирин жанчып, чала өлүк,
Далайды Чоң Кол сойлотту.
Жесир кылып аялын,
Жетим кылып баласын
Ботодой Чоң Кол боздотту.

Бий-болушуң камаса,
Ыстарчын келип сабаса,
Күндө төлөп чыгымды,
Тынч алдырбай жадатса,
Кыла албасак эч бир иш,
Кыйналгандан түрмөң тынч!
Ачендик, уезд, төрөбүз,
Адилет качан көрөбүз,
Арз (арыз) кылып барсак алдына
Бир көзүңдү жумасың,
«Так и надо!»[20] деп, күлүп,
Башыңды ийкеп турасың.

Ионов уезд сокурсуң,
Ынтыгып семиз болупсуң,
Ардансаң сокур дегенге,
Боор этимди чокуурсуң.

Ачууң келсе, сабаарсың...
Абагыңа камаарсың...

Каардансаң, салаарсың...
Каршыга[21] салып сабаарсың.

Адилетсиз өкүмдөн,
Абагың жакшы үйүмдөн.
Көркү кеткен күнүмдөн,
Көшүүсү кеткен түнүмдөн,
Өлгөнү жакшы тирүүмдөн.

Ракаты кеткен дүйнөдөн,
Неси артык түрмөдөн?
Калбады кийим киерге,
Ат калбады минерге,
Аш калбады ичерге,
Айыптатсаң мейличи,
Айдатып жибер Шиберге.

Уктап жаткан элиме
Уу тырмагың батырдың.
Уйпалап шорун катырдың,
Ойгонсун деп эл-журтум,
Уйкусун бузуп, качырдым,
Мен ураан сала чакырдым.
Ураанымды туйгунуң!
Көзүңдү жумба, уктаба!
Кереги жок бу күндө,
Куйкуму жок уйкунун!

## 1913—1914-ЖЫЛДАРДА ХУТОРЛОР ТУУРАЛУУ

Баатырдын[22] уулу Баракан,
Баяныңды мен жазам,
Баарыңар алты бир тууган.
Эң улууңар Жаныман,
Баракан менен Ысакан,
Акимкан менен Мурзакан,
Эң кенжеси Бексултан[1]
Атыңар уйкаш «кан», «султан».
Тилекмат чечен чоң атаң,
Чыныбай баатыр өз атаң.
Чыныбек ажы таятаң.
Байгазы, Чекир кайнатаң.

Энеңдин аты Телегей.
Эси кеткен эл-журтту
Эзмек болдуң ченебей.

Атаң, маркум, Чыныбай
Атанып өттү мөмөштүк,
Атаңды туурап сен дагы,
Алсыраган эл-журтка
Асылып калдың өчөшүп.
Бир жагынан жүргүздүң,
Соодагердик, көпөштүк.

Ар кайда дүкөн ачтырдың,
Алы кеткен эл-журтту,
Асия менен бастырдың.
Соодагерлер сарттардан
Алда канча көбөйтүп,
Кездеме булдун баасын
Көтөрүлтүп ашырдың.
Мына минтип эл-журттун
Берекесин качырдың.

Мактайсың жаңы законун,
Николай падша мизамын.
«Чакырды — деп — Сталпын»,[23]
Алматы барып келгенсиң,
Жашырын алдың теңгесин.
«Жайылтам,— деп котурду»
Казанадан эки миң
Акчалай алдың теңгесин,
Сталпындын белегин.
Сыртынан сатып жүрөсүң,
Эли-журттун жерлерин.

Алаарың менен кириштиң,
Абдылда менен Байгазы
Шерик болуп бириктиң.
Байда шерик болушуп,
Тактай зоот салдырдың.
Кийизди чанып боз үйүң
Ак жибек менен каптырдың.
Жабык баш, тегрич ойдурдуң,
Тувар менен тукаба
Көрчөгөлөп тумарча,
Күмүш чаап койдурдуң,

Керегеңдин көктөрүн,
Күмүш зымдан көктөттүң.
Ички-тышкы боо-жоосун,
Түндүк жабуу, желбоосун,
Керегe чалгыч, кырчоосун
Жибектен согуп, чалдырдың.
Бермет, шуру тактырдың.
Каалга, түндүк, чамгарак
Седеп менен чылк акак.
Керегe, уук, босого,
Сырдатпастан жашого,
Зире менен сырдаттың.
Жибектен чийин чырматтың.
Кыякчы, бийчи, комузчу,
Грамафон, ырчы, чоорчу
Күн-түн дебей ырдаттың.
Көшөгөң жибек, башайы,
Атлас жибек жууркаңың.
Дейилда[24], кымкап жүк жабуу
Туш кийиз сайма макмалдан,
Карыш кундуз кармалган.

Үйүңдүн ичи толтура
Килем-кече салынган.
Эшик эндүү чоң күзгү,
Жүк бурчунда жаркырап.
Асма фанус[25] — чоң лампа
Күйүп турат жаркырап.
Ак болускей[26] чоң самоор,
Кайнап турат шаркырап.
Сааттамаң шаңгырап,
Кагып турат заңгырап.

Төөдөй чөгүп төрүңдө,
Сандыгың турат дардайып.
Зым керебет эр жакта[27]
Жайылып турат далдайып.

Ала бакан ачасын
Алтын менен буулаттың.
Ууугуңдун учуна
Укум күмүш улаттың.
Укумунан тукумун
Кызыл таз, черик, моңолдор
Букара кылып кууруттың.

Берсе кудай кезегиң
Букараң иши оңолоор,
Ошондо сенин тукумуң,
Мен көрбөсөм, эл көрөөр,
Кызматын кылып алдына,
Кысасын тартып кор болоор.

Айттым мен ал-жайыңды,
Айтпаймын санап түгөткүс
Төрт түлүк чарба малыңды.
Жардам болду уезиң,
Бузулду сенин мүнөзүң.
Котур болуп, жер алдың,
Чыкканы кана мүйүзүң?

Жазбадым жалган, буруусун.
Жаздым анык, дурусун.
Дүнүйөң жетпей калгансып,
Кылдыртпай оокат кедейге,
Жер алган бетиң курусун.

Бар эле менин үмүтүм,
Сени айла табаар деп.
Тапканың сенин ушулбу?
Баштап жайдың котурду.
Мамырбай ажы, Деркембай[28],
Маанисин билбей өздөрү,
Сени туурап отурду.

Болбосо жериң аздыгы,
Коруп алсаң жетет го
Үч-Булак, Жууку, Омор-Тоо[29]
Атаңдан калган Шалбада
Алты жүз теше сазыңды.

Уялбадың эл-журттан,
Коркподуң сен убалдан.
Ашып кетти байлыгың
Он эки болуш Пржевал,
Ысык-Көлдүк дубандан.

Көрүнбөйт дүйнө көзүңө,
Албайсың эч ким эсиңе.
Токойбай[30] жүрөт тон кийип,
Жоломан[31] жүр атка чом минип.

Ынсафка неге келбейсиң?
Тон кийген менен чом минген
Жардам кылып агаңа,
Ат-тон неге бербейсиң?
Кемибейт го дүнүйөң
Ошо экөөнө бергенден.

Калп каткырып күлөсүң,
Орусча айтып сүйлөйсүң,
Каары келди эл-журттун
Көргөнү бир күн жүрөсүң.
Котурунду жайбагын!
Кокуюнду айтпагын!
Коркутуп жерди албагын!
Кокус өлүп калбагын!
Чай кайнатпа мээсине,
Котурга алган жериңди
Бере койгун ээсине.

Ушул менин айтаарым!
Бүгүндөн калбай кайтаргын!

Бул айтканым акылым,
Агайындык жакыным.
Айтканыма көнөөрсүң
Акыл, азаат бил муну.
Айтканыма көнбөсөң,
Кедейлерден бир күнү
Акыры, түбү көрөөрсүң.
Чандырыңдан жардырып,
Коргонбайча[32] өлөөрсүң...

Айтып бүттүм насаатым,
Арамдык пикир албагын.
«Ашкере айбым ачат» — деп,
Адепсиз уезуңө чакпагын.

Айттырып акыл үйрөнчү
Жаш боз бала сен эмес.
Мейлиң, чаксаң чага кой,
Жалкып калчу мен эмес!

## 1916-жылкы ҮРКҮНДҮН АЛДЫНДА

О, калайык, калың журт!
Уктуңарбы бир шумдук?
Караколдун оёзу
Чакырып алып өгүнү
Бир дубандын башчысын,
Атка минээр жакшысын,
Кеңсаларга[33] тургузган.
Приказ окуп угузган:
«Он төрт жаштан өөдөнү,
Кырк эки жаштан төмөнкү
Ак падышалык кызматка,
Бересиң балаң салдатка!
Алды менен келесиң,
Алдымда менин отурган,
Balaңды силер бересиң.
Силерден мурун албасак,
Келжиреген кедейлер,
Кеп билбеген дөдөйлөр,
Бунт чыгарып ийбесин?!
Алгандан кийин кедейдин,
Балаңарды силердин,
Мен бошотуп иемин.
Бүгүндөн калбай кайткыла!
Элге барып айткыла!
Мына, падышанын буйругун
Мен силерге угуздум».

Сөз башталды шумдуктуу:
«Буюрса падша буйрукту,
Биз кылабыз кулдукту.
Берели,— деди — салдатты».
Олжобайдын Кыдыры[34],
Омскай барып келгени,
Бузулган экен бикири (пикири).
Ойлосом мурун бар окшойт
Оёзнай менен шыбыры.

Батасын бузду дубандын
Байсарынын Кыдыры,
Байкасам мурун бар окшойт
Падыша менен шыбыры,
Бу не деген кылыгы?
Эмнени көрүп кызыды?

«Бар — дечү — эле кызыры.[35]
Мунун качкан окшойт шыйкыры...
Ысагаалы жаштардан,
Карылардан Баатыркан
Кайраттуу экен баарыдан.
«Бербейбиз салдат экөөбүз.
— Баланды бер, деп, салдатка,
Кардыбызды жардырып,
Кай кедейден өлөбүз?..» —
Ушундай берди жоопту
Уезнай кылды коопту.

Балдарынын Шабдандын[36]
«Бербейли деп салдатын» —
Бугуга айткан кеби бар.
Салам айтып, кат казып,
Тил жиберген жери бар.

Көл дубаны чогулуп,
Бата, дуга окутуп,
Ак боз бээни сойдуруп,
Караколго жыйылып,
Нурсеит ажы үйүндө,
Күндүз эмес түнүндө,
Бата, дуга, ант кылып,
«Бербесе, бербейм» деген деми бар.

Муну бакан ооз тилчиден,
Уездин угуп калган шеги бар.
«Кантсе уруш кылат» деп,
Ичинде мунун кеги бар.

Коркок экен дунгандар,
Укканда кийин приказды,
Дүрбөдү кудай ургандар.
Чанкуф, Дабыз, Осомо[37]
Көрүнбөстөн оёзго,
Бадан, Члан, Кашыла[38]
Качып жүрөт чычая.
Салдаттан бала жашырып,
Каракол, Ырдык дунганы
Күн-түн дебей камынып,
Жуукучак, Жууку ашырып,
Кетирип жатат балдарын,
Кытайды көздөй качырып:

«Турфанга тур, деп жашынып»,
Алдаш[39] болуш, Кажанов[40]
Бесири, байдан пара алып.
Списке оңдоп кирişти
Балдардын жашын ашырып.

Оңойдон тапты Кулбарак[41],
Букарасы черигин
Көсөгөн оттой будалап.
Ары басып кобурап,
Бери келип жобурап,
Сыдыктын уулу Осмонду
Ордуна берип ошону,
Уулу Байжумашты бошотту.

Энеси Осмон Айымкан[42]
Баласы Осмон айынан
Эси эңгиреп кайыккан,
Ый менен зардын жайынан.
Тынбастан ыйлап отуруп
Эки көзү карыккан.
Эт жүрөгү эзилип,
Эки бет жашка кесилип,
Ботодой боздоп, буркурап,
Эмчеги сыздап зыркырап,
Жалган дүйнө кайыптан
Өтмөк эле болду Айымкан.

Мамырбай ажы кызарып,
Кызыл кулак эмеспи,
Баласы үчүн кыйналып.
Ойлоду ар кай законду,
«Быйыл болуш болот» — деп,
Уулу Асанакунду,
Бу дагы тапты акылды.
Итибайды алдап чакырды.
Кылымыш болду кеңешти,
Ордуна берди, ошентип,
Итибайдын уулу Макешти.
О кедейим — ай!.. кедейим!
Эми сага не дейин?!

Старчын менен бий болуш
Басты байлар санаасын.
Бермек болду ордуна

Жаздырып кедейлердин баласын.
Бай, манапка алдатпа!
Баланды бербе салдатка!
Бий, болуш келсе болбогун!
Баланды ордуна берип койбогун?!
Ызнак, мөөрүн тартып ал!
Спискесин тытып сал!
Өздөрү берсин балдарын!
Старчын келсе кармагын!
Оодара тартып атынан,
Өлөөрчө кылып сабагын —
Кайсы жаның аяйсың.

Чакыртса, уезд барбагын,
Камалып бөөдө калбагын.
Бобуске келсе жазылып,
Салдатка балаң чакырып,
Анысын да албагын.
Алдына айрып таштагын,
Алдырап эч бир шашпагын.
Талатпагын көчүңдү,
Жардырбагын өтүңдү,
Оңолсо заман, кедейим,
Өлбөсөк, биз алаарбыз өчүңдү.

Жиберсе жасоол чакыртып,
Жанч аябай бакыртып!
Үзө тепкин өпкөсүн,
Жуундукор иттер көппөсүн!

Айта барсын көргөнүн,
Баланды салдат алган соң,
Баары бир сенин өлгөнүң.
Айрылып калып баландан,
Кылалбай оокат жүргөндө,
Кайсы күн болот көргөнүң?
Өх деген жанга өлүм бар.
Эртең өлүп сен калсаң,
Ким калат сени көмөөрүң?
Чөп жүрөк экен дунгандар,
Жүрөгү калган кургандар,
Кытайдан башта зак жеген.
Жусей, бесей — чөп жеген
Сарымсак, мияз (пияз) көп жеген
Жүрөгү коркок турбайбы...

Дунганча коркуп дыр бербе!
Бел алдырып, сыр бербе!
Салдат бер, деп келгенде,
Баарың бир ооз болгула!
— Бербейбиз, бербейбиз! — деп,
Бек, бек айтып тургула!

### «ҮРКҮН»

*(Үзүндү)*

Алдаш Молдо мен атым,
Акундук менин санатым.
Алсам колго калемди
Замананын сыпатын,
Жаза салмай адатым.

Жакшы менен жаманын,
Жашап турган адамын,
Баян кылып газалга
Жаза салган адатым.

Кулак сал сөзгө агайын,
Аз гана көңүл ачайын.
Уккула кары-жашыңар
Үркүп келдик Алты Шаар,
Кайран эл карып болдуңар,
Кайгы зарга толдуңар.
Кыштап чыгаар үйүң жок
Кыш чилдеде тоңдуңар.

Уккан — жалган, көргөн — чын,
Кедейлер алсыз, байлар тың.
Соодагерлер кутурду
Буттап сатып апийим.

Артыкча үркүн кемирди
Жетим менен жесирди.
Бир жагынан будалап,
Манаптар шайын кетирди.
Кай биреөлөр ошентип,
Кылып да жүрөт кесирди.
Мен айтайын көргөндү,
Азап тартып өлгөндү.
Ач жылаңач ашууда,

Дарманы калбай басууга,
Адаты калбай Көлдөгү,
Жетим менен жесирге
Айгыр болуп азынайт,
Өзү «бек» болуп аңгырайт,
Бу кызыкты көрдүңбү?
Мен бу жерде да көрдүм көпкөндү.

Аргасыз жесир Батмакан
Амбалга[43] келип арыз кылган,
Адилет андан көрөм — деп,—
Адилет амбал кылбаса,
Ажалдан мурун өлөм — деп,
Алсырайт аял ыйласа,
Көз жашын мунун тыйбаса.
«Буга тий»,— деп кыйнаса,
Батмакан аны сүйбөсө,
Кучүгү[44] келип сүйлөнсө:
Өлтүрөм, деп коркутуп,
Айылда кылса кордукту,
Кучүгү кылса зордукту,
Батмакан аган болчубу.
Бапалардын Кучүгү,
Бап келди элдин үркүнү,
Жашыкка тоюп семирген
Дөбөттөй үрүп күчөдү.
Жоксуз жетим-жесирлер
Коркуп жаман чүнчүдү.
Карачы мунун кесирин,
Катынындай доо кылат
Карга уулунун[45] жесирин.
Көрчү мунун кесирин,
Күйөсүндөй доо кылат
Курүчбектин[46] жесирин.
Уурулук эле кесиби,
Тушоосу мунун чечилди.
Деги түбү тиет го
Эл журтка мунун кесири.
Көнгөн жаман адатка:
Кедейдин бирден чолгун
Уурдап катып, жашырып,
Барскоон менен Тарылга,
Жаргылчактын кара бадалга,
Айдап барып сатчу эле
Анжиян, Оштун базарга.

Бу жерге эми келгени:
Баралап амбал, бектерди
Жалгыз өзү билчүдөй,
Чайнабай жутуп ийчүдөй,
Шымаланат жулунуп,
Мөөнөт бербейт сүйлөсө,
Жин тийгендей кутуруп.

Сааты бар көзүндө,
Жалганы көп сөзүндө.
Тегеренип кылтылдап,
Чечекейи токтобойт,
Деги адамдын көзүнө
Эч убакта окшобойт.
Ошон үчүн айтам да,
Окшотомун шайтанга.
Шайтандан сабак жат алган,
Шадыкан, Шамыр ажылар
«Саат көз» — деп атаган.
Лийин[47] укту амбалдан —
Диниңер бирге мусулман,
Арзыңды боолап[48] жиберем,
Бүтөсүң казы, муфтудан.

Келсек муфту сурданган:
Мүнөзү бар уу чалган,
Саймалуу жоолук курчанган
Байкасам казы уу чалган.
Ак-Суунун казы, муфтусу,
Такыба галим мыктуусу,
Чалган экен башына
Ар бириси он кезден
Дакеден[49] жөргөп чалманы,
Чалма эмес дамбалды.
Бараны алып сээрден[50]
Казы менен муфтудан,
Калыс көрдүм мен өзүм,
Капырлыгы болбосо,
Какап өкмөт амбалды.

Чадайган экен кардыңар,
Байкап же муфту, казылар
Бай-манап берген параны.
Кедейлердин аялы

Чыдабайт андай кордукка,
Саат көз кылган зордукка.
Байкаңар казы, муфтулар
Арам менен адалды.
Же ажырата билбейсиң,
Айбан менен адамды.
Берсе бара жеп алып,
Ачууланып тилдейсиң
Шарияттан жол сурап
Алдыңа келген аялды.
Казы менен муфтулар
Амбалдын лийин уктуңар,
Адилеттик кылбайсың,
Шарият кантип туттуңар.
Минтип жүрсөң кумпайлар
Ажалдан мурун жуттуңар.

Же дин башчысы галимдер,
Кызы талак залимдер,
Таптыңар кайдан шарият?
«Бара алсын», деп казият[51].
Тетири батуа[52] кылсаңар,
Кедейден кардың жарылат,
Көчөдө каның чачылат.
Силердин карын жарылса,
Жетим, жесир, кедейдин
Ошондо көңлү ачылат.

«Алсаңар бара арам» деп,
Куранда да айтып турбайбы,
Анкар[53] кылсаң куранды,
Силерди кудай урбайбы.
Адисте[54] да айтат байгамбар:
«Арраши уалмурташи биннар» —
Берсең да бара арам» — деп.

Бекерге адис айттыбы?
Бейлиң курган бетпактар,
Бекер сээр абдан таттыбы?
Анығын айтып аяттын,
Акысын коргоп аялдын,
Делилдеп аят, адиске,
Суал берсем муфтуга,
Соолгон сокур казысы
Сол жактан чыгып асылды.

Карыш түйүп кабагын,
Кайыштан камчы-балагын[55]
Кармап турат колуна,
Алтымыш таазир жонума
Руксат сурап муфтудан.

Казий айтат «балак урамын».
Дилин кайыл келтирип,
«Лаббай таксыр» дедирип:
«Падышаңга ок аткан,
Жуан тумак кыз талак
Буланчы кыйгыз жүн тумак,
Руксат таазир урамын
Тукумун бүтүн кырамын».
Мына минтип казий-акун,
Кетирди менин амалым.
Кандай айла кылсам, деп,
Мен мусапыр ошондо
Ичимден ыйлап кудайга
Мунажат кылып турамын.

Ак-Суунун казий, муфтусу,
Аябай кылды чоңдукту.
Нафсисине күл тартып,
Казий, муфту мунафык[56]
Булар шариятты будалап,
Динге да кылат зордукту.
Амбалдын лийин бурмалап,
Абийри кеткен кызталак,
Акыры кылды кордукту.

Окуп көрсөм гезитин,
Шаңзун-ажун бегимдин.
Кулатып падша залимин
Бөлкөндүк (полковник) жандыралысын.[57]
Битирбор, Маскөө элине
Тийиптир күндөй жарыгы.
Урияты чыгып Лениндин.
Ишенгиле эл-журтум,
Төгүнү жок кебимдин.

Шашпагын казий, муфтият
Туш келсе заман урият
Кедейдин багы ачылат.
Эсебиң эптеп табылат.

Жеп жүрүп арам, семирген
Курсагыңар жарылат,
Азууңар ташка чагылат.
Мээңер оздон кагылат,
Каныңар суудай агылат.
Кордук тарткан биз өңдүү,
Жетим, жесир, кедейдин
Ошондо көңлү ачылат.
Насип кыл, деп, кудайым,
Күн үч убак ыйлаймын,
Көрсөтө көр, деп, бакырга[57]
Дармансыз шордуу карыпка
Уруят, теңдик заманды.
Же кез келбестен зарыгып,
Ушул Ак-Суу шаарынын,
Каарын тартып казынын,
Мүшкүлүн тартып муфтунун,
Касабында каламбы?
Же болбосо кез келип,
Кегимди бир күн аламбы?

Кабыл болсун тилегим
Калкылдап кагат жүрөгүм,
Кабылчудай каймана
Уруят күтүп жүрөмүн.

Канатымды күүлөймүн,
Жардамдашаар кишим жок
Өзүмдү өзүм сүрөймүн.

Же учсам десем Маскөгө
Чалгыны чыкпайт канатым.
Убактысыз талпынып,
Убара болуп жатамын.
Уктасам, учам түшүмдө,
Ойгонсом жатам үйүмдө.
Же кат жазсам Ленин табамбы?
Жөө жүрсөм жетип барамбы?
Калкка нурун тийгизген
Кайран Ленин аманбы?

Мен айтайын эмкисин
Уруят заман белгисин.
Кылычтын өттү «Зар заман»,
Андан кийин мен жазган
А дагы өттү «Хал-заман»,

Үстүндө азыр турабыз
Мына бу турган «Тар заман»,
Артыкча кыргыз элине
Эң эле кор-кар заман.
Эми болот тең заман,
Эң эле зор кең заман.
Бай жардыга тең болбойт,
Эч кимге кедей жем болбойт.
Эркектен аял кем болбойт.
Бай-манап сөзү эм болбойт.

Алып берет теңдикти,
Уруят заман эркиңди.
Тартып алган бай, манап
Мөмөштүк, котур соодагер
Кууп чыгып кедейди,
Тегерете там салып,
Коруп алган жериңди.

Кедейден өкмөт шайланат,
Помещик, котур, соодагер —
Жер которуп айдалат!
Бара берип болуучу,
Кум куюлуп бий, болуш
Оозу жипсиз байланат.

Майкор, сүткөр, соодагер,
Кызыл кулак жок болот,
Маминтип кедей, кембагал
Түбүнөн ишиң оңдолот.

Жетим-жесир миң койго
Өзүнөн өзү ээ болот.

Караңгы кыргыз эл-журтум
Газелге жазып усулун
Уруят заман угуздум.

Алдаш Молдо апендең
Алды колго каламын,
Журт иеси агайын,
Баарыңа жаздым саламым.

Жаздан калбай кетели,
Жөө-жаланд ап жетели,

Кең Ысык-Көл, Жети-Суу
Киндик кескен жериме.
Уруяттын маанисин,
Түшүндүр бириң бириңе,
Көчпөй бирөө калбасын,
Жардамдаш ага-иниңе.

Кысылгандан сатпасын
Кысталып катын-баласын.

Калса уулуң — кул болот.
Кызың калса күң болот.
Өмүр бою тукумуң
Башына түшкөн түнөрүп,
Капкараңгы түн болот.
Азамат дегин Ленинди,
Ааламга аты билинди,
Уруятын узартса,
Көзүн ачат элинин.
Тушоосун чечет илимдин,
Чачат журтка билимин.
Падыша залим Николай
Балакет баскан иттер — ай!
Билимге качан тең кылды?
Артыкча биздин кыргызды,
Бирине бирин жем кылды
Бүркүт кылып болушту.
Биргоборун( приговорун) кылдырып,
Боорубуз менен жылдырып.
Алып койду зордуктап
Атадан калган конушту.

Ушул жерден кыскарттым
Уруят заман баянын.
Сөзүм бүттү тамамат,
Дуга кылып кол жайгын.
Кудайга жаны аманат,
Уруятты чыгарган,
Узун болсун өмүрү,
Узарсын Ленин азамат!

## АЛТЫ ШААР

*(«Үркүн» поэмасынан)*

Алты шаар — шаркы Туркистан[58]
Аңтара бүткөн жер экен.
Артыкча Ак-Суу, Үч-Турпан,
Азапка бүткөн эл экен.
Ак топурак борпурап,
Боз чаңдаган шор экен.
Абыдан эли эзилген,
Байларга кедей кор экен.

Жан сактап кантип жүрөбүз?
Жакшылык кантип көрөбүз?
Жүрө берсек бу жерде,
Ачкалыктын айынан,
Азап тартып байынан,
Ажалдан мурун өлөбүз.
Кийгени өтүк көн[59] экен,
Отура калсаң, кокустан,
Казылбастан дабдаяр,
Жери көмө салчу көр экен.

Тазасынан тазы көп,
Талаасынан сазы көп,
Саздан жугат безгеги.
Кургак учук, булгуна[60]
Котон жара[61], сезгеги[62],
Жесирден алат аялын,
Ой тобо — ой, кайсы бирлери,
Кыздан качат экен эркеги.
Жакасында көлү көп,
Адырында чөлү көп,
Жегени малдын делбе чөп.
Тоосу токол турбайбы,
Чарба малга жайыт жок,
Мунун жердеген эли курубайбы.

Бөксөсү какыр кум экен
Адамы алдамчы, капыр шум экен.
Жайы ысык, кышы суук,
Колу-бутун үшүтүп,
Аксаганы көп экен.
Карыш жылып эки кез
Баспаганы көп экен.

Жылаңачы тырманып,
Ачкасынан ыргалып...
Ар кимиси өзүнчө,
Жасап алат тараза.
Таразасын караса,
«Экини» «бир» дейт алаарда,
«Бирди» тартат «эки» дейт,
Кайта саган сатаарда.

Мен соодагер эмесмин,
Базарга басып келбедим.
Акча, булдун эсебин
Эки жыл болду билбедим.
Ар бир шаары өзүнчө,
Тешик жармак көбүнчө.
Жезден соккон дачаны,
Күмүштөн соккон жачаны.
Чүпрөк, сөөк, камыштан
Чыгарат экен акчаны,
Айталбайм андан башканы.

Бир шаарынын теңгеси —
Кагаз акча тезеси.
Экинчи шаарга барганда,
Өтпейт экен, эмнеси?!

Адырайган ак-суулук,
Котурайган турпандык
Коонуна кой алды,
Дарбызына тай алды.
Эзелден этти жебеген,
Эшектен башка минбеген,
Этеги тилик делбелер
Кабыргасы май алды.

Заңыты экен бул элдин
Жүз саржандан жүгүрдүк,
Кошомат кылып бектерге
Кызына куда түшчүдөй
Кулдук уруп алдына,
Кулдарынча жүгүндүк.
Жүгүнсөк да жакпадык,
Жүгүрө жүрүп чарчадык.
Түк береке таппадык.
Ажырап, кайта кетээрде,
Жүгүнбөй эле тим койбой,

Сүзүшө кетчү кочкордой,
Артыбызга он саржан
Жана кетенчиктеп жүгүндүк.
Таазим кетип талаага,
Кошомат кетип куруга,
Шаңыя менен бектерден,
Шалдыраган иттерден,
Үч көчкөндөй түңүлдүк.
Тынч алалбай бир жерге
Ары-бери сүрүндүк.

Айкын ачык талааны
Ак сарайдай жай кылдык.
Айдап жүрүп чарбадан
Абыдан таза айрылдык.
Урматы жок элинде,
Уяты жок кебинде.
Энесин сөгүп тилдешет,
Киши эле көзгө көрүнсө.
Эч бирине айбы жок,
Атайлап алган зайбы жок,
Күтүп алган кайны жок.

Артыкча бар шумдугу,
Айтып берсем мен муну.
Таң атканча чогулуп,
Жамлда[63] кумар ойнойт улугу.
Жегени апийим тамагы
Тамеки тартат ашаңы (нашаны).
Баңги турмак кумарчы
Болгон соң мунун улугу,
Байкап, өзүң карачы,
Анан кандай болот эл-журту?..

Шаңыя экен шайтаны,
Мунафик муфту алими,[64]
Баштап[65] экен залими,
Бейпай экен бектери.
Бейжаалдар теңдик бербеди.
Бечаралар карып деп,
Колунан жардам келбеди.
Качырдан кошуп мапыны,[66]
Жөө айдатып амбалы,
Догдоңдотуп доргосу[67]
Мунун чыгарат экен жоргосун.

Калаасын багып таптаган,
Түн уйкуга жатпаган,
Ушул Ак-Суу шаарынын
Куан башшап Касымы,
Күчүктүн жетип чагымы:
«Сандыргалуу шаарыңды,
Шаңген, шаңыяларыңды,
Муфту, галим, казыларыңды —
Газелге жазып баарыңды.
Акарат[68] кылып жериңди,
Айыптап сөгүп бегиңди.
Адилет уруят чыгат,— деп,
Алдаш Молдо азгырып,
Бузуп жүрөт элиңди».

Деген экен ушактап,
Балагын келди кучактап.
Касым башшап калдырап,
Кирип келди шалдырап.
Куан башшап кулдурап,
Кытайча сөгүп чулдурап.
Чантур,[69] бантур[70] доргосу,
Тегеректеп торгоду.
Түндө келип үйүмө,
Коркутуп катын-баламды.
Эки көзүм жайнады,
Астына салып айдады,
Жамлды көздөй дуңчого.
«Кызталак — дейт,— унчукпа!»
Каракчы башшап Касымы,
Кумарчы башшап Куаны
Куруга карап турабы?..
«Кандай яздың гепни — дейт,
Сөгөсүң неге бегни — дейт,
«Уруят заман чыгат» — деп,
Бузасың неге элни — дейт,
Ажалың сенин жетти» — дейт.

Калбады жаным мазасы
Башшаптын өттү азабы.
Калбайын, дедим, күнөөгө,
Элүү сээрге күрөөгө.
Карматтым эки баламды:
Кемел менен Жамалды
Мажиса[71] менен Пифанга[72]

Ак-суулук эки дунганга.
Азезил, желдет, башшаптар
Алды элүү сээримди.
Кошуп алды коркутуп,
Токунуп жүргөн ээримди.
Көрпөчөмдү сурасам,
Көрбөдү ыраа ант урган.
Аялын анын Ломачан,
Хожулук дунган Лосан
Анык экен мусулман,
Рахмат айтам ушуган.
Жардам кылды сүйлөшүп,
Арага түшүп дуңчодон,
Азаптан башым кутулткан.

Желмогуз Күчүк митайым
Кана жеп койдубу кытайың —
«Бербейсиң — деп,— жесирим».
Кылганың толу ушубу?
Элүү сээрге кесириң,
Акылың болсо, ойлогун,
Ата-журтуң, элиңе
Арамдык кылсаң оңбойсуң.
Артыңды байкап болжогун,
Сен, убара Күчүк болбогун.

Биз орустун элибиз,
Жети-Суу биздин жерибиз.
Кесири тийип германдын,
Кесиби тийип сендейдин.

Убара тартып уруштан
Убактынча келгенбиз,
Алты шаар бизге жер болбойт.
Адамы бизди эл көрбөйт.
Амбал саган бел болбойт.
Медер кылба кытайды,
Николай тактан кыйшайды.
Сен, баралаба кытайды,
Падыша тактан кыйшайды.
«Байналминал[73] -хурият»
Жарлык чыгып Маскөдөн
Булбулдай сайрап үн салды.
Көчүүгө бир аз күн калды,
Эсирбе, Күчүк, көппөгүн,

Эртең бирди көрбөгүн?
Кийинки күндө өзүңө
Өкүнүп бөөдө жүрбөгүн?
Артыңды карап ышкыргын,
Аркасы тийбейт кытайдын,
Акмак болбой тынч жүргүн.
Айтканга Күчүк көнөөрсүң?..
Же көнбөсөң, Күчүгүм,
Элдин бетин көрбөссүң...
Көчпөй калсаң бу жерде,
Күчүк тургай ит болуп,
Кыйноосун тартып кысталып,
Кытайыңдан өлөөрсүң.
Же көрбөдүңбү, Күчүгүм,
Кытайдын дарга тартканын,
Топ-тобу менен атканын?
Эң эле жеңил жазасы
Мойнуна шалы[74] асканын?
Сасып, чирип, камалып,
Бут-бутунан устунга
Көгөндөлүп дыңзыда
Бок-сийдикке батканын?

**«ҮРКҮН» ПОЭМАСЫНАН**

Кайчыны[75] ашып кирейин
Кабарды шондон берейин.
Альмусапыр каллягма[76]
Кез болупмун кудая,
Эгемберди жакырга,
Ниети жаман бакылга.
Эки күн жаттым камалып,
От, чөбү жок какырга.
Кылган экен буланды,[77]
Кылмак экен буланды.[78]
Алмак экен уурдап,
Айланып келип түнүндө,
Азын-көбүн айлымдын
Жүк жүктөгөн унаамды.

Кароолчусу Кайчынын
Айдарбектин Кулубек,
Уругу черик Асанбек
Ар кимдин алып булун жеп.
Аңдасам чиркин мүнөзү

Бүтүрдү өзүнүн кунун жеп.
Булу тургай үбүн жеп.

Үбү менен мүлк алдың,
Карышкыр, каман, түлкү алдың.
Кусубалды, Кулубек
Берсе кудай кезекти,
Көлгө барган черикте
Бутуна чокой тартынып,
Терүүчү эле тезекти.
Касиеттүү бугунун,
Кар көрбөгөн тукумун.

Кайтадан иши оңолсо,
Бүтүрө албай да турарсың,
Элден жеген эсепти.
Жана Айдарбектин Кулубек,
Айтса көп сенин айыбың.
Мүлктү мындай коё тур,
Артылып башка кол салдың.
Арындан (Нарындан) келген моңолдор —
Бечара Иманбай зайыбын
Зордуктап тартып дагы алдың.
Аз келгенсип алганың,
Бермек тургай аялын,
Безилдетип Иманбайды,
Астырып алып сабаттың.
Алсаң го алгын аялын,
Ал эмне үчүн сабайсың
Айбынды албай мойнуңа?
Же кирген бекен башында,
Ал энеңдин койнуна?

Илгеркинин лакабы,
Кыргызда бар макалы:
«Бүлүнгөндөн бүчү алба!
Тоогун жесең, каз байла!»
Бектигиңе чиренбе!
Дөөлөтүңө ишенбе!

Мен айтканым ибарат.
Сен кылбагын кыянат!
Тартасың анын кысасын
Акыр түбү кыямат!

## КӨЛ БАЯНЫ

Аттап кадам басайын,
Аз аңгеме сөз кылып
Ысык-Көлдү жазайын.
Ойлоп кадам басайын,
Оюма аз келтирип
Ысык-Көлдү жазайын.
Аза жерим агаин,
Аз гана мисал чачайын.
Капалык болгон көңүлдү
Суу сепкендей басайын.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Башка жерге калганда,
Артык турар авасын.
Кадырга кантип албайын
Кең Ысык-Көл жакасын.

Бөөт-бөөт көлүң — ай!
Бөөдө жаман арыкты
Буудайдан мурун көтөргөн
Буруксуган чөбүң — ай!

Жылдыздап аккан көлүң — ай!
Алсыз жаман арыкты
Арпадан мурун көтөргөн
Артык асыл жериң — ай!
Булбул менен торгою
Үн алышып сайраса,
Муңдуунун ачат көөнүн — ай!

Жайлоо менен төрүң — ай!
Кызыл-жашыл, сары-ала
Буруксуган гүлүң — ай!
Жайдын күнү болгондо
Жайып койгон килемдей,
Жаркыраган түрүң — ай!

Жайлоо менен сазың — ай!
Жарышып чапкан атка окшош
Жайылып учкан казың — ай!
Өлөң менен сазың — ай!
Үрккөн койдой көп учат
Өрдөк, чүрөк, казың — ай!

Шамал менен бороон жок,
Жаркыраган жазың — ай!..
Жабылышып конушат,
Жайлоосу — шабыр сазың — ай!
Кайра сабап учушат
Кашкалдак, ордок, казың — ай!

Какыраган ташы жок
Ат чабуучу түзүң — ай!
Айнектей болуп агарган
Жаркыраган жүзүң — ай!
Жарды, байы тең болуп,
Жан сактаткан өзүң — ай!

Элиги черде бакырган,
Букасы сазда өкүргөн,
Коён менен түлкүсү
Кош аяктап секирген.
Адам билип боло албайт
Кекилик менен кептерин.
Каптай салып учушат
Каркыра менен тоодагы.
Балык менен бакасы
Аралашып ойношот
Дарыя чалкар суудагы.
Элеңдеп карап турушат
Эчки-теке тоодогу.
Букчуңдашып сүзүшөт
Бугу, марал бу дагы.
Жайылышып жүрүшөт
Кашкулак, аюу, тоодагы.
Козу этинен аз эмес
Канаттуудан тоодагы.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Жылдыздап аккан булагы,
Көңүлдү чайттай бир ачат
Топурагы алтын турагы.
Ат боорунан буралат,
Бетеге менен шыбагы.

Коктусунда жайылат
Койдой чубап коёну,
Кой ордуна союшуп
Бечаралар тоёду.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Кайың менен терени,
Усталары иштетсе,
Бу да адамга тийет керени.

Карагай, тал, арчасы
Адам үчүн жараткан
Толуп жатат канчасы.
Бир нерсеси кем эмес
Табылгы, четин, ак кайың
Агачтан бу да кем эмес.
Касиеттүү Ысык-Көл,
Бакасы көлдө чардаган,
Балыгы көлдө жайнаган.
Кубаты күчтүү кудайым
Күңгөй менен тескейди
Кара таштан зоо жасап,
Каша кылып кармаган.
Ооруларга даба боп,
Ар кайсы суу башында
Арашаны кайнаган.

Күңгөй менен тескейден
Нечен суулар куйса да,
Ташып чыгып четинен
Башка жакка агып да
Бир кулак суу барбаган.
Каз, өрдөгү билинбей
Көлдү көздөй каптаган.
Жайылганы билинбей
Улары тоону сактаган.
Илбээсини көбүнөн
Нечен киши уктабай
Бүркүт, кушун таптаган.

Кой көздөгөн сары адыр
Орто кылып жаратты.
Тепке менен Тасманы
Күңгөй менен тескейге
Толто кылып жаратты.
Кум-Дөбө менен Сары-Дөбө
Түшташ кылып жаратты.
Бөйрөмчө Көндөй талаасын
Бурчтуу кылып жаратты.
Маңдайында Бөрү-Баш

Учтуу кылып жаратты.
Жети-Өгүздүн күн батыш
Кара Күңгөй тоосу бар,
Башында карлуу зоосу бар.
Чала кескен киндиктей
Оргочор деген тоосу бар.
Сепил кылып жаратып
Күнгөй менен тескейде
Кара таштан зоосу бар.
Орто жери ойгондой
Ысык-Көл деген ноосу бар.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Илбээсини мындан көп
Ителги, кушун салгандай.
Каз, каркыра, тоодагын
Карчыга илип алгандай.
Калайык-журт — баарысын
Кадыр-баркка малгандай.
Кубаты күчтүү кудайым
Жаратат экен ар кандай.
Башка жерден эң сонун,
Адам айран калгандай.
Кылкуйрук, өрдөк мындан көп,
Касиеттүү Ысык-Көл
Кызыр, Илияс чалгандай.
Тизип койгон шурудай
Бөксөсүндө карагай,
Алла таала кудурет
Жаратат экен ар кандай.

Башка жерге калганда
Авасы мунун артады.
Карып болгон адамды
Өз ичине тартады.

Кымыздыктуу жылгасы,
Кең Ысык-Көл авасы,
Кыйла жерден артык — дур,
Кара-Көл шаары чамасы.
Коктуларын айтайын:
Козу кулак, ышкынын,
Мөндүрдөй болуп күбүлөт
Жергемүштүн бышканы.
Эликтери инектей,

Балтырганы билектей.
Кашкулагы кашкырдай,
Кашкырлары качырдай.
Коёндору козудай,
Булдуркөнү баштыктай,
Карагаты күбүлөт
Күзгү бышкан аштыктай.

Жайлоосу бар шибери
Жазы, жайык, кең эни.
Түркүн гүлдүн түстөрү —
Табигаттын килеми.
Басып жүрсө килемин,
Муңдуу болгон адамдын
Бир көшүтөт жүрөгүн.

Касиеттүү Ысык-Көл,
Орто жери ойгондой.
Көрбөгөн жан бир көрсө,
Көңүлү карк тойгондой.
Тегереги тептегиз
Теги сонун жер экен
Сепил салып койгондой.

Нечен калкты батырып
Суу башында төрлөрү.
Жакасында жаркырайт
Күмүш болуп көлдөрү.
Жаратат экен кудайым
Артыкча жердин каухарын.
Бу дүйнөнүн жаннети*
Алтындуу сарай жаухарын.

Адыр-адыр жерлери,
Арта салыш белдери.
Өзөн-өзөн суулары,
Өзгөчө сонун көрүнөт
Көлдө сүзгөн куулары.
Башка жерден таптаза
Агып жаткан суулары.

Кызыл-Кыя,[79] Санташы[80]
Баш дарбаза быягы.
Кочкор,[81] Жумгал,[82] Көтмалды[83]

---

* Бейиштин арабча аты.

Ысык-Көлдүн аягы.
Күлдү белек[84] башында
Жыргап жатат калыгы.
Боз-Учук,[85] Түргөн[86] жеринде
Болукшуп жатат арыгы.[87]

Арык, белек атанып
Жазылыптыр тарыгы.
Күңгөй, тескей көчүктө
Жыргап жатат саягы.[88]
Капкалуу шаар Каракол[89]
Түрлүү алма шагы бар,
Дүкүйүп жаткан багы бар,
Сарт,[90] ногою[91] аралаш,
Ичинде дунган дагы бар.
Кайың менен тереги,
Карагай, жыгач, талы бар.
Телегейи тептегиз
Дүнүйөсү жамы бар.
Айчылыктан сөз келсе
Көз ачкыча жеткизген
Болоттон кылган зымы бар.
Карагайдын бооруна
Кагып койгон чыны бар.
Капкалуу шаар Каракол
Калдайып жатат орусу.
Касиеттүү шаар экен,
Кадимден болду конушу.
Кең Жети-Өгүз жеринде,
Коңурат,[92] дөөлөс,[93] саруусу,[94]
Кызыл-Суу,[95] Жууку[96] жеринде
Дуулап жатат баарысы.
Көл бетинде калганда
Жети-Өгүз жердин соорусу.
Барскоон,[97] Тамга[98] баарында
Бапа,[99] желдең[100] баарысы
Жансактап жатат өзүнчө
Калайык журттун жамысы.
Тоңу[101] менен Тосордо[102]
Жакшылык,[103] торгой,[104] кыдыкта[105]
Жаратылмыш маклуктан
Эсеп алаар кудайым,
Лауахил макбуз сызыктан[106]
Тынчылык берсин кудайым
Жер жүзүндө бузуктан.

## ОРМОН-БАЛБАЙ

*(Тарыхый поэмадан үзүндү)*

Алдаш Молдо апенди,
Адабият жазган — ай,
Абалкы өткөн заманды,
Айтып өтөм аз гана — ай.
Жылдызга[107] калкы ашырып,
Жыргап өткөн заман — ай!
Кара түпөк найза алып,
Ыргап өткөн заман — ай!
Канча миңден жылкы айдап,
Жыргап өткөн заман — ай!

Үч-Куштайдын[108] бөксөсүн
Жайлап жүргөн заман — ай!
Чыбыратып көп кулун
Байлап жүргөн заман — ай!

Текес[109] менен Күнөстү
Жердеп жүргөн заман — ай!
Кысыр тайдын этин жеп,
Кыштын күнү чилдеде
Кымыз ичип буркурап,
Терден жүргөн заман — ай!

Куйрук кесип, кун бүтөп,
Чыбык кыркып, доо бүтөп,
Билгенинче адилет,
Кылып өткөн заман — ай!

Жай жайлоосу бир болуп,
Жарды, байы бир конуп,
Уюшмасы көп болуп,
Урушканы жок болуп,
Ынтымагы бир болуп,
Рахаты зор болуп,
Ынтымакка кирбеген
Ичи арамы кор болуп.
Жалгыз конco бир сууга,
Чаптырып өзү кар болуп,
Жалгыз тайга зар болуп,
Сараң байы кор болуп.

Салт эле байларга,
Жардыларга күч бермек,
Саарына сүт бермек.

Мархаматлу өздөрү
Макал ушул сөздөрү:
Жарды байга казык — деп,
Бай жардыга азык — деп.
Далил айтып, бекитип,
Сараң байды кекетип.

Как ушундай адилет
Канагаттуу заманда.
Ынсап кетти Ормондон,
Ынтымак кетти кыргыздан,
Ракат кетти баарыбыздан,
Ыктыяр кетти колубуздан.

Кайсы бирин айтайын,
Калемди колго уштайын,
Кан Ормондон баштайын.

Кандан дөөлөт кетээрде,
Калыстыгы жок болот,
Зулумдугу көп болот,
Адилети жок болот.
Калкка мээнет жетээрде,
Калабасы көп болот,
Кайрылаары жок болот.
Байдан дөөлөт кетээрде,
Сараңдыгы көп болот,
Сакабаты жок болот.
Элге мээнет жетээрде,
Эки жааты көп болот,
Ынтымагы жок болот.

Оргочордун жонуна
Ормон чыгып олтурду,
Ойлоп акыл толтурду.
Тескей менен күңгөйдү
Тегерете карады.
Жерди байкап сынады:
«Бетегелүү Ысык-Көл
Менин жерим болсо — деп,
«Темир, болот, черикчи[110]

Тегерете консо» — деп.
Ормон жерге суктанды,
Жер алууга ыктанды.

«Карагайлуу алкымы,
Жайлоосунун салкыны.
Жайлоосунда төрү бар,
Жакасында көлү бар,
Көлдүн жээги шор экен,
Мал киндиктүү жер экен.
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген журту тунбайбы.

«Кашкардын жолун каратып,
Анжиян жолун андытып,
Анда койсом кан кылып
Атбашы менен Нарынга
Үметаалы, Чаргынды.
Байтакты көлдүү кылсам деп,
Баш ийбеген душманды,
Кармап алып байлатып,
Кандыгымы билдирип,
Күнөкөр кылып айдатып,
Башын кесип салайын.
Байтакты көлдүү кылайын,
Багынтып муну сурайын.
Он эки айры бугунун[111]
Ойлоп ыгын табайын.
Кандыгыма көнбөсө,
Кайыпка чалыш бугуну
Калдыратып үркүтүп,
Калмактан ары өткөрүп,
Көңүзгө[112] айдап салайын.
Көлдү минтип алайын.
Текеске айдап салайын,
Жерин минтип алайын».

Жарко кылган жөнү бар,
Чагалдактын[113] куну бар.
Кан Ормондун кеги бар,
Жана башка кеби бар.
Кетиркейдин Алыбек[114]
Кан Ормонго таарынып,
Качып келген жери бар.
Кан Боронбай баатырга

«Кайта айдап бергин» — деп,
Айтып жүргөн жери бар.
Ниязбектин Ормон-кан
Ичинде мындай кеги бар.
«Качкынымды бербейт» — деп,
Алыбекти жарколоп,
Ар нерсени көп доолап,
Кан Боронбай баатырга,
Кара күчкө таарынып,
Кара доону көп кылып,
Опузалап Ормон-кан
Оолугуп жүргөн жери бар,
Оюнда шондой чыры бар.
Түп максаты Ормондун
Он эки айры бугуну
Оодарып айдап бир жакка,
Ысык-Көлдү алмакка.
Ормон жерге кызыкты,
Ошентип, бузук салмакта...

---

1 — Айылдын аты.
5 — Сот коллегиясы сыяктуу неме болушу мүмкүн.
6 — И. Абдрахманов — Октябрь революциясынан кийин «Манас» ж. б. фольклордук көркөм адабиятты чогулткан илимий кызматкер.
7 — Э. Кендирбаев — советтик кызматкер. Жети-Өгүздүн Барскоон айлынан.
8 — К. Телтаев — уездге тилмеч, кийин советтик кызматкер болгон.
9 — Караколдогу орус орто мектеби.
10 — Орустун «писарь» («катчы») деген сөзүнөн.
11 — Орустун «мошенник» («алдамчы») деген сөзүнөн.
12 — Ошол кездеги Каракол уездин бийлеп турган билермандардын фамилиялары.
13 — Орустун «хутор» деген сөзүнөн.
14 — Орустун «купец» деген сөзүнөн.
15 — Жасоол тартып алган, милдеттүү түрдө бийликке күчүн берген унаа.
16 — Жети-Өгүздүн өрдөшүнө тактай тилүүчү заводду курган киши. Ал завод 50-жылдарга дейре иштеп келген.
17 — Атабаевдин корукчусу.
18 — Орустун «объездчик» (токой кайтаруучу) деген сөзүнөн.
19 — Мыкачылыгынан «Чоң Кол» атанган полицейский.
20 — «Сооп болот» деген какшыктын орусчасы.
21 — «Карцер» деген сөздөн.
22 — Оёздун жардамчысы Чыныбайды терген айтканы.
23 — Падышанын министри Столыпинди кыргызчалатканы.
24 — Жибек кездеменин бир түрү.
25 — Абажурлуу чоң асма, керосин менен жарык болуучу чырак.
26 — «Польский» деген сөздөн, никелденген самоор.

27 — Боз үйдүн эшигинен киргенде сол жагы.
28 — Кемечи Деркембай деген орустун кемесинде матрос болуп иштеген.
30, 31 — Баракандын аталаш тууганадары.
32 — Кедейден ичин орок менен жардырып өлгөн бай.
33 — «Канцелярия» деген сөздөн.
34 — Кыдыр Байсариев — Пржевальскийдин оёзунун орун басары. Падыша ага подполковник наамын берген.
35 — Актыкты колдой турган миф.
36 — Шабдан Жантаев Пишпек оёзунун орун басары. Падыша ага милициянын подполковниги деген наам берген.
37, 38 — Каракол жана Ырдык дунгандарынын бай-манаптарынын аттары.
39 — А. Талканов үркүн алдында Жети-Өгүздүн болушу болгон.
40 — Болуштун катчысы.
41 — Матай уулу Кулбарак. Жети-Өгүздүн белгилүү манабы, кыйла жылы болуш да болгон.
42 — Алдаш Молдонун уялаш эжеси, Кулбарактын букарасы, черик Сыдыктын аялы.
43 — Кытайдын соту.
44 — Саат көз Күчүк — кыргыз, соодагер, сүткор.
45, 46 — Желдеңдин бир ата уулдары.
47 — Лий — кытайдын процессуалдык закону.
48 — Арызына резолюция салып жиберем деген мааниде.
49 — Даки деген сөз.
50 — Кытайдын күмүш акчасынын бирдиги.
51 — Казылар (мусулман дини тартиптеринин бузулбоосун сактоочулар) закондорунун жыйнагы.
52 — Бата, бүтүм, өкүм деген мааниде.
53 — Куранды бурмалоо, бузуу.
54 — Диний эреже.
55 — Уруп жазалоодо колдонулуучу курал.
56 — Акмак, бузуку.
57 — Кедей-кембагал.
58 — Чыгыш Түркстан.
59 — Уйгурлардын булгаарысы.
60, 61, 62 — Оорулардын аттары.
63 — Кумар үйү.
64 — Илимдүү-билимдүүлөр.
65 — Сот аткаруучу.
66 — Эки дөңгөлөктүү араба.
67 — Административдик мансап.
68 — Жамандоо.
69, 70 — Кытайча тилдеген сөздөр.
71, 72 — Дунгандын аттары.
73 — Интернационалдын арабча аты.
74 — Күнөкөрлөрдүн мойнуна кийгизип, кулпулап бекиткен тактай.
76 — Мусапыр эмнеге кабылбайт деген маанидеги арабча лакап.
77 — План.
78 — Талоон салуу.
29, 75, 79, 80, 81, 82, 83, 85, 86, 95, 96, 97, 98, 101, 102, 107, 108, 109, 112— жер аттары.

2, 3, 4, 84, 87, 88, 92, 93, 94, 99, 100, 103, 104, 105, 110— уруу аттары.
89 — Пржевальск шаарынын мурдагы аты.
90 — Өзбек, уйгурларды мурда кыргыздар ошондой атаган.
91 — Татарларды мурда кыргыздар ошондой деген.
106 — Тирүүдөн өлүктөргө өтүү чек ара сызыгы.
111 — Бугу уруусун бугу-кийикке теңеп кемсинткени.
113 — Сарбагыштын бир уруусунан.
114 — Баатыр, саяк уруусунан, Ормондун жигити.

# НИЯЗАЛЫ МОЛДО ЭСЕНГУЛ УУЛУ

*Айрым изилдөөчүлөр Ниязалы Молдону Молдо Нияз деп да жүрүшөт. Акын азыркы Ош областынын Фрунзе районуна караштуу Шаймардан айылында 1826-жылы туулган. Ниязалы Молдо — алгачкы кыргыз жазгыч акындарынын бири. Жашынан эле айылдык молдолордон кат таанып, ыр чыгара баштаган. Кийинчерээк санат формасында араб графикасы менен «Насыят» деген дастан жазган. Ал чыгарма 2000дей саптан туруп, 1845—58-ж. Кудаяр кандын Сары-Колдо жасаган зулумдугун, Кашкардагы Якуб-Бектин зордукчулугун, 1865-ж. орус падышачылыгынын Чимкент, Ташкент шаарларын басып алышын көрсөтөт. Ошондой эле анда адамдагы кулк-мүнөздүн, диндин туруксуздугу, аялдардын жакшы-жаман сапаттары ырааты менен айтылат. Акын «Насыят» аттуу чыгармасында окуяларды диний мазмунда чечмелесе да, өзү жашаган доордогу эзүүгө, теңсиздикке адилет баа берген. Тилекке каршы бул акындын чыгармалары бизге толугу менен жеткен жок.*

*Акын 1896-жылы өзү туулган Шаймардан айлында каза болгон.*

## НАСЫЯТ

Бу заманда бу болду,
Жандын баары куу болду.
Карыз берүүчү азамат,
Аагына жетпей суу болду.
Акыр заман болот деп,
Айтуучу эле илгери.
Олуя өткөн адамга,
Алла өзү жылдырды.
Көрүп жүрөт көзүбүз,
Нечен түркүн элдерди.
Манабына букара,
Балапанча жем берди.
Баарыбызды каратты,
Теңдеши жок бир кудай.
Ооз, жаак, тил берип,
Бизди кылды сөзгө бай.
Оокатына бергени,
Бирөөгө жарма, бозо, чай.
Жылдын жарымын кыш кылып,
Жана кылды жарымын — жай.

Элеттен көрдү пайданы,
Дунган, орус, сарт, ногой.
Элеттин эси жок экен,
Эч пайдасын биле албай.

Жайдан кышка ажаттуу,
Жан айласын кыла албай.
Шарыяттан кеп алып,
Акырет ишин туя албай,
Акылынын жогунан.

Капыл өтөт дүйнөдөн,
Акырет ишин туялбай.
Басып жүрөт жаштары,
Пайдасына карабай.
Күндүзгү оюн-кумары,
Кечке калат тарабай.
Бекерге өтөт өмүрү,
Эч ишине жарабай.

Жандууларды тирүү койбой,
Жалмайды экен дүнүйө.
Аңдап туруп карасам,
Баарын бирдей санасам,

Көзду жуумп-ачканча,
Кетет экен дүнүйө.

Жармачтарга жай бербей,
Жакшыларың жалманды.
Каякта залим көбөйүп,
Кетирди журттан амалды.
«Акча-тыйын бергин» деп,
Ыстарчын кылды жаңжалды.
Колунда жок бакырда,
Чыкпаган кызыл жан калды.
Айтайын дүйнө жаланын,
Адамдарды зор кылып,
Артта өзү калганын.
Дүнүйө деп жүгүрүп,
Пенденин буту талганын.
Акыреттен жаңылтып,
Азаптуу жолго салганын.

Көрбөйсүңбү замандын,
Жылдан жылга тарганын.
Үстүнөн чөбү суюлуп,
Кара жердин арганын.

Айта берсе түгөнгүс,
Арман экен дүнүйө.
Бардыгынын түбү жок,
Жалган экен дүнүйө.

Жандууларды тирүү койбой,
Жалмайды экен дүнүйө,
Кары-жашың менмин деп,
Жандайт экен дүнүйө.
Жан бергенде жаныңда,
Калбайт экен дүнүйө.

Адаштырып кишини,
Аңдыйт экен дүнүйө.
Караңгы көрдүн жанында,
Болбойт экен дүнүйө.
Барчаны алдап түбүнө,
Жетет экен дүнүйө.
Муратына жеткизбей,
Кетет экен дүнүйө.
Жаның барда сүйлөбө,
Ушак, айың, жалганды.
Ажал айың койгон жок,
Кудай шери атанган,

Байгамбардан бата алган,
Аалы сындуу балбанды.
Ушу жалган дүйнөгө,
Кимдер келип, кетпеген.

Бактылуу болор азамат,
Бала экенде көппөгөн.

Асман жерди жаратты,
Учар менен тынардан.
Ар кайсы жанды бар этти,
Кадырлыгын билдирип,
Каапыр, момун — баарысын,
Бир адамдан таратты.

Жаратты кудай асманды,
Кара жердин бетине,
Аягы менен басканды.

Китеп ачып карасак,
Көр ичинде көп азап,
Көргөндөрдү көрөбүз.
Ушул айткан өлүмдөн,
Качып пенде кутулбайт,
Карыбыз түгүл төрөбүз.
Мусулмандын баласы
Ойлосо экен өлүмдү,
Кадыр кудай сен агарт,
Кара болгон көңүлдү.

Ар пенденин мойнуна,
Айбын алла жүктөгөн.
Кыл сыяктан өтпөсө,
Пенденин иши бүтпөгөн.

Бактылуу жан кылыпсың,
Мукамбеттин үмөтүн.
Көзгө көркөм кылыпсың,
Дин исламдын келбетин.

Келтирипсиң тилимди,
Сенден башка кудайым,
Сыйынамын киминде?
Кай кишини тойбогон,
Бакыр кылды кудайым.
Бирди — момун, бирөөнү —
Капыр кылды кудайым.

# ЭСЕНАМАН ЖАПАК УУЛУ

*Кыргыздын ири төкмө акындарынын бири Эсенаман Жапак уулу 1833-жылы Талас өрөөнүндөгү Кызыл-Коргон айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Акындын балалык чагы жетимчиликтин оор күндөрүндө өтөт. Эсенаман элибиздин бир кыйла атактуу акындарындай эле, «Манас», «Семетей», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Талымкыз менен Көбөк» сыяктуу дастандарды да айткан. Ал 1913-жылы 80 жаш курагында өзү туулуп-өскөн айылында дүйнөдөн кайткан.*

*Эсенамандын ырлары өз учурунда жазылып алынбагандыктан бизге толугу менен жеткен жок. Анын Жеңижок менен айтышы, Байтик менен Жангарач жөнүндөгү ырлары сыяктуу гана айрым чыгармалары кийин эл оозунан жазылып алынган.*

Бирөөнүн эли эл болбойт,
Бирөөнүн жери жер болбойт.
Жалгыз адам жалганда,
Жат душманга тең болбойт.

## АККАН СУУ

Аягы бийик ак жалтаң
Таштан чыккан аккан суу.
Ак жалтаңдын боорунан
Канат алган аккан суу.
Көк зооканын боорунан
Канат алган аккан суу.
Баш, аягы былкылдак
Дайра болгон аккан суу.
Бир чымындай жаныңа
Пайда болгон аккан суу.
Төгөректүн төрт бурчун
Жайгап алган аккан суу.
Адамзатка көп пайда
Кылып жаткан аккан суу.
Ак буудайың буралып
Чыгып аткан аккан суу.
Баш аягы былкылдак
Жылып жаткан аккан суу.
Бендесине көп пайда
Кылып аткан аккан суу.
Кара асканын боорунан
Жарып чыккан аккан суу.
Кайрылышынан жез канат
Балык чыккан аккан суу.
Муздак тоонун боорунан
Жарып чыккан аккан суу.
Бөлүгүнөн жез канат
Балык чыккан аккан суу.
Күнөөсүнөн пак болуп
Арып чыккан аккан суу.
Туууган айдай иреңи
Жарык чыккан аккан суу.
Кара жердин алдынан
Тумчукпаган аккан суу.
Булбулдай сайрап жарыктык
Тил чыкпаган аккан суу.
Алтын башат төрүндө
Кайнап чыккан аккан суу,
Аягы бийик ак жалтаң
Зоодо болгон аккан суу.
Алты бара тегирмен
Ноодо болгон аккан суу.

## ЖЕҢИЖОККО ЫРДАГАНЫ*

Аманбы, балам Жеңижок!
Абаңдын сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан
Айтышаарга теңи жок.
Аламан ырчы көп жүрөт,
Балам, айтканынын эби жок!

Эсенби, балам Жеңижок!
Эсеңдин сенден кеми жок.
Эки жактуу пендеден
Эрегишээр теңи жок.
Элимде ырчы көп жүрөт
Эки ооз кепке эби жок!

Кандайсың, балам Жеңижок?
Картаңдын сенден кеми жок.
Кара жаак пендеден
Каяша кылаар теңи жок.
Калкымда ырчы көп жүрөт
Калжырай берген эби жок!

Үч-Кошой менен кең Талас
Өз атаң жердеп өлгөн жер.
Өөктөп жатып чогулуп
Өкүрүп тууган көмгөн жер.
Өзөнүн бойлоп башынан
Өмүрүң өсүп өнгөн жер.
Өзгө жерде өкүнбөй
Өз элиңе көчүп кел!

Чоң атаң жердеп өлгөн жер,
Чогулуп тууган көмгөн жер.
Чоочун жерде өкүнбөй
Чоюлган журтка кайтып кел!

Калкың менен болбосоң,
Кайрат айтып не кылам.
Сөөлүм бар тилимде
Сөздөн кантип жаңылам.

---

* Жеңижок. Ырлар. Фрунзе: Кыргызстан, 1982.

Кабыл алсаң айтканды
Кайта келгин Таласка.
Өлсөң ыйлап көмүүчү
Өз үйүңдөн адашпа.
Жалдырап барып көзүңдү
Жат элдин көзүн каратпа!

Бирөөнүн жери жер болбойт,
Бирөөнүн эли эл болбойт.
Туурасын айтсам мен сага,
Туугандуу адам кем болбойт.

Башканын жери жер болбойт,
Башканын эли эл болбойт.
Артын ойлоп карагын
Айылдуу адам кем болбойт.
Эсиңди жыйып элиң тап!
Эзелки Талас жериң тап!
Карап тургун, карагым,
Карылык сөздөн сүйлөйлү
Калкынан азып жүргөн бар,
Кайгырышып жүрбөйлү.
Кайрылып келсең кадырлап
Калдайган журтуң сүйбөйбү!
«Калкынан качкан акмак» деп,
Сага да бир кайдыгер сөзү тийбейби?
Капилет жерден жоо болсо,
Карөзгөй жалаа, доо болсо,
«Каңгырап жүргөн акмак» деп,
Катындын тили тийбейби?
Каралашаар тууган жок,
Кармап минээр буудан жок,
Балам, кайгырып ичиң күйбөйбү!
Тентибей элге кошулсаң
Теңтуштар сени сүйбөйбү.

Теминишкен жоо болсо,
Тексиз жерден доо болсо,
«Тентиген элсиз акмак» деп,
Тентектин тили тийбейби?
Теңдигин айтаар киши жок
Телмирип ичиң күйбөйбү?
Угуп тургун карагым,
Үлгүлүү сөздөн сүйлөйлү.
Өзгө жерден келген көп

Улутунуп жүрбөйбү.
«Өзү башка элден» деп,
Сага бир өжөрдүн тили тийбейби?
Өбөк кылаар тууган жок,
Өмөчтөп минээр буудан жок,
Балам, өрттөнүп ичиң күйбөйбү?
Карысы жаштай жыргаган,
Жаштары жаагын жаный ырдаган,
Калың кытай биздин эл,
Кара башың маң кылбай
Кайрылып, балам мында кел!

# НИШАН МОЛДО

*Нишан азыркы Ош областынын Сузак районуна караштуу Көк-Дөбө айылында кедей-кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган. Тилекке каршы Нишандын кайсы жылы туулуп, кайсы жылы дүйнөдөн кайтканы жөнүндө так маалыматтар жок. Бирок ал тууралу акын Барпы Алыкулов калтырган эскерүүлөргө караганда Нишан үркүн алдында 70 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Демек, акын болжол менен 1846 жылы туулуп, 1916-жылы дүйнөдөн кайткан болуу керек.*

*Нишан жетишпегендиктин айынан 7—8 жашка келгенде эле эмгектене баштайт. Ал эми 20—22 жашка келгенде эл оозуна кирген белгилүү акындардын катарына кошулат. Барпы акындын эскерүүсүнө караганда Нишан чоң аш-тойлордо ырдаган эмес. Кыйла кыргыз акындарынын чыгармалары сыяктуу эле анын да ырлары бизге толугу менен жеткен жок. Акындын терме-санат, насыят ырлары кийинчерээк гана элден жыйналып алынган.*

### ЭСКИ ТЕРМЕ-САНАТ ЫРЛАРЫ

Жашында оку илимге,
Жакуттай көзүң ачылат.
Ынтымак болсо бир дуган,
Башкалар кантип батынат.
Алганы жаман чыкканда,
Азамат жигит пас болот.

Амандашаар тууганың
Алыска кетип жат болот.
Көргөндүн көркү көө болот.
Жаман менен достошсоң,
Акыры түбү доо болот.

Башынан арбак ургандын,
Аркасында чуу болот.
Ынтымагың бар болсо,
Душман да сага эл болот.

## ЭЛГЕ НАСЫЯТ

Ынтымагың бар болсо,
Ар жерден намыс аласың.
Башкадан келген душманга
Батырып найза саласың.
Ынтымагың бар болсо,
Мусапыр келсе, багасың.

Сөздү сылык чыгарсаң,
Кимге да болсо жагасың.
Ынтымагың бар болсо,
Алыстагы душманга
Айбатың шаңдуу болосуң,
Ынтымагың болбосо,
Ач бөрүдөй улуйсуң,
Алдырып жатка куруйсуң.
Ынтымагың болбосо,
Душманга бута болосуң,
Ача албай көзүң оёсуң.
Ынтымагың болбосо,
Гарп болосуң душманга.
Ынтымагың жок болсо,
Чекеден келген душманга,
Кошоматтап сүйлөйсүң.
Тууганыңды жамандап,
Душманга бет аласың,
Ырыскыңды түгөтүп.
Ынтымагың бар болсо,
Толуп турган айдайсың.
Ынтымак кетсе элиңден,
Бекинесиң душмандан,
Бүркүттөн качкан улардай,
Айтканың болот кош жүздүү,
Эрден чыккан жубандай.

# ЖЕҢИЖОК (ӨТӨ) КӨКӨЕВ

*Жеңижоктун өз аты — Өтө. Ал Таластагы Сары Көбөн деген жерде (азыркы Манас району, Покровка кыштагы) Көкө деген кедейдин үй-бүлөсүндө 1860-жылы туулган. Өтө ата-энесинен эрте ажырап, тестиер чагында өлүм коркунучунан адегенде Караванга качып келип, кийинчерээк Кара-Суу кыштагында туруп калат. Ал, элдин айтуусуна караганда, ырчылык кесипти эң жаш кезинен баштап, «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» өңдүү элдик эпосторду күн-түндөп айткан жомокчу, өз заманынын окуй билген, жаза билген билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон.*

*Туугандары менен жердештеринин эскерүүлөрүнө караганда, Жеңижок 1918-жылы 58 жашында Жаңы-Жол районундагы Кара-Суу кыштагында каза болот. Жеңижоктун ырлары кийинчерээк эле элден жыйналып алынып, жыйнак болуп 1982-жылы жарык көрдү. Жеңижоктун чыгармаларынан коомдук-саясий, философиялык, гуманисттик идеяларды арбын кезиктире алабыз. Акындын таптык көз карашынын курчуна, ырларындагы курч социалдык багыттын калыптанышына улуу акын Токтогулдун тийгизген таасири зор.*

*Жыйнакка кирген акындын ырларынын айрымдары Кыргыз Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунан, айрымдары 1982-жылы жарык көргөн Жеңижоктун биринчи ырлар жыйнагынан алынды.*

### ЖЕҢИЖОКТУН НУРМОЛДОГО ЫРДАГАНЫ

Ассалоому алейкум,
Ак селдечен алдаяр!
Ак шарият жөнүнөн
Айттыңыз сөздү дапдаяр.
Анык жолун исламдын
Ачкан дейсиң пайгамбар.
Пайгамбарга дос экен
Бир сааба, чалыяр.
Буйругунда деп айттың
Бүт макулук жаныбар.
Барсаң орун кең бекен
Периштелер башкарган,
«Бейиш» деген жайыңар?
Каза болгон кишиге
Казган көрдүн ичинде
Кайсыл жыргал шаани бар?
Опсуз айткан сөзүңдө
Орою суук маани бар.
Ак эшенге кол берген,
Акча, пулду мол берген
Көп дүнүйө малдуулар,
Көпкөн көпөс алдуулар
Көрөт бекен кудайды?
Салтанаттап мактаба,
Сатып алсаң акчага
Биздин жердей эмес го
«Бейиш» деген жайыңар?!..
Асемдикке кийгениң
Анжияндын баркыты.
Ыклас, куран, шарият
Ырларыңдын жартысы.
Тозок менен периште
Сөздөрүңдүн арткысы.
Эң жаманы адаттын
Ушак айткан калпычы!
Эл жактырса айтканын —

Өнөрпоздун баркы ушу!
Жапырандап ырдайсың
Тозок менен бейиштин
Колунда окшоп ачкычы.
Анык өзүң окшойсуң
А дүйнөнүн «жарчысы!»
Жарык дүйнө — бейишим,
О дүйнөңдө бар бекен
Ушунун бир тамчысы?
Билип туруп чын сүйлө,
Бейиш мына бул — дүйнө!
Жер астына барганда
Ушул турган жыргалдын
Жетпейт сага саркыты!
Кыйын болсоң, жооп бер:
Ай, күн, жылдыз, асман, жер,
Айтчы, кайдан жаралды?
Ай-ааламдын жүзүндө
Адам кантип таралды?
Айдан жылдыз чексиз көп,
Түн эмнеге караңгы?
Ажыратып айтып бер
Адал менен арамды?
Акыретке барганда,
Кара көргө салганда
Отко жагып өлүгүн
Өрттөйт дейсиң адамды.
Адам үчүн нээтиң
Анча неге карарды?
Өзүң өлүп көрбөсөң
Кайдан билдиң аларды?!
Жаныңды жеп айтасың
Жалган ушак кабарды.
Бул сөзүңө ишенип
Бургум келбейт санаамды.
Отко салып өрттөсө,
Опсуз кыйнап жектесе,
Ошончолук адамдан
Көргөн бекен залалды?
Өткөндөрдүн чеги жок,
Өзгөрүлгөн шеги жок,
Бир да кабар деги жок
Ой жүгүртүп ченесек.
Байкап көрсөк алдагы
Байгамбардан калганбы

Башындагы элечек?
Эркек кийбейт биз жакта,
Ээси мунун келинчек.
Ыксыз жалган ырдабай,
Ырдын наамын булгабай,
Элдин башын маң кылбай,
Эл ичинен чыгып кет!
Же дубана болуп ак ургун
Минип алып көк эшек!..

Акын болсоң элди ырда,
Берекелүү колу ачык
Өнүп-өскөн жерди ырда!
Калка болгон калкына
Элди баккан эрди ырда!
Угуп туруп ырыңды
Ачуум кайнап келди да!
Ким адилет, ким кара,
Айтышалык кел мында.
Акын болсоң аныңды айт,
Болуп өткөн тарыхты айт.
Акын десем молдодой,
Молдо десем, акындай,
Кайран ырды кордобой
Адебиң менен нары кайт?!..
Же жакын болсоң кудайга
Жардам кылып кедейге
Суракчыга жооп берер
Бой тумарын жазып бер,
Бал китебиң ачып бер.
Даана сүйлөп сөз чынын
Далил менен айтып бер.
Көзүң менен көрбөсөң,
Көп периште чогулган
Кеңешинде жүрбөсөң,
Кереги жок жалгандын,
Кезегимди кайтып бер?

## САНАТ

Бар болбой малың чачылбайт,
Жок болбой жонуң ачылбайт,
Башыңа мүшкүл иш түшпөй,
Малың арзан сатылбайт.
Кеспей терек жыгылбайт.

Жетимдин арты жабылбайт.
Куусуз чакмак чагылбайт.
Ылайсыз дубал курулбайт.
Жаманга тандап кеп айтсаң,
Кабаган иттей ырылдайт.
Атылган мылтык сай болбойт,
Эсеп таппай, бай болбойт.
Куш кадырын биле албайт,
Өмүрүндө салбаган.
Пөпөлөсө жарашат
Туйгун таптап кармаган.
Алдейлесе жарашпайт
Алдына бала албаган.
Өлмөйүнчө кор болбойт
Жакшы адамды жандаган.
Ар жерге батпай ушакчы
Элден элди тандаган.
Сөз кадырын биле албайт
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт
Башынан акыл жукпаган.
Жан кадырын биле албайт,
Айтса акылды укпаган.
Тон кадырын биле албайт
Торко тандап кийбеген.
Ашыктык жайын биле албайт
Албырып отко күйбөгөн.
Жар кадырын биле албайт
Жаш кезинде үйлөнгөн.
Жоо кадырын биле албайт
Алты сай бараң атпаган.
Жетелеп жүрүп байге албайт
Мурунтан буудан чаппаган.
Нар кадырын биле албайт
Жетелеп төө тартпаган.

Колуңдан дөөлөт тайганда
Агайын сенден жат болот.
Аласа кирбей колуңа
Алаган колуң мант болот.

Катынды мээнет чырмаса,
Каяша кылат эрине.
Кедейди мээнет чырмаса,
Үрөнү жетпейт жерине.

Жакшыны мээнет чырмаса,
Коңшусу менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Сары карт түшүп таз болот.

Ак бөкөн келип жыгылат
Алдын казып ордосо.
Ак туйгун келип чалынат
Саятчы алдын торгосо.
Ийри жыгач түз болот
Теске салып оңдосо.
Душманына кор болот
Жигиттер өз тууганын сордосо.
Өзөнгө өскөн тыт болот.
Жаман тууган кырс болот.
Каарына алганда
Ак жайдын күнү жут болот!

Ашыкча доор келгенде
Аргымак минип таптайсың.
Алтынды үйгө чаптайсың.
Алышкан жоону таптайсың.
Ашыкча доор кеткенде
Айланып издеп таппайсың.
Күлүстөн доор кеткенде
Күлүктү минип таптайсың.
Күмүштү үйгө чаптайсың,
Күрөшкөн жоону каптайсың,
Күлүстөн доор кеткенде
Күн сайын издеп таппайсың.

Ашыкча доор келгенде
Аргымак минип дуулайсың
Айгай салган чуудайсың!
Ашыкча доор кеткенде
Акпай калган суудайсың!
Ашыкча доор келгенде
Ашуусу бийик белдейсиң.
Агыны катуу селдейсиң.
Ашыкча доор кеткенде
Аңгырап калган жердейсиң...

Күлүстөн доор келгенде
Күн нуру тийген белдейсиң.
Күкүктөп аккан селдейсиң!

Күлүстөн доор кеткенде
Көрүстөн болгон жердейсиң...

Ашыкча доор келгенде
Атылган жоого мылтыксың,
Алтындан мунар чырпыксың.
Ашыкча доор кеткенде
Ажалдуу болгон чымчыксың...

Күлүстөн доор келгенде
Көгөргөн чалкар көлдөйсүң,
Кийиги көп төрдөйсүң!
Күлүстөн доор кеткенде
Көмүлгөн кара көрдөйсүң...

Ашыкча доор келгенде
Агарып аткан таңдайсың,
Аякка куйган балдайсың!
Ашыкча доор кеткенде
Алынан кеткен чалдайсың.

Күлүстөн доор келгенде
Намыстуу жигит кармаңар.
Намысы жок бир жаман
Какшаган менен кур калар!..

## НАКЫЛ КЕП

Алты атаң өткөн жергеден
Калган көңүл, чыккан жан
Кайрылып кайта келбеген.
Алака кылса ач көзгө
Алганын кайра бербеген.
Күлүктөр чуркайт төр менен,
Күкүктөр сайрайт үн менен.
Катындын көркү эр менен,
Дыйкандын көркү жер менен.

Алтындан комуз күү айтам,
Айчылык жерден ыр айтам.
Күмүштөн комуз күү айтам,
Күнчүлүк жерден сыр айтам.
Ашууга салсаң лөк таштайт.

Арык бир аттын чобуру.
Асмандан учуп куркулдайт
Ала бир канат собуру.
Адамзаат пенденин
Ар кандай болот жоругу.
Чарбадарлар жайлаган
Көрүнгөн тоонун адырын.
Жаман адам билеби
Жакшы адамдын кадырын?
Бурчак-бурчак кар жааса,
Асыл жылкы баласы
Буюкпайт да уюкпайт.
Жакшы атанын баласы
Эрте-кечке кеп урса,
Эрикпейт да зерикпейт.
Ай кылайып жаңырса,
Ач белестен көрүнөт.
Адырдан шамал козголсо,
Асмандан булут сөгүлөт.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Алтын баш элден бөлүнөт!..

Күн жарыгы тийгендей
Күлгөнү кызык баланын.
Көйкөлүп өссө эгин, чөп,
Көркү экен эгин талаанын.
Сыйлашпай кетсең жат болот,
Сыр билги жакын адамың.
Умтулсаң жакшы жүрүүгө,
Узарат, жаштар, кадамың.
Кыялым толкуп ырдасам,
Кызыгын сөздүн табамын.
Кырдалың барда, жигиттер,
Кызыгып ишке жарагын.
Кырданып кесир сүйлөсөң,
Кыйыны ошол баланын.
Жабыркатып саргайтат,
Жакшысы болбойт жалаанын.
Күлүктөр чуркайт мүргүбөй,
Күн белең күндө келгидей.
Аргымак чуркайт мүргүбөй,
Ай белең айда тийгидей.
Эрдик кылсаң бир сонун,
Эл эскерип жүргүдөй!

Жакшы конок ток болот,
Жаман жүрөк жок болот.
Ойлоп-ойлоп олтурсаң,
Октон күлүк ой болот.
Шаттанып ырдап олтурсаң,
Шайырдын көркү той болот.
Суйкая басып керилген
Сулуунун көркү бой болот.
Байлыктын чоңу — ден соолук,
Баарынан кесел кор болот.
Жүрө-жүрө жакшы аттын
Жүрүшү чыгат жорголоп.
Көңүлүңдү көтөрөт
Көкбөрү тартсаң ойдолоп.

Бул дүйнөдө не карып?
Ар ким сатып албаса,
Ак алалуу бөз карып.
Замандашы болбосо,
Карыя болор тез карып.
Кадырын жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз-өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып.
Кайберен, кийик жатпаса,
Карайган аска, таш карып.
Ата-энесин ыйлатып,
Арманда кеткен жаш карып.
Айланып булут каптаса,
Агарып аткан таң карып.
Кыштын күнү талаада
Кароосуз жүргөн мал карып.
Кол арыктан суу ичпей,
Чөлдө өскөн тал карып.
Кемпиринен айрылган
Жетимиште чал карып.
Эл-журтунан ажырап
Ээн баш жүргөн жаш карып.
Айылдан кызды тандаса,
Мураадын таап албаса,
Ким да болсо ал карып.

Асманда жамгыр жаабаса,
Жазында чыккан гүл карып.
Ай, жылдызы көрүнбөй
Борошо урган түн карып.
Өлүп калса доосу жок,
Доого келген күң карып.

Кадырын таап минбесе,
Кара буудан ат карып.
Окуткан менен билбесе,
Убара болгон кат карып!..

Ааламдын көркү Күндө бар,
Адамдын көркү тилде бар.
Акындын көркү үндө бар,
Ашыктын жайы дилде бар.

Ай, жылдыз көркү түндө бар,
Жаз айдын көркү гүлдө бар.
Ак перидей сулууну
Амалың болсо үндөп ал!

Өрдөк, каз көркү көлдө бар,
Куландын көркү чөлдө бар.
Дайраның көркү селде бар,
Дыйкандын көркү жерде бар.

Жайлоонун көркү малда бар,
Жыгачтын көркү талда бар.
Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.

Ашуунун көркү бийикте,
Мергендин көзү кийикте.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Кападар болуп ийикпе!

Тоо сөөлөтү ташта бар,
Баканын көркү сазда бар.
Саамайдын көркү кызда бар,
Сайманын көркү узда бар.

Тамактын көркү туздa бар.
Чилденин көркү музда бар.
Бекерликке берилбей,
Дениң соодо иштеп ал!

Балпаң-булпаң ким баспайт,
Балык жаткан көл жазбайт.
Эл чендеген ач калбайт,
Эки ат минген кеч калбайт.

Аттууга жөө жеталбайт,
Экөөгө бирөө баталбайт.
Жүрөгү жок көр жаман
Талаага жалгыз жаталбайт.
Белиңде пулуң болбосо,
Бекеринен көп сүйлөп
Мен дегениң бекер кеп.
Астыңда атың болбосо,
Аш менен тойго оолугуп
Дегдегениң бекер кеп.
Колуңда кушуң болбосо,
Өөдөгө колуң көтөрүп,
«Пө» дегениң бекер кеп.

Оозуңда эмиң болбосо,
Мактанганың бекер кеп!
Бир пас аял кылбастан,
Бир миң кошун жыйбастан,
Кара аргымак минем деп,
Качырып жоого кирем деп,
Каптап кирген душманга
Билекте күчүң болбосо,
Чактанганың бекер кеп!..

Көп киришпе тыйынга,
Көп киришсең тыйынга
Жигиттер, учурайт башың кыйынга!
Арык койдой тырышпа,
Ар ким менен урушпа.

Караңгыда жол жүрсөң,
Карыпты арман кылбаңар.
Каалап бегиң бербесе,
Жардыкты арман кылбаңар.
Карынбайдай мал күтсө,
Кол кайыры жок болсо,
Бардыкты арман кылбаңар.

Угутуң даяр болбосо,
Уулуң тилиң албаса,
Катының каргап барбаса,
Бозону арман кылбаңар!..

Өлгөндүн аты не жаман?
Өксүткөн экен эр заман.
Кеткендин аты не жаман?
Кейитет экен ар заман.
Эрди учурат зар деген.
Кушту учурат пар деген.
Жалтаң-жултаң карасаң,
Жакшына болот жар деген.
Эгини бышса күз деген,
Эсептин башы жүз деген.
Өткөн өмүр билинбейт,
Өлгөндөр кайра тирилбейт.

## НАСЫЯТ

Кулактууга кеп урсаң,
Кулагынын учунда.
Кулаксызга кеп урсаң,
Туягынын учунда.
Жарды жардай жүргөндө
Жашыл кийик маласы,
Жанга салган болоттой
Жакшы атанын баласы.

Жоргонун белин жоорутпа,
Жамандык иште колдогон
Жолдоштун көөнүн оорутпа!

Аргымак белин жоорутпа,
Аманат назик жан деген,
Адамдын көөнүн оорутпа!

Мүлктү жыйсаң, мылтык жый,
Жоого алдырбайт талаадан.
Малды баксаң койду бак,
Колуң кетпес чарадан.

Мылтыктан тез ажал жок,
Бармак басым жарасы.
Булбулдан чечен бир куш жок,
Кол башындай карасы.

Шамалда жүргөн коо болот.
Жаман менен дос болсоң,

Акыры бир күн доо болот.
Жакшы менен дос болсоң,
Өлгүчөктү коштошот.
Жаман менен дос болсоң,
«Баягымды бергин» деп
Эки айдан кийин мушташат.
Атан төө мас болсо,
Тайлагы менен достошот.
Жаман киши мас болсо,
Жакыны менен касташат.
Аскар-аскар-аскар тоо
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсоң да,
Сыйлашпасаң жат болот.

Жапан-жупан кар жааса,
Жаш куурай башын көтөрбөйт.
Жаман эрден мал тайса,
Жаздыктан башын көтөрбөйт.

Жакшыга дөөлөт келгенде,
Бой көтөрбөй пас болот,
Кылган иши саз болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот,
Күнүгө жаңжал чыгарып,
Катыны менен кас болот,
Пайдалуу иши аз болот.
Ыргытсаң алыс таш кетет.
Пейли кеткен пенденин
Казанынан аш кетет.
Айдап жүргөн мал кетет.
Аманат жүргөн жан кетет.
Беремин деген бекилбейт,
Кылмышты абийир кечирбейт.
Бек байлаган чечилбейт.
Бакпай багың жетилбейт.
Эстүү адам эсирбейт.
Чечендиктин белгиси:
Кезектүү сөздү кетирбейт.
Жаманга оомат келгенде
Кекээр сүйлөп кесирлейт.
Биреөнүн көрүп жакшы атын,
Көз артып салба назарың.
Жокчулук чиркин байлайт го

Адамдын бакты-базарын
Ойлобой кылсаң, тартасың
Туура эмес иштин азабын.
Карынын угуп кеңешин,
Акылың менен жашагын.

## ҮЛГҮ ЫРЛАР

Аргымак аттын күлүгүн
Айдап коёт алыстан.
Ар түркүн кылып кеп айтат,
Акын адам — даанышман.

Куптанда учуп оокат жейт
Куруган байкуш жарганат.
Уурулардын адаты
Өлгөнүнчө карганат.
Жаман адам курусун,
Иштегенден арданат.
Катынын эптеп бага албай,
Көрүнгөн жерде сандалат.
Жолдошко жаман кеп урба,
Жигиттер, жаның аманат.

Арча менен карагай
Асман мелжийт Чаначта.
Арпа менен буудайдын
Бүткөн жери Таласта.
Ааламдан канча алп өткөн,
Ким жетиптир Манаска!

Күн жарыгы тийгендей
Күлгөнү кызык баланын.
Оргу-баргы кеп айтып,
Жүргөнү кызык баланын,
Астына душман чыкпаган.
Арбак дөөлөт залимде.
Жаман чыкса күйөөсү,
Убайым болот келинде.

Капталына жүк арткан,
Караңгыда жол тарткан,
Каруу-күч жок бечелде.
Кандай арга кылам деп

Кайгы болот кеселде.
Кара кылды как жарган
Калыстык болот чечендe.
Карап турсаң калет жок.
Жеңижок айткан кеселде[1].

Алды-сатты шаркырап
Соодасы болот базарда.
Көөп кетет жамандар
Бир балакет басаарда.
Үстүнөн чыгат кокуйдун
Шайтан алдап шашаарда.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Адамзат пенденин
Орду болот мазарда.

Адырдан качкан түлкүнү
Асмандан бүркүт илбейби,
Алты жыл жерде жатса да
Алтындын өңү кирдейби.

Алтынга сары жез окшош
Асилдик жайы бирдейби?
Жыйылып келсе бардыгы
Жылдыздын нуру айдайбы?
Күнүгө барктап баксаң да,
Булбулуң гүлсүз сайрайбы?
Көөрүктүн күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы?

Эки сөздү калп айтыш
Эр жигитке ар болот.
Кызгалдактар гүл ачкан
Кызык мезгил жай болот.
Алтын жаак жез таңдай
Акындар сөзгө бай болот.
Карагер атты булкунткан
Карчыга казы-май болот!
Карынын черин тараткан
Канттап ичкен чай болот.
Кыз он сегиз жашында
Кырандан чыккан Ай болот.
Ак ниеттүү адамдын
Айткан кеби шар болот.
Көпкө ыраазы болбогон
Азга жетпей зар болот.

Аяздуу суук болбосо
Арыкта суулар тоңоорбу!
Жибектен каттап кийсең да,
Жылуулук баркы тондойбу?

Жакшы аялдын белгиси —
Жашаган үйүн гүлдөтөт.
Жалкоолуктун «пайдасы» —
Жарыбай жүрүп күнү өтөт.

Ак мээнеттин пайдасы
Акыры барып ирдентет.
Эрте туруп иш кылсаң,
Элден ишиң бат бүтөт.
Эр жигиттин жакшысы,
Эгин эгип, мал күтөт.

Ээликтирсе бузуку
Элинен киши жат болот.
Эгини бүтсө ыкшалып,
Эмгекчи көөнү шат болот.

Кара манат-токчулук,
Катарга кошпойт жокчулук.
Кызыл манат-токчулук,
Кыйын болот жокчулук.
Баш барда келет мейманың,
Алтындай башың өткөн соң,
Балаңа калат жыйганың.
Көз барда келет мейманың,
Күмүштөй башың өткөн соң
Каралбай калат жыйганың...

## ТЕРМЕ

Кыйла жашка барганың,
Кырктан ашып калганың.
Өзүңдүн ордуң жоголбойт
Өнүп өссө балдарың,
Жаныңда болсо дайыма
Жактырып тандап алганың,
«Аталашып» ийилип
Аяшпаса жардамын,
Өтө берет тирилик,
Кудай алсын калганын!

Күн артынан күн чубап
Өтө берет турбайбы,
Өткөн күн менен өмүрүң
Кете берет турбайбы,
Каниет кылсаң баарына,
Жете берет турбайбы.

Ай артынан ай келип
Айкалышат турбайбы,
Ысык-суук ошентип
Байкалышат турбайбы.
Күн табына өсүмдүк
Жайкалышат турбайбы,
Ай нуруна бүт аалам
Чайкалышат турбайбы.

Өмүрү бүтпөйт тиричилик,
Өткөндөр келбейт тирилип,
Карыган адам эмгектен
Жарышып иштеп түрүнүп.
Кайгынын бети капкара,
Каптаса журтуң бүлүнүп,
Кары-жашка карабай,
Кара жер тартат сиңирип.

Жоргону минсең базарга,
Жолдо кумар жазарга,
Жол алысы билинбейт
Жалжал көз болсо катарда.
Күлүктү минсең базарга,
Күндө кумар жазарга,
Күйүтү жолдун билинбейт
Күлүңкөз болсо катарда.

Токойго койду үйүргүн,
Токтусун базар кийиргин,
Чарбакка койду үйүргүн,
Чарысын базар кийиргин.

Ак чатыр тиккин жайлоого,
Акыл менен шык керек
Ар жыйында сайроого.
Көк чатыр тиккин жайлоого,
Көп акыл менен мээ керек
Көпчүлүккө сайроого.

Карап турса көпчүлүк,
Кара киш бөркту ыргагын,
Капалык көрбөй жыргагын.

Телмирип турса калың эл,
Түлкүдөн бөркту ыргагын,
Доорду сүрүп жыргагын,
Калк аралап жайлагын,
Кайратың барда көп иштеп,
Кайнатып казы чайнагын!
Түртүшө келген душманды,
Түрүлтүп алыс айдагын!
Тогузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын,
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыргыздын!
Учу болгун кылычтын,
Учкуну болгун кыргыздын,
Сабы болгун кылычтын,
Сазы болгун кыргыздын.

Бооруу бүтүн, башы эсен
Болбойт экен пендеде.
Кеткен соң жаштык курагың
Келбейт го алтын теңгеге.

Суу келгенде сай толот,
Ооматы келген пенденин
Малы ташып, бай болот.
Түн карыткан ай болот.
Эгиздин бири пай болот.
Жабагы жүрүп — ат болот.
Он бир тууган болсоң да
Катташпасаң жат болот!

## ҮЙ-БҮЛӨ

Алганың жакшы болгон соң
Кирсең үйүң ордодой,
Көңүлүңдү куш кылат
Кымбат баа жоргодой.
Ачууланып камчы урсаң,
Адеп сактайт молдодой,
Таза болот сымбаты,

Алганыңдын бир башы,
Жаркыраган айнектей
Кармаган казан, тулгасы.
Ачык болот кабагы.
Барды-жокту байкатпай
Берекелүү тамагы.
Алмадай камыр аш кылат.
Адамдын көөнүн куш кылат.
Бул өңдөнгөн ургаачы
Ыракмат албай калабы?

Алганың жаман болгон соң
Кирсең үйүң кепедей,
Кийимиң сасып кир болот
Төштүгү чирик текедей,
Тапканыңдын бардыгы
Быркырап сынат көзөдөй[2].
Айыл десе кам урат,
Элечегин пар кылат,
Тапылдатып элегин
Башы-көзүн чаң кылат.
«Аш кыл» десең — нан кылат,
Анын орто жерин кам кылат,
Тоё жеген адамдын
Ичин жаман дем кылат.
Баласын төргө чычырат,
«Байдөбөт» деп чакырат,
Байдөбөттөн калганын
Буту менен шыпырат.
Тактасына бит сыгат,
Үбөлүк менен ит урат,
Муну эмне кыласың?!
Же саамайын саксайтып
Саталбасаң базарга,
Же эки көзүн чекчейтип
Көмө албасаң мазарга,
Атаны кызык арман күн!

Уулуң жакшы болгон соң
Кымбат баа жакут таш
Кызык базар көргөндөй,
Ар жыйында кеп урса,
Ар кандай пенде көнгөндөй,
Көңүлү ачык жаркырап
Жолу болгон мергендей.

Уулуң жаман болгон соң
Киши келсе кенебейт,
Кишиге өзүн теңебейт,
Оолугуп сүйлөп обу жок,
Өз акылын ченебейт.
Кылганынын дайны жок,
Же алып койгон зайбы жок.
Сөөлөтүндө шаани жок,
Сөзү жукпайт — маани жок.
Айылдап жүрөт дардайып,
Каерде, бышкан аштын ээси,
Анысы аз келгенсип
Ачуусунда кээси.
Чач-сакалын агартат
Ата менен энеси.
Кулагына илинбейт
Айткан акыл-жемеси.
Берер ашын бекитип
Зыркырап турат жеңеси.
Ооканттын болбойт камында!
Уулум бар деп санабай,
Жата бер жалгыз жайыңда.

Агаң жакшы болгон соң
Күндө кызык, күндө той,
Айлыңдан кетпей топ-жыйын,
Кандарың курган ордодой.
Бактыңа бүткөн агаңыз
Коёбу деги колдобой?!..
Ага жаман болгон соң
Туурасы чыгат өгүздөй,
Ичинен насаат кеп чыкпайт
Тирүү эмес, өлүктөй.
Муктажына жеткизбей,
Ал урган-бергенин алат кемитпей
Агам бар деп ойлонбой,
Жата бер жалгыз терикпей!..

Иниң жакшы болгон соң
Кымбат баа жакут таш,
Кызыган шаар базардай.
Ар дубанга кеп урса,
Айткан кеби казалдай.
Жара сүйлөп жалындап,

Тараза ташы басандай.
Айланып келген ачыңа,
Толгонуп келген кашыңа,
Аман болсун бир башы, ай!

Иниң жаман болгон соң
Бак конбогон мазардай.
Кырмандан данын айырган
Боолугу бош бакалдай.
Жан сактоосун кыла албайт
Жамачылуу чапандай.
Иним бар деп ойлонбой,
Жата бер жалгыз жапандай!..

Жамаатың жакшы болгон соң
Ырыска ыктоо эл болот.
Каршылашып жоо келсе,
Биригип каптай сел болот,
Ичинен карып көрсөтпөй,
Кара тоодой бел болот.
Жайланган жериң кең болот,
Жазы журтуң жадырап,
Теребелиң тең болот.
Мындай ынтымактуу жамаатка
Кетпеген ырыс-бак конот.
Жааматың жаман болгон соң
Үйүң жакын конушпайт,
Ар кимиси арды айтып,
Ыркырашып болушпайт.
Эпке келип экөөбү
Кышкыга согум союшпайт.
Жазга маал алсырап,
Көтөрмөгө дан сурап
Карындары тоюшпайт.
Тогу болсо — көрө албайт,
Ачы болсо — бөлө албайт,
Алаар оору тооруса,
Алын сурап келе албайт.
Биринин алтын башы шылк этсе,
«Ырас кана болду» — деп,
Ызатын кылып көмө албайт.
Жакшы менен жаманды
Жараткан теңир эрикпей,
Жааматың жаман болгон соң

Он сегиз болсо пайда жок
Чуркураган көп иттей!

## АЙТ, АЙТ ДЕСЕ

Айт, айт десе токтолбой,
Ашуудан шамал соккондой,
Жазда жамгыр төккөндөй,
Жер жумшатып кеткендей,
Мүдүрүлбөй, кагылбай,
Айтар ойдон жаңылбай
Аксы менен Таласты айт,
Көкчө менен Манасты айт,
Күү жүгүрүк канатты айт,
Күйгөн элден санатты айт,
Өтө кызыл манатты айт,
Өткөн элге санатты айт.
Ат үстүндө китепти айт,
Аны окуган молдону айт,
Качканды айтпай, кууганды айт,
Чобурду айтпай, бууданды айт,
Болуп өткөн тарыхты айт,
Жалганды айтпай, аныкты айт!
Акындардын ырын айт,
Акылмандардын сырын айт,
Кедейлердин муңун айт!
Балбандардын күчүн айт,
Арыстандын сүрүн айт,
Булбул, торгой үнүн айт.
Чөбүн айтпай, гүлүн айт!
Туулуп өскөн жериңди айт.
Куттуу кыргыз элиңди айт,
Тоскоолдун көлүн айт,
Суусамырдын төрүн айт!
Аргымак тууган бээни айт,
Жүк көтөргөн төөнү айт,
Күмүштү айтпай, алтынды айт.
Азамат тууган катынды айт,
Конодон чыккан күлүктү айт,
Карышкыр алган бүркүттү айт,
Алганды айтпай, бергенди айт.
Жоону жеңип келгенди айт!
Бурама темир, сом темир

Бурбай соккон устаны айт,
Кырга капкан салганды айт,
Кызыл түлкү алганды айт,
Жонго капкан салганды айт,
Жолборс атып алганды айт.
Көз мелжиген бийикти айт,
Анда жүргөн кийикти айт!
Керилип кетмен чапканды айт,
Адал дүйнө тапканды айт,
Көпүрө салган балбанды айт,
Жол ондогон адамды айт!
Ай, Күн менен жылдызды айт,
Азаптуу болгон турмушту айт,
Таттуу болгон өмүрдү айт,
Өзгөрүлгөн көңүлдү айт.
Мергенчинин көзүн айт,
Карыянын сөзүн айт,
Ашкебини[3] сөгүп айт.
Акын болсоң төгүп айт,
Ак, караны ылгап айт.
Жүрөк менен жыргап айт,
Эмгекчини мактап айт.
Жатып ичер, бузукту
Какшык сөзгө кактап айт.
Адилетти коргоп айт,
Арамзаны кордоп айт!
Ак болоттун бөркүн айт,
Ала-Тоонун көркүн айт.
Ач албарстын курчун айт,
Ата-Бабаң журтун айт!

## ДҮНҮЙӨ

Асман, Ай, жылдыз бүткөндө
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө
Куралгансың, дүнүйө.
Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараттың, дүнүйө.
Кемтиги жок эч жерде
Куп жараттың, дүнүйө.
Аял менен эркекти,
Жуп жараттың, дүнүйө.
Адамзаттын ичине,
Куп жараттың, дүнүйө.

Жан-жаныбар куйөнү
Бүт жараттың, дүнүйө.
Канаттуудан башкага
Сүт жараттың, дүнүйө.

Алты теңге пулдуугa
Абат кылган дүнүйө.
Эки кузгун кошулса,
Бечараны карактап
Кабат кылган дүнүйө.
Булбул менен чымчыкты
Бакта кылдың, дүнүйө.
Баардыгы пашаны
Такта кылдың, дүнүйө.
Жетип алар ажалды
Башта кылдың, дүнүйө.
Бир теңгеге зар кылып,
Жалдыраттың, дүнүйө,
Байдын колун башкарып
Калтыраттың, дүнүйө.
Эки беттин албырган
Нурун алдың, дүнүйө.
Атасынан баласын
Мурун алдың, дүнүйө.
Салтанатын саначы,
Сайдагы жолду карачы:
Сары килем жаптырып,
Сар аркан менен тарттырып,
Санжырга менен төө өткөн.
Саймалуу калпак кийгенден,
Сайышып жоого киргенден.
Санатсыз нечен эр өткөн.
Адамдан артык туулган,
Ааламга салган чуулган
Атабыз Манас шер өткөн!
Капталда жолду карачы:
Карагер жылкы бээ өткөн
Калы килем жаптырып,
Кара аркан менен тарттырып,
Көркөмдүгүн арттырып
Калкайып каймал төө өткөн.
Кайырма калпак кийгенден,
Кайрылбай жоого тийгенден,
Кармашып жоону сүргөндөн
Көкчө, Кошой, Алмамбет,

Чубак менен Сыргактай,
Көк жалдардай шер да өткөн!..
Эгини менен жер өткөн,
Найзасы менен эр өткөн,
Жер каптаган сел өткөн,
Жер жаңырып, эл өткөн!
Дүнүйө, кимди кармап калгансың?
Менменсинген пендени,
Жер койнуна салгансың!
Каран күн, бир өзүң балбансың!..
Ошол күндөн ушул күн,
Тоо бузулуп түз болду
Ойротто жок иш болду.
Түз бузулуп тоо болду,
Кылымда жок иш болду.
Бел бузулуп жер болду,
Кара жер менен тең болду.
Буга күбө ким болду?
Асмандагы жайнаган
Ай-жылдыз менен Күн болду.
Биз билбеген, көрбөгөн
Канча жан өлүп тим болду.
Дагы күбө ким болду?
Чарчаганды билбеген,
Чатак салып жинденген,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып желдеген,
Кармасаң колго келбеген,
Же көрүнбөгөн көзүңө,
Же келбеген эсиңе,
Булутту айдап түрүлтүп
Ачууланган кээ күндө
Шамал күбө бир болду.

Байыстабай бир азга
Өткөнүн көрчү дүйнөнүн,
Артынан жоо куугансып
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн!
Кирген суудай шаркырап
Акканын көрчү дүйнөнүн,
Жерден берип ырыскы
Бакканын көрчү дүйнөнүн,
Көзүңө жылуу көрүнүп
Жакканын көрчү дүйнөнүн,
Түгөнбөгөн мезгилден

Ашканын көрчү дүйнөнүн
Чакырып тойго жаткансып
Шашканын көрчү дүйнөнүн!

Күн менен түндү камчылап
Өтүп жаткан дүнүйө,
Журттан журтка ташынып
Көчүп жаткан дүнүйө,
Бири күйсө, биребү
Өчүп жаткан дүнүйө...

Түшпөсүн деп ай-жылдыз
Бышык кылган дүнүйө,
Таң калтырып адамды
Кызык кылган дүнүйө,
Өлүм менен коркутуп
Сызык кылган дүнүйө.
Баш-учуна күлүк ой
Учуп жеткис дүнүйө,
Ойлоп-ойлоп олтурсаң
Түбү чексиз дүнүйө,
Кереметн дүйнөнүн
Эстен кеткис дүнүйө!

Күндүн нуру сыяктуу
Күйүп турган дүнүйө,
Баласындай алпештеп
Сүйүп турган дүнүйө,
Кайра баштан кайгыны
Үйүп турган дүнүйө.
Башчы болуп жүрсүн деп
Баш жараткан дүнүйө,
Ооз, мурун, көз үстү
Каш жараткан дүнүйө,
Кемтиги жок эч жерде
Саз жараткан дүнүйө,
Акылманды ар элде
Аз жараткан дүнүйө!

Кор болбостон жүрсүн деп
Акыл берген дүнүйө,
Жердин үстүн тепсетип
Бакыр берген дүнүйө,
Кээ бир жерге чөп бербей
Такыр берген дүнүйө,

Кыдырсын деп ааламды
Шамал кылган дүнүйө,
Оргон будай өзөгүн
Саман кылган дүнүйө,
Түрдөн-түргө өткөрүп
Амал кылган дүнүйө.

Көз алдында байкалып
Болуп жаткан дүнүйө,
Бир бексөрсө, кайрадан
Толуп жаткан дүнүйө,
Бири учса, бирөбү
Конуп жаткан, дүнүйө.
Көлдүн көркү болсун деп
Куу чыгарган дүнүйө,
Жашарсын деп чөлдөрдү
Суу чыгарган дүнүйө,
Кайра баштан кууратып
Чуу чыгарган дүнүйө.
Адамзат жашаган
Жери сонун дүнүйө,
Көңүлүңдү көтөргөн
Жели сонун дүнүйө,
Аркар, кулжа жайылган
Бели сонун дүнүйө,
Жарык кылган ааламды
Күнү сонун дүнүйө,
Асманында ай-жылдыз
Түнү сонун дүнүйө,
Жаз чыкканда жайнаган
Гүлү сонун дүнүйө,
Булбулдары сайраган
Үнү сонун дүнүйө,
Төрт түлүгү жайлаган,
Төрү сонун дүнүйө,
Каз-өрдөгү калкыган
Көлү сонун дүнүйө,
Айта берсем ыр менен
Көбү сонун дүнүйө!..

## ЗАМАНА

Ажыдаар жыландай
Арбап барат замана.
Бары-жокту жутунуп

Жалмап барат замана.
Жалаңгычты колуна
Кармап барат замана.
Бурганактап, бороондоп,
Кармап барат замана.

Адырдан качкан бөкөндөй
Чуркап барат замана.
Адал менен арамды
Ылгап барат замана.
Жакшы менен жаманды
Сынап барат замана.

Ак боз аттай алчаңдап
Жүрүп барат замана.
Азреил шайтан көбөйүп
Минип барат замана.
Аярдантып токтотпой
Кууп барат замана.
Жылдан жылга бузулуп
Сууп барат замана.

Таап, зекет бербеген,
Ичип убай көрбөгөн,
Кайыры жок байлардын
Тапкан малы бекерге,
Кетип барат замана.
Жоголор күнү байлардын
Жетип барат замана.

Үч жылда бир шайланган
Ак паашанын амалын
Чектеп барат, замана.
Бий, болуштар, ыстарчын
Бечара менен карыпты
Жектеп барат замана!..
Чарык кийген кедейлер
Чоң келтегин көтөрүп
Кектеп барат замана!..

Калың элди тынчтыкка
Койбой барат замана.
Кутурган ит сыяктуу
Жойлой барат замана.
Канга тойбос жыландай
Сойлой барат замана.
Бийлиги бар манапка

Кул сураттың, замана.
Колунда жок кедейге
Пул сураттың, замана.
Карышкырды койлорго
Ыркыраттың, замана.
Туш тарапка бөлүнтүп
Дыркыраттың, замана.
Алдууларга алсызды,
Чыркыраттың, замана.

Бирөөгө кең, бирөөгө
Тар экенсиң, замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө
Бар экенсиң, замана.
Бирөөгө бак, бирөөгө
Зар экенсиң, замана.

Бирин кордоп, биробүн
Мактап келдиң, замана.
Бирин атып, биробүн
Сактап келдиң, замана.
Бирин суук-ысыкка
Кактап келдиң, замана.

Атанын уулун ачкадан
Карыштырдың, замана
Ар жерге айтып жүрүүгө
Намыс кылдым, замана.

Куу турмуштун азабы
Артып барат, замана.
Адамзат көп түйшүк
Тартып барат, замана.

Жылкы тийип, эр өлүп,
Кун сураттың, замана.
Бар малыңды алдырып,
Жокчулукка маң кылып
Тунжураттың, замана,
Ачылбаган караңгы
Түндөй болдуң, замана.
Айыкпаган сары оору
Зилдей болдуң, замана.
Алты пулга сатылган
Күңдөй болдуң, замана.

Капкара болгон кокочо
Кирдей болдуң, замана.
Кыш мезгили күн кыска,
Ичиме толду капалык
Ыраазы болбой турмушка
Замананы ойлонуп,
Зарыгамын толгонуп.
Аз-жалганчы дүйнөдө
Өтөбүзбү кор болуп?..
Замана наадан караңгы,
Баалай албайт адамды...

## АККАН СУУ

Жер жүзүнө жайылып
Толуп чыккан аккан суу,
Жети кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Жер, Ааламдын баарысын
Багып чыккан аккан суу.
Алты кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Адам менен Обону
Багып чыккан аккан суу.
Ала-Тоонун боорунан
Жарып чыккан аккан суу.
Алтын канат, жез куйрук
Балык чыккан аккан суу.
Кара-Тоонун койнунан
Агып чыккан аккан суу.
Күмүш канат, жез куйрук
Балык чыккан аккан суу.
Кара жердин астынан
Жылып чыккан аккан суу.
Кайда барып токтоорун
Билип чыккан аккан суу.
Ак кыянын боорунан
Агып чыккан аккан суу.
Өмүр отун тутантып
Жагып чыккан аккан суу.
Көк жалгаяк асканы
Тешип чыккан аккан суу.
Көк торпулуу көк жарды
Эшип чыккан аккан суу.

Зоодон сынбай бир жери
Кулап түшкөн аккан суу.
Аяк-башын үзүлтпөй
Улап түшкөн аккан суу.
Ташка тийип чачырап
Баркыраган аккан суу.
Далай жерге токтолбой
Шаркыраган аккан суу.
Кууш жерге келгенде
Күркүрөгөн аккан суу.
Үрөйүңдү учуруп
Үн сүрөгөн аккан суу.
Жайык жерге барганда
Жаркыраган аккан суу.
Эңкейишке киргенде
Аркыраган аккан суу.
Кулагыңды тундуруп,
Капчыгайды чуу кылып
Шаркыраган аккан суу.
Коркок адам сүрүнөн
Калтыраган аккан суу.
Сурап-сурап отурсаң,
Кайда болот аккан суу?
Тескейи бийик терең сай
Коодо болот аккан суу.
Ак асаба мелжиген
Боодо болот аккан суу.
Башы туюк капчыгай
Сайда болот аккан суу.
Издегенде табылбас
Жайда болот аккан суу.
Бетегеси кулпунган
Төрдө болот аккан суу.
Жаратылыш жасаган
Өрдө болот аккан суу.
Каз-өрдөгү калкыган
Көлдө болот аккан суу.
Бопбоз болуп кор болгон
Тамчы сууга зар болгон
Чөлдө болот аккан суу.
Мурда болуп көрбөгөн
Жерге келген аккан суу.
Жер үстүндө жашаган
Элге келген аккан суу.
Өз тулкусун жоготпой,

Бир тамчысын коротпой
Кармап келген аккан суу.
Курмандыкка денесин
Арнап келген аккан суу.
Аягы жок, колу жок,
Токтойм деген ою жок
Жүрүп келген аккан суу.
Бара турган жерине,
Кире турган көрүнө
Күлүп келген аккан суу.
Бир жагына көгөртүп
Дарбыз кылат аккан суу.
Эч кимди шерик кылбастан
Жалгыз кылат аккан суу.
Алабата, көк беде,
Жалбыз кылат аккан суу.
Аюу чачы, ак сокто,
Андыз кылат аккан суу.
Үстүңө кийип жүрүшкө
Кийим кылат аккан суу.
Өз өнөрүн билбестен
Кыйын кылат аккан суу.
Чайга салып ичишке
Нават кылат аккан суу.
Барган жерин кулпунтуп
Абат кылат аккан суу.
Жердин бетин жайнатып
Чөп жаратат аккан суу.
Төрт түлүктү семиртип
Эт жаратат аккан суу.
Алма, жүзүм, алмурут,
Алча кылат аккан суу.
Четин, шилби, карагай,
Арча кылат аккан суу.
Биз билбеген дүйнөдөн
Канча кылат аккан суу.

Жердин үстүн тепсеген
Малга келген аккан суу.
Ай-Ааламда жашаган
Жанга келген аккан суу.
Арык казып төтөлөп,
Алып кетсе жетелеп
Кете берген аккан суу.
Бөлгөн жерге токтобой,

Чарчаганга окшобой
Жете келген аккан суу.
Кара таштан жаркырап
Түшүп жаткан аккан суу.
Жан-жаныбар шимирип
Ичип жаткан аккан суу.
Ак жектенин жеңине
Кир койбогон аккан суу.

Ай, аккан суу, аккан суу
Ай-ааламды, баккан суу,
Сыр-Дайрадан кең туруп
Сыр аякка баткан суу!
Жабыркатпай жай-кышы
Жандын баарын баккан суу,
Дайра болуп ташкан суу,
Тар арыктан ашкан суу,
Агыны катуу болгон суу,
Ар өзөнгө толгон суу.

Кара шибер, көк майдан
Саздуу болот аккан суу.
Кайырсаң келет арыкка,
Баштуу болот аккан суу.
Аккан жери дайыма
Эңиш болгон аккан суу.
Ай чапчыган толкуну,
Эч билбеген коркууну
Деңиз болгон аккан суу,
А жаныбар, аккан суу.
Деңизинде сойлогон,
Алышканын койбогон,
Арыстан баштуу, мурду шиш,
Канаты бар учканга,
Бул дүнүйө жалганды
Кайраты бар жутканга,
Алтымыш кулач, беш баштуу
Ажыдаарың дагы бар.
Жарык кылган түндөсү
Кулагынын түбүндө
Күйүп турган шамы бар.
Сырларың көп катылган,
Көк өгүздөй балыгың
Көктү көздөп атылган,

Жаркыратып түн ичин
Кайра сууга жашынган.

Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен,
Тунук болгон аккан суу.
Тазалыгы жагынан
Карап турсаң баарынан
Улук болгон аккан суу.
Кемеринин ичине
Алтын канат, жез куйрук
Балык толгон аккан суу.
Керектиги Ааламга
Анык болгон аккан суу.
Алдына шайтан жуутпай
Кууп турган аккан суу.
Ажал жетип өлгөнүн
Ак кепиндеп, аруулап
Жууп турган аккан суу.

Арам менен адалды
Ылгабайсың, аккан суу,
Бир адамды жамандап
Булгабайсың, аккан суу!
Жайы-кышы барабар
Саан алган аккан суу.
Асмандан булут кубулуп
Жаан алган аккан суу.
Алты айчылык жол бассаң,
Арасынан үзүлбөй
Созуласың, аккан суу.
Алтымыш бөлөк баш жагың,
Аягың келип бир жерден
Кошуласың аккан суу.
Дыйкан чарба адамды
Бүт тындырып мурааңды
Жабыркатпай баккан суу.
Кызматы менен кишиге
Мына ушундай жаккан суу!

Челек менен көтөрсө
Түгөнөм деп шашпаган,
Тиктеп туруп байкасак,
Калыбынан жазбаган
Кандай молсуң, аккан суу!..

Тоо боорунан оргуштап
Булак болгон аккан суу.
Катын менен балага
Ынак болгон аккан суу.
Жоодураган бото көз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү, күн жүздүү,
Жан эргиткен бал тилдүү,
Шыбырашып, сүйлөшүп,
Бирин бири жүр дешип,
Аста күлүп, шыңк этип,
Алтындан иймек сөйкөсү
Кулагында жылт этип.
Муну көргөн жигиттин
Эр жүрөгү зырп этип,
Эки челек көтөрүп
Кыздар келген аккан суу.
Ай тамагын кылайтып,
Ак көйнөгүн булайтып,
«Секетпай» деп ыр ырдап,
Аккан суугa сыр айтып,
Жанаша басып кыналып,
Өңүн суудан каранып,
Тоту куштай таранып,
Келиндер келген аккан суу!
Булактын башын болжошуп,
Муңайып күтүп, жол тосуп,
Жашчылык менен каңгышып,
Булактын жанын аңдышып,
Чылбырдан атын кармашып,
Чын перидей сулууга
Чын дилден сөзүн арнашып,
Чыңыртып күлүк минишип,
Чийбаркыт тандап кийишип,
Далбас уруп жаштыкта
(Алдастаткан адамды
Арагы жок мастык да!)
Бир көз салып калууга
Ынактыгын билгизип
Учуру келсе айтууга,
Жеңесин салып ортого
Желдирип эрте кайтууга,
Жашчылык иштин айынан
Башын сайып тартууга,
Булактан көзү өтүшүп

Жигиттер келген аккан суу!
Белдемчисин байланып,
Балдарына айланып,
Небересин ээрчитип
Секин басып чайпалып,
Отурганда «белим» деп,
Чоочуганда «эрим» деп,
Кемпирлер келген аккан суу!

Ак сакалын жайкалтып,
Аста сүйлөп, нарк айтып
Жолдун ташын теришип,
Булак оңдоп беришип,
Чалдар келген аккан суу!

Божурашып сүйлөшүп,
Бир күндө он беш суу кечип,
Суу боюна барышып,
Суу мылтык жасап алышып,
Суу мылтык менен атышып,
Бир кумарга канышып
Балдар келген аккан суу!

Ай туяктан арнашып,
Ак боз бээ тандап союшуп,
Абыдан этке тоюшуп,
Арча көпкө чыдайт деп
Каржыгачка коюшуп,
Карагай кесип кынашып,
Карылар менен сынашып.
Чеңгек менен бекитип,
Чечилип сырга келишип,
Суу кечпей малы өтсүн деп,
Сугун артпай кетсин деп,
Эл катташып оңсун деп,
Эбин таап жасаарга
Эпчил уста болсун деп,
Көпүрө салып көпчүлүк
Элдер келген аккан суу!
Таң кашкайып сүргөндө,
Булутту шамал түргөндө,
Суу катуулап киргенде,
Тараза жылдыз бөлүнүп,

Ой-тоонун баары көрүнүп,
Сүрүлүп жылдыз качканда,
Таңкы Чолпон батканда,
Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,
Суудан кара буу чыгып буркурап,
Асмандан жылдызы качып дыркырап,
Токойдо гүлдөр гүл бурап,
Бутакта булбул ыр курап,
Шыбакта торгой чулдурап,
Жылгадан алты миң булак шылдырап,
Жарашкансың, аккан суу!..
Күн жайылып келгенде
Күңгүрөнүп күч алып,
Күмүш комуз күү чалып,
Аңкыраган күч алып,
Алтын комуз күү чалып,
Күн келбетин бетине
Жаркыратып түшүрүп,
Чаңкап келген мал-жанга
Тартынбастан ичирип.
Күмүштөй болуп жалтылдап,
Берекесин арттырып,
Ийип берген балкылдап!
Бири консо, бири учуп,
Бири келсе, бири кетип,
Эки жагын карашып,
Канаттарын тарашып,
Мукам-мукам сайрашып,
Өз тилинде күү чертип,
Жагжагына толтуруп
Балапанга суу берип
Куштар келген аккан суу.
Куйрук-жалы бир карыш
Кулан келген аккан суу.
Аягы жок, колу жок
Жылан келген аккан суу.
Түш мезгили маалында
Күкүктөнүп күүлөнгөн,
Күкүк болуп сүйлөгөн,
Шамал чыгып өзүнөн
Шапатасы жыргаткан,
Шайырланып шар агып,
Шаңшыттырып ырдаткан.
Жандап барган мал ичип,
Суусап барган жан ичип,

Боору менен сойлогон,
Буту менен баскан да,
Асман менен учкан да,
Мурду менен тынган да,
Баары өзүңө келишкен,
Асилденсин, аккан суу!..*

---

1 — Казал (арабча — газел), ыр.
2 — Кумура.
3 — Соргок, бечара.

---

* Жеңижок. Ырлар. Фрунзе: Кыргызстан, 1982.

# НУРДИН МОЛДО*

## НАСЫЯТ ЫРЛАРЫ

Шарият айтпа жунупка,[1]
Насаат сөздү унутпа,
Болбос адам түнт болот,
Боруму окшош дудукка.
Азезилге алдатсаң,
Түштүм деп ойлон кудукка.
Эсирип жүргөн нааданды,
Бука менен кошокто.
Мусулмандын баласы,
Калбасын эгер тозокто.
Эси жок жаманургандар,
Элүүгө чыкса, чоңойбойт.
Акылы жок адамдар
Алтымышка чыкса да,
Сүйлөгөн сөзү оңолбойт.
Уурулар таап албаса,
Кылбаттап[2] каткан буюмуң,
Кырк жылга чейин жоголбойт.
Пейли бузук адамдар,
Беш түрлүү малы болсо да,
Береке күтүп жүрө албайт.

---

* Маалыматтын жоктугунан өмүр баяны берилбеди.

Кыянат айткан жаман сөз
Кышкы суук сыргактай.
Бактысы бардын маңдайы,
Жанып турган чырактай.
Түнт кишинин пейили,
Дүлөй болгон кулактай.

Эсиң болсо, эр жигит,
Этиет болгун, көп күлбө,
Эсиргенсип кеп айтып,
Оозуңду көптүрбө.
Андабай жаман сөз менен,
Атаңды бошко сөктүрбө.
Алтын такка минсең да,
Ааламды бүт билсең да,
Армансыз болбойт бу дүйнө.
Оокатың колдо аз болсо,
Тезек терип, от үйлө.

Асыл жаның өткөн соң,
Сөөгүң көрдө упурап,
Көзүң тирүү турганда,
Кыласың оокат кыбырап.
Ажал жетсе өлөөрбүз,
Сойгон малдай тыбырап,
Ушакчы болбо, агайын,
Укканыңды шыбырап.
Жакшы, жаман адамдын
Айырмасы башкача.
Алтын менен жезге окшоп,
Алыш-бериш кылбаса.
Макоо менен песке[3] окшош,
Акылы жок, жел көөдөң,
Айланбаш болгон неске окшош.
Бузукту жолго салган бар,
Куруп койгон тезге окшош.
Атадан жаман туулса,
Адашып калган көчкө окшош.
Акындардан сөз чыгаар,
Күйүп турган мешке окшош.
Көкүрөк туюк кээ адам,
Сокур болгон көзгө окшош.

Абайлагын сөзүмдү,
Ага, ини, карындаш,

Чыгып кетсе чымын жан,
Издеген менен табылбас.
Ажал жетсе, кар болуп,
Ар жерде калаар алтын баш.
Баркыңды билген тууганга
Бастырып барып амандаш.
Атаңдай сыйлап карыны,
Астынан чыгып саламдаш.
Угуту жок урганга,
Убара болот кайран баш.
Абалтан бери адамды,
Азгырган колдо дүнүйө.
Ойлонсоңор, агайин,
Ордуна келбейт кийнине.
Караңгы көргө кирген соң,
Кайрылып келбейт үйүңө.

Залимдиги бөрүдөй,
Бу замандын адамы.

---

1 — Таза эмес, арам.
2 — Оолак, бекем.
3 — Бетпак, шерменде.

# ЖУМАМҮДҮН МОЛДО

*Жумамүдүн Молдонун кайсы жылы, кайсы жерде туулганы азырынча белгисиз. Айрым маалыматтарга караганда ал 1862-жылы туулуп, үстүбүздөгү кылымдын баш ченинде дүйнөдөн кайткан.*

*Жумамүдүн Молдонун ырлары да бизге толугу менен жеткен жок.*

### КАЗАЛ

Жаздым казал жаңыдан,
Шум дүйнөнүн айынан.
Насыя алсаң сарт өөдө,
Бул замандын байынан.
Талкан чалган жарма өөдө,
Бул замандын байынан.
Ибарат чыкты жумуштан,
Эски эмес жаңыдан.
Нуска калаар артында,
Касиеттүү карыдан.
Жалгызын алып зарлаткан,
Өлүмдү айткын баарыдан.
Жалганда тирүү калабы,
Өлбөй пенде барабы.
Атага бала кайрылбай,

Никелейдин заманы.
Эки тууган кас болуп,
Биреөнө жабат жалааны.
Кыз менен катын уялбай,
Таанып алды калааны.
Баары жандар аманат,
Байгамбар өткөн, ким калат.
Өлүм келсе пендеге,
Ыймaны болсун саламат.
Пендеге ажал кез келсе,
Беш мүнөт карап туруу жок.
Тил байлоочу бериште,
Беш ооз сөзгө буруу жок.
Араң үйгө биз барсак,
Ага тууган, урук жок.
Зыңкыйып муздап калыпсыз,
Бүткөн бойдо жылуу жок.
Баяны жок шум жалган,
Барбай тирүү ким калган.
Байгамбар өткөн баласыз,
Баары жанда көп арман.
Өлүм келсе пендеге,
Кой деп айтаар жок дарман.
Айдап жүрүп не пайда,
Зекет бербес көп малдан.
Кудайдын досу Мукамбет
Үммөтүм деп зарлаган.
Ата менен энесин
Досунан сурап албаган.
Тилебеди атасын,
Кечиргин деп зар ыйлап.
Үммөтүнүн катасын.
Буркурап, боздоп үммөт деп,
Мукамбет өткөн дүйнөдөн.
Дулдул минген жолуна,
Зулпукор алган колуна,
Салсал менен салышкан,
Заркум менен алышкан.
Аккан менен тирешкен,
Жанабил менен күрөшкөн.
Шондой, шондой душманды,
Өз жолуна киргизген,
Арстансың деп ат койгон,
Аалы да өткөн дүйнөдөн.
Төрт чалыяр дагы өткөн,

Улукман аким кары өткөн.
Жалганын байка дүйнөнүн,
Мурунку жандын баары өткөн,
Асан, Үсөн жаш өткөн,
Нечен адил казы өткөн,
Кадыр, көңүл калышпай,
Эркелешип наз өткөн.
Зынданга салып таш кылып,
Өз агасы кас кылып,
Пайгамбар кылып кудайым,
Мисир шаарга баш кылып,
Кул деп сатып агасын,
Атасына дарт кылып.
Жок кылып Жусуп набини
Атасынан жат кылып.
Акыры болгон бадыша,
Жусуп да өткөн дүйнөдөн,
Өлбөй тирүү ким калган,
Жеткен каза кудайдан.
Азирети Сулайман
Жин перини сураган.
Жигит кылган шамалды,
Сураган ушу заманды.
Сурап өткөн Сулайман,
Учкан куш менен адамды.
Сулайман өткөн ким калган,
Капырга казат кылам деп,
Кытайдын баарын кырам деп,
Дин мусулман чогулуп,
Коңурбайга кылам деп.
Бакай, Кошой карысы,
Байыркы дөөнүн баарысы.
Алманбет менен Чубак бар,
Сереги, Сыргак, Чубактар.
Дин талашып өлмөккө,
Өлсө бейиш көрмөккө.
Байкачы жалган аманат,
Манастар өткөн, ким калат...
Токсонго чыгып чал өткөн,
Толгонуп ыйлап бала өткөн,
Мекчейип бели чал өткөн,
Бешикте ыйлап бала өткөн.
Байлар да өткөн чалкалап,
Байкуштар өткөн дүйнөдөн,
Кап, куржунун аркалап,

Келиндер өткөн кашкайып,
Жигиттер өткөн тастайып.
Өткөндөргө калгандар
Куран оку кол жайып.
Жардылар өткөн пулу жок,
Жамандар өткөн куну жок.
Зарлап өткөн дүйнөдөн,
Кей адамдын уулу жок.

Бий-болушу бара жеп,
Акты коюп кара жеп.
Акыретке бара жеп,
Жакшылар өткөн дүйнөдөн.
Келме молдо колунда,
Алласы бар тилинде,
Алты келме дининде,
Таспи-талип колунда,
Жаа алла деп чарк уруп,
Такыба өткөн дүйнөдөн.
Дооран бер деп жутунуп,
Дооран алса кутуруп,
Акыретке барганда,
Мойнуна түшөөр укурук.
Шарият айтып коомуна,
Шайтандын кирип жолуна,
Өзү кылбай элге айтып,
Чалынаар шайтан торуна.
Теспесин тартып өткөрүп,
Доорон тийсе колуна,
Болбой кылып көп күнөө,
Молдолор өткөн дүйнөдөн.

Ызырынып чамынып,
Старчын өткөн дүйнөдөн.
Сөзүнүн турбай ордуна,
Теңге тыкса койнуна,
Копия кесип ыйлатып,
Баласынын мойнуна,
Жабыр кылып момунга,
Канчалар өткөн дүйнөдөн.
Кара жинин чакырып,
Кайберен кел деп бакырып,
Өңгөчүн тартып кыкылдап,
Өзгөсүн өзүм алдым деп,

Басылды ооруң өлбөйт деп,
Бакшылар өткөн дүйнөдөн.
Кейибе журтум өлгөнгө,
Кесир кылба бергенге,
Кантип айла кылабыз,
Кудайдан ажал келгенге.
Өкүнбөгүн өлгөнгө,
Өз ажалы келгенге.
Бакырга жүргүн кайрылып,
Бай болдум деп желденбе.
Камдап жүрүң боз бала,
Акыреттин азыгын.
Тартат экен барганда,
Күнөө кылган жазыгын.
Кар кылбагын диниңди,
Шарияттын каршыгын.
Акылдуурга көп нуска,
Жумаштын таппас жазыгын.
Келме билсең тирүүңдө,
Мусулмандын баласың.
Келме билбес адамдын,
Кетирээр барса айласын.
Шарияттан сөз кылып,
Акын Мүдүн сайрасын.
Атанын уулу ырчы деп,
Айып кылба сөзүмдү.
Кат жаздым нуска болоор деп,
Талытып эки көзүмдү.
Токтосун сөздүн аягы,
Айтса, Жумаш баягы
Муну көргөн молдолор
Жазып элге жаябы.
Азаматтар, боз балдар
Адамдын акып жебегин.
Атанын уулу болбой кал,
Аңылдады дебегин.
Айтып өттүм уялбай,
Азгана казал чыгардым,
Кызыл тилим тыя албай.
Арстанбек айткан заманды
Адиси менен сөз айткан,
Акын Кылыч аманбы?
Артында нуска сөз калса,
Мен Жумашка жаманбы?

# АЛДАШ БЕЛЕК УУЛУ

*Кириш сөздө эскерилип кеткендей, Улуу Октябрь революциясына чейин жашаган, ырлары жана айткандары аз-дыр-көптүр белгилүү болгон кыргыз акындарынын саны 50—60ка барат. Бирок алардын көбү боюнча маалыматтар толук эмес. Бирөөлөрүнүн ырлары белгилүү болсо, экинчилеринин өмүр баяны жөнүндөгү маалыматтар жупуну.*

*Мына ушундай кеңири коомчулукка гана эмес, эски мурас жагдайын иликтөөгө алган окумуштууларга да азыраак белгилүү болгон адамдардын катарына Алдаш Белек уулун, Шапак Алдаш уулун жана Шералы Шапак уулун кошууга болот. Булар жөнүндөгү маалыматтарды чогултуп, иликтөөгө белгилүү адабиятчы жана илимпоз Зияш Бектенов көп күч жумшап жатат. Акыры ал акындар жөнүндө кеңири пикирлер айтылат деген ойго биз дагы кошулабыз.*

*Мындан бир нече жыл мурда Көлдүн көкүрөгүнөн З. Бектенов чогултуп, иретке салган материалдарга караганда, Алдаш Белек уулу болжол менен 1720-жылы туулуп, 1780-жылы дүйнөдөн кайткан.*

### АЛДАШТЫН САНАТЫ

Жакшыдан жаман туулат,
Бир аяк ашка алгысыз.

Жамандан жакшы туулат,
Адам айтса кангысыз.
Кулдан акылман чыкса,
Төргө отургузуп, бий шайла.
Тектүүдөн жаман чыкса,
Төрдөн кууп, тышка айда.

Балалуу катынга камчы көтөргөн эркек акмак,
Балапанын ээрчиткен казга кушун шилтеген мүнүшкөр акмак.

Кыз бала ата-энеге беш күндүк конок.
Кыз бала бойго жеткенче —
Тойдо торко кийгизип,
Көчкөндө жорго мингизип,
Эркелетип багыш керек.

Атасы Белек көз жумган соң Алдашты энеси Жаркын сындатканда Санчы Сынчынын айтканы

Бул уулуң түзүк экен Алдаш аты,
Артылаар ак калпактын салтанаты.
«Ат качырбас боз айгыр» атак алып,
Көкөлөп көтөрүлөөр мартабасы.

Алдашка тууган болоор оңдон, солдон,
Далайы суу кечирээр тартып колдон.
Жайылып этек, жеңи, тукуму өсүп,
Табылаар шыбагасы дайым жолдон.

Кутмандуу адам деген арын сактап,
Кулдарын «төргө отур»,— деп элге мактап,
Кең казан, сыйчыл болоор катындары,
Керемет Бугу эненин сүтүн актап.

Куюлуп келип тураар журттун баары,
Кулжуңдап бийге отураар малайлары.
«Адилет, журт бийлеген жан болду» — деп,
Макталаар кулдарынын далайлары.

Алдаштын алты уулунун эң туну — Шапак. Ал болжол менен 1740-жылы туулуп, 1810-жылы дүйнөдөн кайткан. Оздон оозго көчүп келе жаткан карылардын сөздөрүнө караганда, Шапак жаш кезинен эле чыйрак чыгып, бойго жеткен маалынан баштап Көл айланасындагы кыргыздардын колун башкарган, кытай-калмактарга каршы согуштарда эрдик көрсөткөн.

Кийин Шапак баатыр олоң жетпес чоң Шапак деген атка конгон.

Шапак Көл тегерегине, эл журтка жалаң эрдиги менен гана белгилүү болгон эмес. Ал атасы Алдаш сыяктуу накыл сөзгө чебер, ыр саптарын меселдетип айткан адам болгон. Ырас, Шапактын накыл сөздөрү да бизге толугу менен жеткен жок. Алар эл оозунан жыйналып алынат деген ишеним бар.

Биздин колубуздагы Шапактын бирин-серин накыл сөздөрү анын эр жүрөк, өз элин, жерин сүйгөн адам экенин ачык көрсөтөт.

Эгер калсаң мал-мүлкүңөн айрылып,
Эч нерсе эмес, орду толот кайрылып.
Бирок жоодо кайратыңды жоготсоң,
Анда өзүңдү мойсогонуң жай кылып.

Коркок миң өлөт,
Артында тарпы калат.
Баатыр бир өлөт,
Артында даңкы калат.

Шапак картайып калган кезинде улуу уулу Шералыга: «Кокондун колтугунда отургандан улуу элдин улагасында отурган түзүк. Орус эли менен кыргыз элинин байланышын түзүүнүн аракетинде бол»,— деген экен.

Шералы атасынын керээзин аткарып, 1814-жылы өзүнүн төртүнчү уулу 14 жашар Качыбек менен Омск шаарына элчи болуп барат. Падышалык генерал-губернатор кыргыз элчилерине чоң сый көрсөтүп, жаш Камчыбектин белине аты жазылган кылыч байлап, капитан деген наам ыйгарат. Тарыхый маалыматтарга караганда, ошондон кийин Качыбек Омск шаарына үч-төрт жолу барып, 1855-жылы 17-январда Ысык-Көл кыргыздары Россиянын букаралыгын кабылдашына чоң салымын киргизген.*

Шералы жаш кезинде алты уулум болсо деп тилеген:

Бирөө ар кескен кылыч байланса,
Бирөө кан алдында сайраса,
Бирөө дөөлөтү колдо мал болуп,
Бечара менен карыпка,

* История Киргизии, Т. П. Фрунзе: Кыргызстан, 1988, с. 65.

Берээрге малын камдаса.
Бирөө келишкен мырзадан болуп,
Келин, кыз көрсө жандаса.
Бирөө калың эл сыйлап, журт күтүп,
Катардан ал да калбаса.
Бирөө эл менен кошо жер жыртып,
Эгин-тегин айдаса.

Анын бул тилеги орундалып, алты уулдуу болот.

Шапактын эл-журтуна кылган эмгегин анын аялынын кошогунан да баамдоого болот.

### ШАПАК БААТЫР КАЗА БОЛГОНДО АЯЛЫНЫН КОШКОН КОШОГУ

Ор кызыл миндиң чалкалап,
Ойротту буздуң талкалап.
Ондогон душман кол салса,
Оёнум, баатыр, шумкарым,
Кыргызды жүрдүң калкалап.
Кызылды миндиң чалкалап,
Кытайды куудуң талкалап.
Кылкылдап душман кол салса,
Кырааным, баатыр оёнум,
Кыргызды жүрдүң калкалап.
Бууданды миндиң жоргодон,
Буулуккан душман кол салса,
Бугу эмес, саяк, сарбагыш —
Бүт кыргызды коргогон.
Дулдулун ташка секиртип,
Душмандын жолун торгогон.
Текес, Күнөс, Жылдызга
Телгүрөң атын чураткан.
Калмакка салып алаамат,
Каңгайдын элин сураткан.
Кылгүрөң атын чураткан,
Кылымга салып алаамат,
Кытайдын элин сураткан.
Кылычын байлап белине,
Кызматы өткөн элине.
Айбалта кыскан белине,
Аркасы тийген элине.
Калмакка тийген найзасы,
Казакка тийген пайдасы.
Кытайга тийген найзасы,

Кыргызга тийген пайдасы.
Адигине-Тагайга
Алтындан соккон чеп элең.
Ала-Тоолук кыргызга
Аскар тоодой бел элең.
Айкырып жоого киргенде,
Аркырап аккан сел элең.
Күңгөй менен тескейге
Күмүштөн соккон чеп элең.
Күйөрмөн кыргыз элиңе
Күн жетпес аскар бел элең.
Күч сынашкан душманга
Күркүрөп аккан сел элең.
Кытайды тозуп эр сайдың,
Кырк-элүүсүн бир сайдың.
Ойротту бузуп эр сайдың,
Отуз-кыркын бир сайдың.
Эрегиште эр сайдың,
Элүү-кыркын бир сайдың.
Эртеги өткөн эр Манас
Кайсеринен кем сайдың.
Айкырып кирип, эр сайдың,
Алтымышын бир сайдың.
Алмамбет, Чубак, Сыргактын
Кайсеринен кем сайдың.

Азиреттен бата алган
Ат качырбас боз айгыр
Атаң Алдаш атанган.
Оруска тууган болом деп,
Омбу жазып кат алган.
Оёндордун оёну
Олоң жетпес атанган.
Келди-кетти кылам деп,
Генерал жазып кат алган.
Кекенген жоосун талкалап,
Керемет баатыр атанган.
Бадышадан ат алган,
Баяның айтсам мен сенин
Баатыр Шапак атанган.
Оёнум, кыйратып кеттиң белимди,
Ыйлатып кеттиң элимди.
Султаным, суутуп кеттиң демимди,
Сумсайтып кеттиң элиңди.
Падышам, байлап кеттиң багымды,

Өчүрүп кеттиң сен менин
Балбылдап күйгөн шамымды.

Шапактын тун уулу Шералы болжол менен 1760-жылы туулуп, 1825-жылы дүйнөдөн кайткан дешет. Шералы да атасы Шапак, чоң атасы Алдаш сыяктуу сөзгө чебер адам болгон. Тилекке каршы мунун да айтып кеткендери бизге толугу менен жеткен жок.

## ШЕРАЛЫНЫН НАКЫЛ СӨЗДӨРҮ

Анык жакшынын ачуусу бар,— кеги жок.
Даанышмандын курбусу көп,— теңи жок.
Чырга жакын адамдан,
Чычая качып бак кетет.
Чырга жакын улуктан,
Чытырап сынып так кетет.

Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагың жок болсо,
Алдыңан таяар алтын так.
Ынтымак болсо элиңде,
Ырыскы жайнаар көлүңдө.
Эгизден төлдөп эчки-кой,
Береке болоор төлүңдө.
Ынтымагың жок болсо,
Туш болоорсуң бөлүмгө,
Учураарсың өлүмгө.

Өзүң болуп алганча
Болгон эрдин кошун арт.
Өзүң болуп алган соң,
Боз жоргого кошуң тарт.
Сары атан зоодон жыгылса,
Жүк асманга чыкпайбы,
Эки чечен баш кошсо,
Сөз асманга учпайбы.

Туура бийде тууган жок,
Тууганду бийде ыйман жок.
Бий болсоң, калыс бол,
Калыс болбосоң,
Бийликтен алыс бол.
Бийден калыстык кетсе,—
Элден тынчтык кетет.

Жакынын менен алыстын чыбыгын кыркканда, эки бутуң эки таразада, эки колуң төбөңдө, маңдайыңда бейиш, тозок элестеп турсун.

Күчтүү менен күчсүздүн чыбыгын кыркканда, өзүң күчсүздүн таразасында отур.

Күчтүү менен күрөшпө,
Түптүү менен тирешпе.
Бактылуу менен байлашпа,
Таалайлуу менен талашпа.

Ат башына күн тууса,
Ооздук менен суу ичет,
Эр башына күн тууса,
Өтүгү менен суу кечет.

Аргымактын куйругу
Бирде — жибек, бирде — кыл.
Азаматтын жакшысы —
Бирде — мырза, бирде — кул.

Төөнү сел алса,
Эчкини — асмандан көр.

Чебердин колу орток,
Чечендин сөзү орток.*

* Зияш Бектеновдун аркивинен.

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ

*Элибиздин улуу демократ-акыны жана композитору Токтогул Сатылганов 1864-жылы 25-октябрда Наманган уездинин Суусамыр болушунда — азыркы Ош областынын Токтогул районунда кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Токтогулдун балалык чагы малайлык менен өткөн. Ал 15 жашка чыккандан тартып, айыл аралап, ырдай баштайт. Анын бул мезгилдеги чыгармаларында лирикалык ырлары басымдуу орун ээлейт. Бул оюбузду акындын алгачкы ырларынан болгон «Эмне кызык», «Гүлдөп ал», «Алымкан» сыяктуу жана башка ырлары ырастайт.*

*1882-жылы Токтогул Дыйканбай манаптын ырчысы Арзымат менен беттешип аны жеңет. Ошондон тартып акын элге таанылып, атагы чыга баштайт. Бул жылдары Токтогулдун ырларында прогрессивдүү-демократиялык идеялар өнүгө баштайт.*

*Бай-манаптар акынды ырчы кылууга аракет да жасашат. Бирок, алардын оюна көнбөгөндөн кийин, Бактияр баш болгон бий-болуштар «Токтогул Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан» деген жалаа менен 1898-жылы акынды каматышат. Убактылуу согуштук сот Токтогулду адегенде өлүм жазасына буйрат, кийинчерээк ал жети жылдык сүргүн жумушу менен алмаштырылат.*

Токтогул түрмөдөн качууга жасаган аракети иш жүзүнө ашпай калгандан кийин, анын түрмөлүк мөөнөтү жети жылдан он эки жылга узартылат. Акын экинчи жолу орус революционерлеринин жардамы менен 1910-жылы түрмөдөн качып чыгат.

Токтогулдун чыгармаларынын хронологиялык тартиби ушул убакка чейин толук тактала элек. Бирок, ырларындагы эскерүүлөрдү тыкандап кароонун негизинде, Токтогулдун дүйнөгө көз караштарын чындыкка белгилүү даражада жакындаштырууга болот. Эгерде Токтогул сүргүнгө чейин бизге демократ-акын катарында белгилүү болсо, сүргүн мезгилинде анын саясий көз карашы өсүп, жаңы прогрессивдүү идеяларды камтыгандыгын көрөбүз. Мисалы, Токтогулдун алгачкы «Беш каман», «Эшен калпа» деген жана башка чыгармаларында эзүүчү таптын айрым гана өкүлдөрүн сынга алат. Бул акындын таптык-саясий көз карашынын чектелгендигин жана чыгармачылыгынын конкреттүү-ашкерелөөчү мүнөздө экендигин айкындаса, сүргүндөн кийинки ырларынын мазмуну тереңдеп, байыганын көрүүгө болот. Кийин акындын Октябрь революциясынын жеңишин өтө кубанычтуу тосуп алышы кокусунан болгон эмес. Ал жаңы заманга, В. И. Ленинге арнаган кыйла ырларды жаратат. Токтогул 1933-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ЖҮРГӨНҮМ КАБАК ЖЕР БОЛДУ

Кедейге ырыс болбоду,
Кесирлүү кызыр конбоду.
Келе турган бакты жок,
Казанбак[1] бизди кордоду.
Карабады жашыма,
Капалык түшөт башыма.
Кабагын бүркөп ачпады,
Кызганып бышкан ашына.
Казанбактын бейли тар,
Өкүнүп кылам кимге зар?
Токтогул тоодо жүрөбү?
Томсорбой, ойноп күлөбү?
Тотудай жаштын кадырын,
Тозоктуу кудай билеби?
Эш-Сай менен Абыла,
Жашымда болдум дабыла.[2]

Ким күнөкөр, кимдер ак,
Кудай келер бекен агына.
Таманым ташка тилинди,
Тарлык заман билинди.
Денеңден кетсе ысык жан,
Өлгөндөр кайдан тирилди.
Бутумда чокой чаначтан,
Кимдерге кимдер карашкан?
Түңүлдүм түндө байымдан,
Казандан жарма талашкан.

### ЭСЕЛБАЙ[3]

Сен, Эселбай, Эселбай,
Өмүрүң өттү бекерге ай!
Ээлик кылып келгенбиз,
Эрке кыз көөнүн кече албай.
Калың берип, кыз алып,
Кадырына жете албай.
Байлыгыңа — байпагым,
Шерменде болдуң кетерде ай!
Отурасың араңдан
Буттарыңды жыялбай.
Кедейдин жаш баласын
Кантип алдың уялбай?
Атасынын малы жок,
Биздин кыздын —
Апасынын багы жок.
Көр турмушу болбосо,
Анын койнуңа жатар чагы жок.
Санап-санап, мал берип,
Сатып алдың, Эселбай.
Сары алтындай сулууну
Абийириңден ажырап,
Кантип алдың, Эселбай?

### ҮЙЧҮЛҮК[4] ЭШЕН

Үйчүлүк эшен экенсиң,
Үф! — деп элди кыдырып,
Кай муратка жетесиң?
Калп айтып, элден теңге алсаң,
Бозокор турсун быякта,

Бок жегенге тетесиң.
Айылчы эшен экенсиң,
Алдаганды койбогон,
Арак ичип тойбогон,
Акмактан бетер тыякта,
Азапка калаар бекенсиң?
Уламадан мен уккам,
Молдолордон кеп уккам,
Колдогону жок туруп,
Кошумча жыйган эшендер
Азезилдин жанында,
Кокуйга калат деп уккам.
Акчасын алдап алмакка,
Айтат жалган деп уккам.
Алланын жөнүн биле албай,
Ак сөзгө тили келе албай,
Кожо Акматтын[5] астында
Кылычтан кыйма тез болсо,
Кылдан ичке кез болсо,
Мухамбеттин кашында
Алдап алган аттарын,
Кайтарып берет деп уккам.
Кол көтөрүп, бата окуп,
Козудан тандап аласың.
Колдомоң түзүк болбосо,
Эшеним, кокуюңа каласың.
Айылдап жүрүп темселеп,
Акчаны жыйып аласың.
Азезил менен биргелеш
Азабына каласың.
Эшен болгон кишилер
Актын жолун ачат дейт,
Аныкы мендик экен деп,
Куда досу Мухамбет
Үмөтүм деп айтат дейт.
Тайды жеген эшендер,
Койду жеген эшендер,
Ак кагазын жазат дейт,
Актын жолун ачат дейт.
Аллага туура болбосо,
Кудайыма жазат дейт.
Куйругун тозуп көтөрүп.
Мурут менен Муклуска
Бир кара кашка кунаажын
Болуп алып качат дейт.

Өзүмүн досум экен деп,
Азезил шайтан кубалап,
Куйругуна басат дейт.
Жети сарай тозокто,
Көп алдамчы эшендер
Тоголонуп жатат дейт.
Азезил шайтан кашында
Кубангансып отурса,
Сен сыяктуу эшендин
Ошондо шору катат дейт.

## ЭШЕН КАЛПА

Кулак салгын сөзүмө,
Ырдап турам өзүңө,
Көптү көргөн болушум.
Эстесем, болуш: макулбу?
Элдин канын сорушуң?
Эл ичинде кыдырган,
Эшен болот дечү эле.
Элден алдап албаса,
Кесел болот дечү эле.
Эшен менен энчилеш,
Калпа болот дечү эле.
Аркасында асынган,
Калта болот дечү эле.
Ажалга бербей байларды,
Калка болот дечү эле.
Арабызда азгырган,
Алдамчы бар дечү эле.
Туура сөздү билбеген,
Жалганчы бар дечү эле.
Куран ачып караган,
Молдосу бар дечү эле.
Ыймам болуп теңге алган
Тойбосу бар дечү эле.
Эшендердин бейиште,
Ачып койгон даярдап,
Эшиги бар дечү эле.
Он карадан бир кара
Кесими бар дечү эле.
Көрүп келген бейишти
Жетиги бар дечү эле.
Акыретти сүйлөгөн

Акылмандар ушубу?
Байгамбарлар баш ийип,
Чакыргандар ушубу?
Кара оокатка калп айтып,
Сатылгандар ушубу?
«Балакеттер кайда?» — деп,
Бакыргандар ушубу?
Эл сыйынган кудайдын
Курдаштары ушубу?
Баарын көргөн немедей,
Сырдаштары ушубу?
Эл кыдырган эшендер,
Оокаты көп кенендн.
Карабайсың көз салып,
Эл ичинде кедейди.
Олуя жакшы көрбү,
Даамдуу тамак жегенди?
Болушту издеп келишкен,
Ак элечек адамдар,
Эшен, бакшы, молдолор,
Ажырабайт араңар.
Ак элечек оронгон,
Болчу эле биздин аялдар.
Айылдап келген ак жоолук
Кай жерде болот калааңар?
Шарияттан айтууга
Канчалык жетет чамаңар?
Ажырата албадым
Аялга окшош караңдар.
Эпчилдик менен эшендер,
Элден алдап жейт экен.
Жалган сөздү апыртып,
«Баарын билем» дейт экен.
Ак элечек оронгон
Алдамчынын шерти экен.
Болушсуң, элди бийлейсиң,
Эл оокатын билбейсиң.
Адилдикти ырдасак,
Жактырбастан тилдейсиң.
Чакырасың келбесем,
Корсулдайсың өзүмө,
Кошуп ырдап бербесем.
Келиптир эшен айлыңа,
Ырдап турам алдыңда.
Олуя чалыш мейманың,

Карасам, окшош эмеспи,
Койнунда жаткан зайбыңа.
Кылбагын, болуш чырыңды,
Билбейсиң менин сырымды.
Кожо, молдо, эшендер
Жалган сөзгө сыйынды.
Адиңден ашкан болушсуң,
Кыласың күндө жыйынды.
Оокаты жок кедейге
Өз оюңдан чыгарып,
Саласыңар чыгымды,
Кордуктан кедей коркушуп,
Сатты го жалгыз сыйырды.
Көрсөтөсүң кедейге
Жанга жакпас кыйынды.
Келген эшен мейманың,
Алыстан келген ак эшен
Элден алдап алууга
Эсебин таптың, жарадың.
Акыреттин маанисин
Барып, көрүп келишет,
Алдамчынын салыгын,
Алсыраган букара
Амал жоктон беришет.

### БЕШ КАМАН

Акмат, Дыйкан — алдамчы,
Атакан, Миңбай — жалганчы.
Эгемберди, Бактияр —
Эл жегенге жардамчы.

Чыгым салып эл жедиң,
Чыркыратып жардыны,
Жалгыз атын сен жедиң.
Жакын көрдүң байларды,
Жам букара бирикти,
Таба албассың айлаңды.

Жетим, жесир, алсызга
Карабадың, беш каман,
Жетилсин деп жардыны
Санабадың, беш каман.
Жеп ичкенден башканы
Каалабадың, беш каман.

Он асыйга бир жыктың,
Орозаалы карыны,
Бүтүн элдин акысы —
Өмүрүңдүн жарымы.

Көрө албайсың жардынын
Жакшы ат таап мингенин.
Акмат, Дыйкан, Атакан,
Көркоолугуң бул сенин.

Талап алып тентиттиң,
Боромбайдын Сарысын.
Күндө жейсиң айыптап,
Бүтүн журттун баарысын.

Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң кантип жарысын?
Өчөшсөң, Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып алаарсың.
Тогуз айып салаарсың.
Адатыңды карматсаң,
Үй оокатым талаарсың.
Канкорлугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жалаарсың.
Уу тырмактуу беш канкор,
Өлтүрсөң да жалынбайм.
Эки келбейм жаралып,
Өлгөн соң, кайра табылбайм.

## ЭМНЕ КЫЗЫК

Эмгек этип жашыңдан,
Элге жаксаң эң кызык.
Эки курбу баш кошуп,
Эркелешсең, сен кызык.

Өмүрүңдүн ичинде
Өлбөгөнгө миң кызык.

Кожо, молдо, эшенге,
Орозо, намаз, дин кызык.

## ГҮЛДӨП АЛ

Кара күрмө шай кийип,
Бойлогула, кыздар ай.
Кадыр, көңүл бар чакта
Ойногула, кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүрүң,
Ойлогула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты картайтып,
Койбогула, кыздар ай!
Кызыл күрмө шай кийип,
Бойлогула, кыздар ай.
Кызуу көңүл бар чакта
Ойногула, кыздар ай.
Кылчайып келбейт өмүрүң,
Ойлогула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Кызык күнүң өткөрүп,
Койбогула, кыздар ай!

Кайран өмүр барында,
Балалыктын чагында,
Гүлкайырдай гүлдөп ал,
Күлгүн жашың барында.
Карылык кууп жеткен соң,
Кайран өмүр өткөн соң,
Кара чым басып денеңди,
Каларсың жердин алдында.

## НАСЫЯТ

Дениң соодо, эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
«Эринчээк, жалкоо» дедирбей.

Эрдин күчү сом темир
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдоо жер керек.
Эр жигиттин белгиси —
Эпчил болот термелеп.

Кучүң барда иштеп көн,
Кулүп, жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап, жер жибит.

Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай.
Өзүн өзү асырайт,
Уурулукка малынбай,
Уятын ойлоп ар убак,
Ушак сөзгө чалынбай.

Түрүнүп иштеп эр жигит
Тишиң барда таш чайна.
Ирээтиңди түзөтүп,
Иштебесең, аш кайда?
Эгин айдап, чөбүң чап
Эмгегиңден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак!

Эр жигиттин белгиси —
Кайраттуу болот жалындап.
Өз колунда болбосо,
Оңойбу оокат табылмак?

Өлбөй тирүү калбайсың
Жан аманат, ойлоп бак.
Ыркырашпа тирүүңдө,
Ырыс алды — ынтымак.

Малы бар деп бирөөнүн
Байлыгына суктанба.
Ачуулу болуп, эр жигит,
Аксымдыкка бут малба,
Көпкөндүккө жеңдирип,
Көрүнгөнгө мактанба.

Эгин айдап, жакшы бак,
Жазында чыгат жалтылдай.
Кампадан ашып, кап толот,
Баасы кызыл алтындай.
Карды тойбойт адамдын,
Кайрат менен иш кылбай.

Карыздар болбо сүткордон
Бардык малың сүт кылат,
Бир жылга эки туудуруп,
Жарым сомун бүт кылат.

Убагында бербесең,
Бийге салат тыткылап,
Бий-болуштар башыңан
Айрылбаган жут кылат.
Берекеси жок болот,
Бекеринен мал тапкан.
Куру куудул кургак сөз
Курсагын сылап тынч жаткан,
Тамак даяр болгондо
Ал урган, кирип келет бир жактан.

Жардылык, байлык кимде жок,
«Жардысың» — деп демитпе,
Жамандашып, эр жигит,
Бириңди-бириң кемитпе!

Аз өмүрдүн ичинде
Амандашкын күнүгө.
Өлбөгөнгө табылат
Аздыр, көптүр дүнүйө.

Кара нээт адамдын
Каадасы калбайт карганча,
Өткөн өөнү билинбейт,
Өлөр күнгө барганча.

### САНАТ

Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?

Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Болбос жаман арамза
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.

Жакынына жакпаган,
Жат кишини жамынат.

Канды кудай ураарда,
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай ураарда,
Дөөлөтүнө мас болот.
Кышты кудай ураарда,
Күн жылымдап, жаз болот.
Эрди кудай ураарда —
Элүүндө жаш болот.

Берекесиз байлардан
Бейил менен кун кетээр.
Жумуш кылсаң, мудаа[6] кыл,
Иштей көрбө илдекер.[7]
Кара санап бирди алсаң,
Колуңуздан миң кетер.
Чечилишип сырдашсаң,
Көкүрөктөн муң кетээр.
Баарың болсоң бир оздуу,
Душман кантип былк этээр.

Ак бараңдын кундагын
Аталбасаң, сунбагын.
Эрмин десең, душмандан
Эки көзүң жумбагын.
Өтүп кеткен иш үчүн
Өкүнүп балаң урбагын.

Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит эп сүйлөйт,
Билбестерге жыйында
Бир сүйлөөгө кеп тийбейт.
Жөн жүрбөгөн жигиттер
Көрүнгөндөн тепки жейт.

Ким көрүнгөн кекенип;
«Ушунуку өттү»,— дейт,
Көз карашың бузулса,
Көргөн адам «көптү» дейт.

Жинди менен жолошпо,
Суу куйбагын толбоско.
Акмак болуп кетесиң,

Ачууланба болбоско.
Үгүт айтып чарчаба,
Айткан акыл конбоско.

Жолдош болсоң куу менен,
Өмүр өтөөр доо менен.
Жыкмайынча качпагын,
Беттешип калсаң жоо менен.

Суктанбагын сулууга,
Уят сөз айтпа улууга.

Тамаша айтсаң билбеске,
Тар жерде катуу сындырат.
Жамандардын адаты —
Жалган сөздү чын кылат.
Көптү көргөн адамдар
Көңүлүңдү тындырат.

Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач!

Кызыктырып кыйыкты
Кыйын жерге жибербе,
Билбестерди коркутуп,
Алдоо менен имербе.

Айталбаган сөз үчүн,
Оозуңду бекер ачпагын
Мактап койсо март болуп,
Оокатыңды чачпагын.
Колдон келээр иш болсо,
Коркуп бекер качпагын.
Мурунку жаман ишиңди
Кийинки жерде таштагын.

Жолдош болбо коркокко,
Жүк артпагын торпокко,
Иш кылдырба чоркокко.

Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың караба. —
Көйрөң атка коносуң,
Көрүп калган адамга.

Сурап ичкен тамагың —
Суу ичкенге барабар,
«Сук» атанып айлыңа,
Суук болбо, жаш балдар!

Күлүк менен жарышпа,
Билимдүү менен алышпа.
Кейбир кылат өзүңдү,
Кеп салбагын маңызга.

Көңүл калаар кеп айтпа,
Оору менен картаңга,
Жанын сатат кээ адам,
Жарым чөйчөк талканга.

Бузук менен муңдашпа,
Уятсыз менен ымдашпа,
Болбос ишке кийликпе,
Момундун жөнү бир башка.

Алың менен күч керек,
Азык оокат тыңдашка.
Акылсызга сөз айтып
Акмак менен сырдашпа.

Аялыңды жек көрүп,
Жамандыкты ырбатпа.
Эл тирилик кылганда,
Эсирип уктап кур жатпа.
Иш тапшырба жалкоого,
Акыл айтпа чалпоого.

## ҮЛГҮ ЫРЛАР

Дайранын көркү — кемеде,
Баланын көркү — энеде.
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү — жемеде.
Бычактын көркү — кынында,
Жылкынын сыны — кулунда,
Азамат болсоң, эр жигит,
Ардактуу иштен корунба.

Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.

Суктанып жүрбөй ар кимге
Сүйгөнүңдү тандап ал.

Түн менен жойлой басканда,
Түлкүлөр түшөт капканга.
Түн экен деп, эр жигит,
Максатыңдан жазганба.

Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.

Ынтымак болсо калкыңда,
Душманыңдан тартынба.
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында.
Күжүрмөн эрдин күчү өтөт
Күмүш менен алтынга.
Күчүң барда, эр жигит,
Күмүш өңдүү жалтылда.

Эшендин көөнү — зикирде,
Уруунун көөнү — пикирде.
Орозодо молдолор
Опулдашат битирге.

Сопунун көөнү — азанда,
Сорғоктун көөнү — казанда.
Чын болсо да жан кечти
Чыдай берет касамга.

## АЙЛАНГАН ТООНУН БҮРКҮТҮ

Күн тийбес тамда жатамын,
Күч кетип, эс ооп, алсырап.
Алдымдан нымдуу сыз өтөт,
Айласыз жатам жалдырап.
Козголоор менде дарман жок,
Кол, бутта кишен шалдырап.
Тим жатсам деле сабашат,
Тил билбей солдат балдырап.
Арачалаар адам жок,
Аябай эстен тандырат.

Айланган тоонун бүркүтү
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым.
Ойлонуп түшкө кирбеген
Көркоолорго багындым.
«Айланайын тийбе» — деп,
Айласыздан жалындым.
Кысталгандан өлсөм дейм,
Кымбатын кыйбайм жанымдын.

Зардантып койгон күнөөсүз
Заманага таарындым!

### ТЕРМЕ

Эң эле жыргал эмеспи,
Дүйнөдөн жыргап өтүүгө.
Эсиң болсо, жигиттер,
Капа кылып тилдебей,
Кайрыла жүр жетимге.
Өтүп кеткен ишиңдин
Артынан бекер өкүнбө.
Көтөрүлүп, көп сүйлөп,
Учураба кесирге.
Курчтугуңду майтарып,
Таш чапкандай кетилбе.
Ар ким ойлойт жакшылык,
Талаптуу ишке жетүүгө.
Тамаша кылба жыртаңдап,
Эри өлгөн аял жесирге.
Уяты бар адамдын
Нуру болот бетинде.
Алдап айтса бир бузук,
Алдоосуна эсирбе.
Кайраттуу болоор жигиттин
Оту болот көзүндө.
Айткан кебин орундап,
Туругу болот сөзүндө.
Өлөңдүү жерде саз болот,
Өлчөмү менен дайрага
Өрдөк менен каз конот.
Өткүрө сүйлөп, көп айтсаң,
Өлгөнчө кектеп, унутпай,

Өз тууганың кас болот.
Ушакчы болгон жигиттин
Урматы болбойт элине.
Уурдап кепти ташыган
Уяты чыгат бетине.
«Ушундай шүмшүк болчу» — деп,
Жолотпойт элдин четине.
Туура сүйлөп, түз жүрсөң,
Кадырың болот калкыңа,
Жайдары жигит болчу деп,
Ыракмат айтат артыңа.
Кыялың, оюң түз болсо,
Кыргыз эмес, кытай да
Жетет го, балдар, баркыңа.
Одоно сүйлөп, кеп айткан,
Обу жок адам көп болот.
Орунсуз жерге көп кирип
Ушунча журтка кеп болот.
Туура жүрбөй, кыйшаңдап,
Тууганда алыс чет болот.
Сыртыңдан түзөп кеп айтып,
Душманга сырың алдырбайт.
Жакшы көрүп жолдошун
Жамандык ишке бардырбайт.
Азамат болсоң, жигиттер,
Туура сүйлө кебиңди.
Ары жок ишке барганча,
Артык көр андан өлүмдү.
Пейли бузук кишиге
Ички сырың айтпагын.
Алты саның соо болсо,
Бекер карап жатпагын.
Атаң жаман болсо да,
Акылын ойго сактагын.
Көтөрүлүп, көп сүйлөп,
Болбос ишке күлбөгүн.
Алган жарың жаш болсо,
Акырын айтып, үндөгүн.
Акылың жетсе ар ишке,
Билип туруп сүйлөгүн.
Каласың, балдар, зыянга,
Жолдош кылсаң наадандьт,
Арамдык менен азгырып,
Бузуп коёт санааңды.
Айыктырбай ырбатат,

Болор-болбос жарaңды.
Келтирбегин жанына,
Кесири тийчү арамды.
Бөөшсүнүп[8] сыртыңдан
Байкап жүрөт чамаңды.
Андай бузук адамдар
Агаинден жат кылып,
Ачып коёт араңды.
Көз карашы бузулуп,
Түзүк айтпайт саламды.
Үйүп коёт башыңа
Пайдасы жок залалды.
Сөз айтсаң жооп бербеген —
Арамдыктын белгиси.
Орой болсоң таркылдап,—
Наадандыктын белгиси.
Ынтымагың болбосо,
Жеңе албайт жоону бир адам.
Каптаган душман ала албайт,
Тилектеш болсо миң адам.
Көптүк кылба жалгызга,
Көп тийбегин байкушка.
Чоңдук кылба жалгызга,
Чоң сүйлөбө байкушка.
Колдон келсе, тартынбай,
Кайрылгыла карыпка.
Карыптын тиет пайдасы,
Чыгарсаң, балдар, жарыкка.
Акылы жок боз бала
Уурулукка айланат.
Туура жолго түз жүрбөй,
Арамдык ишке жалданат.
Арамдык кылган кишинин
Аягы жипсиз байланат,
Кармалган ууру ушул деп,
Кара малча айдалат.
Арамза жигит, бузуктун,
Алдоосуна кирбегин.
Ал бузуктар көрө албайт,
Ак май чайнап жүргөнүң.
Далай түркүн адам бар,
Тамаша кепти сүйбөгөн.
Жамандык жасап ичинен
Жакшылык ишке күлбөгөн.
Ала көөдөн андайлар

Адамдын жайын билбеген.
Жаман адам көпкөндө,
Жакшыны көзгө илбеген.

## ҮЧ КОЖО

Кулак салгын, кожолор,
Комузга кошкон үнүмө.
Кууган менен ким жетет
Дүнүйөнүн түбүнө?
Молдолор айтат бир башка,
Акыреттин маанисин.
Айдап барып тозокко,
Камап коёт чыгарбай,
Кедейлердин баарысын.
Алсыз карып табалбайт,
Алдамчынын дарысын.
Айлыма келген кожолор,
Акыреттин маанисин,
Айткылачы сурадым.
Шариятка түшүндүр,
Кулак салып угамын.
Кан соргучтар ойлобойт
Бечаранын убалын.
Нысабы жок, кожолор
Аялдардын мойнуна
Тагып жатат тумарын.
Тумардын кайсы пайдасы,
Биле албаймын ушуну,
Кандай жардам кылаарын?
Элим көрдү эзилип,
Мейли кожо, мейли эшен —
Ушулардын зыянын.
Кедей тартат зыркырап,
Зулумдардын чыгымын.
Такыбалардын көрүнө,
Биле албайм кантип сыярын.
Булардын кандай иштери
Билгенимче сынайын.
Эшен, кожо мезгилдеп,
Эл кыдырып келишет.
Кайсы бир эшен, кожолор
Элди экиге бөлүшөт.
Кетмен чаап, мал бакбай,

Эмгек кылып жан бакбай,
Кедейлердин убайын
Кесирдүүлөр көрүшөт.
Алдамчынын тилине,
Алсыраган кедейлер
Амалсыздан көнүшөт.
Жумуру баш адамдын —
Башка, башка өнөрү.
Силер билген шарият
Элди экиге бөлөбү?
Же бейишке барбайбы,
Уламадан бөлөгү?
Уламанын оокатын,
Жыл сайын кедей төлөдү.
Акыйкатчы шарият
Кожо, молдо, эшендин
Жегенин жакшы көрөбү?
Же болбосо буларды
Артык кылып кедейден
Кандай аял төрөдү?
Силер билген шарият
Эзилип жүргөн кедейге,
Эч болбосо бейиштин,
Улагасын береби?
Же болбосо бериштең,
Кедейлерди киргизбей,
Кайра төшкө тебеби?
Кубаттуулар кутуруп,
Кишинин күчүн жалдаса,
Жетим, жесир карыптын
Акысын бербей алдаса.
Алдуу киши алсыздан
Канын соруп арбаса.
Жыл он эки ай иш кылып,
Чычкак улак албаса.
Ушулардын көз жашын
Шарият эске салбаса.
Өзүңөрдөй олуя,
Оокаттууну тандаса.
Жалган го деп ойлоном,
Шарият байды жандаса.
Жактырбайт менин жүрөгүм,
Молдолордун айтканы,
Жалган го деп жүрөмүн.
Молдолор чыгат «битир» деп,

Кожолор чыгат «үшүр» деп,
Кедейлерди кекетет:
«Айткан сөзгө түшүн» — деп.
Эшендер келет «зекет» деп,
«Бул салыкты бербесең,
Берекеңер кетет»,— деп.
Уламанын баары айтат,
«Биз үйрөнгөн шарият
Дал ушундай чечет» — деп.
Ар кимиси бирди айтат
Алуу жагын эсептеп.
«Зекет бербейм» — дегенди,
Тилдеп коёт «эшек» деп.
Ташыркады таманым,
Бай-манаптар ээлеген,
Элди эзүүчү замандан.
Мындай болсо шарият,
Сүйлөбөйт экен алалдан.
Байлар жумшайт малайды,
Көрүп жүрөм, көз салып,
Көк таякка уугуп,
Боздоп жүргөн далайды.
Алы жокту алдуулар
Ак жеринен сабайбы?
Эмгекчиге эрк бербей,
Жетим менен жесирди,
Желмогуздар талайбы?
Кузгундар кылса чоңдукту,
Кедейлер көрсө кордукту,
Ушул иши жарайбы?
Же болбосо, шарият
Ушундай ишти каалайбы?
Кузгундардын зарпынан,
Айдалып кеттим калкыман.
Айыптуу болуп манапка,
Көрдүм мен да далайды.
Сурамак экем такыбадан
Шарияттын жолдорун.
Акыреттин маанисин,
Жашырып айтпай койбогун.
Кандай көрөт шарият,
Кожо-молдо чогулуп,
Кедейдин канын соргонун?
Ишене албайм мен өзүм
Олуянын тилине.

Окуп жатат беш убак
Намаздын жайы эмне?
Кыйкырып элге жатышат,
Азан айтып күнүгө.
Кожо, молдо, бай манап,
Кордойсуңар кедейди
Зыян кылган кимиңе?
Мечитине жыйылат,
Окуйбуз деп намазын,
Жолотушпайт молдолор
Кедейлердин баласын.
Келсе кедей, булгайбы
Такыбалардын арасын?
Кунга байлар жыгылса,
Зордук менен жапшырат,
Кедейлерге жалаасын.
Билбесе керек шарият
Адамдын ак-карасын.
Жакындатпайт кедейге
Кезек кузгун арасын.
«Илимдүүлөр» билбейби
Карыптардын чамасын?
Кедейлердин акысын
Көркоо байлар жеп коёт.
Кээ бир молдо, улама,
«Киши акысын жегендер,
Эчтеме болбойт»,— деп коёт.
Кудайкөй кожо, байкачы,
Ушул кылган ишиңер
Силерге кандай эп болот?
Зыянкечтер «элбиз» деп,
Көбөйтөсүң саныңды.
Жалган сөзгө сатасың,
Алдамчылар жаныңды.
Элден эгин алам деп,
Алдыңарга салынып,
Келесиңер кабыңды.
Эшен, кожо, молдолор
Кыйналып жумуш кылышпайт.
Же өпкөңөр жарымбы?
Жарыбаган кузгундар,
Эл турмушун буздуңар.
Сар желимдей жармашып,
Жадатасың айылды.
Кылган ишиң түк жакпайт,

Кызытасың канымды.
Сурабайсың алардан,
Качпайсыңар арамдан.
Ушундай иш кылсаң да,
Силерге бейиш дайынбы?
Алаарында такыбалар,[9]
Кедейлерге кез болот.
Каруусу жок карыпка,
Күрсүлдөгөн дөбөттөр
Эмне үчүн өч болот?
Жалган сөзгө жалданган,
Эл ичинде кеп болот.
Үйүмө келген, үч кожо,
Айткан сөзүң адамга
Катуу тиет пир кожо.
Элди экиге бөлөсүң,
Бай-манаптын баласын
Баса калып өбөсүң.
Бекер ооз, шиш кожо,
Сүйлөйсүң сөздүн жалганын.
Өмүрүнчө койбойсуң
Элден алдап алганын.
Карабайсың не үчүн,
Кедейлердин балдарын?

## АРЗЫМАТКА

Бекти көрсөң мактайсың,
Бекер ичкен аш үчүн
Кошомат кылып бетине
Бечараны каптайсың.
Ханды көрсөң мактайсың,
Кардың тойгон жериңде
Кошомат кылып ханыңа
Карыпты көрсөң каптайсың.
Хан Дыйканбай үйүндө,
Жүргөнүңдү ырдадың.
Кошоматка кой союп,
Күлгөнүңдү ырдадың.
Казы менен картага,
Тойгонуңду ырдадың.
Хан Дыйканбай ырчысы
Болгонуңду ырдадың.
Кара карга үндөнүп,

Каркылдаган урганым.
Манапты ээрчип эт жеген,
Мадырайган соргогум!
Мени жакырсың деп кордодуң.
Жакыр да болсом мен өзүм,
Жаандан чыккан жоргомун.
Кедейге чачкан акыңды,
Байлардан неге албадың?
Бүгүн батты жаныма,
Кедейлерди чанганың.
Качан тиет карыпка
Уламалар жардамың?
Жыйдың бүгүн элимди,
Байкап турдум жанында,
Кожолор, сенин кебиңди.
Алып кел дедиң кедейге
Эки буттан эгинди.
Бар пикириң төгүлүп,
Бай манапка берилди.
Эмдете албай балдарын,
Кедейлер чыкты бөлүнүп.
Кылган ишиң ушулбу,
Көзүбүзгө көрүнүп?
Канча аял кайтты томсоруп,
Жаш балдарын кучактап,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Рас болсо шарият,
Тозокко силер күйөрсүң.
Балдарды эмдеп мал тапкан,
Амал менен жан баккан,
Алдамчы кожо, силерсиң.
Кекилик кууган шумкардай,
Канат кагып бир кезде,
Тик качырып тиербиз.
Бир кезде биз да жетилип,
Дүйнөнүн жүзүн билербиз.
Эмчи кожо келдиңер,
Салгыла кулак кебиме.
Бир күн эрмек болоюн,
Кор болуп жүргөн элиме.
Кожо, молдо эшендер:
«Чыгабыз»,— деп коёсуң,
Бейишинин төрүнө.
Берет бекен бейишти
Дүйнөнү колдон талашкан

Тукуму бузук берүгө?
Жата албассың тынч алып,
Кузгундар өлсөң көрүңә.
Кесириң тиет кедейге,
Алдап алып жегенге.
Денем үркүп сүйбөймүн,
Элди эгин бергин дегенге.
Жалган сөздү жаттайсың,
Эл кыдырып келээрде.
Эшен, кожо, бузуктар,
Алдамчыдан болосуң.
Кедейлерге, «акымды,
Ала кел»,— деп коёсуң.
Байларга батпайт тишиңер,
Туура айтпайсың бириңер.
Кор болгон элим жетилсе,
Силерге кантип жолосун.
Кайдан таап аласың,
Кыйыштырып жалганды?
«Эмчи, кожо менмин» — деп,
Ыйлатасың балдарды.
Кандай жакшы көрөсүң
Эптеп элден алганды.
Кедейден жакшы көрөсүң
Кепини күйгөн байларды.
Олуя киши ушинтип,
Жалган сүйлөп алдайбы?
Кетим кылган акысын
«Керемет» байдан албайбы?
Шарият деп сүйлөйсүң,
Арааны ачык алдамчы,
Туура сөздү билбейсиң.
Тумоологон адамды,
«Дубам бар»,— деп үйлөйсүң.
Ырас болсо шарият,
Сен бейишке кирбейсиң.
Адамдын акын жегенди,
Акыретиң текшерсе,
Жетим, жесир, карыпка
Бир кесимден тийбейсиң.
«Үшүр, битир, зекет» — деп,
Үй башына жыйнайсың.
«Бербесең арам ашың» — деп,
Элдин баарын кыйнайсың.
Орду жок сөздү көп сүйлөп,

Дүйнөнүн жүзүн булгайсың.
«Ала-алла-алла» деп,
Аламын деп ырдайсың.
Ырымчылар өлсөңөр,
Караңгы көргө сыйбайсың.
Көрүнөө тапкан күнөөңү
Көтөрүп өөдө турбайсың.
Адамдын баарын азгырган,
Азезилдер силерсиң.
Жаназа, дооран алам деп,
Адамга ажал тилейсиң.
Өлгөндөрдү талашып,
Үйлөрүнө түнөйсүң.
Адамдын акын «арам» деп,
Алдамчылар сүйлөйсүң.
Рас болсо шарият,
Сага окшогон кузгунду
Бейишке кантип жиберсин?
Жегенди кудай текшерсе,
Эл чыкса да, сен чыкпай,
Тозогуна күйөөрсүң.
Жаш балдарды ыйлатып,
Зордук менен эмдейсиң.
Оозуң менен нарк кылып,
Ойдогуңду бербейсиң.
Бечаранын тилине
Бейнысаптар, көнбөйсүң.
«Бейиштин жолу менде» — деп,
Өзүңөрдөн башкага
Өлүп кетсең, бербейсиң.
Беш тыйын өнбөс жер болсо,
Бейил салып келбейсиң.
Арманда жүргөн алалбай,
Алдамчы, сенден кегимди,
Көңүл салып уккула,
Акыйкат айткан кебимди.
Пул таратып бергенсип,
Жыл сайын элге келесиң.
Элден сурап эгинди,
Же болбосо, кудайың
Чачканбы элге жемиңди?
Олуя жакшы көрөбү?
Бекер оокат тегиңди?
Элден үмүт кылганча,
Кетмен чаап, кош айдап,

Шыпырсаң боло териңди.
Же жумушка жаратпай,
Алганбы кесел белиңди?
Оору десем, соодойсуң,
Соо дейин десем жабышып,
Сураганың койбойсуң.
Иштеп дүйнө таппасаң,
Өмүрүңчө тойбойсуң,
Тамагыңар такылдап,
Ажыдаардай арбайсың,
Алдамчы, эки болбойсуң.
Иштебейсиң элге окшоп,
Же бутуңар сынык чолокпу?
Өлгөнүңчө бер дейсиң,
Табасың кайдан соопту?
Зикир чалып күрсүлдөп,
Чачасың элге заарыңды.
Беш тыйынга сатасың
Бекер ооз кузгундар,
Намызың менен арыңды.
Элден эгин алам деп,
Алдыңарга салынып,
Апкелесиң кабыңды.
Эшен, молдо, кожолор
Кызмат кылбайт кыйналып,
Же өпкөңөр жарымбы?
Элден үмүт кылгандар,
Өмүрүнчө жарыйбы?
Ажыдаардай арбашып,
Ач кенедей жармашып,
Жадаттыңар айылды.
Ушундай иш кылсаң да,
Силерге бейиш дайынбы?
Көөдөнүңдү көтөрүп,
Какырынып, жөтөлүп,
Көйнөгү жок кедейге
Көрсөтөсүң жабырды.
Көрдүм дейсиң бейишти,
Бериштелер дайындап,
Кожо, молдо, эшенге
Кай бейишти беришти?
Жегениң адам эмгеги,
Кандай жакшы көрөсүң,
Табылса бекер теңгени.
Жаныңа жагып турабы

Элимдин дүйнө бергени?
Эң эле зыян элиме
Кожолордун келгени.
Эзилип жүргөн эмгекчи эл
Силерден пайда көрбөдү.

## ЖАШТАРГА

Жакшы болсоң, азамат,
Болбос ишке тырчыгып,
Жаман сөзгө барышпа.
Андан көрө жадырап,
Жакшы сөз менен арышта.

Жакшы кийсең, жаш балдар,
Көйрөңдөнүп элирбе.
Жаш кезиңден кызмат кыл,
Баркыңды билген элиңе.
Өзүңө керек болбосо,
Бирөөнүн жолун торгобо.
Башкаларга жеткирбейт,
Басыгы болот жоргодо.
Пайгамбардын сөзү деп,
Апырылтып калп айтса,
Ишене бербе молдого.
Кез-кез келчү меймандан
Тамагыңды катпагын
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын.
Бет алган жоодон качпастан,
Ишеничти актагын.
Жаш кезинде жаркылдап,
Эмгегиңден талбагын.
Карыганда калп айтып,
Көрүнгөн жерге барбагын.
Баркың кетип карганда,
Шумшук болуп калбагын.
Көрүнгөнгө карыз болуп,
Сөз ээрчитпе артыңдан.
Ачылып топко ырдабай,
Адашып жүргөн калкымдан.
Ашыра сүйлөп мактанып,
Улууларга калп айтпа.

Калпычы атка коносуң,
Бир эмес, жалпы калк айтса.

---

1 — Байдын аты.
2 — Бута деген сөз.
3 — Байдын аты.
4 — Жердин аты.
5 — Кожо Акмат Жасави же Азирет Султан Түркстанда жашаган акын, «Хикматтын» автору.
6 — Мыктап кыл деген мааниде.
7 — Көңүлсүз, илээнди.
8 — Билмексен болуп.
9 — Динге бек адамдар, сопулар.

# ЭШМАМБЕТ БАЙСЕИТОВ

Көрүнүктүү акын Эшмамбет Байсеитов
1870-жылы азыркы Талас районуна ка-
раштуу Кырк-Казык айылында кедей-
кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган.
Эшмамбеттин өз атасы Ардан, чоң атасы Байсеит Ко-
па ажыга малай болушкан. Келечектеги акын да се-
гиз жашынан баштап аталарындай эле Копа ажыга
малай болуп иштейт. Бирок ажынын көрсөткөн зор-
зук-зомбулугуна чыдай албай, Кара-Күнгөй-Бешташка
качып барып, Келдибек деген байга малайлыкта жү-
рөт. Бул жерден да Эшмамбет кыйынчылык күндөрдү
башынан өткөзүп, азап тартат. Бий-болуштардын куу-
гунтуктоосунан, ал кыргыздын далай жерлерин кы-
дырат. Кайда барбасын, жакырчылык турмуш бардык
эле жерде бирдей экенине түшүнөт.

Акындын чыгармачылыгындагы социалдык тема-
га арналган ырлардын пайда болушуна улуу акын
Токтогулдун тийгизген таасири өтө зор десек жаңы-
лыштык болбойт. Буга «Токтогул менен бирге жүрүп,
бизди жамандап ырдайсың»,— деп Бактыяр, Мамбет-
жан өңдүү манаптардын Эшмамбетти аябай сабашка-
ны күбө. Акыры манаптар аны өлтүрө турган болгон-
до, Эшмамбет жан айласынан Кең-Кол Карагыр бо-
лушуна качып барат. Акындын куйкумдуу ырларын
уккан манаптар аны сегиз ай Наманган түрмөсүнө
каматат.

Кийинчерээк Эшмамбет Найманбай, Нурмолдо де-

*ген акындар менен айтышып, аларды жеңет. Бул болсо анын ысымынын эл арасына белгилүү болушуна чоң көмөк берет. Эшмамбет 1926-жылы Кетмен-Төбөнүн Чечекти деген жайлоосунда каза тапкан.*

### САНАТ

Өмүр жашоо бардыгы
Келбейт экен бүркүмгө.
Чын акылың жетишсе
Чыныңды бурба күкүмгө.
Бул жашоонун чоң жолу
Сала берет түркүмгө.

Жер бетинде тирилик
Жайнай берет тирилип.
Алда кайда созулат
Аккан дайра ийрилип.
Адамзаттын өмүрү
Ага берет киринип.

Дат жукпас сары алтынга
Таасириң болот баркыңда.
Кезегиң барда эр жигит
Күмүш өңдүү жаркылда.
Аргымак аттай арышта,
Атагың калсын артыңда.

Кылкылдаган кымыздай
Кызыткан болчу жашчылык.
Дене бойду от жакпай
Ысыткан болчу жашчылык.

Күркүрөп аккан дайранын
Шарындайсың жашчылык.
Чайга кошкон аарынын
Балындайсың жашчылык.
Кетээринде от болуп
Жалындайсың жашчылык.
Бир кеткен соң экинчи
Табылбайсың жашчылык.
Баркын билбей жаш кезде
Болот тура масчылык.
Сагынсам да кайрадан

Келбейсиң го бастырып.
Ак куулар канат каккандай
Учуп кетти жашчылык.
Кашыма бир конду да
Сызып кетти жашчылык.
Асмандагы Күн, Айдын
Жаркыны го жашчылык.
Ардактаган адамдын
Алтыны го жашчылык.
Саябандуу бай терек
Салкыны го жашчылык.
Адамзаттын жүрөктө
Каны беле жашчылык.
Эр жигиттин көзүндө
Шамы беле жашчылык.

## КАРЫЛЫК

Балдагы жок, таяк жок
Басып келет карылык.
Акысы жок алуучу
Шашып келет карылык.

Аска да карыйт, таш карыйт,
Агала болуп, баш карыйт.
Асемдеп кийим кийинген
Айдай болгон жаш карыйт.
Бир ууч эмес өмүрүң
Бул дүйнөдө ким жарыйт.
Кайың карыйт, тал карыйт,
Каптап жаткан мал карыйт.
Кезегинде токтобой
Кесели жок бал карыйт.
Дүйүм тамак жесе да
Дүйнөдө бардык жан карыйт.
Карап турсаң ал түгүл
Кара жолдон чаң карыйт.
Асманга чыккан буу карыйт,
Аркырап аккан суу карыйт,
Канатын тарап каркылдап,
Көлдөгү жаткан куу карыйт.

Тоо жаңырткан мылтыктын
Огунан күчтүү карылык.

Таш көмүрдүн кыпкызыл
Чогунан күчтүү карылык.

## БААРЫН БЕРГЕН ЖЕР ЭНЕ

Жер дүйнөнү жаратып,
Жерден алптар төрөлөт.
Жерден желип суу агып,
Жерден дарак көгөрөт.
Жашыл ыраң төр да бар,
Жаткан чалкар көл да бар.
Мелтиреген бийик зоо,
Мейкин талаа, чөл да бар.

Тепсеп темир кендерин
Казып алсаң жер берет.
Таш көмүрдү талкалап
Ачып алсаң жер берет.
Аскасынан алтынын
Бузуп алсаң жер берет.
Түгөнбөгөн дүйнөсүн
Сузуп алсаң жер берет.
Ак буудайдан түшүмдү
Күрөп алсаң жер берет.
Жан-жаныбар бардыгы
Жер бетинде төрөлөт.
Ар бирине өмүрдү
Сен тараттың, жер эне.
Өмүрлөргө ичсин деп,
Булак кылган жер эне.
Адамзатты көрсүн деп,
Чырак кылган жер эне.

Жарга чапса сынбаган
Дайра берди, жер эне.
Дыйкандарга аябай
Пайда берди, жер эне.
Нечен түрлүү сүйлөгөн
Калык берди, жер эне.

Камыш кылып, эр кылып
Намыз берди, жер эне.
Көксөп акын ырдаган
Ырын берди, жер эне.

## АЙЫЛГА КЕЛГЕН ЭШЕНДЕР

Айылга келген эшендер
Ажына тийген кеселдер.
Уялбай ушак кылгандан
Убайга түштү нечендер.
Элиме келген эшендер
Эзилип бышкан кеселдер.
Эбиреп ушак кылгандан
Элсизге кетти нечендер.
Анжияндык эшендер
Айыкпаган кеселдер.
Ак таңдай Током баш болуп
Айдоого кеткен нечендер.
Байлоого кетти Токтогул
Панардай көзүн жайнатып.
Айдоого кеткен Токтогул
Алтындай көзүн жайнатып.
Асылды жеген замана
Армандын күүсүн сайратып.
Анжияндык эшендер
Арабыздан айдатып.
Эшендер элди алдайсың,
Суктугуңа калганда,
Суусу жок кургак сайдайсың.
Боору катуу заманга
Бозорбой аткан таңдайсың.
Элиме келип тойдуңар,
Эки келке койдуңар.
Алдамчылык кур оокат
Ак пайгамбар жолуңар.
Адамга жакпас алдамчы
Ак пейил эмес колуңар.
Эшендер элдин чечеги,
Эм-домун айта кетели.
Калпалар элдин чечеги,
Калбасын айта кетели.
Баткакка салган элдерди,
Бай-болуш мунун жетеги.
Ак-Чийдин тузун татпагын,
Алсызды тилдеп какпагын.
Атан төө берсе сүйүнгөн,
Ак селдечен акмагым.
Кокондон келген акмагым,
Кой кайтарган кедейди,

Корсунтуп бекер какпагын.
Билинип калды айтканың,
Биздин элге жакпадың.

### НУРМОЛДОГО ЫРДАГАНЫ

Мечиттен чыккан Нурмолдо
Шарият айтат күнүгө.
Нашаа чеккен жиндиге
Кошулуп алып Нурмолдо
Жоро ичет түнүндө.
Өлүп, көрүп келгенсип,
Бейиш менен тозокту
Түшүндүрөт элине.
Ырчы деген ыр ырдайт,
Нашаа чегип, мас болуп,
Шариятты ким айтат?
Ичкиликте молдо көп,
Эли үчүн пайда жок.

### МАНАПТАРДЫ КОРДОП ЫРДАГАНЫ

Ичи тар манап асылган,
Жалгандан ушак жазылган.
Токтогулду айдатып,
Манаптар көөнү басылган.
Эшмамбет менен Токтогул
Кедейлерди жактаган.
Ошол үчүн манаптар
Эшмамбет менен Токомду
Жоготууга сактаган.

Топко ырдатпайт манаптар,
Топтон айдап чыгарды.
Толкуп турган Эшмамбет
Торгойдой болуп сайраса,
Токтотпой башың жулам деп,
Топтон кууп чыгарды.

Кезеги келсе манапты
Келтектесе кол сүйөт,
Эчтекеге түшүнбөй,

Мен манапмын деп жүрөт.
Көрөсүң манап көрөсүң,
Бир күнү колго түшөсүң.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН ЭШЕНДИН КАЛПАЛАРЫНА КАРАТА ЫРДАГАНЫ

ТОКТОГУЛ:
Айгыр, кочкор айдаган,
Теке менен букасы
Суусамырды жайлаган.
Азирети эшендер
Кемиптирби пайдадан.
Катте[1], кичик кошулуп,
Кекиртеги созулуп,
Кер жорго минип алдында,
Келаткан экен озунуп,
Келтирип соогат сурачы,
Эшмамбет, эки колду куушуруп.

ЭШМАМБЕТ:
Ассалому алейкум,
Ак селделүү калпабыз.
Ак теңгеге толгон бейм,
Асынып келген калтаңыз.
Ак шарият пири деп,
Алдыңан салам айтабыз.
Акындар ырдап келгенде,
Аздыр-көптүр байкаңыз.

ТОКТОГУЛ:
Шариятта, Эшмамбет,
«Кулумун» десең, береби?
Кол куушуруп алдыңа,
Турдум десең, береби?
Соогатыңа чубалтып,
Селде берип жүрбөсүн?
Же болбосо жанынан
Теңге берип жүрбөсүн?
Кошо чечип берет дейм,
Кийип турган күрмөсүн?
Кара тилди безечи,

Кантип эшен сүйбөсүн?
Айдай албай баратат,
Айгыр, кочкор дүйнөсүн.
«Хаммасын бүт алгын» деп,
Марттык кылып жүрбөсүн?
Элге бүтүн тараптыр
Эшендин берген топусу,
Эми бермек болду бейм,
Эки-экиден сүйлөшүп,
Ийкеңдеп турат чокусу.

ЭШМАМБЕТ:
Ийкеңдетсе, береби?
Экиден бизге топусун?
Ишарат кылып жатпайбы,
Алдына ийкеп чокусун.
Мурут болгон калпа көп,
Биздин Кетмен-Төбөдө.
Эшендин оюн байкасам,
Дүнүйө кызык жөн эле.
Бизге бербейт, Токтогул,
Акарат кылба төрөгө.

## ТОКТОГУЛ СИБИРДЕН КЕЛГЕНДЕ ЭШМАМБЕТ ЫРЧЫ МЕНЕН УЧУРАШКАНЫ

ЭШМАМБЕТ:
Күлүктүн оозун көргөн бейм?
Күнөкөр делип кармалган,
Күйүттүү күндө зарлаган,
Күмүш жаак, күлүк тил,
Күкүгүм Током келген бейм?

От араба, машине
Минген Током келген бейм?
Залимде туткун көп жылы
Жүргөн Током келген бейм?

Алтындын кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Ак падыша залимге
«Жазган» Током келген бейм?

Күмүштүн кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Губернатор залимге
«Жазган» Током келген бейм?

Жамбынын кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Жарым падыша залимге
«Жазган» Током келген бейм?

Барып келдиң Маскөөгө,
Туруп келдиң Үркүткө,
Туткун болдуң көп жылы,
Тумшугу кандуу бүркүткө.

Түрмөдө жүрдүң алдырап,
Тууганга жетпей дабдырап.
Тумшугу жок солдаттар
Туура кылыч көтөрүп,
Туруп кадам бастырбай,
Тушуңда турду балдырап.

Жер тамда жаттың алдырап,
Жериңе жетпей дабдырап,
Жерге кирген солдаттар
Жети кадам бастырбай,
Жез пайнек[2] кылып көтөрүп,
Желкеңде турду балдырап.

Айдоодо жүрдүң алдырап,
Ага-ини көрбөй дабдырап.
Айбаалыдай солдаттар
Алты атаар мылтык көтөрүп,
Алты кадам бастырбай,
Аркаңда турду балдырап.

Ак карагай тилгирем
Кайсы шаардан кактыңыз?
Ак падыша залимге
Кай себептен жактыңыз?

Тилгиреми — зым тирөөч,
Кайсы шаардан кактыңыз?
Зили бузук залимге
Кай себептен жактыңыз?

Күнөөсү жок жалынга
Күйгөнүң айт, Токтогул,
Көзүңдү ирмеп уктабас
Түндөрүң айт, Токтогул.

Маскөөдөгү түрмөгө
Жатканың айт, Токтогул.
Балдырашып солдаттар
Чапканын айт, Токтогул.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Берекеси тең жерден,
Өзүң менен айдалган,
Өлүмгө колу байланган,
Алтымыш эки кишинин
Адатын айтчы, Токтогул!
Аманы канча калды экен
Санатын айтчы, Токтогул.
Тутулуп кеткен көп киши
Адатын айтчы, Токтогул!
Тирүүсү канча калды экен
Санатын айтчы, Токтогул!

Сараларуу калың мал
Байда калды, Токтогул.
Зарландырып залимдер
Айдап алды, Токтогул.
Зарланышкан муңдуулар
Кайда калды, Токтогул?

Көгүчкөндүн уясы
Көлдө калды, Токтогул.
Какамалуу калың мал
Байда калды, Токтогул,
Көп солдаттар имерип
Айдап алды, Токтогул.
Көп жолдошуң ажырап
Кайда калды, Токтогул?
Боор толгон калың мал
Кайда калды, Токтогул.
Бозортуп солдат баарыңды
Айдап алды, Токтогул.
Молдосан менен Карабаш
Кайда калды, Токтогул?

Ажыдаарга арбалган,
Ак капканга кармалган,
Алтымыш эки азамат
Кай жерде өлдү, Токтогул?
Ал мусапыр карыпты
Кимдер көмдү, Токтогул?

Кадик кылып турамын,
Кайта баштан сурадым,
Капилет көргөн түшүмбү?
Кан соруучу залимге
Кармалып кеткен кишимби?

ТОКТОГУЛ:
Кутубай, Бакай, Качканак
Качып чыккан баштараак.
Муратаалы, Мурзабек
Мурун качып келди эле.
Аркасынан Кулданбай
Куба качып келди эле.
Ошонун баары залимге
Кылмыш кылган эл беле?

Адигине Өмүрбек
Сексен бир жашка барыптыр,
Сакалында кара жок,
Куудай болуп карыптыр.
Карыны жаштай кыйыктап,
Падыша залим тарыптыр.

Азаматтар өлгөндө
Көргөнүм жок, Эшмамбет.
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Айпооч салып, белин бууп,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.
Көрөйүн деп сурансам
Көрсөтпөдү көзүмө.
Кулак салбайт залимдер
Мусапыр, муңдуу сөзүнө.

Кайран эрлер өлгөндө
«Кандай неме өлдү? — деп,
Кабакка сүйрөп койду окшойт.
Карга, кузгун, ит, куштар

Тарпын талап, тойду окшойт...
Катуу турмуш курусун
Как ушундай болду окшойт.

### ЭШМАМБЕТ МЕНЕН ТОКТОГУЛДУН ЭШЕНГЕ ЫРДАГАНЫ

Э Ш М А М Б Е Т:
Конушу шибер көпкөк чөп
Келишкен экен жергеси.
Эл чогулса ырдаган
Эшмамбеттин термеси.
Тетиги элүүдөн ашкан ак топу,
Эмне үчүн кыймылдап,
Козголуп калган келдеси?

Т О К Т О Г У Л:
Толгой тарткан ак аркан
Тор кашка аттын кермеси,
Топ жыйында гүлдөткөн
Токтогулдун кербези.
Күнү, түнү уктабай,
Түн терметип жүрөм деп,
Ошонун, токтобой калган келдеси.

Э Ш М А М Б Е Т:
Кызытып элди күлдүргөн
Кызыл тилдин термеси,
Кыйбат жаның өткөндө
Кылчайып кайта келбеси.
Кызык го, Токо, карачы,
Кырда турган ак көйнөк,
Кыймылдап турат келдеси.

Т О К Т О Г У Л:
Ал ачык көйнөк, ак селде,
Эшендин ыйлайт кебине,
Колуна берип кадыр шарт[3]
Эшен сопу кылгандын,
Ошентип, келдеси келбейт эбине.

Э Ш М А М Б Е Т:
Ак санды[4] экен топусу,

Эшен берсе кадыр шарт,
Айлынан экен сопусу.
Кыямат жолун көздөгөн,
Кыргызда сопу калпанын,
Анда, Токо, кыймылдайбы чокусу?

ТОКТОГУЛ:
Карачы, аппак топусу,
Эртелеп кел деп намазга,
Элдин баарын чакыртып,
Кыйкырат экен сопусу.
Түн терметип уктабай,
Ошентип, эпкиндеп калган чокусу.

ЭШМАМБЕТ:
Аял, эркек чуулдап,
Артынан калбай жүр ошо,
Ак чапандуу, ак селде,
Тээ алдындагы койкойгон,
Ак боз ат минген ким ошо?

ТОКТОГУЛ:
Эркек, аял чуулдап,
Ээрчип калбай жүр ошо,
Алдыңа келсе сыйлаган,
Айгыр, кочкор жыйнаган,
Алдаганы болбосо,
Акыретке барганда,
Эркечтей жолду баштаган,
Эч нерседен шашпаган,
Эшен деген пир ошо.
«Жанаттын кулпу менде» — деп,
Жалпыны алдап жүр ошо.

ЭШМАМБЕТ:
Аты-жөнүн сурайлык,
«Ак селдечен кимсиң?» — деп.
Өз алдынча бакырат,
Артыман эл жүрсүн деп.
Дубана болуп күрсүлдөп,
Тергеген киши жок экен,
Эмнеге жүрсүң деп.

ТОКТОГУЛ:
Ал, кол тапшырган эшени,

Туш-туш жакта туйлаган,
Жин тийгендей ыйлаган,
Ээрчип калбай артынан,
Эт, май, жечү көсөлү.
Колун жайып, «сув!» десе,
Айыккан калктын кесели.
Тээ, ак эшендин колунда:
Ким бейиши, ким тозок,
Ошонун ачкыч эсеби.
Мен, ушул таксыр пирдин зарпынан
Далай жыл кеткем айдалып,
Дартымды ырдап калайын,
Таксырдын келди кезеги.

ЭШМАМБЕТ:
Туш-тушунда бакырып,
Дубана болуп күрпүлдөп,
Карылары ыйлашат:
«Капилет дүйнө чиркин» — деп,
Ак селдечен андан көп,
Баштарында сүлкүлдөп,
Сары чалбар бир киши,
А да ыйлап келет бүлкүлдөп.

ТОКТОГУЛ:
Туш-туш жакта күрпүлдөп,
Дубаналар ыйлаган.
Айгыр, кочкор, мал берип,
«Ата-эшен!» деп сыйлаган,
Аркасында калпалар
Бекерге жанын кыйнаган.
Акыреттин карызын
Акылдуу эшен пир ошол
Ушу баштан жыйнаган.

ЭШМАМБЕТ:
Эркек, аял калбастан,
Ээрчип жүрөт жалпы жан.
Элүү кочкор, кырк айгыр
Айдап келет артынан.
Эл бербей койбойт экен го
Эшендин көрсө баркынан.
Эл берген дүйнө көп окшойт,
Ээрчисек кантет артынан.

ТОКТОГУЛ:
Эшмамбет, сен элирбе,
Эшен ээрчитпейт го артынан.
Эшендин түпкүлүгүн сурасам,
Алакан жайып, «сув!» десе,
«Айыгат,— дешет,— дартынан».
Айдалып барган болчумун,
Тетиги ак селдечен эшендин
Орунсуз айткан калпынан.

ЭШМАМБЕТ:
Кол жапшырган элденби?
Койкойгон эшен ак селде,
Же кожо сөөк жерденби?
Кантип эшен сыйдырат,
Калк чогултуп бергенди?
Бул калаада жаткан киши экен,
Же, калк чакырып келгенби?
Шариятта арам деп,
Молдолор сүйлөп жүрчү эле,
Өзүнчө сурап келгенди.

ТОКТОГУЛ:
Кубанып эшен калгандыр
Мал чогултуп бергенге.
Ачуум келип түйүнөм,
Ушундай ак селдени көргөндө.
Аралап келип мал жыйнайт,
Ак калпак кыргыз элдерге.
Ак селдечен эшенден
Азап, муңду мен көргөм.
Айгыр, кочкор жыйнаган,
Абийирсиз шермендем.

ЭШМАМБЕТ:
Бу таксыр — ээси экен го күнөөнүн,
Ашыкпагын Токтогул.
Айгырдын берээр бировүн,
Эшен берген айгырды
Эл аралап минемин.
Эшенди көзүм көргөндө
Эң кубанды жүрөгүм.
Пейлин эшен кыспаса
Берээр малдын бировүн.

ТОКТОГУЛ:
Айгырдын бербейт бирөвүн,
Алда качан түңүлгөн
Ак эшенден жүрөгүм.
Көңүлүм ушунча калыптыр,
Көргүм келбей жүрөмүн.
Көпчүлүк берген малдардын
Бербей калсын бирөвүн.
Эшендин кесир саатынан
Элсизге нечен түнөдүм.
Бизди айдаткан эшен пир болчу,
Алалбай кегим жүрөмүн.

ЭШМАМБЕТ:
Эшен бердиң топуну,
Сыйладың біздей тотуну.
Тотулар кийип топуну,
Таксыр эшен, колдо деп,
Түшөөрсүң сен да колго деп,
Каргаган да бар чыгаар,
Кантелик, эшен, оңбо деп.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН КАЛПАГА ЫРДАГАНЫ

ЭШМАМБЕТ:
Кадыры кыйын, калпам ай,
Кай жоругун айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Калтырбай кеттиң акчаны,
Калк ичинде не жаздык,
Кардыңа искей маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Токтолгон кыйын калпам ай,
Сенин токтоолугуң айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Топтоп кеттиң акчаны,
Топ ичинде не жаздык,
Топуңа искей, маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Сеңселген кыйын калпам ай,
Сенин, сергектигиң айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Серпип кеттиң акчаны,
Сенин алдында не жаздык,
Селдеңе искей, маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Булкулдаган калпам ай,
Бууландыгың айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Бурдап кеттиң акчаны,
Бул жыйында не жаздык,
Мурдуңа искей, маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Көптү көргөн, калпам ай,
Көктүгүңдү айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Көтөрүп кеттиң акчаны,
Көп ичинде не жаздык,
Бетиңе[5] искей, маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Ортодо турган калпам ай,
Мунун опкоктугун айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Озунуп алдың акчаны,
Отурган жерде не жаздык,
Оозуңа искей, маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Алдыда турган, калпам ай,
Мунун арамдыгын айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Алып кеттиң акчаны,
Алдында сенин не жаздык,
Апаңды искей, маңкам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Дайыма алдап, жеп жүргөн,
Даараты жок, калпам ай.

ТОКТОГУЛ:
Дардаңдаба анчалык,
Дадаңа искей, калпам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Карып калган, калпам ай,
Калпалыгың айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Камынтпай алдың акчаны,
Кашыңда сенин не жаздык,
Башыңды[6] жегир, калпам ай.

ЭШМАМБЕТ:
Күлкүлдөгөн, калпам ай,
Күүлүгүңдү айтам ай.

ТОКТОГУЛ:
Кучактап алдың акчаны,
Кубунуп сага не жаздык.
Кутуңуз искей, калпам ай.*

---

1 — Чоң.
2 — Тутка.
3 — Калпалыкка берилген күбөлүк кагаз.
4 — Ак болотнай.
5 — Бетиңе эмес. Башка сөз менен берилди. Адабий сөз эмес.
6 — Бул дагы башка сөз менен берилди. Адабий сөз эмес.

---

* Эшмамбет. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе: Кыргызстан, 1988.

# КОРГОЛ ДОСУЕВ

*Элибиздин белгилүү төкмө ырчысы, комузчу, улуу акын, Токтогулдун шакирти Коргол 1890-жылы азыркы Ош областынын Жаңы-Жол районуна караштуу Токтобек-Сай кыштагында кедейдин үй-бүлөсүндө туулат. Анын атасы Досу дыйканчылык, мергенчилик, усталык менен күн көргөн чебер комузчу болгон. Корголдун ырчылык өнөрү 14 жашынан башталган. Акындын ырчылык, комузчулук өнөрүнүн өрчүшүнө Токтогулдун жана белгилүү комузчу Ниязалынын тийгизген таасирлери өтө чоң.*

*Совет бийлиги жылдарында социалисттик түзүлүштү чыңдоого активдүү катышкан. Корголдун ырлары кыскалыгы, сөздөрүнүн курч-таамайлыгы менен айырмаланат. Акын 1962-жылы Токтогул районундагы Токтогул совхозунда дүйнөдөн кайткан.*

## КАЛБОТОГО ЫРДАГАНЫ

Оорубай адам дарт болбойт,
Оңбогон манап март болбойт.
Кешигин жеген Калбото,
Кедейден чыккан калп болбойт.
Кабаган иттей алышкан,

Ырчыларда салт болбойт.
Короочу сендей урганды,
Мала кашка дөбөттөй,
Манапты ээрчип турганды,
Коргол деген алп койбойт.

Сандыгың толо алтының,
Манаптан мактап алганың.
Чакчаңдаба Калбото,
Чачыңдан көп жалганың.
Аш берген жерге Калбото,
Алты күн жатып ырдайсың.
Алкымыңды кызартып,
Алмайынча тынбайсың.
Букара-кедей тобуна,
Жакшылыкты кылбайсың.

## ОСОКЕ МАНАПКА ЫРДАГАНЫ

Карганы салып, казды алдың,
Карыган болуш Осоке,
Кашымкан сулуу кызды алдың.
Алты жашта нус болгон,
Айылда бойго жеткенде,
Айнектей сулуу кыз болгон.
Атасындай чал алып,
Армандуу күнгө туш болгон.
Кузгунду таштап, куш алган,
Эсеби жүз кой, кырк атка,
Куураган чалы кыз алган.
Жагалмай канат каш алган,
Жайылган кара чач алган.
Кашымкандай сулууну,
Орой болуш Осоке
Он алты чыккан жаш алган.
Кашымкан — булбул, сен — буура
Какшаган Коргол ушуга.
Тек жайымды сурасаң,
Тепки жеген букара.
Каманга бекер туш болгон,
Кашымкан сендей бечара.
Капалуу ойго чөмүлбөй,
Калтырабай бери бир кара.
Каламдай болгон сулуу кыз,

Кары-картаң дебестен,
Кантип жаттың койнуна.
Арам болуш байларың,
Анткор болот түбүндө.
Адашып чалга келдим деп,
Арманы турат ичинде.

## БАРПЫ АЖЫГА ЫРДАГАНЫ

Калпам, кармоого келбейт мурунуң,
Күнөөсүздү айыңдап,
Кашайгыр эми курудуң.
Бериштени чакырып,
Иттей болуп улудуң.
Аска бекен, шар бекен,
Алдың терең жар экен,
Алтымыш курттан бошотуп,
Аларга адам бар бекен?
Калпамдын пейли тар экен,
Кашка чымын шордуудан
Калкалаар күнү бар бекен?
Акындарды айыңдап,
Түлөкөнүн ашында
Алты уруу журтка шерменде,
Дагы арманы бар бекен?
Караңгы көрдү жай кылган,
Касиеттүү калпа акем.
Түгөнбөгөн шамшыкал[1]
Туздун кени жерде экен.
Качырдай болгон калпам ай,
Калптын баары сенде экен.
Абалтан бери колдонгон
Аш-тойдун көркү элде экен,
Ак эшен менен калпам ай,
Адамды жолдон азгырган,
Азаптын баары сенде экен.
Адашпай тилим сайраса,
Акындын көркү менде экен.
Өлгөн жерден пул алган,
Өлө турган кишидей,
Өңү жездей кубарган.
Кернейдей болуп калпа акем
Кекиртегиң узарган.
Өлгөндөн кийин табам деп,

Бейишти эңсеп кубанган.
Чындыкты айтып адамга,
Чыксаң боло тумандан.
Кудайыңдын кулусуң,
Калп айтып калктан пул алган.
Калпа аке, касиет болбойт бул ишиң.
Энең издеп тапкансып,
Атаң малга саткансып,
Купшуңдаган урганым,
Кудайды ээлеп турусуң.
Кашыңда алган жубайың,
Каадаланып калпам ай,
Канчалык көрдүң убайын.
Каршылык кылган кеселден,
Калкалап албай кудайың.
Алтын дилде пайда экен,
Акмарал иши сайда экен.
Көрүп келсең, калпа аке,
Жети тозок, гүл бейиш
Чечип айтчы, кайда экен?
Жердигинде чоңойткон
Жеңе-желпиң бар бекен?
Алдейлешип чоңойткон,
Ата-энең турса көрдүңбү?
Бейиш жакшы кел дешсе
Бармак болуп келдиңби?
Же молдолорго ишенип,
Күнөкөр болуп келдиңби?
Эшегиң минип кокоюп,
Эшегиң болсо бара бер.
Жети катар бейишке
Жай салдырып ала бер!
Жай бербесе бейиштен.
Сага жардам болбойт бериштең.
Жаныңды жеп жабырап,
Сендей бучук мурун калпага,
Жарым сом берген эл жаман.
Ак кишини айыңдап,
Каргаша кылган сен жаман.
Калпыңды билип олтуруп,
Сага, кара улак берген эл жаман.

### ЖЕҢИЖОККО ЫРДАГАНЫ

Аманбы, аба Жеңижок?
Ак калпактуу кыргыздан
Айтышаарга теңи жок!
Анык булбул экенсиң
Айдап төккөн чени жок!

Эсенби, аба Жеңижок?
Эки жаактуу пендеден
Эрегишээр теңи жок.
Элдин анык булбулу
Элеп төккөн чени жок!..

Жергебиз Кетмен-Төбөдөн
Жетик акын Өтөгө
Жетине албай жөнөгөм.
Айлыбыз Кетмен-Төбөдөн
Артыкча акын Өтөгө
Ашыгып мында жөнөгөм.

Ата-тегиң Таластан,
Ар санаттан сабатсаң
Ар дубанга жарашкан.
Акын болоор бекемин
Айтканың угуп жанашсам?..

Түпкүлүгүң Таластан,
Төгүп ырдап отурсаң
Топ жыйынга жарашкан.
Токтолбой ырдаар бекемин
Таалимиң алып жанашсам!..

Турган жериң Аксы экен,
Турпаты менен жакшы экен!
Жердеген жериң Аксы экен,
Жергеси менен жакшы экен!
Токтогул келип дос болгон,
Кошулса доошу козголгон,
Көп жомокту жат билген,
Арапча окуп кат билген
Артык экен өнөрүң!
Керек болду балаңа
Өзүңдөн нуска көрөрүм!..
«Булбулу,— деп,— ырчынын»

Токтогул торгой айтты эле,
Суусамырдын сазында,
Топ дубандын кашында
Кара сакал Эшманбет
Сизге учурашып кайтты эле.
Анда мен эл көзүнө акындай
Көрүнө элек болчумун.
Алабарман ырчыдан
Бөлүнө элек болчумун.
Эңсегеним ыр болгон
Каалаганым сиз болгон.
Ырдын кенин аяба,
Каалап келген Корголдон!..

---

1 — Жалама туз.

# ТОГОЛОК МОЛДО

Атактуу акын Байымбет Абдыракманов (Тоголок Молдо) 1860-жылы азыркы Ак-Талаа районундагы Куртка деген жерде туулган. Байымбет он төрт жашка чыкканда, атасы Абдыракман, бир аз убакыт өткөндөн кийин чоң атасы Музооке дүйнөдөн кайтат. Жаш Байымбеттин жашоо турмушу оордойт. Акыры күнүмдүк жан сактоонун айынан Чүй бооруна келет. Бирок бул жерде да, акындын чекеси жылыбайт. Ар кимге малай болуп он жылча иштейт.

1887-жылы Байымбет, бир аз тирденгенден кийин, туулган жери Курткага көчүп барат. Арадан көп убакыт өтпөй, жергиликтүү бай-манаптардын куугунтуктоосунан Дөрбөлжүнгө, андан Тогуз-Торо багытына көчүп кетүүгө мажбур болот.

Байымбет жаш кезинде мусулман-диний мектебин бүтүрүп, колу кат тааныйт. Ошентип, ал өзүнүн алгачкы ырларын кагаз бетине түшүрүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Акындын турмушундагы чоң бурулуш Токмок шаарына келгенде башталат. Бул жерден көптү көрүп, көп нерсени үйрөнөт. Тоголок Молдо өзүнүн алгачкы ырларында эле феодалдык түзүлүштү жана анын өкүлдөрүн сынга алат. Ал эзүүчү тап менен калың элдин ортосундагы таламдардын карама-каршылыгын сезседа, уруучулук идеологиянын, башкача айтканда, уруучулук биримдик идеясынан чыга алган эмес. Буга

*анын бай-манаптардын таламын жактаган акын Бошкой менен болгон айтышуусу күбө болот.*

*1898-жылы Кетмен-Төбөгө барып, Токтогулга жолугат. Аны менен бир нече ай бирге жүрөт. «Токтогул мени жанында үч ай алып жүрүп, акындык чеберчиликке үйрөттү» — деп, эскерет Тоголок Молдо. Байымбеттин андан кийинки чыгармаларындагы таптык сезимдин күч алышы, ырларындагы идеялардын белгилүү багыт алышы Токтогулдун тийгизген таасиринен болуу керек.*

*XIX кылымдын аяк ченинен баштап, Тоголок Молдонун чыгармачылык мүнөзү агартуучу акын катарында болгон. Кыргызстандагы коомдук-экономикалык өзгөрүүлөр, таптык жана анын негизинде чыккан идеялык күрөштүн курчушу акындын кийинки чыгармаларына зор таасир этет. Мисалы акындын «Кабыргама таш батты», «Тезек-Тагай эл тууралуу» ырлары аны аныктайт.*

*Тоголок Молдо Улуу Октябрь революциясын Тогуз-Тородон тозот. 1922-жылы ал Курткага көчүп келип, ал жерде өмүрү өткөнчө жашайт.*

*1936-жылдан баштап илим изилдөө институту менен тыгыз байланышта болуп, Тил жана адабият институтунун фондусуна көптөгөн материалдарды тапшырат. 1938-жылы Кыргызстан жазуучулар союзуна мүчө болуп өтөт.*

*Акындын эмгеги жогору бааланып, ал «Ардак белгиси» ордени менен сыйланат. Байымбет 1942-жылы дүйнөдөн кайткан.*

## КОЖОНУН АҢГЕМЕСИ

«Мен элетке барам» деп,
«Элетти жөнгө салам» деп,
«Элеттин малы тууғандыр,
Кайыр-зекет алам» деп,
Селдесин чоң чалынып,
Мал алууга камынып,
Кожо акең келди көчмөнгө,
Зекет сурап зарылып.
«Элеттин малы белен» деп,
«Эли, журту кенен» деп,
«Баары мага кол берген,
Мурутчулап[1] келем» деп,—

Жылда келип мал алып,
Пайдаланган кожо элең.
Тазасынып өзүнчө,
Каадаланган кожо экен.
Алынча оокат малы бар,
Байсымак жанга жолукту.
Келген замат кеп баштап,
Кесирдүү кожо оолукту.
Акыл ойлоп шашпады,
Алдоонун кебин баштады.
Теспесин алып колуна,
Тегеренип чоңуна.
Аракет кылып кеп айтат,
Алдамчы сөздү көп атат.
«Нарк ушундай» деп айтат.
Назирдин[2] жөнүн көп айтат.
«Назир — кыяз[3] маашарда,[4]
Минүүчү атың» деп айтат.
«Зекет бергин малыңдан,
Садага бергин жаныңдан.
Адал болот тапканың,
Айдап жүрүп бакканың,
«Пайда кылат өзүңө,
Айдап малды сатканың».
Көз көрбөгөн караңгы,
Эл ишенди кебине.
Колун берип көпчүлүк,
Кожонун кирди эбине.
Калктын баары жайланды,
Кожого колу байланды.
Караңгы калк ишенип,
Кожо акең кылды айланы.
Назыр — кыяз — зекетин
Кожонун берди колуна.
Зекет арбын түшкөн соң,
Кожо түштү жолуна.
Алган малын аш кылып,
Айтууга оозун маш кылып,
Экинчи жылдын өзүндө,
Жана келди жазгырып.
Жумуру башта нелер жок!
Жумган көзүн түк ачпайт.
Намазын арбын көбөйтүп,
Даараты жок түк жатпайт.
Элдин баарын чогултуп,

Кожо кирди эрмекке.
« — Салайын,— деп бул элди,
Жана бир түрдүү өрнөккө».
Айтып сөзүн баштады,
Акыл-эстен шашпады.
— Азирет кожом айтат,— деп,
Айрып элет качпады.
— «Даяр тамак алыңар,
Малды жакшы багыңар,
Койдун башын сойгон соң,
Калтырбай тишин чагыңар,
Таза жууп, куйкалап,
Казанга анан салыңар.
Мага мурут[5] болгонуң
Бул сөзүмдү алыңар.
Ичеги менен карынды,
Итке салып бериңер,
Ичеги, карын бүт арам,
Бул сөзүмө көнүңөр.
Үмүт кылсаң жаныңдан,
«Үшүр» бергин, даныңдан.
Эмгегиң зая[6] кетпесин,
Зекет бергин малыңдан.
Катындын тилин албаңар,
Капилетке калбаңар.
Айнытат катын адамды,
Көрөсүң мындан залалды.
Катын деген түк билбейт,
Алал менен арамды.
Тобуң-көбүң чогулуп,
Токтотуңар карарды»,[7]
Кожодон бул сөз чыккан соң,
Калктын баары уккан соң,
Элдин баары дабырап,
Айтып сөзүн жабырап:
— Кожом ырас айтат деп,
Бул сөздөн ким кайтат? — деп,
Элет кыргыз көчмөн журт,
Элдин баары ишенди.
Эбине кожо келтирип,
Баарына салды кишенди.
Ошончо калктын ичинде,
Бир акылдуу жигит бар экен,
Кыянат менен иши жок,
Кылган иши шар экен.

Ойлонуп калды туюнуп,
«Кожонун кеби кызык» деп,
«Эркек менен катындын,
Ортосун бузчу бузук» деп.
«Катындын тилин алба» дейт,
«Сөзүнө кулак салба» дейт.
«Берсең кожом колдойм» дейт,
«Балакеттен коргойм» дейт.
Бул айтканы жалган го,
Алдап бизден алган го.
Кожонун сөзү кеп эмес,
Эч кимге бул сөз эп эмес.
Бул кожону сынайын,
Чоң аңгеме кылайын.
Кожонун ушу сөзүнө
Кантип чыдап турайын?..
Жигит мындай ой кылды,
Катындан баштап кеп кылды:
— Кожом, сага кебим бар,
Кебимди угаар эбиң бар.
Үйүбүздөн чыр чыкты,
Сизге айтаар сыр чыкты.
Кулак салгын сөзүмө:
Мен айтам, бир кой берем деп,
Кожом сенин өзүңө.
Катыным айтат: «тай бер!» — деп,
«Тай берсең, семиз май бер» — деп,
Катындын тилин албасам,
Өзүм билип кой берем,
Тилин алсам катындын,
Кожом сизге тай берем.
Бул сөзгө кожом ынандым,
Берүүгө бирин чыдадым.
Катыным капа кылгандан,
Сизден келип сурадым».
Анда кожо кеп айтат:
«Мырза жигит» деп айтат,
«Аз-аз катын сөзүнө,
Кире жүргүн»,— деп айтат.
Жигит калды ойлонуп:
«Ушу кожо кызык» деп,
«Алдамчы кожо көрүнөт,
Анык напси бузук» — деп.
Кепке, сөзгө келген жок,
Тайын, коюн берген жок,

«Акырет» деп алдаган,
Алдоосуна кирген жок.
Балакеттүү кожону,
Байкап калды ошону.
Жоболондуу кожого
Жугузмак болду жошону.
«Кожомду өзүм кыйбайм» деп,
Тамак берип сыйлайм деп,
Аңгемени ашырып,
Айтпай туруп жашырып,
Тууган бээнин чөбүнөн,[8]
Бермек болду бышырып.
«Алал малдын эти» деп,
«Алал тамак өзү» деп,
Чөптү таза бышырып,
Кожонун койду астына.
Жазгырмакка бул жигит,
Кожонун кылган касына.
Таза тамак деп алды,
Түк калтырбай жеп алды:
«Татты тамак ушул» деп,
«Кылбайбыз буга кусур» деп.
— Кыргыздын бээси тууганда,
Келип жүр кожом, өзүмө.
Бээнин чөбүн бышырып,
Берип турам өзүңө. —
Жигит берди кууланып,
Кожо кетти кубанып.
Бул жигиттин сөзүнө,
Кожо калды ынанып.
Бээнин качан тубарын,
Кожо билбейт башынан.
Аяр жигит кожону,
Айнытып салды ашынан.
Барган элден кеп сурайт,
Көрүнгөн элден көп сурайт:
— Кыргыздын бээси туудубу?
Мезгили качан? — деп сурайт.
Кожону жигит азгырды,
Өз жолунан жазгырды.
Алдамчы кожо өзүнө
Бул жорукту аз кылды!

## ЧЫНДЫК

Байымбеттин казалы,
Байыт кылып жазалы.
Жегичтерге убал жок,
Теңгеге ооду назары.
Чыгым алды чыңыртып,
Бай-болуштун тажаалы.
Зулумдар бизге бек болду,
Эл ичинде көп болду.
Калайык-калк, сен үчүн,
Казал жазып эп болду.
Жесир, жетим дебестен,
Баса калып жеп койду.
Карыз деп алса болуштар,
«Ана, мына» деп койду.
Сөз чыгарбайт кедейден,
Старчындар дерейген.
Болбос ишке асылган,
Болушу бар килейген.
Рамат деп саттырып,
Жалгыз уюн баш кылып,
Жеп алгандар көбөйдү.
Тамагына аш кылып.
Бузуктун уулу чоң болду,
Букара журту кор болду.
Жайы-кышы жабыркап,
Малай байкуш шордолду.
Бул заманда не карып?
Ак матадан бөз карып,
Адилетсиз бийлердин,
Алдына келген сөз карып.
Сөзү үжөт болбогон,
Учан теңиз эл карып,
Букарадан кайраттуу,
Сөзү өтпөгөн эр карып,
Кызыл-Таздан[9] таяк жеп,
Кыйноо тартып мен карып.

## ТЕЗЕК-ТАГАЙ ЭЛ ТУУРАЛУУ

Болуштуу жерде тарап бар,
Жумгалдагы Баатырбек,
Элин эзген манап бар.

Чородон чыккан Касымбек,[10]
Тартып койгон танап бар.
Карабектин Жантайдан
Калыңга келген чагың бар.
Тезек-Тагай бечара,
Уругун козгоп жазды деп,
Тагай-Тезек таарынаар.
Таарынганда не кылаар,
Теңдик көрбөй жүргөнүн
Жазсам сөзүм табылаар.
Таабалдыңды терекке,
Таңып туруп сабаган,
Көкөйүңө тийгендир,
Чоюбектей[11] кабаган.
Тезек-Тагай бечара,
Сезимдүү сенин башың жок,
Баш күндөн бери, тезегим,
Манаптан башка касың жок.
Жүзгө чыкса мейличи,
Жүгүрүп жүрүп байге алган,
Токумдан башка жакшың жок.
Алайга барып топ кылса,
Анча-мынча док кылса,
Касымбек келип демигээр,
Кары-жашың кемирээр,
Кемиргенде семирээр.
Куурап калган Тезегим
Күлүгүн алып бүгүлөөр,
Чапанын алып жүгүрөөр.
Жабыркаган Тезектер
Өз жанынан түңүлөөр.
Ой, Тезегим, Тезегим,
Келээр бир күн кезегиң.
Баяналуу күн тууса,
Балдарың табаар эсебин.

Кече Тализин уезд тапшырып,
Аягына жапшырып,
Чоюбекке кор болдуң.
Терекке таңып урулуп,
Тердеген мындай шор болдуң.

Чогулуп баарың жедирдиң
Чоюбек деген зулумга.
Жалгыздан сааган уюңду

Кармап бердиң чыгымга.
Торпогу кетти өкүрүп,
Эки сом элүү тыйынга.
Жүктөөрүңө төөң жок,
Урунган, күткөн ырымга.
Ушинтип жүрүп тезегим,
Жетесиң качан тынымга?

Эми Касымбек чыгып капшыттан,
Калың элди какшыткан.
Калтырбай алмак болду бейм,
Капка салган аштыктан.
Манаптар салды текөөрүн,
Алаарсың бир күн кекөөрүн.
Адил укук бар болсо,
Айдатып ийсең экөөн.
Кара жан тынып калууга,
Кандайсың Тезек тууганым?
Кут болгой эле конушуң
Кош-Булак, Ийри-Сууларың.

## АЗЫР КЕЛГИЛЕ

Муратаалы, Момуке,
Мурду жарык бай Жаке.
Карышма жаак Аалыке,
Сары бучук, бий Саке,
Камбараалы — чоң теке,
Кара санап зор теке,
Касымбек[12] өзү чакырат
Баарыңарды жеп-жеке:

Чыгым салат,
Чыңыртып алат,
Чокуга чабат,
Чоочутуп алат.
Алдына азыр келгиле,
Айтканын тез бергиле.

## КАБЫРГАМА ТАШ БАТТЫ

*(Поэмадан үзүндү)*

Миң тогуз жүз алтынчы
Тарыхтын болгон жылында,

Аалынын өлгөн жоругу
Маалим болгон кылымга.
Бул казалды баштадым
Куралган топ жыйында.
Эл таланып чабылса,
Эстен кетпейт чынында.
Кадеми каткан момундар,
Качан жетет тынымга!
Коңур уулу,[13] Ымандар,
Чогулган жок быйыл да.
Өткөн жылы Аалынын
Өлүмүнө өк болгон.
Өз тууганы Касымбек,
Тиригине тик болгон.
Букараны чапканга,
Көңүлүмдө кек болгон.
Короодо коюн жеп койгон,
Куу Чүкө[14] Үмөтаалыны
Үч жүз үйлүү эл талап,
Аалынын куну деп койгон.
Чоң чарыктын Турдубай[15],
Чоң масилет курдуң ай.
Эки тарап баштаган,
Эрмек менен Быржыбай.
Оңолбогон Бексултан,
Эл ичинде кылжыр ай.
Беш жүз кой күтүп эсирип,
Бексултандын көпкөнү.
Ортодогу бузуктун
Элге дарты өткөнү.
Бексултандан себепкер:
Аалыга ажал жеткени.
Эки жылга басылбай,
Элдин тентип кеткени.
Эсте калсын түбөлүк
Байымбеттин дептери.
Коңур уулу Ыманды,
Тогуз болуш жектеди.
Тамтыгы жок чабылып,
Кайран эл көчтү тескери.
Капа болуп Байымбет
Жазган казал дастаны.
Өткөн жылы Турдубай
Калабаны баштады.
Касымбек, Калпа биригип,

Найзага жуушаң аштады.
Жазыксыз жаткан момунду
Булдуруп чаап таштады.
Узун аяк мал койбой,
Үстү бүтүн там койбой,
Эгээрине дан койбой,
Эчки, улак — мал койбой,
Жабагыдан тай койбой,
Жатып ичээр чал койбой,
Капка салган дан койбой,
Кайгырбаган жан койбой,
Ороого көмгөн дан койбой,
Ойноп күлөөр жан койбой,
Кайран саяк чабылды,
Калпа ажыга багынды.
Сая кылаар багы жок,
Букаранын алы жок.
Кайнатып суу ичээрге
Казан-аяк дагы жок.
Жаккан отун өчүрүп,
Жалпы баарын көчүрүп,
Жаат баштап Турдубай,
Жай-жайына кетирип.
Кайран эл тентип кеткенде,
Кабыргама таш батты.
Качканынан калганын
Калпа ажы сурап какшатты.
Молдонун-Белин жөө ашты.
Мурду жырык төө ашты.
Ала качып, түн катып,
Анча-мынча мал ашты.
Кара черүү болгондор,
Качкан-бозгон дагы ашты.
Касымбек, Калпа, Калдарбек
Кат жиберип Жумгалга,
Кадырлашып бир өскөн —
Көкүмбай менен Курманга,
Кулжыгач Байзак ажыга,
Эл качты деп мындан да,
Аалыга тийген залалдуу,
Жүрбөсүн деп жыргалда.
Үч жүз үйлүү букара
Кең Жумгалга баткан жок.
Аларга каран түн болуп,
Агарып таңы аткан жок.

Жумгалга кантип тура алат?
Көкүмбай, Байзак кубалап,
Анча-мынча оокатын
Алышты окшойт будалап.
Катын-бала канча ыйлап,
Келишти кайта бириндеп.
Кедей момун баары ыйлап,
Эл сагынган курусун,
Ким билиптир мунусун.
Көрдүк пейм баштан өткөрүп
Кесирлүү жаат уруштан.

### СЕЛДЕ ОРОНГОН МОЛДО КОЙ[16]

Касымалы, Койкелди,
Калың элге той берди.
— Жыгуучу балбан алсын деп,
Селде орогон кой берди.
Аш көрбөдүм, той көрдүм,
Селде оронгон кой берди.
Ак селделүү «эшен» кой,
Анча-мынча кесел кой.
Кайта-кайта көп маарайт,
Же болбосо чечен кой.
Соолук десем, ирик кой,
Желини жок, чирик кой,
Дубандан чыккан күлүк кой.
Касымалы, Койкелди,
Бул сөзүмдү билип кой!
«Мырзаңардын» ашында
Буудан кылып минип кой.
Дубандан чыккан жорго кой,
Селде оронгон молдо кой.
Чоткарадай «мырзаны»
«Акыретте колдо кой».
Селдесинде гүлү бар,
Сексен койдун сүрү бар.
Коктудан чыгып маараса,
Коңгуроодой үнү бар.
Төбөсүндө салаадан,
Чыгаар чыкпас жүнү бар.
Ушул ашты башкарган,
Касымалы, Койкелди,
Молдо койду минип ал.

## ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Дыйканымды өлтүрдү,
Баласы мендей какшасын,
Башыма жабыр келтирди.
Эч кылмышы жок эле,
Дыйканымды күнөөлөп,
Жайлаптыр датка өлтүрүп,
Жалпы журтка күбөлөп.
Багымды датка байлады,
Мээнетим бекер сайлады.
Карабет жесир калган соң,
Капасын айтып сайрады.
Тикирейип көп ыйлап,
Тилин тишке кайрады.
Асылым дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Кара жолтой какшаалга,
Жок эле менин жазганым.
Арманын айтып, ар качан
Алганы дартын козгосун.
Казы-мупту жолумдан
Каршы чыгып тозбосун.
Какшаал казы залимдин
Кара кийип катыны,
Тукуму тарап, тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын,
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын,
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып, кыйрасын,
Тууганы мендей ыйласын.

## ЧАЛГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Алтымыш бутун аксаткан
Чалга кетип баратам,
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам.
Башы кара, буту айры,
Чалга кетип баратам.
Пайдасы жок жаныма

Жанга кетип баратам.
Жетимиш жерге киргизген,
Чалга кетип баратам.
Жээктен тышка сүрүлгөн
Жанга кетип баратам.
Өз башыма ээ болбой,
Малга кетип баратам.
Пайдасы жок башыма
Чалга кетип баратам.

Убалга атам карабай,
«Балам» деп мени санабай.
Кудурет мени кыз кылды,
Кууураган чалга туш кылды.

Бузулсун соккон дубалың,
Болбосун асый кунаның.
Боздотуп чалга жөнөткөн
Атама жетсин убалым.

Алты байса дубалың,
Ат болбосун кунаның.
Ак сакал чалга кыз берген,
Атама жетсин убалым.

Баласын сатып мал алып,
Атамдын күнү мал менен.
Канткенде өсөт көңүлүм,
Какайган какбаш чал менен.

Ашыктуу жилик эт жесем,
Арманым калбайт ал менен.
Алтымыш күнү ойносом,
Ойнум канбайт чал менен.

### ЖАШ БАЛАГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Бай Шеримбай кайнатам,
Бай Карабай өз атам,
Күйөөлүү кызга көз артам,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Калка кылаар дубал жок,
Анаркүл менде убал жок.
Жыйырма бешке чыкканча,

Ойноп күлөөр улан жок.
Абышкалар тойдо жейт,
Асыл койдун куйругун.
Жаш балага туш кылган,
Жараткандын буйругун.
Алты жашар жаш бала,
Анарга күйөө болчубу.
Жабыр тартып Анаркүл
Кары кыз атка кончубу.
Жергеден башым кемиткен,
Карабай атам оңчубу.
Жети жашар жаш бала,
Жетилип күйөө болчубу.
Жесир жүрүп Анаркүл
Жакшы атакка кончубу.
Өз атам мага кылды кас,
Өзгөчө мага боору таш.
Келсин деп кабар кылууга,
Кесирлүү күйөөм болду жаш.

Бай Шериден алганын
Атам кайрып берсе экен.
Ажыратып башымды,
Көп көтөрбөй жашымды,
Теңтушума берсе экен.
Кепке, сөзгө келсе экен,
Быйыл мени берсе экен.
Быйыл мени бербесе,
Тирүүлөй көргө көмсө экен.

## КЫЗ КЕНЖЕКЕНИН АРМАНЫ

Бай Байбото кайнатам,
Малга кароо өз атам.
Жыйырма жашка чыкканча,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Өткөрдүң ата жашымды,
Билдим сенин касыңды.
Бала деп мени ойлобой,
Малга саттың башымды.
Ат чаптырып, той жедиң,
Алда канча кой жедиң.
Желкилдеген төө жедиң.
Калың малың бүткөн соң,

Жалгыз ат болду салыгың.
Анча-мынча кечпестен,
Арбын болду алымың.
Эки жыл болду бир тайга,
Сарандык кылды кайын атам.
Кечип бербей кеңешип,
Сасыктык кылды өз атам.
— Кайда кызың барат? — деп,
Кылайын буга санат деп,
Басып калды кулактап.
Бозоруп күйөөм турганы ай,
Жинди атам туруп кейитип,
Башыма кордук кылганы ай.

## ЖАНБАКТЫ

Жан бакты, жандын сатаны[17]
Жайын айтып жазалы.
Адамда жок мүнөзү,
Акмак болгон азалы.

Өзү бийдин баласы,
Өрт алгырды карачы.
Жаман жерде жарасы,
Табылган эмес чарасы.

Атасы бий өлгөн соң,
Эл жыйылып көмгөн соң,
Төрт түлүк арбын мал калган,
Жасалга сарай там калган.

Малдын баарын түгөтүп,
Ада кылды жанбакты.
Өзүнчө оокат кылам деп,
Чама кылды жанбакты.

Оокаттын жайын билбеди,
Киши айткан тилге кирбеди.
Балакеттүү жан бакты
Өзүн өлчөп жүрбөдү.

Башында жаман көнүккөн,
Турпаты жаман өлүктөн.

Түбүнөн эмгек кылбаган,
Түйшүк кылбай көнүккөн.

Анча-мынча кызматка
Бала кезде көнбөгөн.
Өжөрлүгү дагы бар
Өз билгенин бербеген.

Жанбакты өзүн бий ойлойт,
Түнөгөн жерин үй ойлойт.
Намыс кылат жан бакты,
Бел чечип оокат кылгандан.

## САНАТ

Үйүңө бекер жатканча,
Үйрөнсөң илим кат жакшы.
Сараңдык кылган бакылдан,
Саакылык кылган март жакшы.
Кесирлүү жаман катындан,
Келте ооруган дарт жакшы.
Биздей көчмөн элетке,
Чарба баккан мал жакшы.
Тамчы тамган боз үйдөн,
Дубалдан соккон там жакшы.
Сараңдык кылган жигиттен,
Сарамжалдуу чал жакшы.
Башыңа келсе жалгыздык,
Жакырчылык кам жакшы.
Пара жеген бийлерден
Баш билги төө — мал жакшы.
Аялдарга эр жакшы,
Дыйкандарга жер жакшы.

## КЕМЧОНТОЙ

Атасы казы айтылуу,
Адамдан чыккан бу бир куу.
Элден көп жеп параны,
Дагы кирем деп алган.
Бир сөзүнөн кайтпаган,
Парасыз сөз айтпаган.
Акыйкат бүтүн кылбаган,

Сөзү ордуна турбаган.
Бул киши адил эмес деп,
Сыртынан сөзүн сындаган.
Казынын жалгыз уулу бар,
Уулунда толгон чыры бар.
Кемчонтой деп атанып,
Кесир болду мунуңар.
Ажал жетип, күн бүтүп,
Казы аттанды дүйнөдөн.
Өмүрүнчө пара жеп,
Кабыл толуп күнөөдөн.
Атасы казы өлгөн соң,
Казыны калк көмгөн соң,
Атадан калган бар малын
Сапырып чачып жоготкон.

Кемчонтой курсун кеби бар,
Кеңешип бүткөн эби бар.
Кемчонтой теги оңбогон,
Тамагы бекер болбогон.
Алдап келип далайды,
Эстен кеткис кордогон.

Кожо турду секирип,
Мурун турган шекшинип.
Чыга качып эшиктен,
Келгенине өкүнүп.

Багдагүл туруп кеп айтат
Келтирип сөздү эми айтат:
— Аш-тамактан калтырбай,
Алып кетти деп айтат.
Кожоң менен куруп кал,
Этке, майга тойгон соң,
Эч болбосо арттырып,
Анча-мынча койгон жок.

Жарты нанды жашырып,
Алып калдым мен зорго.
Бардык майды үйдөгү,
Алып кетти ал кожо.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ТОГОЛОК МОЛДО

Т о к т о г у л
Башынан өзүң билесиң,
Мени манаптар сүрүп кууганын.
Рыскулбектин беш каман
Мээнетке башым чырмады.
Пейли бузук манаптар
Мени Үркүткө айдап кыйнады.

. . . . . . . . .

Б а й ы м б е т
Айдалып кеткен Шыбырга
Акын Током, аманбы?
Жалпы жарды-жалчыга
Жакын Током, аманбы?
Манаптар менен басташкан
Баатыр Током, аманбы?

---

1 — Кожого кол бергендер.
2 — Кайыр-садага, кудайы.
3 — Тиленүү, суранүу.
4 — Курандагы экинчи дүйнө.
5 — Мюрид (диний секта).
6 — Бекер, текке деген мааниде.
7 — Токтом, чечим.
8 — Бээ тууганда түшө турган ыйлагы.
9 — Муратаалы манап.
10 — Манап.
11 — Уездде чоң башкаруучу.
12 — Чоро элинин манабы.
13 — Уруулардын аттары.
14 — Ылакап.
15 — Уруу башчысы.
16 — Чоткара деген манаптын ашында күрөштүн байгесине моюнуна гүлдүү чаар чыт оролгон кой коюлат.
17 — Анжияндыкча келесоо деген сөз.

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

Кыргыз элинин залкар акындарынын бири — Барпы Алыкулов 1884-жылы азыркы Ош областынын Сузак районуна караштуу Ачы кыштагында, томаяктын үй-бүлөсүндө туулган. Оор турмуштун айынан атасы Алыкул жапжаш Барпыны сегиз жашынан он төрт жашка чыкканга чейин ар кайсы байларга малайлыкка берет.

*Жаш Барпы алгачкы ырларын өзү өңдөнгөн кедей-кембагалдардын арасында ырдайт. Анын акындыгы айыл ырчылары Назарбайды, кийинчерээк Сыдык Карамурзаны жеңгенден тартып кеңири белгилүү боло баштайт.*

*Акындын алгачкы ырлары көбүнчө өз башынан өткөн кыйынчылык күндөргө, жан-жаныбарларга жана сүйүүгө арналган. Ошондой болсо да, анын «Айт-айт десе», «Дүнүйө», «Эмне бар бул жерде», «Ала-Тоо көркко келбейт, эл болбосо», «Аккан суу», «Күн», «Ажал», «Шамал» өңдүү жана башка чыгармаларынан кыйла материалисттик-атеисттик ой жүгүртүүлөрдү жолуктурабыз.*

*1910—1915-жылдардын арасында атактуу акындар — Эшмамбет, Коргол, Жеңижок менен кездешет. Айрыкча анын Токтогул менен жолугушуусу чыгармачылыгына чоң таасир этет. Анын ырларында таптык идеялар ачык көрүнө баштайт.*

*Барпы Улуу Октябрь революциясын кубанычтуу*

*тосуп алып, Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин түзүү жана чыңдоо ишине активдүү катышат. Ал жаңы замандын таңында жаралган ырларын партияга, Ленинге, жаңы турмушка арнайт. Ал эми Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы ырларында Ата Мекенди басып кирген душмандардан коргоого чакырат.*

*Акын 1949-жылы 65 жашында дүйнөдөн кайтат.*

## ТЕҢДИК БИР КҮН ЖАРК ЭТЭЭР

«Актагын,— дейт — тузумду»,
Тынбай иштеп жатсам да,
Байымдын түрү бузулду.
Ажал албайт турбайбы
Буга окшогон кузгунду.
Камчысын кармай чапканда,
Каптаган кайгы кошулду.
Мындан кийин мен барсам,
Төрт нан берди, жеп койдум,
«Төбөңдөн урсун» деп койдум.
«Бери кел» деп чакырып,
Бир нан берди, жеп койдум,
«Пир урсун байым» деп койдум.
Жанына жакын жолотпой,
Жарты нан берди, жеп койдум,
«Жалчыба байым» деп койдум.

Ниетиң бузук, оңбо, бай,
Этек жеңиң, курган бай.
Чыдап тура албайсың,
Кишинин акын уурдабай.

Бай камчысын көрсөтөт,
Жетилген жетим, коркпогун.
Өзүңдөй карып көрүнсө,
Айланаңа топтогун.

Аргымак атты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер,
Азамат эрди карып деп,
Торго таштап кетпеңер.
Аргымак атка жал бүтөөр.
Азамат эрге мал бүтөөр.

Азаптуу оор күн кетээр,
Азаттык бир күн жарк этээр.

Тобурчак атты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Томаяк эрди карып деп,
Торго таштап кетпеңер.
Тобурчак атка жал бүтөөр,
Томаяк эрге мал бүтөөр.
Тозоктуу оор күн кетээр,
Теңдик бир күн жарк этээр.

## СЕНИН СЫРЫҢ, СООДАГЕР

«Имам аззам пирим» деп,
Кымбат саттың малыңды.
Сурабай менин алымды,
Ичиме салдың жалынды.
Тизгинден алып жетелеп,
Келтиресиң ачууну.
Көрбөдүм сендей катууну.
Малайларды күйдүрүп,
Акын жедиң, соодагер.
Ыйманыңды күйдүрүп,
Аларга даки бердиң, соодагер.
Жетимдин көбүн кыйраттың,
Жети айлык акын төлөбөй,
Жер каратып ыйлаттың.
Чинек[1] кулга чыдабай,
Пахтамды карга бастырган,
Ысактай сүткор байды көр.

Аларсың менден пулуңду,
Көрбөгөн сендей зулумду.
Ачууланып тыңшабай,
Түгөттүң менин ырымды.[2]
Мурдатан билбей курудум
Соодагер, сенин сырыңды.

## ЭМЧИЛЕРГЕ

Бакшыга барсаң: «бап» — дейт,
Калпага барсаң: «ак» дейт.
Молдого барсаң мостоюп:

«Берээриңди тап» — дейт.
Бүбүгө барсаң: «бүп» — дейт.
Эшенге барсаң: «сүф» — дейт.
«Сүф» дегени бүтпөстөн,
Алаканың тиктейт.
Алаканың кур болсо,
«Үйүмдөн чыгып кет» — дейт.
Сопуга барсаң: «кел» — дейт,
«Берээриңди бер» — дейт.
«Сүф», «бүп» менен эм-дому
Ооруга пайда бербейт.
Молдо, кожо, калпалар,
Эшен, бүбү, бакшылар.
Сопу, эмчи, домчулар,
Элди алдаган «жакшылар»
Мына ушинтип эмдейт,
«Эми акымды бер» — дейт.

## СУК МОЛДО

Сук молдо, сен сумсайба,
Тарс эттирип бир чаап:
«Урамын» — деп кумсарба.
Эки карыш дураны
Ороп алып башыңа,
Киши өлсө деп пайлайсың.
«Дооранчы» десе, торсоюп,
Көңүлүң тынып жайнайсың.
Өлүмтүк болсо, сактайсың.
Жаназага пул алып,
Гөрүңдө тынчып жатпайсың.

Куран окуп, кудай деп,
«Далил» окуп, «дарман» деп,
«Айтканым эмес жалган» деп,
«Ишенсең, ушул балдар» деп,
«Мухамбеттин жолуна
Молдолор туура барган» — деп.
«Пайгамбар жок» дегенди
«Дозокко айдап салган» деп.
Док кыласың, молдоке,
Өз жаныңды «күйгүзүп»,
Чок кыласың, молдоке.
Күнөөсү жокту урбагын,

«Дамбылдамын» деп жүрүп,
Элдин ичин булгадың.
Мындай болсоң, дамбылда,
Өлүп гөрдө кууратын.
Көпчүлүктүн ичине
Жетпей өлөөр бекенсиң.
Алкымыңдан алганың,
Өтпөй өлөөр бекенсиң.

## СОПУ

Азанчы сопу аталып,
Алланын «сөзүн» жат алып.
Жүргөнүңдү ырдасам,
Сөзүмдө болбос каталык.
Сопусунуп элди алдап,
«Калаами шариф» окуйсуң.
Селдеңе сүзүп, бозо ичип,
Эл жок жерде кокуйсуң.
Кудайдан коркпой ичкен соң,
Элден неге чочуйсуң?
Күн куру эмес беш убак
Мунарага чыгасың.
Короз менен жарышып,
Азан айтып турасың.
Молдо менен эшенге
Мынча таазим кыласың?
Кол куушуруп, чөк түшүп,
Айткан сөзүн угасың.
Көк чайнекти думбалап:
«Жакшы чыккан көк чай» деп,
Эшениңе, молдоңо
Муссаланы[3] сунасың.
Сопунун иши шул болсо,
Кечирет окшойт кудай да.
Букаранын гунаасин,
Тарпи кылат сопуну:
«Элдин акын жебейт» деп,
Сопусуна ушундай
Шордуу жаным ишенбейт.
Ак куржунун көтөрүп,
Арамза сопу жөтөлүп.
Акула, битир бергин деп,
Жалгыз атың кишендейт.

Күйөсүң деп тозокто,
Шарият сүйлөп, жанын жейт.
Эшен, сопу, молдолор,
Калпа, ажы, кожолор
Кокус калса учурап,
Төбө чачым тик турат.
Тоноп алат ар бири
Берген акы барчылап.
Сопудан короз авла[4] экен,
Короодон терип куртту жейт.
Кузгундай болуп куркулдап,
Сопусу курсун журтту жейт.

## МОДАЛЫ АЖЫГА

Модалы ажы мактанат,
Кыянат иштен «сактанат».
«Мекеден барып бата алган,
Кудайдын сөзүн жат алган,
Пендеси мен,» — деп кудайдын,
Эл алдында актанат.
«Шор дарыядан өттүм» дейт.
Мекейи кава[5] жеттим дейт.
Модалынын сөзүнө
Менин көөнүм ишенбейт.
Меке эмес, Ташкенден
Кайтып келген көрүнөт.
«Кудайдын үйүн көрдүм» дейт,
Калп жеринен мактанып,
Айтып келген көрүнөт.
Элдин малын Модалы
Алдап алган көрүнөт.
Алдап-соолап бул «ажы»
Алтымыш жылдык оокатын
Камдап алган көрүнөт.
Шор дарыя эмес, Нарынды
Көргөн эмес көрүнөт.
Ажы айткан көп киши
Суу алдында чөгүшүп,
Өлгөн эмес көрүнөт.
«Замзамдын суусу ушул» деп,
«Ичкенге бейиш чукул» деп.
Алып келген суулары,
Замзам эмес, кудук суу,

Алдап жүрөт ушул куу.
«Мекеден келген белек» деп,
«Мусулманга керек» деп,
Ажы саткан көз мончок
Аттерчинин[6] мончогу.
Караңгы элди бул ажы
Алдап жүрөт окшоду.
Чындыгында Модалы
Ажылардын коркогу.
«Кудайдын ушу сөзү» деп,
«Уккан ажың өзү» деп.
Парысча ырды көчүрүп,
Жыйнап алган көрүнөт.
«Касиеттүү тумар» деп,
«Тагынбаса убал» деп,
Ишентүүгө көп элди,
Калп жеринен бул ажы
Ыйлап болгон көрүнөт.
Бул сыяктуу замандар
Бир жагынан алдаса,
Бир жагынан кыйнаса,
Элдин ичи бөлүнөт.
«Кудайды» көргөн кишинин
Үйүндө үч жыл иштедим.
Бергени мага бир торпок,
«Эски-уску берем» деп,
Кылат кайра доомат-док,
Ичиме салды жалын чок.
Чындыгында, калың журт,
Мекени көргөн ажы жок.

## АЛДАМЧЫ ЭШЕН

Азирети, эшеним,
Сүйлөйсүң сөздүн бекерин.
«Эшен болдум» деп жүрүп,
Алдайсың элдин earlier нечени.
Түн жарымда ойгонуп,
Жар саласың, эшеним.
Келин, кызга уялбай,
Кол саласың, эшеним.
Жалган жерден күчөттүң,
Зикириңди, эшеним.
Мен билемин арамзаа

Пикиринди, эшеним.
Бербегенди өлгөнчө,
Жамандайсың, эшеним.
«Кубулжуган» кууларга
Кошоматтап сүйлөйсүң.
Ушинтип жүрүп эшеним,
Өзүң албай тозокту,
Кайдан көрдүң, эшеним?
Ал дүйнөнү көргөнсүп,
Оолугасың, эшеним.
Акыры бир күн балаага,
Жолугасың, эшеним.
Бейиш менен дозокту,
Тең көрдүңбү, эшеним?
Аралашып бир жүрүп,
Сен көрдүңбү, эшеним?
«Олуямын азыр» деп,
Жар саласың, эшеним.
Жалган айтып бирөөгө
Дем саласың, эшеним.
Эми менин ырыма
Таң каласың, эшеним.
Олуя болсоң көзүмдү,
Жарык кылчы эшеним.
Керметиң көрсөтүп,
Анык кылчы, эшеним.
Жүрөгүмдү чыгарып,
Толкутасың, эшеним.
«Күйөсүң деп тозокто»
Коркутасың, эшеним.
Олуя болсоң, шал кылчы?
Кубанчымды кар[7] кылчы?
Мен билейин, эшеним.
Кереметиң чын болсо,
Ажырашпай сен менен
Тең жүрөйүн, эшеним.
Олуям, чынды билбейсиң,
Келжирейсиң, сүйлөйсүң.
Атымды берсем назырга
«Акыным» деп мактайсың.
Келе турган ажалдан
Кантип мени сактайсың?
Ырас айтпай, эшеним,
Ырысыңды жутасың.
Жолдон өтсө жолоочу,

«Назыр бер» деп тутасың.
Назырга берген тумарың,
Өзүңдүн жок ыманың.
«Туудурамын сени» деп,
Аялдарды алдайсың.
Карттарына жолобой,
Жашыраагын тандайсың.
Азыраак берген назырды,
Таарынгансып албайсың.
Араандай напсиң ачылып,
Жалмап жейсиң, малдайсың.
«Олуямын» деп жүрүп,
Элден алдап аласың.
«Эшенмин» деп мактанба,
Көөдөн ичиң карасың.

## ЗАЛИМ ХАНДАР АЗАБЫ

Адамды койдой сойдурган,
Чукутуп көзүн ойдурган.
Залим хандын адаты,
Бети кара наалаты.
Кубалап, элди чуу кылган,
Күнөөсүз элди урдурган.
Жазганып качса, чаптырган,
Бекинип калса, таптырган,
Күйгүзүп күнгө кактаган,
Бандилер[8] ыйлап даттанган.
Бутун салып гүндөөгө[9],
Тарамышын кыйдырган.
Адамдын башын кестирип,
Үйүп таштай жыйдырган.
Конгон жерин талаткан,
Айдатып койдой санаткан.
Сөз кайтарган киши жок,
Кармаганын сабаткан.

«Мынча киши сойдум» деп,
Желдети барган чоңуна.
Олжолоп элдин малдарын,
Ыйлаткан катын-балдарын.
Күнүнө уруш бейсаат,[10]
Курутуп элдин дарманын.
«Хан боломун» деп жүрүп,

Какшаткан элдин чанданын[11].
«Ат байла» деп сабаткан,
Карыптын кыйнап балдарын.
Көк-Жаңгактын чатынан
Көчөр хан чыккан шарактап,
Жолдон өткөн кишинин
Атын сойгон карактап.
Калың элди күйгүзүп,
Хандардай кордук ким кылган?!
Короосу менен кой алып,
Залимден таап, бий кылган.
Күнөөсү жок элди жеп,
Карышкырдай бий турган.
«Калкты талап жесек» деп,
Туш тараптан умтулган.
Эрки жок элди камаган,
Бештен бир алган данындан.
Күйгөн-бышкан калың эл
Бети калың зулумдан.
Сурабаган залимдер
Дыйкан деп сенин алыңдан.
Сурагы элди сулаткан,
Ылайга тээп булаткан.
Жолдон өтсө жолоочу,
«Саламың гана мага» деп,
Ат үстүнөн кулаткан.
Адамды койдой кердирген,
Искетип чачын тердирген.
«Салам айтпай өттүң» деп,
Адебин шонтип бердирген.
Ак, караны ылгабай,
Адилдик менен сурабай,
Өзүнчө хандар өлтүргөн,
Адамга жабыр келтирген,
Күнөөсүн таап кыйнабай.
Желдети даяр союшка,
Жалынтып көздү оюшка.
Желдет, канкор, хан, бектер,
Жардамыны көрсөткөн,
Казы менен болушка.
Кысабы жок залим хан,
Кишини шишке кадаган.
Каргашалуу кандуу күн,
Калың эл качып жадаган.
Талаада жүргөн айбандай,

Кырк аялга эр болгон.
Аялдар ыйлап зыркырап,
Көзүнүн жашы көл болгон.
Нысабы жок хандардын
Залимдиги шол болгон.
Залим хандар тушунда
Аялдар шундай кор болгон.
Хан менен бектин тушунда
Эл кыйнаган ушунда.
Аялдар жүргөн эзилип
Залимдердин тушунда.
Эзип көптүн баарыны,
Элдин соргон каныны.
Сураган жок хан, бек, бий
Жетим-жесир алыны.
Нысапсыз хандар унуткан,
Элди эзип куруткан.
Хандан келсе бир желдет,
Көпчүлүк эсин унуткан.
Ыктыярсыз кишиден
«Кошунга жүр» деп айдаган,
Желдети даяр залимдин
Коркутуп канжар кайраган.
Көпчүлүктүн убалын,
Кумурскадай көрбөгөн.
Күйүп, күнгө какталып,
Нечендин жашы көлдөгөн.
Казына жок, кирпис[12] жок,
Ханың менен куруп кал,
Калкка кылган зордукту.
Имерип аскер жөнөткөн,
Ыйлатып элди түгөткөн.
Ыйлаганды билбеген,
Ырайымсыз хан өткөн.
Кудаяр хан адаты —
Чынжырлап итти байлаткан,
Уруштуруп итти ойноп,
Какшыган сайга айдаткан.
Карыптарды күйгүзүп,
Кара көзүн жайнаткан.
Хан, бек, бийдин тушунда
Калкта ыктыяр болбогон —
«Дүйнөдө жалгыз мен өзүм,
Күн көрөм» деп ойлогон.
Муңайып биздин күйгөн эл,

Бул жорукта жүргөн эл.
Айыпсыз биздин күйгөн эл,
Азапта, отто жүргөн эл.
Күнөөсүз биздин күйгөн эл,
Караңгы түндө жүргөн эл.
Кыйноону шунтип тарткан эл.
Жаш ордуна кан кетип,
Токтобой көздөн аккан сел.

## ЭМИНЕ БАР БУЛ ЖЕРДЕ?

Жаныбарым, орозо,
Эсиң болсо жолобо.
Алты кадак даным бар,
«Ай башы» деп тонобо.
Аштык таппай отурсак,
Кайдан кирдиң корого?
Мындан ары сен барсаң,
Маркай, Төлөк жери бар.
Ошол жерди жайлаган
Онтогор деген эли бар.
Онтогорду бийлеген
Олчойгон далай беги бар.
Үйүнө барган меймандын
Тамга байлайт атыны,
Тамакка уста катыны.
Кор болбойсуң ал жерде,
Эмине бар бул жерде?
Андан ары сен барсаң,
Чалак-Өйдө деген жери бар.
Ошол жерди жайлаган
Кылычтамга эли бар.
Миң үйлүүнү башкарган
Митайым ач көз беги бар.
Үйүнө барган меймандын
Жарга байлайт атыны,
Жармага уста катыны.
Сенин жайың шол жерде,
Кор болбойсуң ол жерде.
Эмине бар бул жерде?
Андан ары сен барсаң,
Мырза-Аке деген жери бар.
Ошол жерди жайлаган

Басыздын далай эли бар.
Ошол элди жеп жаткан,
Чоң курсак далай беги бар.
Үйүнө барган меймандын
Кургактап байлайт атыны,
Куймакка уста катыны.
Сенин жайың шол жерде,
Кор колбойсуз ол жерде,
Эмине бар бул жерде?
Андан ары сен барсаң,
Айтылуу Өзгөн жери бар.
Ошол жерди жайлаган
Карабагыш эли бар.
Ошол элди жеп жаткан
Жантөрө, Касым беги бар.
Андайлардын үйүндө
Каалаганың деги бар.
Сенин жайың шол жерде,
Кор болбойсуң ал жерде.
Эмине бар бул жерде?
Андан ары сен барсаң,
Чоң-Алай деген дары[13] бар.
Чоң-Алайды жай кылган
Кыпчактардын байы бар,
Карын-карын майы бар.
Орозонун шол жерде
Оңолуучу жайы бар.
Жатакчыга келипсиң,
Орозо деген жаныбар.
Кармагыдай гезерип,
Кедейдин канча алы бар?
Андан ылдый сен түшсөң,
Араван, Гүлчө жайы бар.
Ошол жерден табасың
Датка, байдын гани[14] бар.
Курманжандын балдары —
Алты болуш дагы бар.
Эл куруткан чоңдордун
Алтымыш жылдык камы бар.
Камчыбектин өзүнүн
Алты миңдей малы бар.
Жаныбарым, орозо,
Сенин жайың шол жерде.
Кор болбойсуң ол жерде,
Эмине бар бул жерде?

Андан ылдый сен түшсөң,
Айтылуу Оштун шаары бар,
Ар кайсынын баары бар.
Ошол жерде жатпайбы
Орозо деген жаныбар!
Казандай селде оронгон
Молдо менен кары бар,
Эшен, калпа сыйынган
Сулаймандын тагы бар.
«Орозо питир бергин» деп,
Алаканын жайган бар.
Ошол жердин өзүнө
Келген дейт нечен байгамбар.
Жаныбарым, орозо,
Сенин жайың шол жерде.
Кор болбойсуң ал жерде,
Эмине бар бул жерде?
Андан ары сен барсаң,
Анжияндын шаары бар.
Чайканада чай даяр,
Сураштырсаң, бай даяр,
Сен күткөндүн баары бар.
Шаарды ошол жай кылган,
Курсагын чейрек май кылган,
Өзбектин далай байы бар.
Орозонун шол жерде,
Урматтоочу жайы бар.
Керек болсо молдо бар,
Калпа менен кожо бар.
Эшендин жайы бейиш деп,
Калпычысы кошо бар.
Эсиң болсо, орозо,
Ошолорду тозо бар.
Ай башыңа бергидей
Жок эле бизде жыйган мал.
Кеңеш айтам ыр менен
Орозом, угуп кулак сал:
Ачка турган биздейди
Көрмөксөн болуп кетип кал.
Орозо, питир жыйнаган,
Бербегенди кыйнаган,
Молдого бар, орозо!
Башына селде оронгон,
Жалгыз-жарым кишини
Жакадан алып торогон,

Кожого бар, орозо!
Шарият деп кыйкырган,
Шыбага алган кыйкымдан,
Күнөөсү жокту камаган,
Казыга бар, орозо!
Адамды көрсө: «ак» деген,
«Ажыңа чапан жап» деген,
«Алты күн болсо отурам,
Берээриңди тап» деген,
Ажыга бар, орозо!
Зикир менен убара,
Өзүнө койсо дубана,
Калпага бар, орозо.
Элди зордоп каржалган,
Бухара барып таажы алган,
«Пычак учун» чыгарып,
Пайда тапкан жаңжалдан,
Даткага бар, орозо.
Сени урматтап алгыдай,
Жайларга бар, орозо.
Төрт түлүктө эсеп жок,
Байларга бар орозо.
Ачка отурган, аш таппай,
Асты бизге жолобо!

## АЙТ, АЙТ ДЕСЕ

Айт, айт десе, ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга — бакыт, кедейге —
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу
Жакынын, байды калкалайт.
Кедей барса арыз айтып,
Көргүсү келбей чалкалайт,
Теңсиздикти ушундай,
Адам качан талкалайт?
Бата алгандай кудайдан,
Барды көрсө жылмайган.
Кедей келсе жанына,

Карышкырдай кынжыйган
Нысабы жок улукту айт.
Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Күлгөнүнөн ыйлоо көп,
Алуу эмес, берүү көп,
Ар азапты көрүү көп.
Көпчүлүктү сөгүү көп,
Көздүн жашын төгүү көп,
Көңүл өспөй чөгүү көп.
Айта берсе, далай кеп:
Көздүн жашын курутпайт,
Адам муну унутпайт.
«Кыш чилдеде иште» деп,
Томаякты желкелеп,
Бай көрсөткөн муштү айт.
Байлар чардап, бээ байлайт,
Томаякта шор кайнайт.
Отуз күндүк орозо
Олжо берет молдого,
Эшен менен кожого.
Ишенбестен ошого,
Акыйкатты ачык айт,
Адамдарга шашып айт.
Айт, айбашы дегенди,
Алдап малды жегенди.
Акыйкатсыз элди жеп,
Аш, той берген беренди,
Адамга салган чеңгелди,
Көргөндөргө анык айт.
Көрбөгөнгө, барып айт,
Көңүлүнө салып айт!
Айт, айт десе чындыкты айт,
Айлыкты эмес, жылдыкты айт.
Ак пейилдүү адамды,
Азгыруучу шумдукту айт.
Ачкалыктын айынан
Ач, жылаңач, кулдукту айт.
Багам десең жаныңды,
Улуктарга жалганды айт.
Айтам десең чындыкты,
Башка кайгы салганды айт.
Өмүр бою эзилип,
Уу тырмакта калганды айт.
Уу тырмакта мыкчылып,
Эси оп, талганды айт.

Башыңа түшкөн азаптан
Куткаруучу балбанды айт.

### АККАН СУУ

Жаркырап жердин койнунан
Жайнап чыккан, аккан суу.
Булак болуп тоолордон
Кайнап чыккан, аккан суу.
Топуракты нымдатып,
Сүзүп чыккан, аккан суу.
Жер астынан аңтарып,
Бузуп чыккан, аккан суу.
Аккан суу, сенден шарапат,
Ак алма менен нак[15] бүткөн,
Көгөрүп өсүп, бак бүткөн.
Көп пайдаңдан, аккан суу,
Көгөргөн дарак кайналы,[16]
Жарашкан бактын майданы,
Ак пахта бүткөн жайдары.
Бозоргон чөлдө көгөрүп,
Асили[17] күрүч көбөйүп,
Шалы бүткөн, аккан суу.
Дарбыз, коон, палектүү
Дагы бүткөн, аккан суу.
Арпа, буудай чайлаган,
Дыйкандар алыш байлаган,
Ичкендин баары жайнаган
Ай ракмат, аккан суу.
Сүйлөшөсүң ким менен,
Жолдоштугуң күн менен.
Күн жолдошуң эритет
Күн тийбес жердин музуну.
Макулуктун баарынын,
Каны сенсиң, аккан суу.
Айбан ат менен куштардын
Жаны сенсиң, аккан суу.
Эч ким тирүү күн көрбөйт,
Сен болбосоң, аккан суу.
Сенсиз мөмө көбөйбөйт.
Жер үстүндө гия — чөп
Тамыр алып жылтылдайт,
Сени менен, аккан суу.
Сен болбосоң бир нечен

Какшып өлөт, аккан суу.
Бүркүт учпай алыска
Шаңшып өлөт, аккан суу.
Жээгинде дарак көгөргөн
Сен жаралдың, аккан суу.
Кыбыраган жандарга
Тең жаралдың, аккан суу.
Мөлтүлдөп баксаң бөлөкчө,
Түшпөй[18] өткөн киши жок.
Ар күнү сенден бир даам
Ичпей өткөн киши жок.
Эң пайдалуу, аккан суу.
Жарандардын жаны — сен,
Жаратылган каны — сен.
Бул дүйнөдө түгөнбөйт,
Бир өмүрүң, аккан суу.
Жер бүткөндө жаралган
Элден мурун, аккан суу.

## КҮН

Күндүн нуру белгилүү
Күчтүү оттон жаралган.
Күн кубаты бардыктан,
Адамга кан таралган.
Күндүн нуру жеткенден,
Өсүмдүктөр жан алган.
Буудай өсүп, майсалап,
Азык болчу дан алган.
Жарык күндүн нурунан
Жан жаныбар нав[19] алган.
Жамгырды, сууну жараткан
Чыккан Күндүн жарыгы.
Жамгыр, суудан жанданат
Өсүмдүктүн тамыры.
Күндүн нуру болбосо,
Суу күркүрөп көбөйбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Өсүп гия көгөрбөйт.
Бардыгына күн себеп,
Бардыгына күн керек.
Миң-миңдеген кылымга,
Айта келсек чынында.
Жалгыз өзүң күбөсүң,

Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың.
Өлбөстүккө ашкере,
Түркүксүңбү бир өзүң?

## ШАМАЛ

Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды?
Анын сырын чечүүгө,
Жүгүртөйүн санаамды.
Төгөрөктү каптаган,
Көлдөн чыгып жүрбөсүн?
Кашык суугa зар болгон,
Чөлдөн чыгып жүрбөсүн?
Жандуу, жансыз энеси —
Жерден чыгып жүрбөсүн?

## АЖАЛ

Өмүр бар жерде — ажал бар,
Өзөктү үзөөр тажаал бар.
Өмүргө ажал дос эмес,
Өмүрдүн жолу баш эмес.
Өмүр деген — жарык күн,
Өлүм деген — кара түн.
Өмүр — жандын үмүтү,
Өлүм — жандын күйүтү.
Жолдошуң болуп күнү түн,
Жаныңда жүрөт бул ажал.
Тамырыңа таркаган
Каныңда жүрөт бул ажал.
Пармана болуп айланып,
Башыңда жүрөт бул ажал.
Өмүрүңдүн өлчөмү —
Жүрөктө жүрөт бул ажал.
Ажалдан кимдер кутулган?
Амалсыз баары тутулган.

## АЧ КӨЗ

Сандыгы толо зар[20] болсо,
Короосу толо мал болсо,

Ана ошого карабай,
Башкадан сурап алсам дейт,
Короомо сүрүп салсам дейт.
Көзү тойбойт малына,
Көз артат элдин баарына.
Ыраа көрбөй чыт көйнөк
Ырастан алган жарына.
Сурасаң бербейт бир тыйын,
Ач көздүн иши эң кыйын.
Айылда семиз мал болсо,
Өзүм союп жесем дейт,
Бардык малым короомдо
Жүрө берсе экен дейт.
Жакырдын жалгыз улагын
Неге өзүмкү болбойт дейт.
Бүтүн элде мал калбай,
Жалгыз менде калса дейт.
Таалай, бакыт, ырыскы,
Баары мага барса дейт.
Элди түртүп чайкапка,
Бир өзүнүн камын жейт.
Асманда учкан кушту да,
Кыбыла менен кутту да,
Өзүмдүкү болсо дейт.
Ой-тоолорго мал батпай,
Кайран көзүм тойсо дейт.
Жараткан эгем бар болсо,
Жандуунун баарын өлтүрүп,
Мени тирүү койсо дейт.
Ач көздүн алкы тыйылбайт,
Ажалы жетип өлгөнчө,
Ал дүйнө жүзүн көргөнчө.
Сугун артып, ар кимге
Көрбөгөнду көргөздү.
Карынбайды жуткан жер,
Качан жутат ач көздү?

## БУЗУК

Жамгырдын кыян, сели
Жерди бузат.
Адамдан чыккан бузук
Элди бузат.
Жакшылык жолго жүрбөйт,
Эл бузугу.

Элдеги жакшылыкты
Көзүгө илбейт.
Өзүнүн акмактыгын
Такти билбейт.
Аз ишти көбөйтмөккө
Күн-түн шашат.
Жок жерден улуктарга
Айтат ушак.
Бирөөнүн акылына
Кулак салбайт.
Каерде чатак чыкса,
Андан калбайт.
Жаңжалда бүтүп калган
Ойду бузат.
Ак тилек, кубанычтуу
Тойду бузат.
Жамандык пикирлерин
Ичке жыйнайт.
Айылды алты бөлүп,
Элди кыйнайт.
Ариптик сөзү менен
Көзүн ымдайт.
Эл үчүн бир жакшылык
Асти кылбайт.
Бузукта туура сөз жок,
Баары чатак.
Туйтунган арамдыкта
Ою пахат.
Жанында пычагы бар —
Уулуу канжар.
Жок жерден чатак салып,
Баштайт жаңжал.
Улукка кол куушуруп,
Малын соёт.
Мемиреп жаткан элге
Торун коёт.
Бузуктун туткан иши,
Баары жаман:
Бирөөгө салайын дейт,
Акыр заман.
Жанында жолдошуну
Жарга түртөт.
Ак ишке амал менен
Кара сүртөт.
Оң келсе атты, тонду

Кошо жутат.
Өзү уурдап, соо кишини
Ууру тутат.
Тууганды тууган менен
Каршы кылат.
Өлбөсө, эл тынчыбайт,
Ушу чунак.
Бузуку жамандаса,
Сөзүн кошпойт.
Улук да калыс эмес,
Бузук окшойт.

### УШАКЧЫ

Көзүңчө ырсак-ырсак
Күлүп коёт.
Ичиге котур ташты
Түйүп коёт.
Өнөрү тирүүлүктө —
Жалаң ушак.
Сүйлөшсө эки киши,
Турат тыңшап.
Укканын кулагына
Куюп алат.
Сөзүнө сөз кошушка
Элге барат.
Чогулуп эл отурган
Жерге барат.
Паланча сени шунтип
Нектеди дейт.
Шол сөзү кулагымдан
Кетпеди дейт.
Жамандык пикир менен
Турушат дейт.
Бир кесир акыр сага
Кылышат дейт.
Ошентип, үйдөн үйгө
Жортот, желет.
Аны ээрчип, миң бир ушак
Кошо келет.
Досуну досу менен
Кылат каршы.
Ушактын уудай тилин
Билген жакшы.
Билбесең, көрөрүң чын

Котур ташты.
Ушакчы ырыскылуу
Жерди бузат.
Куюндай опур-топур
Элди бузат.
Кээ бирлер карматпастан
Кетсе узак,
Ага да астыртадан
Коёт тузак.
Эр жигит, эсиң болсо,
Ушак айтпа.
Эл үчүн, чындык үчүн,
Оттон кайтпа!
Ушак сөз көпчүлүккө
Салат галба[21].
Жан тартып, ушакчыга
Жакын барба.
Кабылып капканына
Кара өпкөнүн,
Өзүңдү өзүң кордоп
Өрткө салба.

## ЖАЛГАНЧЫ

Жалган сөздү чын кылып,
Жарым сабак ыр кылып,
Эптеп айтат жалганчы.
Каяша айткан момунду
Жектеп айтат жалганчы.
Палан күнү үйүнө
Келемин дейт жалганчы.
Сураганың нак кылып
Беремин дейт жалганчы.
Куда-сөөк болом деп,
Кынап сүйлөйт жалганчы.
Бир сөзүнө он сөздү
Улап сүйлөйт жалганчы.
Жигин таап алсам деп,
Сынап сүйлөйт жалганчы.
Жалганчынын жаны жок,
Ыраңында каны жок.
Көптүрүп сүйлөп оозуну
Адамсынат, ары жок.
Жакының болуп жагынып,
Жалгандан куйрук карматат.

Өткөргөнү барсынып,
Жанын жеп сага жармашат.
Күндө ондон убада,
Орундатпайт сөзүнү.
Жамак салып жалгандан
Мактап коёт өзүнү.
Кан базарда калп айтып,
Аллас[22] деп мактайт бөзүнү.
Карындаш болгон кишини
Кал сөзү менен күйгүзөт.
Күндө үч убак азгырып
Ариптигин билгизет.
Өрдөгүн өргө учуруп,
Тууганга наалат тийгизет.
Бутүрөм баарын өзүм деп,
Жалган айтып жайсандайт.
Бүтүрдүңбү? деп келсе,
Жоор аттай кайсаңдайт.
Өлүмтүк тапса талаадан,
Улактан алып келдим дейт.
Ал жерден түшкөн соорунду,
Көпчүлүккө бердим дейт.
Март бекемин, калайык
Өзүң баалап көрүң дейт.
Тартышканын жеңдим дейт,
Салпайтып сүйрөп жыйында,
Сазайын колго бердим дейт.
Арык ат минсе, семиз дейт,
Мен болдум элден эгиз дейт.
Байлыгым бар далай деп,
Жумшаганым малай деп,
Чакчыгай болуп чакылдайт,
Бабырган болуп бакылдайт.
Ашинам жүздөн ашат деп,
Үйүмдө мейман жатат деп,
Эчкидей болуп эбирейт.
Жалганчы жандын душманы
Жалынган менен ишенбе.
Жанашып койсоң бир жолу,
Бутуң калат кишенде.

## ПИТИНА

Питина элге бербейт
Жарты тыйын.

Андайдан бир нан алуу
Жуда кыйын.
Питина өңү жылтыр,
Ичи кара.
Көңүлүн каптап калган
Арам санаа.
Үйүнө мейман келсе,
Бир нан койбойт.
Жашырып, жалгыз ичет,
Карды тойбойт.
Питина колун жууп,
Майга салбайт.
Дүйнө аяп, түгөнөт деп,
Базар барбайт.
Питина жеңи бүтүн
Чапан кийбейт.
Өзүнчө чеченсинип,
Акыл сүйлөйт.
Питина туушканга
Кылбайт кайыр.
Кызганып калың элден
Конбойт айыл.
Питина бир кыл бербейт,
Сурап келсең.
Жүткүнөт, элдин акын
Жегин — десең.
Питина жакшылыктан
Алыс качат.
Жамандык кылуу үчүн
Дайым шашат.
Башканы өзү менен
Тең ойлобойт.
Кедейди, карыптарды
Эл ойлобойт.
Питина жыят-терет,
Дайыны жок.
Кадак дан дубанага
Кайыры жок.
Береке питинанын
Үйүндө жок,
Дүйнөсү вафа[23] кылбайт
Мүрзөгө окшоп.

## КЕЛЕСОО

Келесоо сөз сүйлөсөң,
Сөзгө кирбейт.
Жадаса бир айылды
Көзүнө илбейт.
Келесоо ойду айтсаң,
Тоону сүйлөйт.
Олтуруп от жак десең,
Күлдү үйлөйт.
Келесоо кетмен чапса,
Турпак таштайт.
Маанилүү туура сөздү
Кулагы укпайт.
Келесоо — байдын уулу,
Киет кабат.
Шамалдай жорго минсе,
Башка чабат.
Келесоо бай атанын
Баркы менен,
Бүт элге өкүм сүйлөйт,
Серең-серең.
Келесоо ишти билбейт,
Жешти билет.
Уктоого маң баш уйдай,
Кечти билет.
Келесоо — адам эле,
Бирок наадан.
Нааданга банди болду
Барча адам.

## АЯЛДЫН ЖАКШЫСЫ

Жакшы аялдын белгиси,
Жайык болот кабагы,
Жагымдуу болот жамалы.
Боорукер болот тууганга,
Астайдил болот мейманга.
Чалкыган көлдөй кең болот,
Барча журтка тең болот.
Туткан иши бир жаңсыл,
Акыл айтып чечилет.
Абысыны урушса,
Ачууланбай кечирет.

Өмүр шерик кишинин
Мындан көөнү жетилет.
Кыйындык түшсө, билгизбей,
Кундуздай болуп кулпунат.
Сарамжалы шаанилүү —
Үйүнүн ичин гүл кылат,
Сүйүп алган жар менен
Бүт тилегин бир кылат.
Душманга сырын билгизбейт,
Эриге наалат тийгизбейт.
Эри гана эмес, жакшы аял
Элиге наалат тийгизбейт.
Барып-келип каттаган
Жериге наалат тийгизбейт.

## БОЛБОС ЖИГИТ

Адам болбос жигит бар,
Бозодо салат жаңжалды.
Керилип сунат чаңгалды.
Орундатпайт жумушун,
Тозутат күткөн турмушун.
Жети бөлөк кыялы,
Жериге тиет зыяны.
Жүргөн жерин чыр кылып,
Элиге тиет зыяны.
Сөздөн калаар жигиттин
Күндө бүтпөйт урушу.
Конок келсе, жазылбайт,
Маңдайынын тырышы.
Арагын ичип, шишесин
Ташка уруп талкалайт.
Көрдүңбү мени дегенсип,
Көң дөбөдө чалкалайт.
Улуунун укпай сөзүнү,
Шүмшүк кылат өзүнү.
Адамсынып короёт,
Өзүнөн өзү зороёт.
Иште деген кишиге
Жеп ийчүдөй ороёт.

## АЯЛДЫН ЖАМАНЫ

Жаман аял белгиси —
Адамды келбейт көргүсү.
Үйүнүн ичин чыр кылат,
Көрүнгөнгө булкунат.
Казанын жуубай катырат,
Идиш-аяк чачылат.
Кемчилигин айтканды
Беттен алып асылат.
Жаткан төшек жыйылбайт,
Жанга тийип, чыйылдайт.
Айылдан айыл кыдырып,
Каттаганы тыйылбайт.
Тойгон жерин өлгөнчө
Мактаганы тыйылбайт.
Сөзүнүн жок пардасы,
Бирөөгө тийбейт пайдасы.
Өтө чыгат өпкөңө,
Тилинде бар найзасы.

## САНАТ

Жаш экенде бир атка
Конгон жигит жакшы экен.
Калың элдин калкасы
Болгон жигит жакшы экен.
Кабар келсе, бир жерге
Жеткен жигит жакшы экен.
Кадыры элге бөтөнчө
Өткөн жигит жакшы экен.
Адамга каттык тийбеген
Майын[24] жигит жакшы экен.
Көпчүлүктү күлдүргөн
Шайыр жигит жакшы экен.
Айылыңды топ кылып,
Эрмек кылган жакшы экен.
Көп уйкуга кызыкпай,
Сергек болгон жакшы экен.
Копол калпты сүйлөбөй,
Парда[25] кылган жакшы экен.
Залал эмес, ар кимге
Пайда кылган жакшы экен.
Жарды келсе жаныңа

Жардам кылган жакшы экен.
Жалгыз келсе, сүрөөлөп,
Шагдам кылган жакшы экен.
Канат болчу калкыңды
Калкалаган жакшы экен.
Кара көңүл душманды
Талкалаган жакшы экен.
Келиниңди какпастан
Балам деген жакшы экен.
Өзүңдөн улуу кишиге
Салам берген жакшы экен.

Жамандыкты бир киши
Көрбөй турган болсочу.
Жан бүткөндүн баарысы
Өлбөй турган болсочу.
Ата-энеден баланы
Бөлбөй турган болсочу.
Эсил жаштын күйүтү
Элде калбас болсочу.
Эрен жигит, сулуу кыз
Жерде калбас болсочу.
Бул өлүмдүн күйүтүн
Элге бербес болсочу.
Жашай турган өмүрдү
Көргө бербес болсочу.
Аргымактын баласы
Буудан болот турбайбы.
Баатыр жигит эл үчүн
Курман болот турбайбы.
Короодон малды уурдатсаң
Күмөн болот турбайбы.
Буудай сепсең, береке
Үнөм болот турбайбы.
Бирөөгө кылсаң жакшылык
Сооп болот турбайбы.
Салам айтсаң, алиги —
Жооп болот турбайбы.
Кеңиштүү сөздүн баарысы
Элде болот турбайбы.
Бүт береке тирчилик
Жерде болот турбайбы.
Кичикке чоңдун бергени
Таалим болот турбайбы.
Ким жакшы да, ким жаман,

Жүрүп өзү бир күнү
Маалим болот турбайбы.
Тегирменчи кургурга
Кала сонун турбайбы.
Ата менен энеге
Бала сонун турбайбы.
Нысабы жок казыга
Пара сонун турбайбы.
Келечекти ойлосо,
Тилек сонун турбайбы.
Жайып окуп отурсаң
Китеп сонун турбайбы.
Напсиси бузук казынын
Жеши пара эмеспи.
Азаматты мөгдөткөн
Курук жалаа эмеспи.

### ТЕРМЕ

Оюну болот кызыктын,
Оңолбойт пейли бузуктун.
Кайры болбойт каттыктын[26],
Сөзү элге жакпайт тантыктын.
Касиети жок болот
Пулга ойногон кумардын.
Орозгерге[27] кунту жок
Эр сүйбөгөн жубандын.
Дарманы болбойт бечелдин,
Мүргүбөйт сөзү чечендин.
Элден алдап алмакта,
Эси-дарты эшендин.

Пайдасы терең илимдин
Паркы бар, ойло билимдин.
Душман болсо алыста,
Калканчы болгун элиңдин.

Ойлоп көрсөм, калайык,
Орундуу иши олуттун.
Айтылуу сөздөн кайтпаган,
Көңүлү бекем орустун.

## ДҮНҮЙӨ

Бир адамды ыйлатып,
Буркураттың, дүнүйө.
Жокко — бардан жалынтып,
Пул сураттың, дүнүйө.
Бирдин малын талатып,
Чыркыраттың, дүнүйө.
Бирдин малын биреөгө
Ширин кылдың, дүнүйө.
Бирди бирге өлтүрүп,
Кыйын кылдың, дүнүйө.
Бир адамды кан соргон
Залим кылдың, дүнүйө.
Бир адамды биреөгө
Кагым кылдың, дүнүйө.
Бир адамдын таманын
Чорго айланттың, дүнүйө.
Бактысы жок маңдайын
Шорго айланттың, дүнүйө.
Бирдин акын биреөгө
Талаштырдың, дүнүйө.
Сени ээрчиген неченди
Адаштырдың, дүнүйө.
Бир адамга залалды
Анык кылдың, дүнүйө.
Бир неченди мээнеттүү
Карып кылдың, дүнүйө.
Жокчулуктан неченди,
Зарыктырдың, дүнүйө.
Кээ биреөнүн малын көп,
Бардам[28] кылдың, дүнүйө.
Барган сайын көбөйүп
Жардам кылдың, дүнүйө.
Кээ биреөнүн малы жок,
Шалдаң[29] кылдың, дүнүйө.
Малай болсо баасын
Арзан кылдың, дүнүйө.
Калтыратып, кедейди
Карып кылдың, дүнүйө.
Бутундагы кийгенин
Чарык кылдың дүнүйө.

## ЫНТЫМАК

Ынтымагы бар элдин
Таалайы, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин
Тапканы бекер чачылат.
Ынтымагы бар элдин
Калага карды ток болот.
Ынтымагы жок элдин
Бириге-бири октолот.
Ынтымагы бар элдин
Адил болот улугу.
Ынтымагы жок элдин
Ичинен чыгат бузугу.
Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тиет, ок болот.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот.
Ынтымактуу биригет,
Ынтымаксыз бүлүнөт.
Ынтымак элдин бакты бар,
Бир-бириге баркы бар.

## ЭР ЖИГИТКЕ СЫН

Эр жигиттин жакшысы —
Сөзүндө болбойт жалганы.
Оймок ооз, кумар көз,
Өзүнө теңтуш алганы,
Ичинде калбайт арманы.
Эр жигиттин жакшысы
Кеңешин элге билгизет.
Береке-пейил киргизет,
Элине пайда тийгизет,
Артык доор сүргүзөт.
Жигиттердин жаманы
Жакындарын кайтитат,
Түйшүктү катуу көрсөтөт.
Ачуусу келсе, булкунат,
Айылга күндө чыр кылат.
Көрүнө залал тийгизет,
Көп адамды күйгүзөт.
Карды тойсо мардандайт[30].
Мактап койсо аз гана
Көчөгө батпай дардандайт,

Тойгон күнү шаттанат,
«Оңой оокат кылам» деп,
Аялына мактанат.
Эр жигиттин жакшысы —
Элдин ишин тууралап,
Жылдан жылга чыйралат.
Кишиге кылбай кыянат,
Өзүнөн улуу кишиден
Адеп сактап уялат.
Элине жагат кыялы,
Эч кимге тийбейт зыяны.

Эркин өсөөр эр жигит,
Эл намысын талашат.
Кадыры бар эр жигит
Калк намысын талашат.
Тууганына туу болот.
Душманына калганда,
Чылап койгон уу болот.
Эр жигиттин жаманы
Ашырып кетип, калп сүйлөйт,
Адамдарга калп сүйлөйт.

Эр жигит иши эл менен
Кеңештүү сөзүн билгизет.
Кенебей келген душманга
Керилип найза тийгизет.

## АЛА-ТОО КӨРККӨ КЕЛБЕЙТ, ЭЛ БОЛБОСО

Талаанын көркү кайда, гүл болбосо?
Гүл ачып, кубат албайт, Күн болбосо.
Акындар ырдай албайт, тил болбосо,
Душманың жазганабы, сүр болбосо?

Тоолордун салмагы аз, таш болбосо,
Узакка кабар жетпейт, кат болбосо.
Жигиттин наамы чыкпайт, март болбосо.
Ак бетте кызыл болбойт, нур болбосо.
Сооданын иши жүрбөйт, пул болбосо.
Чарбанын көркү кайда, кой болбосо.

Көздөгөн максатыңа жете албайсың,
Колуңда бардык жарак бүт болбосо.

Арыктын көркү болбойт, тал болбосо,
Чарбанын көркү болбойт, мал болбосо.
Сулуунун көркү болбойт, кал болбосо,
Өрдөк, каз кайда конот, көл болбосо.
Мөмөлүү дарак болбой, чөл болбосо.

Дайралар толкуп-ташпайт, сел болбосо,
Аргымак ат арыбайт, бел болбосо.
Дыйканга түшүм кайда, жер болбосо,
Ала-Тоо көрккө келбейт, эл болбосо!

---

1 — Пахта теруүдө күндүк жумушка төлөнүүчү акы.
2 — Арга, аргамды.
3 — Мейиз менен жийдеден жасалган ичимдик.
4 — Пайдалуу, керектүү.
5 — Мусулмандардын Мекедеги сыйынуучу жери.
6 — Майда-чүйдө сатуучу соодагер.
7 — Дүлөй.
8 — Туткун.
9 — Кыпчып эзе турган нерсе.
10 — Каргаша, мезгилсиз.
11 — Аргасын, айласын.
12 — Крепость, чеп.
13 — Өрөөн.
14 — Кени.
15 — Алмуруттун бир түрү.
16 — Кара өрүк.
17 — Түшүм.
18 — Жуунбай, киринбей.
19 — Азык.
20 — Зер.
21 — Түйшүк, чатак.
22 — Атилес.
23 — Пайда.
24 — Сылык.
25 — Сабырдуулук, токтоолук.
26 — Зыкымдык, зыкым киши.
27 — Үй турмуш.
28 — Оокатына сыймыктануучулук.
29 — Карып, алсыз.
30 — Кубанат, кубануу.

# КАЛЫК АКЫЕВ

*Калык Акыев 1883-жылы азыркы Жумгал районуна караштуу Кулжыгач айылында туулган. Атасы Акы жыгач усталык кесиби менен үй-бүлөсүн араң баккан кедей адам болгон.*

*Калыктын балалык чагы оор турмуштун кучагында өтөт. Тогуз жашынан тартып ар кайсы манаптын отунун алып, малын кайтарып, эптеп жан сактоого аргасыз болот. Акын жаш кезинен көп жерди кыдырып, кыргыздын Бекназар, Эсенаман, Жеңижок, Ниязалы өңдүү ырчы-комузчуларына жолугуп, алардан таалим алат.*

*1905-жылы өткөн шайлоодо Байгазы деген манапты жамандап ырдап, түрмөгө камаларында Кетмен-Төбөдөн Жумгал өрөөнүнө качып кетүүгө мажбур болот. Калыктын алгачкы ырларында таптык түзүлүштү сынга алган мотивдер жокко эсе. Ал эми 1910-жылдары Калыктын чыгармаларында элдик мотивдер күч алып, тактала баштайт. Бул эң оболу улуу акын Токтогулдун тийгизген таасиринен болуу керек.*

*Калыктын «Зилзала», «Жокчулук», «1916-жыл» аттуу поэмалары социалдык темага арналган. Бул чыгармаларында акын Кыргызстандагы коомдук-экономикалык өзгөрүүлөрдүн жана улуттук кыймылдын тарыхый маанисине али жеткиликтүү түшүнбөгөндү-*

*гүнө карабастан, эмгекчи элдин социалдык теңсиздикке каршы күрөшүн жана төбөлдөрдүн саясатынын таптык маанисин ачууга аракет кылган.*

*Акын Улуу Октябрь революциясынын таңын кубанычтуу тозуп алат. Ал социалисттик курулуш процессине жалаң көркөм сөзү менен гана эмес, жеке эмгеги менен да катышат. Акын 1953-жылы дүйнөдөн кайткан.*

### ЖОКЧУЛУК

Ачкабыз деп үшкүрбө,
Абышка, кемпир карылар.
Ар кайсыны санасаң,
Кетет го кубат-алыңар.
Муңкүрөбө, агаин,
Күнүмдүк оокат табылаар.
Карашпайт элдин алына,
Өрт замандын байлары.
Өксүбөй турган эмедей,
Өз тукуму жайдары.
Көмкөрүлүп төгүлөөр,
Көктүн суусу, айраны.
Кайрымы жок байлардын
Корум болот койлору.
Карашпай элден айрылып,
Байлардын чыгаар ойрону.
Түгөтүп бардык оокатын,
Түрткүлөдү, жокчулук.
Түңүлбө кемпир, абышка,
Тирүүгө келет токчулук.

Кара жемсөө байлардан,
Жалтандырдың, жокчулук.
Жайдыр-кыштыр жамаган
Тон тийгиздиң, жокчулук.
Жамаачы чапан, жаргак шым,
Чом кийгиздиң, жокчулук.
Жалдыратып байларга,
Жалчы кылдың, жокчулук.
Бал сөзүмдү манапка
Эм кылбадың, жокчулук.
Байдын жаман уулуна
Тең кылбадың, жокчулук.
Жан тындырбай мээнетке,

Кармаштырдың, жокчулук.
Бай-манапка жалдантып,
Кош айдаттың, жокчулук.

## ЗИЛЗАЛА[1]

Он миңден ашык эл деди
Оокаты жок зарланган.
Катын-бала, кары-жаш,
Өлүү, тирүү аралаш,
Асаке менен Кыйбадан,
Кордук тартып көп адам,
Колдон кайыр сураган.
Тарчылыкты көргөндөр
Ташкенди карай чубаган.
Апырылтып сүйлөгөн,
Калктын көбүн там басты.
Дайыма селде чалынып,
Кудайга куру жалынып,
Дааратыма суу деген.
Ар жуманын түнүндө
Таң атканча «үү» деген.
Түн терметип олтуруп,
Бер кудай деп үргүлөп,
Элге напсын агыткан
Эшендерди там басты.

Ак падыша залимдин
Алымынан кеттиби?
Казы, болуш, бийлердин
Салыгынан кеттиби?
Топурак менен ылайда
Коженттен үйлөр кулады.
Кожо, молдо, эшендер
Мечитинде сулады.
Эбин таап, эл жеген,
Чечендерди там басты.

Казандай селде чалынып,
Кагазга мөөрүн бураган,
Адилдик менен текшербей
Катуулап сурак сураган,
Калп айтышка машыккан
Ажыларды там басты.

Бейнамаз деп чочуткан,
Беш убак намаз окуткан,
Молдолорду там басты.
Дүкөнгө пулун толтурган,
Ашык баа коюп пулуна,
Кара күчкө карганып,
Кайта, кайта чот урган
Соодагерден кеттиби?
Дүнүйө тилеп отурган,
Машинедей апылдап,
Пайда жакка кол сунган
Алдамчыны там басты.
Арзан берем сизге деп,
Жанын сатып жалманган,
Имамаазам урсун деп,
Бир тыйынга карганган
Далдалчыны там басты.

## ЫРДЫН АЗАБЫ

Тентип-тербип жүргөнчө,
Элимди издеп табайын.
Киндик кесип, кир жууган,
Жеримди издеп табайын.
Желмогуздан кутулуп,
Жаш жанымды багайын.
Жашымдан өстүм жалданып,
Жалчылыкта кармалып.
Кармалаарга көз жетип,
Качып чыктым сандалып.
Кадырбай, Сатар, Каратал,[2]
Ажыратып албадың.

Кесилдим эки тараптан,
Кекеткен болуш манаптан.
Теңирдин иши көрүнөт,
Тендиги жок жараткан.
Кудайдын иши көрүнөт,
Кул катары жараткан.
Байгазыдан кесилип,
Балапан башым эзилип.
Турмуш жайым кысылып,
Жеримди издеп баратам.
Байгазы болуш, Кадырбай,

Ичиңер — эл, сыртың — жоо,
Чыяз[3] куруп чыкчыйып,
Сураганың күндө доо.
Какшык угуп, камчы жеп,
Кантип турам ошого.

Биз еңденген элсиздер,
Силер үчүн тамаша.
Жетим, жесир дебестен,
Жеткирдиңер каргаша.
Абылкасым кесилди
Алы жоктон менчилеп,
Каяша айткан кишини
Камакка берди энчилеп.
Жылынаар отун жогунан,
Жумгалга качтым тентиреп.
Өзүмдүн элим жогору,
Өрүшкө бирге конолу.
Өз тууганын унутуп,
Өксүп жүргөн болобу?
Өлтүрүп койсо залимдин
Эмнеси короду?
Душмандык кылып өлтүрсө,
Туз төккөндөй болобу?

## ҮЧ ҮЙӨЗДҮН ТОБУНДА ЫРДАГАН ЫР

Үч дубан эл топ кылып,
Эски доону жок кылып.
Эми тарап кайттыңар,
Ичкен, жеген эл тынып.
Бий эшигин сактаган,
Ак эшиктер жулкунуп.
Чыяз бийлер мал кести,
Чыркыратып умтулуп.
Жоопкерлер тарады,
Эски доодон кутулуп.
Мырзабек, Чоко, Бекчоро,
Касымалы кулак сал.
Үч үйөздүн элдери,
Пишпек, Нарын, Пржевал,
Биристав баштап, бий болуш
Ойлонбоду, элге убал.

Касымаалы, Карач бий,
Абдырай, Чоко — Нарындан,
Эбин таап жесеңер,
Эл өзүңө багынган.
Өмүрлүк оокат болобу,
Топтон алган табылгаң.
Мырзабек, Байзак барышты
Өзөнү жайык Жумгалдан.
Үч дубандан баш коштуң
Өңкөй манап ылганган.
Бул топтон манап көрбөдүм
Жылкы айдатпай кур калган.
Үч дубандын чоңдору
Баарың топко бардыңар,
Оңду-солду кайсалап,
Очойто чыгым салдыңар.
Ээр-токумун көтөрүп,
Жол чубады зардуулар.
Жалган доого чакыртып,
Чыяз бийлер ойлоду.
Байкуш элдин мойнунан
Өгүнтөн берки сойгону.
Букарасын бүлүнтүп,
Болуш бийлер тойбоду.
Күнөөсүздөн доо тартып,
Көптүн чыкты ойрону.
Жалган айтып суракка,
Жазыксыздар кабылды.
Өң букара чыйрагы
Өкүмдүү өрткө чабылды.
Калың элден алган мал
Карызга берген малыңбы?
Чапылдатып кестирип,
Чыяз куруп, бий шайлап,
Жардыны докко капталтып,
Жайдактатып ат байлап,
Манаптар жүздөн жылкы айдап.
Жигиттери дарбашып,
Айдап кел десе барышып.
Айтканына болбосо,
Айбанча башка салышып.
Ажыратаар адам жок,
Башы көзүн жарышып.
Жик чыгарып элдерден,
Жигитиңер жинденди.

Жүргүн бийдин алдына,
Сен күнөөлү эмей ким? деди,
Жасоолдорго жалынып
Жалдыраган көп болду,
Жандан кечип чаап жүрүп,
Мал кураган көп болду
Айып салып бир тогуз
Шордууларды куруткан
Байзак, Түркмөн, Мырзабек
Адилдикти унуткан.
Ак сүйлөгөн кедейдин
Азаматын басынткан.
Кутургандай сабатып,
Курч жүрөгүн жашыткан.
Бүтүм алып бир аттан,
Бийлердин мөөрү басылган.
Көпүя кыркып «бүткөрүп»,
Кинегеге жазылган.
Набактыга кесишти,
Кокомбай менен Аалыны.
Колунда жок, өзү тың,
Өлбөсө ачпайт карыны,
Бул чыязда манаптар,
Букара элди жедиңер.
Буулугуп жүргөн «баатырлар»
Бүттү бекен кегиңер?
Тоютуң канып, ток кылып,
Толду бекен кемиңер?
Бардык манап, болуш, бий,
Басылдыбы демиңер?
Чыяз бүтүп, эл кайтты
Чындыгын айт дедиңер.

### БӨКӨНБАЙДЫН ҮЙҮНДӨГҮ ЫР

Казанын асып, от жагып,
Караталда чоңойдум.
Канкор болуш Байгазы,
Кагылайын десе да,
Кантип ага жолоймун?

Жетиштирбей жардылык,
Жашымдан өттүм малайга.
Жаш чемирчек кайрылып,

Жан бактым жатып сарайда.
Жетимдиктин зарпынан,
Жетишпедим далайга.

Манаптан кордук көп көрүп,
Башымдан шумдук өткөрүп,
Силердей дыйкандарды мактадым,
Кыдырып элди аралап,
Кызыл тилди тактадым.
Байгазыдан зар көрүп,
Балапан кезден аксадым.
Он эки ай түрмө кескенде,
Ошондо Жумгал качкамын.

Туш болдум кайра тарталбай,
Мырзабектин колуна.
Алып барды, Мырзабек
Үч үйөздүн тобуна.
Манаптардын чыязда
Эл жегенин кордодум.
Элге теңдик болуш бий
Бербегенин кордодум.
Жегендерди кордойм деп,
Акыры өзүм шордодум.

Залимдердин кордугу
Кантип чыксын көңүлдөн.
Байгазы менен Мырзабек
Башыма салган кордугу
Токо, өлсөм да кетпес сөөгүмдөн.

## ЭЗҮҮЧҮ ТӨБӨЛДӨР ЖӨНҮНДӨ

Жарды-жалчы элдерди
Жаткырышпай кор кылат.
Боордошуп бай-манап
Болуштарды кондурат.
Бозосун ичкен кедейди
Боздотуп уруп, кор кылат.
Сулайманкул, Осмонбек,
Багыштан Ороз датканар.
Уу тырмактар элди эзип,
Жеп-ичкенге мактанаар.
Өзүнүн кылган ишинен
Өрт жалынга капталаар.

Күнөөсүз элди айыптап,
Күнүмдүккө жеп ичет.
Күйөрүн жыга чапкансып,
Күч көргөзүп келишет.
Эл толкуса бир кезде,
Эсебин кайта беришет.
Көптү ойноп жеп болуш, бий
Көркоо болуп баратат.
Каяша айткан дыйканды
Кан жөткүртүп сабатат.
Кээ бирөөнүн оокатын
Кеги бардай талатат.
Кейибей оокат кылалы,
Кезеги келсе таң атат.
Кочкор, Жумгал, Ат-Башы,
Нарында кедей силердей.
Ош, Жалал-Абад, Ташкендин
Шаарында кедей силердей.
Күңгөй, тескей, Ысык-Көл
Жагында кедей силердей.
Бийлик күчү манапта,
Алар күтүп алган жибербей.
Кыргызда Шабдан, Курманжан
Даткалары сабакташ.
Казы-мупту, бий-болуш,
Мунун баары танапташ.
Байгазы, Иса, Керимбай
Башынан көнгөн ичи тар.
Булардан кордук көп көрүп,
Буулугуп жүргөн киши бар.
Казы-мупту, бий-болуш
Кадырлашкан сак болот.
Бириндебей, бирлешсек,
Бизге да таалай бак конот,
Бозобу, ашпы, башкабы
Буюрганын ичелик.
Бүтүн дыйкан баласы
Бирикkенин күтөлүк.
Колунда жок болгон соң,
Кулак салбайт арзыңа.
Жардамы болбойт карзыңа.
Кошомат айтып, кор болуп,
Кожолорду арзыба.
Эшен сопу, калпаны
Эсиң болсо, эл дебе.

Жорударча тарп издейт,
Жолуңдан чыкса кел дебе.
Кошулбайт нээти, тилеги,
Колунда жок пендеге,
Бирөөнү бирөө кыябы?
Белгилүү элге быягы.
Пейлин бузган залимдин,
Түбү өзүнө тиет зыяны.
Адамдын акын жебеген,
Өз оокатын тейлеген.
Жалган айтып бирөөгө
Жамандык кылсам дебеген,
Бардык дыйкан балдары,
Силер менен биз жакшы.
Адамдын акы курусун
Адилеттүү иш жакшы.

Адырга малы толсо да,
Айраны көлдөй болсо да,
Сүткордо болбойт береке.

Кара ниет адамдын
Кадыры болбойт элинде.
Канчалык чечен болсо да,
Касиет жок кебинде.
Пейлиңди бузуп эр жигит,
Бекерликке берилбе.
Жалкоолонуп жашыңдан,
Жатып ичээр дедирбе.

Белсене кызып иштесең,
Береке жердин боорунда.
Күнүмдүккө кыныкпа,
Күч-кубат барда колуңда.

Аскалуу зоонун боорунда
Ак шумкар куштун түнөөсү.
Көпкө тиет бузуктун
Көнгөн адет мүнөзү.
Бербей койсоң, эч сүйбөйт,
Пейли бузук эшендин.
Пайдасы элге тийбесе,
Баркы неге чечендин.
Унутулбайт мүнөзү,
Убадага бекемдин.

## ТОКТОГУЛГА КАРАТА

Падышадан куулдуң,
Күнөөсүздөн башыңда.
Ак жеринен кесилип,
Алмадай башың эзилип,
Айдалдың эле жашыңда.

Байлап берген өлүмгө,
Багыштан Байзак, Тураалы,
Добулбек, Сапар кордоодон
Көптүн күчү сынабы?

Манаптар кармап бергенде,
Калың эл карап турбады.
Эсиңден кетпес Токтогул,
Элиңдин ызат кылганы.

Добулбек менен Сапарга
Ишенишиң бекер кеп.
Орнотту көптүн бирдиги
Токо акталышың бекемдеп.
Айыбың жокто Керимбай
Алыска Сибирь айдатты.
Ак жеринен карматып,
Арканга колуң байлатты.

Боорун бурап, Токтогул,
Болушаар калың эл сенде.
Өлүмгө кармап бергендей,
Кайназар, Сапар касыңбы?
Айдараалы, Ажыкан,
Алар сага кандай асылды?
Бирдиктүү элдин баарынан,
Биргаборуң жазылды.
Эл бирдиги бошотту,
Токо, эзилип жүргөн башыңды.
Ишенгениң Кайназар,
Имерилип келген жок.
Итике, Сапар тууганың
Элүү тыйын берген жок.
Арам санаа Добулбек
Ат бастырып барган жок.
Бардыгы кедей дыйкандан,
Токо, башкадан сага жардам жок!

Топ букара бошотту,
Током, сенде арман жок.

### 1916-жыл
*(Үркүн жыл)*

Падыша салган зордукту,
Баштайын ырдап алыстан.
Бай-манаптар, бий-болуш
Балакет болду жабышкан.
Бул кордукка чыдабай,
Ок атыштык намыздан.
Кантип айтпай коёюн,
Кан жутуп турган жергемди.
Кыргыз эли жыгылып,
Кытайга батпай тыгылып,
Же кырылар кези келгенби?
Замбирек чыгып күрүлдөп,
Азат бою дүрүлдөп,
Адамдын кетти амалы.
Окуусуз кыргыз элимдин
Оодарылмакчы заманы.
Падыша залим түтүндөн,
Пайпак менен тон алды.
Барган сайын кыныгып,
Баштагыдан чоң алды.
Жаңысын алды кедейдин
Кийип турган тонунун.
Көтөрөбү дыйкандар,
Көркоолордун жоругун.
Басмырлап кыргыз элимди,
Падыша күчүн курады.
Он тогуз жашта балдарды,
Отуз бирге баргандыы,
Солдаттыкка сурады.
Көтөрүлдү бирлешип,
Жарды-жалчы балдары.
Айлына болуш чакырса,
Ат бастырып барбады.
Бой тирешти дыйкандар:
Болуш уулун албайт деп,
Букара жарды, кедейде
Боз балдардан калбайт деп.
Болуштар бизди алпарып,

Болот окко кармайт деп.
Ал ажалдан биз өлсөк,
Атабыз мында зарлайт деп.
Жапа чеккен элдерди,
Жамгырдай окко кармайт деп,
Жалгызым деп буркурап,
Энебиз мында зарлайт деп.
Пикири бирге уездер,
Бийлердин уулун албайт деп.
Деп оолугуп түмөндөп,
Кары жаш дыйкан куралды.
Кабарлашып бекишип,
Кайрат күчү уланды.
Убада айтып, шерттешип,
Чакырды эркин ураанды.
Көтөрө чыкты кыргыз эл,
Көйкөлтүп кызыл тууларды.
Үйөздөр качып үлдүрөп,
Биристаб коркуп сүлдүрөп,
Канын төгүп кармашып,
Калың дыйкан дүңгүрөп.
Баатыр элим баш тартпайт,
Падыша менен урушкан.
Жарак жок деп жазганбай,
Жамгырдай окко турушкан.
Курчап алып токмокту,
Ойлонушпай коркмокту.
Биристаб, үйөз, болушка
Букара салып сокмокту.
Падышанын буйругу,
Телеграм келди крайга.
Кыргызды карай ок атып,
Солдаттар келди бир айда
Аягы Талас, кең Чүйдө,
Олуя-Ата, Меркиге
Он миң солдат өрдөгөн
Койбоду элди эркине.
Аралап өттү көп солдат
Арасы кыштак Ак-Суудан.
Каары катуу залимден,
Качуута кирди көп тууган.
Качпай калаар айла жок,
Кан төгүүчү жоо кууган.
Каарына чыдабай,
Кашкарга качтык көп тууган.

Жазыгы жок бала, эне,
Кордук көрдү, атылды.
Бейпил жаткан байкуш эл,
Ак жеринен чачылды.
Казаналык болду деп,
Малы-мүлкү сатылды.
Талап өттү солдаттар,
Зордук менен бүлүнттү.
Жазы Чүйдүн салаасын
Жүрүшүнөн эл билди,
Жүрөгүнүн карасын.

Падышалык төрөгө
Кызмат менен жагам деп.
Көтөрүлүш чыгарган,
Көп кедейди табам деп.
Сооромбайдын Дүр жүрдү,
Майорлор менен бир жүрдү.
Каргашалуу Дүр баштап,
Качкан элди бүлдүрдү.
Байкуш дыйкан кедейди
Барсылдатып сабады.
Дайынсыз кууду далайды.
Даргага тартты, күнөөсүз
Эчен-эчен малайды.
Өз элим дейсиң падыша,
Өкүмүң ушул жарайбы?
Жумгалдын ичин өрдөдү,
Кедейди итче көрбөдү.
Тирүүсүнө тең болду,
Тике атылып өлгөнү.
Кыргыз эли ушунча
Кыйынчылык көргөнү.
Кагазын сунуп калтырап:
«Төрө кызды бактым деп,
Бир кишим жок катышкан,
Таксыр бул уруштан акмын деп.
Падышанын аманын
Кудайдан тилеп жаттым» деп.
Күрүчбектин Түркмөнү
Эки мылтык тапшырды,
«Качкан элден таптым» деп.
Төрт жүз үйдү кондуруп,
Туу бээлерди сойдуруп,
Бир болуш элди жыйдырып,

Самаварды койдуруп.
Эки жүз элүү кой союп,
Энеси эркек туугандай,
Тополоңдоп, той союп.
Турусбек күттү солдатты.
Кармап кайта бошотту,
Байзактын уулу Зарбатты.
Бошонгон соң ал залим,
Букара элди зарлантты.
Качкан элдин эгинин
Чөбү менен өрттөдү.
Салынуу сарай тамдарын
Көңү менен өрттөдү.
Аралаган жерине,
Зыян кылбай өтпөдү.

Аралашса солдатка,
Адамдын көбү атылды.
Алып кетти солдаттар,
Сулуу кыз, сулуу катынды.
Ошол сулуу кыз, келин
Он эки сомдон сатылды.
Жалган ушак жазыктан
Далайлар дароо кармалды.
Камай берди үстүнө
Каралап ага барганды.

Турук алаар жери жок,
Туш-туш жакка тарады.
Аякта да жалдырап,
Байлардын көзүн карады.
Тың бүлөңү карматып,
Тыңчылар дагы камалды.

### 16-жыл

*(Экинчи варианты)*

Ак падыша залимге
Алты атабыз караган.
Ак калпактуу кыргызды
Айдаган малдай санаган.
Бир миң үйдөн болушту
Беш жүздөн бөлдү таратып.

Ыстарчы кылган жүз үйдөн
Испискесин каратып.
Жардыдан чыккан тыңдарын
Старчыга сабатып.
Казыналык чөп ооз деп,
Түтүнгө ондон сом алган.
Солдаттарым киет деп,
Жыл сайын миңдеп тон алган.
Эне, ата, ага, ини
Испискеге катталган.
Жардыда жалгыз миңгич жок,
Жабдуусу менен атты алган.
Жонго чаап жоорун,
Жолоткон эмес чобурун.
Амалсыз кыргыз көтөргөн,
Ал падышанын кобурун.
Башынан окуу билгизбей,
Бай-манаптан башканын,
Балдарын школ киргизбей.
Окуу билим таанытпай,
Окуткан менен жарытпай.
Он тогуз жаш, отуз бир,
Ортосун солдат алам деп.
Оокат кыл кары чалдарың,
Окко барсын балаң деп.
Байлардын уулун албайт деп,
Бардык дыйкан калбайт деп.
Бардаңкенин огуна
Барарды менен кармайт деп.
Болуштун уулун албайт деп,
Боростойдон калбайт деп.
Бойлошуп жаткан Кермендин
Бомбусуна кармайт деп.
Бийлердин уулун албайт деп,
Бечарадан калбайт деп.
Билемуттун огуна
Бекерге бизди кармайт деп.
Ажырасак, тирүүлөй
Ата-эне мында зарлайт деп.

Капчыгай Боомду өрдөдү,
Кыргыздан душман көрбөдү.
Канча экени билинбейт,
Качкан элдин өлгөнү.
Өлгөнүнө көр казып,

Ак кепиндеп көмбөдү.
Орто-Токой, Көтмалды,
Ок үстүнө ок атты.
Ойрон кылды көп жанды.
Жанына кыстоо келгенде,
Таштай качты үй-малды.

---

1 — Жер титирөө.
2 — Болуш-манаптар.
3 — Чоң жыйын, сурак, кеңеш.

# ТОКТОРААЛЫ ТАЛКАНБАЕВ

*Белгилүү акын Токтораалы Талканбаев 1868-жылы азыркы Сокулук районуна караштуу Киров совхозунда туулган. Ата-энеси өтө жарды болуп, ал жаш кезинен кайгылуу турмуштун каарын тартат. 1910-жылы бай-манаптардын кысымына чыдай албай, Кайыңдыга качып барууга аргасыз болот. Башкаруучу төбөлдөр ошондон пайдаланып, анын он төрт жаштагы баласын дунган байына жети сомго кулдукка сатып жиберишет. Бай-манаптардын, кожо-молдолордун катуу эзүүсү Токтораалынын аларды жек көрүүсүн күчөтүп, таптык сезимин ойготот. Буга акындын «Кожо молдо» аттуу чыгармасы күбө боло алат. Тилекке каршы анын революцияга чейинки мындан башка чыгармалары бизге келип жеткен жок. Окурмандарга тааныш болгон акындын көпчүлүк чыгармалары Совет бийлиги мезгилинде жаралып, жаңы турмушту даңазалоону максат кылат. Токтораалы 1944-жылы дүйнөдөн кайткан.*

### КОЖО МОЛДО

Жок өткөндүн болжолу,
Тапкан залим олжону.

Бай-манаптар жаатташ,
Эшен, кожо, молдону.
Дооронччу болгон молдосу,
Улак, козу олжосу.
Түшкөн жерден ат алган
Ол замандын кожосу.
Тозоку деп коркутчу
Жаман неме окутчу.
Жүрө албаган кедейге
Залимдер атын токутчу.
Бай-манаптын кожосу
Арамдан болгон олжосу.
Баары тегиз шум эле
Дубана, сопу, молдосу.
Ат бергенге тон берчү,
Кой бергенге кол берчү.
Теңге, тыйын бергенге
Араңдан зорго жол берчү.

Өлүк-тирик аңдыган
Канчы болчу баарысы.
Айыл сайын кыдырган
Жарчы болчу баарысы.
Элдин камын жешкендей
«Жакшы» болчу баарысы.
Илим кайып айтышкан
Бакшы болчу баарысы.
Соргучтун сөзү эм болгон,
Баарына кедей жем болгон.
Илгерки өткөн бечара
Ар жоруктан кем болгон.
Илгеркинин залымы
Ушу болчу алымы.
Кожо-молдо манаптын
Баарынын окшош калыбы.

# ЫСАК ШАЙБЕКОВ

*Элибиздин сүйүктүү карыя акындарынын бири Ысак Шайбеков 1880-жылы Кемин районуна караштуу Чоң-Кемин айылында туулат. Алты жашка келгенде атасынан ажырап жетим калат. Ошентип, ал ат жалын кармап миңгенден ар кимдин малын кайтарып, эгинин оруп жан багат.*

*Он төрткө чыкканда Токмок шаарына келип, Ысманбай жана Красчиков деген байларга жалданып иштейт. 1900-жылы ал Токмокто жаңы ачылган окууга кирип, эки жыл окугандан кийин, андан чыгып кетет.*

*Турмуштун кыстоосунан Байзак старчынга эсепчи болот. Айласы кеткенде Быстровканын ар кайсы жерлерине барып балдарды окутат.*

*1916-жылы бай-манаптардын жана падышалык өкмөттүн эзүүсүнө чыдабай Кытайга качкан эл менен Ысак да кошо кетет. Акындын «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл» аттуу поэмалары да өз көзү менен көрүп, өзү күбө болгон чоң үркүнгө арналган.*

*Ысак Шайбеков оозеки чыгармаларды биринчилерден кагаз бетине түшүрүп, жазма түрүндө тарата баштаган акындарыбыздан. Ал өзүнүн чыгармаларында кыргыз элинин муң-зарын, оюн, тилегин баяндоого аракет кылган. Акындын жазган алгачкы көлөмдүү чыгармасы — «Зилзала» аттуу поэма. Бул чы-*

*гармасында ал жердин титирешин ислам дининин негизинде түшүндүрүүдөн өйдө көтөрүлө албаса да, анда чоң социалдык темага кайрылат, бай-манаптарды, айрым дин кызматкерлерин сынга алат.*

*Акынга 1916-жылкы улуттук боштондук кыймыл өзгөчө чоң таасир эткен, анын таптык сезимине жана чыгармачылык багытына өзгөрүү киргизген. Ысак улуттук кыймылдын себептери — падыша өкмөтү менен жергиликтүү бай-манаптардын катуу эзүүсү экенин туура баамдаган. Ал эми падыша өкмөтүнүн тылдык жумуштарга эмгекчи элди мобилизациялоосу поэмада көтөрүлүштүн тутанышына учкун гана болгонун туура көрсөтөт.*

*Акын эркиндик таңын өтө кубанычтуу тосуп алат. Ал Совет бийлигинин алгачкы жылдарында «Пролетарлардын демократтык союзу» деп аталган уюмга мүчөлүккө өтөт. Алма-Ата шаарында өткөн Советтердин биринчи съездине делегат болуп барат. Кала берсе ал 1920-жылдарда Нарын шаарындагы жана уездиндеги эсерлердин көтөрүлүшүн басууга катышат. Ысак Шайбеков 1922—24-жылдары Быстровка волостунун ревкомунун төрагалыгында жана айыл чарбасынын ар кайсы тармактарында иштейт. Акын 1957-жылы 77 жашында дүйнөдөн кайткан.*

## ЗИЛЗАЛА

Динди жакшы кармабай,
Болуп кеткен мейлибиз.[1]
Манаптын болгон акылы,
Бечараны жечибиз.

Коркконунан калайык,
Бир кудайга сыйынды.
Коёор бекен бий-болуш
Салык салган жыйынды.

Көп жашаган кары айтат:
Көрбөдүк мындай кыйынды.
Коёор бекен манаптар
Күндө алган тыйынды.

Ажалы жок адамдар
Кутулуп кетти кашаадан.

Ошончолук булукко
Болгон жок жардам башаадан,[2]

Билбей айтып шарият,
Молдолордон болдубу?
Каарланып кара жер,
Канчабызды сордубу?

Букараны манап жеп,
Бу пейлинен тарттыбы?
Каарланып кара жер
Же өз киндигин кактыбы?

Намаз окуп күнүгө,
Мойнуна теспе тактыбы?
Залим болуп жакшылар,
Көрүп калдык запкыны.

Бийлер жактан кеттиби?
Бизге каары жеттиби?
Муну үчүн кара жер
Өз киндигин чектиби?

Молдолор кесир кылдыбы?
Билинбей туруп кара жер,
Баарыбызды кырдыбы?

Журтка салык салышып,
Зордук кылып алышып,
Бербей койгон кедейдин
Сотко башын малышкан,
Бий-болуштан кеттиби?
Ушинтип жүрүп кудайдын,
Бизге каары жеттиби?
Айткан сөзүм жарандар
Кулагыңа эптүүбү?
Сопулар тартып теспени,
Баксын жут деп кесмени.
Каарланып кара жер,
Баарын напсин кескени.

Көргөзүп турат зилзала,
Калк дининен безгенди.
Алы жеткен адамдар
Бечараны эзгенди.

Акчаны малга сүт кылып,
Сүткорлукту бүт кылып,
Коюмду бат бергин деп,
Жардыларга күч кылып,

Байлардан болду бу балаа,
Катуу болду зилзала.

Элге чыгым көп салат,
Акысы бардай чот кагат.
Бербегенди сотко алат.
Болушнай съезд топ кылат.
Топтон коркуп бечара,
Бербегенде не чара.
Куткарам деп, бий-болуш
Бечарадан жейт бара.

Бербесе жыгат аттарын,
Жашы тургай, карттарын.
Эгин сатып берем деп,
Жаматат жыртык каптарын.

Жыйнап алып жакшысы,
Жардылары какшыды.
Катуу болду зилзала,
Бу пейлинен тарттыбы?
Жакшылар өлсө талашат,
Жана кайтып карашат.
Кедейлерин алдап жеп,
Бир-бирине карашат.

Карабайт байлар карыпка,
Эгини түштү арыкка.
Зилзала бизге көбөйдү
Маалим кылдым калыкка.

Кеңешет манап «жесек» деп,
«Келди буга кезек» деп.
Акысы бар немедей,
Санап алат эсептеп.

Бий-болушу чогулуп,
Түтүнгө бөлөт сорунуп.
Жарды-жалчы кедейлер,
Туруп берет корунуп.

Бербесе кылат набакты,
Көрсөтөт чуңкур кабакты.
Манаптары күндө жейт,
Жардылары кантип жан бакты.

Акысын жеди карыптын,
Үстүндөгү болушу,
«Кой деген жок» аларды,
Карап турган орусу.

Падышабыз зор болду,
Жердин баарын торгоду.
Адилинен тайдыбы,
Мурункудай болбоду.

Жердин баарын ченеди,
Ченеп алып келеди.
Мурункудай падыша
Жерди кенен бербеди.

Манаптар салып, акча алат,
Жума сайын кол салат.
Берген сайын бечара
Каргап-шилеп, какшанат.

Элден жеди жакшысы,
Түз жүрбөдү таксыры.
Анын үчүн бериште
Жер киндигин кактыбы?

Калкты жеди манабы,
Акысы бардай санады.
Жарды-жалчы кедейге,
Күн көрсөтпөй камады.

Туура жүрбөй молдосу,
Элге чыккан кожосу.
Кожо, молдо, манаптын
Кедейлер эле олжосу.

Адил болбойт бийлери,
Жардыны жаман ийледи.
Дайым бийдин кедейге,
Эч пайдасы тийбеди.

Салыктардан кедейлер
Бүтүн көйнөк кийбеди.
Байлардан айран ичкендер,
Сава, чанач ийледи.

Болуш менен ыстарчын
Күндө салат көп чыгым.
Жардылар байкуш билген жок
Кутулардын эч алын.

## АЗГАН ЭЛ

Ат койдум бул ырыма «Азган эл» деп,
Икая куруяттан[3] сүйлөйүн кеп.
Жазайын Николайдын залимдигин,
Сөзүмдү уккан адам кылабы эп.

Караган Николайга биздин калык,
Ар жылда берип турган алык-салык.
Козгоюн Николайдын аңгемесин,
Жаранлар угуп турсаң, баары да анык.

Багынган урушпастан мурункулар,[4]
Найза алып, кылыч салып куушпастан.
Артында уруш, жаңжал болгондон соң,
Зордугун эзилген калк өзү көргөн.

Миң үйгө бир манапты болуш кылган,
Бай, манап жакшы жерден конуш кылган.
Көңүлүнө жаккан жерди бекитишип,
Кедейди келтирбестен коруш кылган.

Айлына байдын уулун бий шайлаган,
Жесир, доо, чатак болсо, ол жайлаган.
Бир кедей чыгым таппай кечиктирсе,
Мойнуна абак кесип, сотко айдаган.

Шайлаган жүз койлуудан ыстарчын деп,
Түшкөндө казына акча кыстарсын деп.
Бир кедей салык акча таппай калса,
Буйругун ыстарчындын кылчу эле эп.

Эбин тапкан ыстарчын боло калса,
Жүрчү эле бир жүз койдон умтулуп жеп.

Адашкан элден-жерден мен бечара,
Кайгырып бул жөнүндө сүйлөдүм кеп.

Элүүсү бир болуштун мөөрүн басса,
Тирүүлөй бир кишинин соту сойгон.
Сураган бул тартипте элүү үч жыл,
Баарынан өтүп кетти кан төккөн жыл.

Жазайын куруятты билгенимче,
Жамакал кулак салып, кубанып кыл.
Бай, манап жерин, суусун баарын алды,
Канча теше жерлерге дубал салды.

Жер алганы аз келип бай, манаптар,
Жардынын бир-бир күткөн малын алды.
Ар түрдүү эбин таап алуучу эле,
Кедейдин маңдайына бүткөн малды.

Бай-манап мындай зордук кылгандан соң,
Туюнган кедей байкуш бул амалды.
Николай кедейлерден малай[5] бер деп,
Кара калк амал таппай, көп камалды.

Он тогуздан отуз бирди алам деди,
Жаш балдар шол себептен бүлүк салды.
Солдаты көп Николай бардаңке мен
Аткылап кетирди го биздин алды.

Койбостон кызматына алмак болду,
Алып барып, казууга салмак болду.
Барчулар биз сыяктуу байкуш кедей,
Бай балдары үйүндө калмак болду.

Алган мен аскер кылып ойнотсочу,
Уктап жаткан калк элек ойготсочу.
Ишенип, колубузга жабдык берип,
Кароолун бардаңкенин болжотсочу.

Чыдабай бул зордукка каршы бастык,
Айры, чокмор, найзачан согуш ачтык.
Жазалоо отряды кол салганда,
Чыдабай Кытай жакка кире качтык.

Эң мурун жолго түшүп төө көч качты,
Артынан жан талашып жөө көч качты.

Каары Николайдын кандай катуу,
Калайык жыйган мүлктүн баарын чачты.

Биз аштык андан көчүп Жалак-Белди,
Жазуучу нечен көчтү санап келди.
Кантебиз качпаганда кайран калк,
Аскери Николайдын камап келди.

Буйругу залим падыша кандай катуу,
Биздерди өлтүрүүгө самап келди.
Андан көчүп биз келдик Кара-Сазга,
Бай чиркин караган жок малы азга.

Каарын Николайдын ойлоп турсам,
Боюма ичкен ашым тарамайды.
Жаранлар угуп турсаң баары да анык,
Бул сөзгө жалган кошсок жарамайды.

Бир күндүк оокаты жок кедей байкуш,
Табылбай куруп турат эч амалы.
Зарлашы калайыктын кабыл болуп,
Келеби куруяттын кең заманы.

Ошолор унут болоор бирак күндө,
Эгерде келе калса тең заманы.
Көнбөгөн аялдардын мурун басып,
Жооруду эки күндө, бут таманы.

Далай мал шол Беделде тирүү калды,
Таштадык жалдыратып кайран малды.
Атыбыз бир-бир минген белде калып,
Айдалдык жолго салып карып жанды.

Чайкалды зилзаладай кайран калык,
Беделди эңкейгенде кийди чарык.
Билбедим ар жагына канча кондук,
Күн-түндөп зорго жеттик Кулан-Сарык.

Үч түлүк мал баары өлүп, төө чыдады,
Таяк алса колуна, жөө чыдады.
Ашуу ашып, ар жакка өтөөр кезде,
Өткөзбөй кытай кароол кычылады.

Олтурдук үч, төрт күнү Кулан-Сарык,
Тарады бет-бетинен кайран калык.

Бай кетти мал-жайына, жарды калдык,
Бай, жарды бир-бирине карамадык.
Тоз болду тополоңу кайран элдин,
Андан соң күрөшүүгө жарамадык.

Күмүшүн Кытай шаар «жаачан» дейди,
Көзөнөк мен домборун «даачан» дейди.
Күмүшүн жарым сээрдик бүтүн сээр деп,
Шумдары качкандарды алдап жеди.
Билген соң алдатканын зарлап-зарлап,
Жеткирсин жазаңызды кудай деди.

Бир биз эмес, козголду эки дубан,
Атбашы, Кочкор, Жумгал, Ажы субан,
Кысканы Николайдын өттүгө деп,
Баарысы куруятка белин бууган.

Бар эле суусу сайын тал, карагай,
Айрылып калайыктын зарлаганы ай,
Күн-түнү эстеринен жери кетпей,
Үшкүрүп, Николайды каргаганы ай.

Көрөбү биздин калк Чүй талаасын?
Сүйүктүү Токмок, Пишпек, чоң калаасын?
Каары Николайдын катуу болуп,
Качырды кайран элдин көп баласын.

Салган там, беде менен багы калды,
·Ушулар унут болоор, теңдик болсо!
Кетпеген Николайдын тагы калды.

Жана айтаар Үч-Өрүктү, Үч-Байсоорун,
Алты суу, өз элине берген орун.
Каары Николайдын катуу жүрүп,
Качып келип жерибиздин тарттык корун.

Бар эле Чолпон-Ата, Долоноту,
Жай эле жайдан кышка малга оттуу.
Талпынып жерибизге барып калсак,
Никеңдин болбос бекен бизге соту?

Тор-Айгыр, өйүз-бүйүз, Дөрө, Көл-Төр,
Жай эле жайдын күнү малга төр-төр.
Ажалдан кутулууга качып келдик,
Калайык өз жериңди сыймыктуу көр.

### КАЙРАН ЭЛ

Айгыр ат менен атан төө,
Арык кылды, кайран эл.
Өлгөн жерде терисин,
Чарык кылды, кайран эл.
Алты шаар элдерин,
Карык кылды, кайран эл.
Караңгы уйгур тамына,
Жарык кылды, кайран эл.
Бир конгон жерге бир жылкы,
Зарып кылды, кайран эл.
Айгыр, атка эки сээр,
Карып кылды, кайран эл.
Кара жанын карч уруп,
Карып кылды, кайран эл.
Өзүн өзү ар кимге,
Тарып кылды, кайран эл.
Антпегенде кантеди,
Акыл, эси, айран эл.
Бир жүз сомдук аттарын,
Сээрге сатты, кайран эл.
Алган сээрин бир конгон,
Жерге сатты, кайран эл.
Ала кийиз, төшөк жок,
Жерге жатты, кайран эл.
Аксы, Турпан сыз жери,
Белге батты, кайран эл.
Төөлөр өлүп, эшекке,
Жүгүн артты, кайран эл.
Чылгый-чылгый терини
Бутка тартты, кайран эл.
Жүктөп алып, эшекти
Жетеледи, кайран эл.
«Арзан шаар кайда» — деп,
Төтөлөдү, кайран эл.
Карылары баса албай,
Жөтөлөдү, кайран эл.
Жаш балдарын мойнуна,
Көтөрөдү, кайран эл.
Караңгы уйгур тамына
Корголоду кайран эл.
Баарын берип жан үчүн,
Жорголоду, кайран эл.
Жазгы жамгыр мойнуна,

Шорголоду, кайран эл.
Чыны менен ошентип,
Кор болобу, кайран эл?
Жөө басып таманы,
Чор болобу, кайран эл?
Капка аштык таба албай,
Дорболоду,[6] кайран эл?
Убактында кир жуубай,
Мор болобу, кайран эл?
Антпегенде кантели.
Акыл, эси кайран эл.
Ат жабууга үй боосун,
Чаргылады, кайран эл.
Көп көзөнөк[7] алам деп,
Чачылады, кайран эл.
Кайсы күнү кабагы,
Ачылады, кайран эл?
Кийиз, тери сатышып,
Кажылады, кайран эл.
Сата электе базарчы,
Бажылады, кайран эл.
Бажы[8] деген зордукка
Зар ыйлады, кайран эл.
Бажы алуучу улугу
Калжырады, кайран эл.
Кийим, тамак таба албай,
Алсырады, кайран эл.
Ар кимге там бергин деп,
Жалдырады, кайран эл.
Бай малынан түңүлүп,
Шалдырады, кайран эл.
Жарды жанын канетип,
Калдырады, кайран эл.
Сатмак үчүн бозону,
Салдырады, кайран эл.
Антпегенде кантеди,
Акыл, эси кайран эл!
Тополоңу тоз болуп,
Тозуп кетти, кайран эл.
Өз элинен адашып,
Бозуп кетти, кайран эл.
Элдин алды илгери,
Озуп кетти, кайран эл.
Кымбат кылып кыштакты,
Бузуп кетти, кайран эл.

Эртели-кеч дос, жарын
Көрүшпөдү, кайран эл.
Чогулушуп өлгөнүн
Көмүшпөдү, кайран эл.
Өкүмүнө Николай
Көнүшпөдү, кайран эл.
Чыдап тирүү зордукка,
Өгүз беле, кайран эл.
Койбой сатып үй ичин
Эгин тапты, кайран эл.
Иши кылып жан сактоо
Эбин тапты, кайран эл.
Баласына жеткирбей
Тегин сатты, кайран эл.
Уул, кызга калуучу
Себин сатты, кайран эл.
Соодагерге алдатып,
Жеңил сатты, кайран эл.
Жесир калган, эри өлүп,
Келин сатты, кайран эл.
Бир-биринен адашып,
Тоз-тоз болду, кайран эл,
Оокат үчүн бир күндүк,
Ашпоз болду, кайран эл.
Эртели, кеч бир-бири
Баш копподу, кайран эл.
Болжоп жолдун боюна
Бозо сатты, кайран эл.
Чем-чем болуп жол-жолго,
Болжоп жатты, кайран эл.
Бир топ уук, бир түндүк,
Сайма кылды, кайран эл.
Жүгөрүнүн унунан
Жарма кылды, кайран эл.
Өз жеринен адашып,
Арман кылды, кайран эл.
Бир-биринен адашып,
Таппай жүрөт, кайран эл.
Олтурууга бир аймак.
Батпай жүрөт, кайран эл.
Бир жерине тынч алып,
Жатпай жүрөт, кайран эл.
Көзү кыйып, бай малын
Сатпай жүрөт, кайран эл.
Жарды байкуш эч нерсе

Таппай жүрөт, кайран эл.
Таяк алса колуна,
Аттай жүрөт, кайран эл.
Почто менен жиберген,
Каттай жүрөт, кайран эл.
Жакындарды карабай,
Жаттай жүрөт, кайран эл.
Мурункудай тамагын,
Татпай жүрөт, кайран эл.
Казан, аяк, табактар,
Үйүн сатты, кайран эл.
Чычырканак казышып,
Түбүн сатты, кайран эл.
Кымыз, бозо ачыткан,
Күбүн сатты, кайран эл.
Тоо, токойдун ичинен,
Дүмүр сатты, кайран эл.
Үйгө жыйган төшөнчү,
Жүгүн сатты, кайран эл.
Нечен көчөт термелүү
Түрүн сатты, кайран эл.
Кийиздерин кылалбай
Жүнүн сатты, кайран эл.
Оокат үчүн аларды,
Күнүн сатты, кайран эл.
Күмүш чапкан куюшкан,
Жүгөн сатты, кайран эл.
Эч немесин калтырбай,
Түгөл сатты, кайран эл.
Түрлүү, түрлүү көчөттүү
Шырдак сатты, кайран эл.
Мал базарга бышырып
Шыйрак сатты, кайран эл.
Арзан шыйрак мында деп,
Ырдап сатты, кайран эл.
Актай чийди кызылга
Чырмап сатты, кайран эл.
Түрлүү-түрлүү чырмаган
Чийин сатты, кайран эл.
Түгөнгөн соң үй ичи
Кийим сатты, кайран эл.
Кийимдерин баарынан,
Кийин сатты, кайран эл.
Көчүп барган жерлерин
Кымбат кылды, кайран эл.

Аксы, Турпан байына
Кызмат кылды, кайран эл.
Кедеңдетип эшекти,
Жорго ат кылды, кайран эл.
Алты ай багып өз атын
Зорк ат кылды, кайран эл.
Өзү сүйгөн буюмун
Арзан сатты, кайран эл.
Аштык, саман, чөп үчүн
Арзандатты, кайран эл.
Так ошентип акылын
Айраңдатты, кайран эл.
Көйрөңдөрүң чачылап,
Дардаңдатты, кайран эл.
Бегим жакшы бегим деп,
Жарбаңдатты, кайран эл.
Чакырып алып, үйүнө
Тайраңдатты, кайран эл.
Табак тартып, колдорун
Тарбаңдатты, кайран эл.
Колун улам алың деп,
Арбаңдатты, кайран эл.
Аштык салып алгыдай,
Кабын сатты, кайран эл.
Ыңырчак менен көтөрмө,
Аркан сатты, кайран эл.
Ачкасына чыдабай,
Арзан сатты, кайран эл.
Кийип турган үстүндө
Тонун сатты, кайран эл.
Эч нерсесин калтырбай,
Сонун сатты, кайран эл.
Үйгө жыйган казына
Булун сатты, кайран эл.
Энелерин ээрчитип,
Кулун сатты, кайран эл.
Илме менен сайдырган,
Сайма сатты, кайран эл.
Мал базарга бышырып
Жарма сатты, кайран эл.
Тогуз карыш, он карыш,
Казан сатты, кайран эл.
Ак кагазга көчүрүп,
Казал сатты кайран эл.
Жылтыраган калайлуу,

Сандык сатты, кайран эл.
Атка, үйгө жарашкан,
Жабдык сатты, кайран эл.
Эң аягы бир теңге[9]
Жандык[10] сатты, кайран эл.
Баш кошуп, чогу байыр албай,
Сайлап жүрөт, кайран эл.
Азаттыкты эңсешип,
Зарлап жүрөт, кайран эл.

### КАЙТКАН ЭЛ

Угулду март айында жакшы кабар,
Кубандык качкан, бозгон бечаралар.
Болгону ал кабардын анык болсо,
Качкан эл жер-жерине кайтып бараар.

Угулду: «залим өкмөт жыгылды» деп,
Тактан кулап, баткакка тыгылды деп.
Шиши толгон падыша күнү бүтүп,
Калың элден соргону сыгылды деп.

Он жашымда өгүз кош жетеледим,
Ээ болбой эки өгүзгө энтеледим.
Эгерде байдын уулу боло калсам,
Ат минип, ашка, тойго кетээр эдим.

Бул жылы жаңы бүткөн ногой мектеп
Жардыны окутпаган байлар жектеп.
Убагында кызматыңды иштейин деп,
Сүйлөшүп калпа менен кирдим эптеп.
Кырсык болуп колума чыкты жара,
Жарадан чыгып калдым кедей бала.
Кырсык болуп окуштан чыгып калып,
Жарапия,[11] эсептен калдым чала.

---

1 — Таштап коюу, мейлиге салуу.
2 — Падыша, кан.
3 — Эркиндик, өзгөрүш.
4 — Сөз кыргыздын падышалык Россияга караганы жөнүндө болуп жатат.
5 — 1916-жылы тыл турмушуна алынгандарды айтып жатат.
6 — Баштык.
7 — Кытайдын ортосу көзөнөк тыйыны.

8 — Кытайдагы базар налогу.
9 — 20 тыйын чамасында.
10 — Кытайдын тизип алып жанына байланып жүрүүчү акчасы.
11 — География.

# АБЫЛКАСЫМ ЖУТАКЕЕВ

*Кыргыз элинин таланттуу жазгыч акыны Абылкасым Жутакеев 1888-жылы азыркы Тянь-Шань районундагы Жан-Булак айылында өтө жарды адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал төрт жашка чыкканда энесинен ажырайт. Көп убакыт өтпөй эле атасы да дүйнөдөн кайтат. Ошентип, өтө жаш кезинде ата-энесинен айрылып, адилетсиз замандын оор түйшүктөрүн башынан өткөрүүгө аргасыз болот. Он төрт — он беш жашка келгенде Буудайчы деген молдонун жардамы менен сабатсыздыгын жоюп, өзүнүн алгачкы ырларын кагаз бетине түшүрө баштайт. Тилекке каршы, анын ошол кол жазмаларынын эч бири бизге келип жеткен жок.*

*Абылкасымдын ырчылык жөндөмдүүлүгү өтө эрте ойгонот. 13—14 жашынан баштап айыл арасындагы чакан той-аштарда ырдай баштайт. Бирок ал бай-манаптардын ырчыларындай эзүүчү таптын жүрүм-турумдарын даңазалабастан, тескерисинче, алардын жегичтигин, эки жүздүүлүгүн жана ырайымсыздыгын ашкерелеген. Мисалы, Чоконун уулу Казы деген манапка каршы ырдаганына байланыштуу Осмон, Калдыбай өңдүү моңолдор уруусунун бай-манаптары «кудайым сүйгөн урматтуу адамга сөз тийгизесиң» дешип, Абылкасымга тогуз асый тарттырышкан.*

*Карапайым элдин көргөн күнү, күткөн тилеги Абылкасым Жутакеевдин чыгармаларынын өзөгүн түзгөн. Айрыкча анын «Качак турмушу», «Кайран эл», «Кайткан эл», «16-жыл» аттуу чыгармалары эзүүчү тапты катуу сынга алып, эзилген элдин муңзарын ачык баяндайт.*

*Улуу Октябрь революциясынын жеңишин А. Жутакеев өтө кубанычтуу тосуп алат.*

*1920-жылы акын Алма-Атада мугалимдерди даярдоо боюнча алты айлык курсту бүтүрөт да, андан кийин айылында 1923-жылга чейин окутуучулук кесибин кылат. 1923-жылы ал Нарын уездиндеги «Союз кошчу» уюмунун төрагалыгына дайындалат.*

*1924-жылы В. И. Лениндин дүйнөдөн кайтышына байланыштуу акын өзүнүн «Ленин кошогу» аттуу чыгармасын жазат. Узакка созулган оорудан кийин таланттуу акын 1931-жылы каза болгон.*

### КАЗЫ МАНАПКА КАРАТА ЫРДАГАНЫ

Урдурдуң го жазыксыз,
Унуткусуз кеп болот.
Ушу кылган кылыгың
Өмүрлүккө кек болот.

### АБДЫРАЙ БОЛУШКА КАРАТА ЫРДАГАНЫ

Бөгөнөк менен Кыйраны
Топ болот деп жыйнады.
Чыгымына түтө албай,
Бечара карып ыйлады.
Түтүнгө он сом төлө деп,
Абдырай болуш кыйнады.

Карыштап алдың кулагын,
Кармап алдың улагын.
Калк ичинде карыптын,
Карабадың убалын.
Калың элди какшаттың,
Касиетпи буларың?

### КАЧАК ТУРМУШУ

Ак падыша залимге
Байкуш кыргыз багынган.

Ала-Тоонун арасы,
Атбашы менен Нарындан.

Падышанын зордугу
Барган сайын ашынган.
Заманасы тарылган.
Кедейлерге асылган.

Солдат алам дегенде
Заманасы тарылган.
Кара-Кочкор, Ысык-Көл
Качабыз деп камынган.

Качып кетип калсак деп,
Каракол, чүйлүк оолукту.
Казак, кыргыз кайран эл
Кандай ишке жолукту.

Пишпек менен Токмоктон
Бир далайын окшоткон.
Безилдетип ыйлатып,
Бечараны боздоткон.

Жумгал менен Кочкордон
Журттун баары козголгон.
Корккондунан далай эл
Кызыл өңү саз болгон.

Сандыктын оозу ачылып,
Салыктын баары чачылып,
Сарбагыш менен бугуну
Сандалдырды качырып.
Эли кетти эңгиреп,
Эки Кемин, Чүй калып.
Кочкор ата, Жумгалда,
Короосу менен там калып.
Бугу, саяк, тынай журт
Качып кетти сандалып.

Ажал жеткен кээ бирөө
Колго түштү кармалып.
Өкүмүнө чыдабай,
Өлтүрбө деп жалбарып.
Байкуш кыргыз канетсин.
Корккондунан саргарып.

Бугу менен сарбагыш.
Бурулбастан тең кетти.
Айлынын баары бузулуп,
Ар бир түркүн эл кетти.

Калың бугу, сарбагыш
Кайрылбастан ал кетти.
Мал-пулуна карабай
Эчен түркүн жан кетти.
Эл качканда эңгиреп,
Эгин калды басылуу.
Кайнап турган жеринде
Казан калды асылуу.
Таңылчактын баарысы
Талаада калды жазылуу.

Тигилүү бойдон үй калды,
Жанаттай болгон Чүй калды.
Кубаакы деген бел калды,
Кууратан байкуш эл калды.
Эли кетип эңгиреп,
Эки Кемин жер калды.
Байчечекей гүл калды,
Мал оттоочу бүр калды.

Сандыктагы мүлк калды,
Жайылуу бойдон жүк калды.
Малды, пулду куугандар
Басып алып шүк кылды.

Бедедлдин белин ашырып,
Берекесин качырып,
Аялынан ажырап,
Азаматтар бой калды.
Кокту жерде маарашып,
Короосу менен кой калды.

Белинде калды Бедедлдин
Бээ-байталдын кулуну.
Эли кетти эңгиреп,
Ит журтунда улуду.
Жабырдык тартып кыйналып,
Байкуш кыргыз куруду.

Туралбадык желденип,
Турпанга бардык сенделип.
Качабыз деп желденип,
Кашкарга бардык сенделип.
Ажырадык боз үйдөн,
Алачыкты теңденип.

Кайсы бирин айтайын
Качып кетип баратып.
Болуш, бийлер өзүнчө
Букараны жадатып,
Өкүм менен кедейди,
Өз колуна каратып.

Бакырларды курутту,
Манаптардын кылыгы.
Аз калгансып анысы,
Асый алып шылыды.

Көрө албадык жакшылык,
Көөнө-Турпан, Аксыдан.
Мал-пулунан ажырап,
Далай шордуу какшыган.

Кашкарлык, уйгур Турпанда,
Кайгы жетпей унутаарга.
Жол-жобосу ал жердин
Жолдош экен пул барга.

Адилеттүү арыз алган
Улугу жок сураарга.
Адил улук дегени
Апийим экен жегени.

Тамак үчүн аларга,
Таанышууга келели.
Чеги арзан эгиндин,
Чейрек экен жегени.

Там салуучу кедейдин
Тамандары чор экен.
Бутундагы кийгени,
Булгаарысы шор экен.
Келишимдүү байларга
Кедейлери кор экен.

Качып барып Турпанга
Кайран кыргыз кор болду.
Өлгөнүнөн калганы
Өз жерине зар болду.
Өлүк көмөөр жер таппай,
Кытай жери тар болду.

Кантип киши унутат
Доотайынын зордугун.
Казып алган дүмүрдү
Тартып алган кордугун.
Качактарга көргөздү
Какшаал беги чоңдугун.

Айлана көчүп жай таппай,
Аксы менен Турпандан,
Жети-Сууну сагынып,
Жердеген киши муңканган.
Шар аккан суу, көк шибер
Кыргыз эли курт алган.
Турпандын тешик акчасын
Жипке тизип журт алган.

Тешик акча колуна
Кармап жүргөн мындан көп.
Бир тыйынга жете албай
Зарлап жүргөн мындан көп.
Беремин деп калп айтып,
Алдап жүргөн мындан көп.
Ууру кылып манапты
Жандап жүргөн мындан көп.
Калыс эмес падышаны
Каргап жүргөн мындан көп.

Дүмүр казып отунга
Жак деп жүргөн мындан көп.
Түлкү кууп, бүркүткө
Как деп жүргөн мындан көп.
Куржунун салып мойнуна
Ак деп жүргөн мындан көп.
Кызды чейрек арпага
Сат деп жүргөн мындан көп.
Жети-Сууну сагынып,
Дат деп жүргөн мындан көп.

Кайда барат ушундай
Жат деп жүргөн мындан көп.
Ууч эгин куржунга
Жыйнап жүргөн мындан көп.
Улутунуп, үшкүрүп,
Ыйлап жүргөн мындан көп.
Кара жанын тындырбай
Кыйнап жүргөн мындан көп.

Оодарылды жеринен
Оңу менен солубуз.
Аксы менен Турпанда
Арылбады шорубуз.
Алаканы жыртылды
Дүмүр казып колубуз.
Жети-Сууга бир жетип,
Арылаар бекен шорубуз.

Калкка тынчтык күн тууса
Кайта кете берели.
Киндик кесип, кир жууган
Жерибизге жетели.
Эсен бекен биздин эл
Жети-Сууда калганы.
Айланайын ал элдин
Аман болсо мал-жаны.

Атбашы, Нарын, Ысык-Көл
Аман болсун ал дагы.
Сап болду деп угабыз
Падышанын жаңжалы.

Кайта кетээр күн барбы
Кашкарлык байга жалданбай.
Дооматты катуу кылды го,
Доотай менен Амбалдай.
Жалаа жаап куруттту,
Чын жеринен жамбы албай.

Өлгөнүнөн калганы
Кайта кетээр күн болсо.
Өкүмөтүн бул элдин
Айта кетээр күн болсо.
Кош-колоңду эшекке
Арта кетээр күн болсо.

Мусапырлык алыс жол
Тарта кетээр күн болсо.
Кайта кетээр күн болсо.
Какшаал чөлү — Тоюндан.
Качкан элдин шору го
Кара көзү оюлган.
Таманымдын териси
Ташка тийип союлган.
Күнү-түнү Жети-Суу
Бир чыкпайсың оюмдан.
Барып жетээр бекенбиз.
Байчечекей шиберге.
Көкүл, куйрук түйдүргөн
Күлүк жорго минээрге.
Казак, кыргыз, Жети-Суу
Качан жетем силерге?..

## 1916-жыл

Качкан элдин артынан
Аскер кууп сүрдүрүп.
Төөгө жүктөп чөп алып,
Ылоо, союш көп алып.
Качкан элдин мал-мүлкүн,
Талап-булап жеп алып.
Ат жабуу деп кап алып,
Ылоо, союш мал алып.
Каяша айткан далайы,
Навактыга камалып.
Калктын баары таланып,
Атан төөнү дагы алып.
Падышанын төбөсү
Барган сайын карарып.
Арпа, чөбүн жүктөтүп,
Ала кийиз бүктөтүп.
Актардын залим аскери,
Мылтык атып, дүпүтөтүп.

Замбирек менен пулумут
Казарманга орнотуп,
Калган элди таап алып,
Малы-мүлкүн чаап алып.
Кыргызды камап кырганы,
Кызыл суудай кан агып.

Жалган ишти чын кылып,
Кыргыздарды кырдырып.
Миллион жыл өткөнчө,
Унутпоочу иш кылып.

### КАЙРАН ЭЛ

Аксы менен Турпанды
Аралады, кайран эл.
Аш табалбай, ашпозду
Сагалады, кайран эл!
Качып барып Турпанга,
Аралады, кайран эл.
Жамбы берип бектерин,
Паралады, кайран эл!

Боз үйүнө чырмаган
Чийин сатты, кайран эл.
Туш кийиздин саймалуу
Башын сатты, кайран эл.
Аркалыктын чолпусун,
Бөлүп сатты, кайран эл.
Арзан баага ал күнү
Көнүп сатты, кайран эл.
Камчы кылып кой тери,
Өрүп сатты, кайран эл.
Айдап барган алдында
Малын сатты, кайран эл.
Жууркан, төшөк калтырбай
Баарын сатты, кайран эл.
Ичеги менен бышырып,
Карын сатты, кайран эл.
Кой сойгондо бир бөлүп,
Санын сатты, кайран эл.

Ыкыласы Турпандан
Кайтып жүрөт, кайран эл.
Жети-Сууга дуба деп,
Айтып жүрөт, кайран эл.

Кош-колоңун эшекке,
Артып жүрөт, кайран эл.
Кор болгондо азабын,
Тартып жүрөт, кайран эл.

Мингичи жок жөө жүрүп,
Арык болду, кайран эл.
Бутундагы кийгени,
Чарык болду, кайран эл.
Кызыл өңү боз болуп,
Карып болду, кайран эл.
Качкан менен кутулуп,
Бекинбеди кайран эл.
Жалгыз кабат өлүгүн
Кепиндеди, кайран эл.
Турпан барып тамакка,
Жетинбеди, кайран эл.
Арык малдын жашыгын,
Этин жеди, кайран эл.
Жети-Суугa канетип,
Жетем деди кайран эл!

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

*Саманчин Т.* Калыгул. Советтик адабият жана искусство журналы, № 7, 1941, 112—121-б.; Арстанбек, № 6, 1941, 90—101-б.; Богданова М., Жакишев Ө., Саманчин Т., Рахматуллин К. А. Кыргыз адабиятынын очерктери. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943; Рахматуллин К. Идея патриотизма в киргизской литературе. Изд. Киргиз. ФАН СССР. Фрунзе, 1945, № 1; Богданова М. Киргизская литература (очерк). М.: 1947; Саманчин Т. М. Кылыч (Иргелген казалдар). Фрунзе: Кыргызмамбас, 1946; Саманчин Т. Кылыч — жазгыч акын. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1948;

*Абдылдаев М.* Адабият жана атеисттик тарбия. Фрунзе: Кыргызстан, 1986; Абдылдаев М. Религия и свободомыслие в творчестве киргизских акынов. Сборн. Из истории социально-философской мысли народов Востока. Фрунзе: Илим, 1989, с. 80—104; Абдылдаев М. Казалчы акындардын казынасынан. Ала-Тоо, № 7, 1989, 152—154-б.; Ала-Тоо, № 10, 1989, 77—80-б.

Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунан алынган материалдар.

*Калыгул Бай уулу*

Инв. № 426 Калыгулдун месели.
1319 Калыгулдун месели.
1320 «Акыр заман».
4013 Калыгулдун макалы.
5127 Ырлар.
5150 № 4 дептер. Калыгулдун санаты.

*Арстанбек Буйлаш уулу*

288 Арстанбектин айтканы.
300 Арстанбектин өмүр баяны.
426 Арстанбектин ырлары.
1320 «Тар заман» (кара ыр).
5127 Арстанбектин ырлары.
5172 Арстанбектин ырлары.
5174 № 1 дептер.
5194 Арстанбектин өмүр баяны.

*Молдо Кылыч Шамыркан уулу*

335 Кол казалы.
353 Кысса-и зилзала.
1307 «Зар заман».

Б 12-14

1305 Керме-Тоо.
1314 Үркүн.
1315 Бүркүттүн тою, Чүй баяны.
1316 «Зар заман».
1317а «Зар заман».
1317б «Зар заман».
1318 Кыз-жигит.
1318 Жинди-Суу.
1318 Буудайык, Алдамчы.
1327 «Зар заман».
1362 Зилзала.

*Алдаш Молдо*

300 Акындардын өмүр баяны.
416 Үркүн алдында.
468 «Хал-заман».
469 Түрлүү ырлар.
471 Бугу-Сарбагыш урушу.
520 «Хал заман».

*Жумамүдүн Молдо, Ниязалы Молдо, Нурдин Молдо, Жеңижок*

1862 Жумамүдүн Молдонун казалы.
455 Ниязалы Молдо. Насыят.
255 Ниязалы Молдонун насыяты.
1569
1862 Нурдин Молдо. Насыят.
255 Молдо Нурдин насыяты.
295 Жеңижоктун ырлары.
788 Жеңижоктун ырлары.
5137 Аккан суу.
5194 Кокон шаарын ырдоо.
5197
5201 Жеңижоктун ырлары.
332 Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы.

*Эсенаман*

200 Өмүр баяны.
5150 Эсенамандын ырлары. № 1 дептер.
5187 Эсенамандын, Үмөталынын, Сулаймандын ырлары.
332 Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы.
5171 Корголдун, Бекназардын, Кулукенин ырлары.

*Нишан*

4 Эл акыны Нишандын өмүр баяны менен ырлары.

*Коргол*

инд. 5171. Корголдун, Бекназардын, Кулукенин ырлары. Досуев Коргол. Коргол ырчы (ырлар жыйнагы). Кыргызмамбас: Фрунзе, 1963.

*Эшмамбет Байсеитов*

5171 Токтогулдун, Эшмамбеттин, Корголдун Барпы ажыга ырдаганы.

5194 Эшмамбеттин өмүр баяны жана ырлары.

5201 Эшмамбет менен Токтогулдун калпага ырдаганы. Мындан тышкары Эшмамбеттин айтыштары Токтогулдун жыйнактарынан алынды. Токтогул Сатылганов, Чыгармалар жыйнагы. Кыргызмамбас: Фрунзе, 1956; Токтогулдун чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. I т., Кыргызмамбас: Фрунзе, 1968.

*Калык Акыев*

331 Калыктын чыгармалары.

*Ысак Шайбеков*

406 Зилзала.

*Абылкасым Жутакеев*

788а Үч доор.

## МАЗМУНУ


Сөз башы . . . . . . . . 3
Түзүүчүдөн . . . . . . . 4
Калыгул Бай уулу . . . . . 20
Калыгулдун сөзү (Орус келе электен канчалык мурун) . 21
Ысык-Көл тууралуу айтканы 22
Терме, санат ырлары . . . 22
Насыят, санат ырлары . . 27
«Акыр заман» . . . . . 33
*Арстанбек Буйлаш уулу* . . 35
«Тар заман» . . . . . . 36
Ырлар . . . . . . . . 40
*Молдо Кылыч Шамыркан уулу* 41
«Зар заман» . . . . . . 43
Чүй баяны . . . . . . . 80
Зилзала . . . . . . . . 92
Кол казалы . . . . . . 102
Керме-Тоо . . . . . . . 112
Жинди-Суу . . . . . . . 127
Алдамчы . . . . . . . 134
Кыз-жигит . . . . . . . 139
Буудайык . . . . . . . 144
Канаттуулар . . . . . . 163
Бүркүт тою . . . . . . 174
Айрым ыр саптары . . . 179
*Алдаш Жээнике уулу — Алдаш Молдо* . . . . . . . . . 183
1912-жылы болгон бир окуя . 184
«Хал заман» (Үзүндү) . . 186
1913—1914-жылдарда хуторлор тууралуу . . . . . . 192
1916-жылкы үркүндүн алдында . . . . . . . . . 197
«Үркүн» *(Үзүндү)* . . . . 201
Алты шаар *(«Үркүн» поэмасынан)* . . . . . . . . 209
«Үркүн» поэмасынан . . . 214
Кол баяны . . . . . . . 216
Ормон-Балбай *(Тарыхый поэмадан үзүндү)* . . . . 222
*Ниязалы Молдо Эсенгул уулу* . 228
Насыят . . . . . . . . 229
*Эсенаман Жапак уулу* . . . 232
Аккан суу . . . . . . . 233
Женижокко ырдаганы . . 234
*Ниши Молдо* . . . . . . 237
Эски терме-санат ырлары . 237
Элге насыят . . . . . . 238
*Женижок (Өтө) Көкөев* . . . 239
Женижоктун Нурмолдого ырдаганы . . . . . . . . 240
Санат . . . . . . . . 242
Накыл кеп . . . . . . . 245
Насыят . . . . . . . . 250
Үлгү ырлар . . . . . . 252
Терме . . . . . . . . 254
Үй-бүлө . . . . . . . . 256
Айт, айт десе . . . . . . 260
Дүнүйө . . . . . . . . 261
Замана . . . . . . . . 265
Аккан суу . . . . . . . 268
*Нурдин Молдо* . . . . . . 277
Насыят ырлары . . . . . 277
*Жумамудун Молдо* . . . . 280
Казал . . . . . . . . 280
*Алдаш Белек уулу* . . . . 285
Алдаштын санаты . . . . 285
Шапак баатыр каза болгондо аялынын кошкон кошогу 288
Шералынын накыл сөздөрү . 290
*Токтогул Сатылганов* . . . 292
Жүргөнүм кабак жер болду 293
Эселбай . . . . . . . . 294
Үйчүлүк эшен . . . . . 294
Эшен калпа . . . . . . 296
Беш каман . . . . . . 298
Эмне кызык . . . . . . 299
Гүлдөп ал . . . . . . . 300
Насыят . . . . . . . . 300
Санат . . . . . . . . 302
Үлгү ырлар . . . . . . 305
Айланган тоонун бүркүтү . 306
Терме . . . . . . . . 307
Үч кожо . . . . . . . 310
Арзыматка . . . . . . . 314
Жаштарга . . . . . . . 319
*Эшмамбет Байсеитов* . . . 321
Санат . . . . . . . . 322
Карылык . . . . . . . 323
Баарын берген жер эне . . 324
Айылга келген эшендер . . 325
Нурмолдого ырдаганы . . 326
Манаптарды кордоп ырдаганы . . . . . . . . . 326
Токтогул менен Эшмамбеттин эшендин калпаларына карата ырдаганы . . . . 327
Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашканы . . . . . . . 328
Эшмамбет менен Токтогулдун эшенге ырдаганы . . 332
Токтогул менен Эшмамбеттин калпага ырдаганы . . 336
*Коргол Досуев* . . . . . 339
Калботого ырдаганы . . . 339
Осоке манапка ырдаганы . 340
Барпы ажыга ырдаганы . . 341
Женижокко ырдаганы . . 343
*Тоголок Молдо* . . . . . 345
Кожонун аңгемеси . . . 346
Чындык . . . . . . . . 351
Тезек-тагай эл тууралу . . 351
Азыр келгиле . . . . . 353
Кабыргама таш батты *(поэмадан үзүндү)* . . . . 353
Селде оронгон молдо кой . 356
Дыйкандын аялынын кошогу 357
Чалга берген кыздын арманы . . . . . . . . . 357
Жаш балага берген кыздын арманы . . . . . . . 358
Кыз Кенжекенин арманы . 359
Жанбакты . . . . . . . 360
Санат . . . . . . . . 361
Кемчонтой . . . . . . . 361

Токтогул менен Тоголок
Молдо . . . . . . . 363
*Барпы Алыкулов* . . . . . . 364
Теңдик бир күн жарк этээр 365
Сенин сырың, соодагер . . 366
Эмчилерге . . . . . . 366
Сук молдо . . . . . . . 367
Сопу . . . . . . . . 368
Модалы ажыга . . . . 369
Алдамчы эшен . . . . . 370
Залим хандар азабы . . . 372
Эмнебар бул жерде? . . 375
Айт, айт десе . . . . . . 378
Аккан суу . . . . . . . 380
Күн . . . . . . . . . 381
Шамал . . . . . . . . 382
Ажал . . . . . . . . . 382
Ач көз . . . . . . . . 382
Бузук . . . . . . . . . 383
Ушакчы . . . . . . . 385
Жалганчы . . . . . . . 386
Питина . . . . . . . . 387
Келесоо . . . . . . . 389
Аялдын жакшысы . . . 389
Болбос жигит . . . . . . 390
Аялдын жаманы . . . . . 391
Санат . . . . . . . . 391
Терме . . . . . . . . 393
Дүнүйө . . . . . . . . 394
Ынтымак . . . . . . . 395
Эр жигитке сын . . . . 395
Ала-Тоо көркке келбейт, эл
болбосо . . . . . . . 396
*Калык Акыев* . . . . . . 398
Жокчулук . . . . . . . 399
Зилзала . . . . . . . 400
Ырдын азабы . . . . . 401
Үч үйөздүн тобунда ырдаган
ыр . . . . . . . . . . 402
Бөкөнбайдын үйүндөгү ыр . 404
Эзүүчү төбөлдөр жөнүндө . 405
Токтогулга карата . . . 408
1916-жыл *(Үркүн жыл)* . . 409
1916-жыл *(Экинчи варианты)* 412
*Токтораалы Талканбаев* . . 415
Кожо молдо . . . . . . 415
*Ысак Шайбеков* . . . . . 417
Зилзала . . . . . . . 418
Азган эл . . . . . . . 422
Кайран эл . . . . . . . 426
Кайткан эл . . . . . . 431
*Абылкасым Жутакеев* . . . 433
Казы манапка карата ыр-
даганы . . . . . . . . 434
Абдырай болушка карата
ырдаганы . . . . . . . 434
Качак турмушу . . . . . 434
1916-жыл . . . . . . . 440
Кайран эл . . . . . . . 441
Пайдаланылган адабияттар . 443

Литературно-художественное издание

**НАСЛЕДИЕ:**
**Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Жеңижок, Токтогул и др.**

Составитель — *Мелис Курманалы уулу Абдылдаев*
Ред. кол.: *Алдашев А., Бектенов З., Иязалиев Т.* и др.

Издательство «Кыргызстан»

На киргизском языке

Көркөм-адабий басылыш

**МУРАС:**
**Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Жеңижок, Токтогул ж. б.**

**Түзгөн** — *Мелис Курманалы уулу Абдылдаев*

Редакция башчысы Д. О. Жапаров
Редактору Т. Иязалиев
Көркөм редактору А. Ерошенко
Техн. редактору Л. Шевченко
Корректору Ж. Байсеркеева

ИБ № 4781

Терүүгө 1. 12. 89. берилди. Басууга 08. 01. 90. кол коюлду. Д—01200. Китеп журналдык кагаз. Мектеп ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108 1/32. 14,0 физ. басма табак. 23,52 шарттуу басма табак. 26,255 учёттук басма табак. 24,045 боёк түшүрүү. Тиражы 30.000. Цена в пер. № 5 (20.000 экз) — 2 с. 30 т. Цена в пер. № 7 (10.000 экз.) — 2 с. 50 т. Заказ № 198.

Элдердин достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы. 720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР Басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

60 к.